Р. РАЗЫКОВ

# БҮТПӨЙ КАЛГАН ДИЛБАЯН



УДК 821.512.154-3
ББК 84(5Кир)-44
Р17

Разыков Рахман.
Р17 **БҮТПӨЙ КАЛГАН ДИЛБАЯН** (баяндар, тамсилдер, ырлар, сатиралар, эскерүүлөр). Түз. ж. ред. Ырысбек Жабиров. Б., 2023. – 348 б.

ISBN 978-9967-9461-6-3

Бул китепке Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Жазуучулар Союзунун мүчөсү, белгилүү куудул, сатирик акын жана актёр Рахман Разыковдун калемине таандык тамсилдер, ырлар, сатиралар жана өзү жазган эскерүүлөр менен замандаштарынын эскерүүлөрү топтолду.

Китептин басылышын камсыздаган «Рахман Разыков атындагы» коомдук кайрымдуулук фондунун жетекчиси, жубайы Д. Разыковага, ошондой эле материалдык жактан жардам көрсөткөн Р.Разыковдун достору Самидин Белеков менен Калыбек Жээналиев мырзаларга терең ыраазычылык билдиребиз.

ISBN 978-9967-9461-6-3

УДК 821.512.154-3
ББК 84(5Кир)-44

© «Рахман Разыков» атындагы коомдук кайрымдуулук фонду, 2023



# МЕН КИММИН?

Мен киммин?
Мен депутат шайланбаган,
Колум таза, пара алып майланбаган.
Доллар, сомду капчыкка басып алып,
«Добуш бер» деп, эл-журтту айланбаган.

Мен киммин?
Мен депутат өтпөй калган,
Ант берип, баш мыйзамды өппөй калган.
Баталар коммерческий болуп кетип,
Кур сөзүм шайлоочуга жетпей калган.

Мен бирок...
Депутатмын сахнадагы,
Чачмакка кереги жок акча дагы.
Эл берген мандатым бар «КУУДУЛ» деген,
Сатылбас алтын, доллар берсе дагы.

*Рахман Разыков, 2006-жыл.*



Рахман РАЗЫКОВ
(1955-2021)



# АМАНАТ

Акем экөөбүздүн жолукпаганыбызга бир жылдан өтүп калганда, тагыраагы 2021-жылдын апрель айынын башында бир кинону тартуу маселеси боюнча сүйлөшкөнү жолуктук. Ошондо сөз арасында агай «Аралаштын тарыхы» деген китеп жазып чыгарууну пландап жатканын айтып калды эле. Арадан бир ай өтпөй 5-майда акем менен Жумаш досум үйгө келип калышты. Бул жолу Жумаш экөө беш күн меникинде конок болушуп, тартыла турган кинонун ишин талкууладык. Оо илгери, 2003-жылы Рахман ака мени Бишкекке көчүрүп келгенден, экөөбүз бир квартирада 3 жыл чогуу жашагандан бери 15 жыл өтүптүр. Ошондон бери экөөбүз мынчалык узак баарлашып олтура элек болчубуз. Сөз арасында август айына белгиленген «Аралаш» театрынын 35 жылдык маарекесинин сценарийин жазып, андан сырткары менин сунушум менен пландаган китебинин аталышы «Аралаштын алптары» болуп өзгөрдү. Ал бул китепти досу Манас Бердибековдун жаркын элесине арнап жазмак болуп жана китептин түзүү жоопкерчилигин мага жүктөдү. Ошондой эле китепке «Бешилик» театрынын тарыхын да кошмок болдук. Ошол меникинде болгон беш күндө, Рахман аке күндө эртең менен саат 6да туруп, китептин баш сөзү менен кошо «Аралаштын» тарыхын башынан жаза баштады. Акем 10-майда 16 барак кол менен жазган материалын мага таштап Ошко кеткенден кийин, күн алыс телефондон байланышып, пландалган кино жана китеп иштери боюнча сүйлөшүп турдук. Ал ортодо менин почтама «Аралаштын алптары» китебине деп, белгилүү маданият өкүлдөрүнүн «Аралаш» театры менен Манас Бердибеков боюнча эскерүүлөрү келе баштады. Күмөндөр, Абдылда, Кубик, Юра, Жамбыл, Абды, Расул агаларым «Аралаш» театрын жакындан билген, иштешип



калган замандаштар жөнөткөн анча мынча кол жазмалар топтолуп калганда, 17-май күнү Рахман акем ооруга чалдыгып ооруканага жатып калды. Анын ошол акыркы жумада жазган 15 барактай материалын уулу Дастан кол жазма боюнча мага майдын аягында таштап кетти. Өзү болсо ооруканадан телефон чалып, жөнөткөн материалдар толук бүтпөй калганын, сакайып чыккан соң дагы улантып жазарын, учурда COVID менен күрөшүп атканын айтып, ишти токтотпой алдыга жылдыра берүүмдү өтүндү. Биз 6-июнь күнү да сүйлөштүк. Ал өзүнүн ден соолугу жакшы болуп бараткасынын айтып, бирок Диля жеңебиздин диагнозу жакшы болбой атканына кейип-кепчиди. Бул сүйлөшүү Рахман акем экөөбүздүн акыркы сүйлөшкөнүбүз болду...

...Жаратканга керек экен, оору себеп болуп, 7-июнь күнү акам кетпес сапарга кете берди. Өзү айтмакчы, **«ата-энебиз бөлөк болгону менен, бирок биз бир тууганбыз экөөбүз»** дегендей, мага окшош талаадан тапкан бир туугандары, топурак салып, соц. тармакка реквием жазуу менен чектелдик.

Андан бери эки жыл өттү. Убакыт баарын дарылайт демекчи, пенделик жашообуз уланып келгени менен, менин жүрөгүмдү өйүгөн чоң маселе ушул Рахман акемин башталып, бирок бүтпөй





калган китеби эле. Азыр ойлосом, акемин ошондогу үйгө келип 5 күн жүргөнү мени менен коштошкону, ал эми бул китеп мага тапшырылган «АМАНАТЫ» экен. Учурда, ташталган аманатынын саааты эми чыгып, «Аралаштын алптары» деп баштаган акыркы китебин даярдадым. Бирок, акем койгон китептин атын өзгөрттүм, себеби бул китеп ал ойлогондой куудул достору Манас, Жаныбек, Дөөлөттү эмес, өзүн эскерген китеп болуп калды.

Ал эми «Аралаш» театрынын тарыхын жазып баштап, аягына чыкпай токтоп калган жеринен ары жагын жана «Бешиликтин» тарыхын баштап, аны да бүтүрбөй калган экен, анын да уландысын жазбадым. Албетте, толуктап жазууга менде толук мүмкүнчүлүк бар эле. Сурасам айтып берүүчү «Аралаш», «Бешилик», «Беш тапан», «Беш Айры», «Беш абышка – Беш кемпир» театрларында иштеген ага-инилер, агайдын санаалаш жана сахналаштары деле бар болчу. Бирок, бул китеп Рахман Разыковдун жан-дүйнөсү менен жазылган китеп боюнча калсын деген үмүт менен, анын бүтпөгөн эскерүү баяндарын ошол боюнча калтырдым да, китептин аталышын «Бүтпөй калган дилбаян» деп койдум. Болгону агай жазган баяндардын мазмунун бузбай байытып, бир бет баянды эки бет кылып, тарыхын бузбай көркөмдөп гана койдум. Эң башкысы Манас досуна арналган эскерүүлөрүн акем көзү тирүүсүндө дайындаганындай кылып толуктап койдум.

Албетте, бир китепке Р. Разыковдун жазган 300дөн ашык сатирасын, 30дан ашык тамсилин, жүздөгөн ырларын толук батыра албайбыз. Буюрса, келечекте анын чыгармаларынын жыйнактары жакындары тарабынан дагы да китеп болуп басылаттыр. Ал эми бул китепке, агайдын бүтпөй калган эскерүү, баяндары менен анын тандалма тамсилдери, ырлары жана жакын адамдарынын эскерүүлөрү гана кирди.

Эмесе, алп куудулдун ушул китеби, анын экинчи өмүрүнүн башаты болсун деген аруу тилек менен окурмандарга агайдын аманатын сунуштайбыз.

*Түзүүчүдөн*

# УСТАТТЫН БАЯНЫ

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Жазуучулар Союзунун мүчөсү, белгилүү куудул, сатирик акын жана актёр Рахман Разыков 1955-жылы 12-майда Ош облусунун Кара-Суу районунун Таширов колхозунда, азыркы Савай айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

Рахман Разыковдун чоң атасы Алтыбай, өз заманында чоң соодагер болуп, Кашкардан Жетисууга, Самарканддан Кербенге









чейин соода иштери менен жүрүп, эл арасында «Алтыбай кербен» аталат. Ата-теги Адыгиненин Баргысына кирген Маңгыт уруусунан болот. Атасы Разык болсо куйма кулак, аскияны катырган сөзмөр, элдик оозеки чыгармачылыкты жакшы билген адабиятчы жана өзү дагы ыр жазган акын киши болгон экен. Ал киши мугалимдик кесипти аркалап, көптөгөн мектептерде директор болуп иштегендиктен эл арасында «Разык агай» аталып калган. Агайдын жазган ырлары 1950-жылдардан баштап райондук жана облустук гезиттерге байма-бай жарыяланып, ал эми 1971-жылы Жаки Таштемиров тарабынан агайдан көптөгөн элдик оозеки чыгармалар менен бирге «Барпы менен Жеңижоктун айтышы» да жазылып алынып архивге тапшырылып, кийин Ала-Тоо журналына басылат. Элдин айтуусуна караганда, мындай тубаса өнөр Разык агайга апасы Бусайрадан калган дешет. Анткени, апасы Бусайра элдик ырларды созолонто ырдаган ырчылыгы, чукугандай сөз тапкан тапандыгы жана белгилүү кошокчулугу бар аял болгон экен. Раматылык Рахман акебиз өзү дагы «биздеги өнөр башаты чоң энебизден башталган» – деп калар эле. Разык агайдын жубайы, Рахман акенин апасы Умсунай эненин теги Жору уруусунан болот. Ал Өзгөндөн чыккан

айтылуу Абит миңбашынын кызы болгон. Атасы Абит совет доору келгенде сүргүнгө айдалып, апасы кайтыш болуп, Умсунай апа туугандарынын колунда чоңоёт.

Разык агай менен Умсунай апа 7 баланы тарбиялап, эрезеге жеткирет. Рахман аке алардын төртүнчү баласы. Улуусу Райымжан аке атасынын жолун жолдоп, сөз баккан акын болуп, ал киши 4 ыр жыйнак китебин чыгарган. Кийинкиси Токтайым эже белгилүү коомдук ишмер, 30 жылдан ашуун жетекчилик кызматтарды аркалап келген. Андан кийинки Мырзайым эжеси кесиби боюнча мугалим болуп иштеп, кийин соц.фонд тармагында да эмгектенген. Ал дагы сөз баккан, ыр жазган акын эже болгон. Ал эми Рахман акеден кийинки Капар иниси, убактысында үй-бүлөлүк ансамблдин өзөгүн кармаган экен. Ал дагы учурда ыр жазуу боюнча алдына киши салбай келет. Андан кийинки иниси Жапар Кыргызстандагы он гитарачынын бири. Кенжеси Кубаныч дагы өнөрдөн кур калбаган экен. Кыскасы, жети бир тууган жети түрдүү кесипти тандаса да, аларда чоң энеси менен атасынын тубаса өнөрлөрү көрөңгө болуп сакталып калыптыр.

Рахман Разыков мектепти бүткөндөн соң Оштогу айыл-чарба техникумуна тапшырып, ийгиликтүү окуп аяктайт. Эмгек жолун 1975-жылы Алай элдик театрында иштөө менен баштаган.

Рахман Разыков чыгармачылык жолунда алгач "Таң жылдызы" үй-бүлөлүк тобун түзөт. Кийин, 1980-жылдары Кара-Суу районундагы «Мурас» эстрадалык тобунда иштеп жүрүп Манас Бердибеков менен, 1983-жылы Жамбыл Камчиев менен таанышып, үчөө биргеликте 1986-жылы легендарлуу «Аралаш» куудулдар тобун ачышкан. Кийин өзү «Бешилик», «Беш тапан», «Беш айры», «Беш абышка – Беш кемпир» сыяктуу бир канча топторду негиздеген. Ал кыргыз маданиятынын сатира жанрында 300дөн ашуун сатираларды жазып сахналаштыргандан сырткары, көптөгөн жаш куудулдарга устаттык кылып, биринчи куудулдар мектебин түзгөн. Ал кыргыз маданият тарыхында, сатира тармагында көптөгөн шакирт өстүргөн жалгыз устат болуп саналат. Рахман Разыков шоу-бизнес тармагында новатордук долбоорлору менен да белгилүү болгон. Анын «Бардык элдер бирдей күлүшөт», «Уланып күлкү баяны – сахнада куудулдар менен аялы», «Бири куудул, бири ырчы





– эл тараза, эл сынчы» долбоорлору учурда тарыхый долбоорлор болуп калды. Акыркы жылдары акындык жаатында көптөгөн ырларды жана тамсилдерди жазып, «Чоң куудулдун чөнтөк китеби», «Биз кайда баратабыз», «Көөдөн кыйкырыгы» аттуу үч автордук китебин элге тартуулап, КРнын Жазуучулар Союзунун мүчөсү болду. Ошондой эле профессионал актёр катары «Талак», «Түндүктүк келин» тасмаларында образ жаратып, балдар үчүн «Эрен» деген кино тасмага продюсердик кылуу менен бирге «Таза шайлоо» тасмасынын сценарийин жазган. Ал чыгармачылыктан тышкары саясий көз карашын да активдүү билдирип турган. Р. Разыков катышкан «Ар бир айдын алтысы» долбоору Кыргызстандагы саясий жана маданий көз караштардын күзгүсү болгон десек жаңылышпасмын. Өмүрүнүн акыркы жылдары «Бүтүн Кыргызстан» партиясынын активдүү мүчөсү катары, партиянын программасын элге жайылтууда ат көтөргүс эмгек кылуу менен шайлоого катышып, депутаттыкка өткөн жерден революциянын айынан мандатка ээ болбой калган.





Анын кыргыз маданиятына кошкон салымын эске алып, мамлекет тарабынан 2010-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы ыйгарылган.

Рахман Разыков 2021-жылдын 7-июнь күнү пневмония дартынын кесепетинен арабыздан кетти. Артында үч уул, үч кызы калды.

*Ы. Жабиров*





# «АРАЛАШТЫН» БАЯНЫ



# УРМАТТУУ ОКУРМАН!

Мен бул «Аралаш» театрынын 35 жылдык мааракесине карата чыгып жаткан китебимди, кыргыз элине өзүнүн кайталангыс куудулдук өнөрү менен таанылган «Аралаш» куудулдар театрынын куудулу, досум Манас Бердибековдун жаркын элесине арнайм.

Кыргыздарда тээ илгертеден бери эле куудулдук өнөрдү аркалагандар карапайым элдин арасынан чыккан. Эч качан колунда бар, бай адамдардын үй-бүлөсүнөн чыккан эмес. Азыр деле бир дагы министр же губернатордун баласынын куудул болуп чыкканын көрө элекмин. Куудулдук деген жаратканда чанда адамга берилүүчү таберик өнөр. Ушул өнөрдү аркалап, элге таанылып, ар бир кыргыздын жүрөгүнөн орун тапкан куудул досторум Жамбыл, Манас, Абдылда, Дөөлөт жана өзүм тууралуу көптөн бери ойдо жүргөн китепти сиздерге тартуулоону чечтим. Эмнеге беш куудул жөнүндө. Анткени, «Аралаш» театрын негиздеп, ал театрдын ысык-суугуна күйгөн ушул бешөөбүз элек. Анда сөз башынан болсун.

# АЛГАЧКЫ ТААНЫШУУ

Биз бешөөбүз чогулганга чейин, ар кимибиз ар жерде болгонубуз менен төртөөбүз бир багытта, тагыраагы сахнада иштегенбиз. Бир эле Дөөлөт тракторист болгондугу үчүн, ал мурун сахнага чыкпаган экен. Бирок эл ичинде ар кимди туурап, тамаша айтып, айылдык деңгээлдеги иш-чаралардын жылдызы болуп жүргөн жеринен Манаска жолугуп калат. Манас аны ээрчитип келип Жамбыл экөөбүзгө тааныштырган. Аны кийин биз барып «Т-150» деген чоң трактор айдап жүргөн жеринен таап, бир жолу жумуштан чыгарып өзүбүзгө алып келгенбиз.





Жамбылды болсо, биринчи жолу ыр-кеседен көргөм. Ал анда «Ырас кылдым, мен сага барбай коюп» деген пародиясын окуган эле. Аябай таң калгам, себеби андай жанр бизде жокко эсе болчу. Кийин «Бабур» театрындагы бир отчёттук концертте (адашпасам 1983-жылы) официалдуу таанышканбыз. Ал күнкү окуя өзүнчө тема болуп жазылат.

Абдылда Иманкулов менен 1988-жылдары тааныштым. Абдылда менен Жаныбек ошол жылдары Ош облустук филармониясында иштеп аткан экен. Аларды Манас бизден мурун таанычу экен. Ал бизге «Ошко филармонияга Токтогулдан эки жигит келип иштеп атат, экөө тең бизге керек күчтүү куудулдар» деп айтып, бир күнү Жамбыл экөөбүздү ээрчитип филармонияга алып барды. Анткени, ошол күнү филармониянын концерти болуп жаткан. Концертти көргөндөн кийин, Абдылда менен Жаныбекти ээрчитип бешөөбүз пивоканага барып, чер жазыша сүйлөшүп таанышканбыз. Абдылдага, биз менен иштеш деп биринчи сунушту ошондо эле айткан болчубуз. Абдылда анда көнгөн эмес. Себеби, бизде филармониядагыдай туруктуу маяна, концерт койгону аппарат жана машина дегендер жок болчу. Абдылда кийин филармониядан жумуштан чыгып, Бишкекке көчүп баргандан кийин 1993-жылы Аралашка кошулду. Ошондо Абдылда 30 жашта эле. Манас экөөбүз Абдылданын үйүнө барып, аны биз менен иштөөгө көндүрдүк. Анан Оштон Жамбылды чакырып, Абдылданын үйүндө жатып алып программа жазган элек. Ал легендарлуу программа элге 95-жылы толук коюлду. Андыктан, көбү Абдылданы Аралашка 95-жылдары кошулган деп адашышат.

Манас жөнүндө болсо, мурун угуп жүрчүмүн. Инилерим, «Назик» ансамблинде бир алып баруучу бар экен, азыр Кара-Суу районунда «Мурас» деген ансамблде иштеп атат, укмуш күлдүрөт экен деп айтып калышчу.

Мен ал кезде Таширов колхозунда үй-бүлөлүк эстрада ансамблин уюштуруп элге концерт коюп жүргөм. Бир күнү биз Октябрь айылына концерт менен барып калдык. Ошол айылда жашаган обончу, композитор, «Мурас» ансамблинин көркөм жетекчиси Каныбек Курбанбаевдин үйүнө Манас дагы конокко барган экен. Ошол жерден Манас менен таанышып, экөөбүз таң атканча уктабай,



сүйлөшүп чыкканбыз.

Мен бул жолугушуу жөнүндө кийин аябай көп эстедим. Себеби тааныбаган адам менен биринчи жолу таанышып, эмне жөнүндө сүйлөшсө болот.

Көрсө, ошондо эле экөөбүз бүтүндөй өмүрдө жасай турган, басып өтчү нерселерди сүйлөшкөн экенбиз. Учуру келгенде бардык нерсенин себепкерин айта жүргөн абзел. Ушул «Мурас» эстрада тобу, менин жашоомду уюштуруучулук менен ырчылыктан, куудулдукка бурган. Бул нерсени тарых үчүн айтып кетпесем болбос.

## КУУДУЛДУК ТУШООНУН КЕСИЛИШИ

Мен ал кезде, «Таң чолпону» аттуу үй-бүлөлүк топту жетектеп, анын концертин уюштуруу менен бирге сахнага аккордеон менен чыгып ыр ырдап жүрчүмүн. Бирок, куудулдук кыла элек элем. Ошол жылдары ар бир райондо эстрада ансамблин ачуу салтка айланып бараткан. Кара-Суу райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, ыраматылык обончу-ырчы Токон Эшпаев жаңы аспаптарды сатып алып, «Мурас» деген эстрада тобун Каныбек Курбанбаевдин жетекчилиги менен ачкан болчу. Кыскасы, ушул ансамблге мени администратор болуп иштеп бер деп чакырышты. Мен барсам, ал топто Эрмек, Асхат (азыр Кара-Балтада жашайт болуш керек) жана көзү өтүп кеткен досторум Усман, Каныбек Орозалиев жана Манас бар экен. Гастроль башталып, ар жерлерге концерт уюшулуп балдар да репертуарларын бышытып, программабыз жакшы болуп калды. Мен болсо сахнага чыкпайм, бирок эң







жоопту иштерди аткарам. Концертти уюштурам, билет саттырып, элди текшерип залга киргизем. Манас алып баруучу, куудул. Ансамблдин балдары болсо жандуу ойноп ырдашат. Ал кезде фонограмма деген түшүнүк жок болчу. Бир жолу Мырза-Акеге концерт уюшулуп калганда, бир жакынынын туулган күнү болуп, Манас жумуштары чыгып Ошко кетип, келбей калат. Мен болсо кийинки күндөргө концерт уюштуруп иш менен жүрүп келсем, балдар «Манас деле жок, бүгүн концерт болбойт го» дешип, ичип алышыптыр. Бир эле топтун көркөм жетекчиси Каныбек Курбанбаев соо экен. Калганы араң сүйлөп, бири-бирин «мен сени сыйлайм, сен мени сыйлайсың, демек биз сыйлуу кишилербиз» деп калышыптыр. Концертти токтоткон болбойт. Себеби, ал кезде Мырза-Акедеги клуб, шаардагы филармонияга окшогон көп адам иштеген мекеме болчу. Билетти элдер түштөн баштап алып, кечке чейин дээрлик калбай калчу. Биздин билеттер да толук өтүп кеткендигинен, ошончо элдин наалатына калгандан көрө барыш керек болду. Балдарды УАЗга эптеп жетелеп алып чыгып жүрүп кеттик. Элдер чогула баштаган экен, клубдун арт жагына айдап өтүп, эч кимге көргөзбөй, баарын түшүрүп, кичине эс алгыла дедик. Каныбек аппараттарды туташтырып баштады. Мен элди киргиздим, эшикти кайтарып турам. Бир маалда формаларды кийген балдар сахнага эч нерсе болбогондой чыгып, учурашып ырдай башташты. Бирөөсү да мас экенин билдирбей, ырдан да жаңылбай кадимкидей



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 485589

программадагы төрт чыгармасын аткарып кирип кетишти. Арадан беш мүнөттөй убакыт өттү. Сахнага эч ким чыкпайт. Себеби, ушул жерде сахнага Манас чыгат болчу. Мен клубду айланып чуркап барып арткы эшиктен кирсем, ырчылар эч нерсе болбогондой дагы ичип атышат. Аларга менин сөзүм өтпөсүн түшүндүм да, элди тынчтандырыш үчүн сахнага кантип микрофондун алып чыгып кеткенимди өзүм да билбей калдым. Манастын сатираларын күндө уга берип жат болуп калган экен, тим эле өзүмдүн сатираларымдай шатырата айтып кирдим. Эл кадимки куудулду көрүп аткандай, дүркүрөтө кол чаап кабыл алышты. Эл эле эмес, берки өзүбүздүн мас балдар да, кулисанын кырынан көрүп таң калышты. Ошентип, ал күнү алар ырдап, мен кайра чыгып күлдүрүп жатып концерт жакшы бүттү. Эртеси мейманканага түш ченде Манас келди. Ал келип эле:

– Кече концерт кандай болду, мен жок программа бузулуп кыйналдыңарбы? – деп сурап калды. Балдар болсо:

– Жок, сен кете берсең болот, биз жаңы куудул алдык. Рахман сенин ордуңду жөн эле басып койду, – дешип күлүп калышты. Манас болсо:

– Жакшы болуптур, анда мен бүгүндөн баштап ырчы эле болоюн, – деп тамашалап баарыбызды күлдүрдү.

Ошентип менин куудулдукка болгон эң алгачкы тушоо кесүүм Мырза-Аке айылындагы маданият үйүнүн сахнасында башталды.

## «АРАЛАШТЫН» БАШТАЛЫШЫ

Эми «Аралаш» куудулдар тобунун чогулуп калганына түздөн-түз себепкер бир чыгармачыл адам бар. Ал обончу, аткаруучу, өзүнүн доорунун эң таанымал таланттарынын бири Жолдошбек Мамажанов деген акем.

Мен Жолдошбек аке менен жакын мамиледе болчумун. Ал кишинин концерттерин алып барып, чогуу жүрүп калдым. Күндөрдүн биринде Жамбылды ээрчитип барып ал кишиге тааныштырдым. Жамбыл болуп чогуу концерт да бердик.





Бир жолу Алай аркылуу Тажикстандын Жерге-Тал районуна гастролго бармай болуп калдык. Мен Жолдош акеге айттым:

– Дагы бир куудул бала бар, кошуп албайлыбы, укмуш сүйлөйт, – десем, – Чакыр, – деди.

Ошондо Манас биринчи жолу Алай, Жерге-Тал райондоруна биз менен концертке барып, Алайдагы концертте Жолдош аке Манастын элдин алдына чыкканын биринчи жолу көрдү. Эл болсо Манасты сахнадан кетирбей кол чаап туруп алды. Жолдош аке мага карап:

– Рахман, бул чыныгы куудул экен го, каякта жүргөн бала, – деп таң берген болчу.

Эртеси күнү Жолдош аке Алайдагы универмагдан Манаска бир сыйра кийим сатып берди. Ошентип, Жолдош аке менен Тажикстанга гастролго чогуу жөнөп кеттик.



Ошол гастролдук сапарлар, кийин «Аралаш» деп аталып, бир топ жыл иштей турган куудулдар театрынын эң алгачкы гастролдору болгонун бүгүн айткым келди. Себеби, бул «Аралаш» театрынын эң алгачкы чет жакка болгон гастролу болгон. Бул гастролдон биз чоң ишенимге, келечектеги кадамдарга үмүт байлап кайтканбыз.

## ЖЕРГЕ-ТАЛГА САПАР

Негизи, ушул гастролдук сапарыбыз боюнча кененирээк токтолуп, учурда Тажикстандык кыргыздарды «бөтөн» деп жериген жарты мээлерге, Жерге-Тал районунда жашаган кыргыздардын биз билбеген улуулугун, тазалыгын айткым келди.

Ошол, 1986-жылы Чоң-Алайдын акыркы айылы Карамыктан өтүп, Тажикстандын жерине кирдик. Ал кезде жол деген аты эле

болбосо, бул жолдо жашоодон тойгондор эле жүрчү. Жол ушунчалык татаал, кээ бир жерлеринен өткөндө машинадан түшө калгың келет. Тээ ылдый жагың көрүнүп-көрүнбөгөн дарыя, жогору жагында көк мелжиген аска. Экөөнүн ортосунда бир унаа баткан жол. Биз кудайлап жүрүп олтуруп дабандан ашып, УАЗ-60 марказындагы машина менен Кичи-Карамык деген айылга жеттик. Биздин концерт менен келе жатканыбызды, канча киши экенибизге чейин билишет экен. Мен таң калдым. Телефон жок болсо, булар каяктан билишет деп. Бизди тосуп алган аял, ошол айылдык кеңештин төрагасынын орун басары экен. Ал киши биринчи күндөн баштап, кеткенге чейин биз менен чогуу жүрдү. Ошол кездеги элдин меймандостугубу, билбейм. Адамдардын мамилесин, ыймандуулугун көрүп, башка планетада жүргөндөй болдум. Элестетсеңер, маданият үйүнүн жоктугуна байланыштуу ал жакта концерт ачык талаада болот. Аял менен эркектер экиге бөлүнүп отурат. Жаш балдар, кыздар дагы бөлөк-бөлөк отурушат. Аксакалдар арт жакта өзүнчө олтуруп көрүшөт. Эң кызыгы аксакалдар башын ылдый кылып отуруп концерт көрөт. Концерт







негизинен күндүзү болот. Бир айылга барсак, тосуп алып, бир үйгө кой союлуп, даярдаган жерде конок болобуз. Анан эле айылдын четине эл чогулуп, жанагындай бөлөк-бөлөк болуп отурган болот. Билет сатайынбы десем, «жок балам, концертиңер үч сомдон беле?» – дешет. Ооба десем, – «мына акчаң, баары беришти, эч ким калган жок, баштай бергиле» – дейт. Биздечи, ал убакта деле биздеги элдер, эшикти тосуп турсаң тешиктен бекер кирип кетчү эмес беле.

Бир жолу чайхананын алдында концерт болуп жатат. Биз бастырманын алдын сахна кылып алганбыз. Эл баягыдай эле сыртта. Аба ырайы бузулуп, жамгыр жаап баштады. Мен ойлодум эми, концертти токтотот болуш керек, – деп. Жок, эч ким кетпей нөшөрлөгөн жамгырдын алдында кол чаап турушту. Манас сүйлөп жатып, «туугандар, уруксат берсеңер, жамгыр катуулап кетти, концертти токтотпойлубу», – деди. «Жок, көрө беребиз, андан көрө «Жамгыр төктү» деген ырды ырдап бергиле», – дешти элдер. Жолдош аке ошол ырды жамгыр менен кошо ырдап жатты. Ошол ирмем өмүр бою менин көз алдыма тартылып калды.

## МЕЙМАН ТОСУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Жерге-Талдыктар үйгө келген мейманды сөзсүз чайханага алып барат. Айылдын чайханасында адамдар нөөмөттөшүп от жагат экен. «От жагат» дегени «бүгүн бирөөсү эртең менен барып чайхананы шыпырып, тазалап, чайды кайнатып, койду союп бышырып, нандарын жаап, бардык нерсени даярдап коёт. Элдер келип чай ичип, шорпо ичип, жумушка барганы барып, чалдар ошол жерде кечке чейин эс алышат. Алар келген коноктор менен маектешип, каяктан келгенин, кайсы уруудан экенин, жети атасын тактап, кыскасы өткөн тарых-таржымалын иликтеп, билбесе үйрөтүп, тесттен өткөрүшүп, өздөрүн тааныштырып коюшат. Эртеси болсо, «от жагат» кезегин башка бирөөгө өткөрүп берет. Ошентип, мисалы, айылда 360 түтүн болсо, бир жылда бир жолу от жагып койсоң, жыл бою чайханадан бекер тамак жейсиң. Дагы бир өзгөчөлүгү чайханага аялдар жана жаш балдар барганга болбойт экен.

Конок болуп келген аял кишилерге уруксат. Ал эми убактылуу барып, ошол айылда иштегендерди «мусапыр» дешип, аларга өзгөчө шарт коюлуптур. Алар от жакпай эле чайханага жыл бою барса боло берет экен.

## ЖАШЫ УЛУУГА УРМАТЫ

Ооба, тарыхка сарасеп салсак, 1924-жылга чейин Жерге-Тал Кыргыз АССР курамында болгон. Ал кезде Компартия бийлик кылып турган учур. Эч кимдин макулдугун сурабай туруп, чек араларды жылдырган. Бир чечим менен тоо койнунда жаратылыш менен эриш-аркак жашаган кыргыздар Тажик мамлекетинин курамына өтүп кеткен. Алар мөңгүлөрдөн аккан көк кашка булактар чоң дайрага айланып, буркан-шаркан агып жаткан суунун эки жээгинде жайгашкан кыштактарда жашап, мал чарбачылык, бағбанчылык жана дыйканчылык менен алектенишет экен. Башка мамлекеттин курамында болсо да, кыргыздын өз салтын, маданиятын, тилин жоготпой сактап келишиптир. Тескерисинче, биз жоготкон кээ бир салт, үрп-адаттарды ошолордон көрдүм. Улууга урмат, анын сөзүн эки кылбоо, улууга сөз кайтарбоону ушулардан үйрөнүш керек.

Бир айылга барып, дүкөндүн жанына токтодук. Бизди коштоп жардам берип жүргөн адам дүкөнчүгө кайрылып, бир кишинин атын айтып:

– Таанийсыңбы? Таанысаң, чакырып бересиңби, коноктор келди эле, – деди. Дүкөнчү:

– Макул, азыр дүкөнүмдү жаап салайын, барып таап келем, – деп бир заматта чуркап кетти.

Мына, улуунун сөзүн эки кылбоо. Бизде бирөөнү чоң дүкөн эмес, камогуңду жаап, бирөөнү таап кел деп айтсак, ордунан козголбойт да.

Ал эми меймандостугуна сөз жетпейт. Коноктордун урматына атайлап нан бышырат экен. Нан канчалык чоң болсо, ошончо урматтуу конок деп билишет. Бизге деле чоң нандарды даярдаптыр. Өздөрүнүн айтымында кайсы бир мамлекеттик деңгээлдеги коноктор келгенде, бышырган нан эшикке батпай жамбаштатып





үйгө киргизген экен. Демек, диаметр бир метрден чоңураак болгон экен. Андагы көргөн сыйыбызды Манастын жыйырма беш күндө жети килого семирип кеткенинен эле билдик.

## ЫЙМАНДУУЛУК

Ошол чыгармачылык сапарыбызда өтө кызыктуу окуялар көп болду. Биз жол бойлоп, ар бир айылга ошентип концерт коюп олтуруп, улам ылдыйлап, райондун борборуна жакындаган сайын, айылдардагы атайын салынган маданият үйлөрүндө концерт коюп баштадык. Кадимкидей концертке кассадан билет сатылат. Бирок көзөмөл кылганы жетишпей калып, кире бергиле деп коёбуз. Ошону менен билеттин көзөмөлү жыртылбай калат. Мен көбүнчө уюштуруу иштери менен кассада билет сатып, күбө болуп калдым. Кассада олтурсам, адамдар жаңы текшерүү белгиси жыртылбаган билеттерди тапшырып:

– Ака, бул билеттериңизди алып, бизге бүгүнкүгө жаңы билет бериң, – деп келишет. Мен таң калып, аларды текшериш үчүн сурап коём:

– Бул кайсы билет?

– Кечеги билет.

– Ушул билеттер менен кире бербейсиңерби?

– Жок, булар менен кече киргенбиз, эки жолу кирген уят болот. Бул билетти алып, бүгүнкүгө башка билет бериңиз, - дешип акча сунушат.

Ушул окуяларды мага бирөө айтса ишенмек эмесмин. Анткени, биздин көөдөнүбүз куулук менен шылуундукка ууланып бүткөн экен. Мен ушуга окшогон окуяларды өз башыман өткөрүп, Тажикстанда жашаган ошол кыргыздардын жан дүйнөсүнүн тазалыгына, ыйман менен ынсаптын чыныгы үлгүсүн алардан көрүп, бир чети таң калып, бир чети суктангамын. Концерт учурунда сүйлөмөк турсун, үн чыгарып баспай, ушунчалык жогорку маданияттуулук менен бири-бирин тынч отурууга чакырган көрүүчүнү кырк беш жыл гастролдо жүрүп, башка эч жерден жолуктурбадым. Азыр кандай экенин билбейм. Ошол кезде алар сырткы цивилизацияга өтө

аралашпаган, аксакалдардын насааты менен жашаган, нукура кыргыздын салты менен жашаган эл болчу.

## ЖЕРГЕ-ТАЛДЫКТАР МЕНЕН КОШТОШУУ

Жашоодо мындай учурлар болот. Түрдүү себептер менен бирөөлөр менен чогуу айлап же жылдап жүрүшкө туура келет. Эч кандай жаман айтышпай, дос болуп, тааныш болуп дегендей. Мезгил келсе коштошуп, тарап кетесиң. Биздин да 25 күндүк сапарыбыз бүтүп, бизге көмөк көрсөтүп коштоп жүргөн адамдар менен коштошуу аябай кыйын болду. Себеби, алардын кичи пейилдиги, адамгерчилиги жана бир тууганыңдай мамилеси кыска убакта бизди ушунчалык жакындаштырып, ажыратпай турду. Кадимкидей көзгө жаш алып, ыйлап коштошуп жаттык.

...Ал коштошуу Жолдошбек аке, Бакир Кайымович, Манас үчөө үчүн түбөлүккө коштошуу болгон экен көрсө.

## «АРАЛАШТЫН» АЛГАЧКЫ ЖЕКЕ КОНЦЕРТИ

Ал жылдары мен, Жамбыл жана Манас болуп, үчөөбүз Жолдошбек акенин Кадамжай районунун Кара-Дөбө айылындагы үйүндө кадимкидей эле анын үй-бүлө мүчөсүндөй болуп узакка жашаганбыз. Жолдошбек акенин афишасын илип, концерт коёбуз. Өзүбүздүн афишабыз турмак, билетибиз да жок, анын үстүнө бизди эч ким таанybайт. Жолдошбек аке болсо ал кезде тойлордон бошобойт. Себеби, тойлорго чакыргандар бир-эки концерттин гонорарын төлөп коёт эле. Биз болсо ал киши жок же концерт коё албайбыз.

Ошондой күндөрдүн биринде Кадамжай районунун Халмион деген айылына концерт уюштурулуп, концертке эки саат калганда Жолдошбек акени бирөөлөр тойго алып кетип калышты. Концерт болбой турган болуп калды. Бир маалда Жамбыл:

– Балдар, өзүбүз барып койбойлубу, – деди.

Андайда Манас ачуусу тез неме:

– Башың иштейби, концерт Мамажановдуку болсо, эл кана десе





эмне дейбиз. Алар сен экөөбүздү көргөнү келген жок да, – деди. Мен дагы Манасты колдоп:

– Үчөөбүз кантип толук концерттик программа коёбуз, Жолдош аке жок, – десем, Жамбыл айтып калды:

– Ансыз деле эки сааттык концерттин бир жарым саатын биз коюп жатабыз. Жолдош аке жарым саат эле ырдайт, – десе болобу. Мен ошого чейин маани берген эмес экенмин. Манас дагы ойлонуп калды. Анда кеттик деп үчөөбүз маданият үйүнө жөнөдүк.

Ал кезде эл концертке өтө көп келчү, азыр түрдүү себептерден улам андай болбой калды.

Элди залга киргиздик, анан угуздук:

– Туугандар, силер бүгүн Жолдошбек Мамажановдун концертин көргөнү келдиңер. Бирок ал киши жок, ооруп калды. Ордуна биз «Мыскыл жана тамаша» аттуу күлкү кечесин коюп беребиз. Көргүлө, эгер кече жакпаса акчаңар кассада турат, концерттен кийин билеттериңерди тапшырып, акчаңарды алсаңар болот. Кандай дейсиңер, концертти коё берелиби? – дедим. Элдер «боло берет, көрөлү» деп кол чаап, концертти баштадык. Ошол концерт «Аралаш» куудулдар тобунун эң биринчи концерти болуп топтун эсинде калды.

Өтө жоопкерчиликти сезгенден уламбы, билбейм, үчөөбүз тең ушунчалык жогорку деңгээлде ойногондой болдук. Эл ыраазычылык билдирип кол чаап, 20 мүнөттөн ашык убакыт залдан кетпей турганы азыр да эсимде. Көрсө ошол кол чабуулар «Аралаш» театрынын биринчи концертине, тагыраагы бизге берилген ак бата болуптур.

Биз ошол дүркүрөгөн кол чабууларга ого бетер шыктанып, бизде өзүбүз концерт койсок болот экен деген ишеним бекемделди. Эртеси Жолдош аке концерт коюп келгенибизди угуп аябай таң калган. Мен ага кошумча кылып:

– Сизди эч ким деле сураган жок, – деп тамашаладым.

Ошол концерттен кийин өзүбүздүн концерт боюнча чындап ойлонуп калдык. Бир күнү эле Жамбыл:

– Театр ачыш керек, – деп калды.

– Үчөөбүзбү, – десек.

– Ооба, – дейт.

– Үч кишиден турган театр болчу беле.

– Бизде болбогон менен башка мамлекеттерде бар. Керек болсо бир кишиден турган театр сатириги бар. Кыргызстанда биринчи биз болобуз, – деди Жамбыл.

Кыскасы, Жамбылдын сунушу менен театр ачып каттатмай болдук. Программанын үстүнөн иштеп баштадык. «Азил-чыны аралаш» деген ат менен афишабызды чыгардык. Бир күнү Манас келип:

– Бир куудул бала таптым, барып көрбөйлүбү, – деди.

Макул, деп барсак Дөөлөт экен. Т-150 деген маркадагы трактор-ду айдап кичинекей, муштумдай бала келди. Чынында мага ошондой көрүнгөн эле.

Учурашып, машинага отуруп эле, Манас Дөөлөткө карап:

– Кана Дөөлөт, кечеги чал-кемпирдин чатагын айтып берчи, – деп оозун жыя электе Дөөлөт сүйлөй баштады. Мен башымды көтөрө албай күлдүм. Бир маалда айтып бүтүп токтоп калды.

– Дагы эмнени билесиң, – десем.

– Башка эч нерсе деле билбейм.

– Анда ушуну башынан айт, – деди Манас.

Дөөлөт магнитофонду койгондой кайра башынан баштады. Мен күлүп жатып өзүмдү араң токтоттум. Көрсө Дөөлөт эки-үч адамдын жанында күлдүрүп сүйлөп көнүп калган экен. Ага сахнага караганда ошондой шарт өтө ыңгайлуу болсо керек.

Тракторун башкы механикке тапшырып, Дөөлөттү алып кеттик.

Ошентип төртөөбүз болуп калдык. Кызык кийин башталды. Кызыл-Кыя шаарында концерт. Дөөлөттү биринчи жолу сахнага чакырдык. Микрофонго барып, элди караган боюнча унчукпай туруп калды. Бир мүнөттөй күткөн эле күбүр-шыбыр боло баштады. Дөөлөт унчукпай турат. Бир жактан Манас, бир жактан мен кыйкырып жатабыз, «башта Дөөлөт! Башта! – деп. Дөөлөттөн сөз жок. Бир маалда артка бурулуп алып сахнадан чыгып кетсе боло. Жамбыл сахнага чыгып, элден кечирим сурап:

– Азыр даяр эмес экен, бир аздан кийин кайра чыгат, силер колдоп койгула, – деп элди сооротумуш болуп концертти улап кетти.

Манас жинденип алган:

– Дөөлөт, сага эмне болду?





– Билбейм, элдин сүрү жаман экен. Эч бир сөз эсте жок, бүт денем чымырап, буттарым калтырап-титиреп, оозум ачылбай, жыгылып кала жаздадым, – дейт.

Чын эле карасам кара тер чыгып кетиптир.

– Сен өзүңдү басып, элди карап, көптүгүнө көңүл бурба, айылдагы эки-үч кишиге кандай сүйлөсөң, ошондой элестетип сүйлөй бер, макулбу. Азыр кайра чакырабыз, – дедим.

– Анда эмесе силердин дүркүрөгөн кол чабууңуздар менен сахнада жаш куудул Дөөлөт Мадымаев!

Дөөлөт микрофонго барып баягыдай унчукпай турат. Биз кайра кыйкыра баштадык, башта, баштабайсыңбы!

Дөөлөттөн үн жок.

Бир маалда дагы сахнадан чыгып кетмек болуп оң жагын карады эле – мен турам, сол жакты карады эле – Манас турат ызырынып. Айласы кеткендей болду окшойт. Манас элге угулбасын деп акырыныраак сүйлөп жаткан, бир маалда:



– Баштабайсыңбы! – деп кыйкырды. Дөөлөткө эмне болду билбейм, чочуп кеттиби, коркуп кеттиби, сүйлөп баштады.

Дөөлөт элге жаңылык болду. Ошончо көрүүчүнүн күлкүсү, кыраан каткырыгы зал жарып, кол чабышып аны сахнадан такыр кетирбей койду. Дөөлөттүн башка ойной турган номери жок, эл болсо аны түшүнбөйт. Анан Дөөлөткө айттым:

– Чыгып, кемпирдин үнү менен «Рахмат, айнанайындар, мына бул үч желмогуз уруксат берсе келип калаармын» деп кой, – дедим.

Чыгып ошентип коюп даана балээге калсак. Эл андан бешбетер кол чаап аргабызды кетирди.

Дөөлөттүн эл алдындагы тушоосу ушинтип Кызыл-Кыянын сахнасында кесилген.

Эми анда биздин атайын ишканабыз жок болгондуктан, чындыгында азыр деле жок, дайым эле чогуу болгон эмеспиз, ар кандай обончулардын концерттерине алып баруучу болуп гастролго чыгып, Кыргызстанды кыдырып, негизинен түштүк жергесинде көп жүрдүк.

Бир жолу Кадамжай районуна, Мамажановдун үйүнө Атайбек Бөдөшов менен Каныкей Эралиева экөө келип калышат. Көрсө жумуштан эс алууга чыгып, бир азыраак шарт болсо концерт койсок дешкен экен. Жолдош аке Манас экөөбүздү чакырып, концертти алып барып, жардамдашкыла деди.

Каныкей жежекебиз улам тынчы кетип:

– Ой балдар, мындай дейсиңер, минтип баштагыла, антип чакыргыла, өзүңөр да сүйлөйсүңөрбү? Элди зериктирбей турган болуш керек. Ырдаганды билесиңерби? – деп күйпөлөктөйт. Эжени деле түшүнсөк болот. Бизди түк таанбайт, ошон үчүн концерт жакшы болсун деп жатат да.

Азыр ойлосом биз ошол кезде таптаган күлүктөй, сахнага эле коё берсе марага кирип келчү формада экенбиз.

Концертти мен баштап, Манасты чакырып, Манас элди күлкү менен жыгытып, мени чакырып, мен кайра аны чакырып, бир саатка жакын концерт коюп коюптурбуз.

Атайбек аке менен Каныкей жеңенин концерти экенин унутуп коюптурбуз. Бир маалда Каныкей жеңем:

– Рахман, биз да чыгабызбы, – десе ошондо эстеп атам.





– Кокуй, азыр, – деп сахнага чакырдым. Ал кезде алардын өтө белгилүү болуп турган маалы, жакшы концерт койдук.

Кечинде Жолдош акенин үйүндө тамак ичип отуруп:

– Ай Жолдошбек, бул балдар каякта жүргөн балдар? – деп сурап калышты.

– Булар менин үйүмдөгү усталар. Мына бул дубалды ушулар урган. Анан анча-мынча колдору бошоп калганда менин концертимди алып барышат.

– Кой, булар бышмак турсун, өтүп кетиптир. Мен таанбайм да экөөнү. Концерттин алдында сахнага мындай баскыла, ар бир чакырганда мындай кылгыла деп үйрөтүп, жаман уят болдум. Экөө профессионал артист турбайбы, – деп Каныкей эже ыраазылык билдирди.

– Силердин назарыңардан өткөн болсо, эми буларды борборго алып барам, – деп Жолдошбек аке тамашалап калды.

# САХНА МЕНЕН САТИРАГА БОЛГОН СҮЙҮҮЛӨР

«Ар кимде бар ар кыял, ал кыялды ким тыяр» дегендей, «Аралаш» тобунун балдары, көп жолу тарап, кайра чогулдук. Анткени, сахнадан сырткаркы жеке жашообузда бир топ маселелер бар эле. Мисалга, үй-бүлөдөгү материалдык тартыштык баарыбыздын баш оорубуз болчу. Туруктуу иштеген жумушубуз жок, демек айлык жок. Аялдарыбыз, аяштар баарын көтөргөн менен, баары бир «тигил жок, бул жок, балдарга кийим кече жок» деген сөздөрдү айтып, бул өнөр менен алыска бара албашыбызды эске салып, давлениябызды көтөрүп турушат эле. Болгону ушундай майда маселелер эле. Азыркылардай чоң үй салуу, машина алуу деген сөз эмес, ой жок болчу анда.

Союздун убагында, азыркыдай каалаган шаарга концерт коюп баралбайт элек. Уруксат алыш үчүн, концерттик программаңды алгач маданият башкармалыгы бекитиши керек. Биздин сатиралар жалаң бийликти сындагандыгы үчүн, биздин программаны эч бир маданият башкармалыгы бекитпейт эле. Демек, программа бекитилбесе, райондорго маршрут берилбейт. Маршруттук баракчаң

болбосо, маданият үйлөрү ачпайт. Кыскасы ушундай шартта «Аралаштын» балдары ар кандай обончулардын концерттерине алып баруучу болуп, айла жоктон бөлүнүп гастролго чыгып кетчүбүз. Ар кандай топту түзүп, элге алып чыгуу оңой. Аны сактап туруу өтө кыйын. Алгачкы он жылдын ичинде ошондой кыйынчылыкты «Аралаш» тобу дагы башынан өткөргөн. Ар кимибиз айласыздан ар кыл жумушту аркалап кеттик. Приемшик, бизнес, коммерция дегендей, койчу, эмне гана кылбадык. Бирок, баары бир кайра «Аралаштын» айланасына чогулуп калчубуз. Бизди чогуу иштеп аткандай кылып көрсөтүп турган КТРКнын эң популярдуу «Мыскыл жана тамаша» программасы болгон. Анткени, биз кайсыл жакта жүрбөйлү, «Мыскыл жана тамашага» чогуу чыгып сатира ойноп калчу элек. Ошондон улам эл бизди чогуу иштешет деп ойлоп калчу. Чындыгында андай эмес болчу. Манас болсо Кара-Суу райондук маданият үйүндө иштеп жүрдү. Анан ошол жерде жаш куудулдарды чогултуп группа да түздү. Бир жылдары Борончу Кудайбергенов экөө «Эки саяк бир таяк» деп афиша чыгарып, концерт да беришти. Жамбыл шаардагы маданият үйүнүн биринде методист болуп жүрдү. Мен өз кесибим боюнча Кара-Суудагы тамеки кабыл алуу бөлүмүнө таразачы болуп, бир жыл иштедим. Манас келип мага жардамчы боло калчу. Ошол жерде отуруп деле жаңы сатираларды жазчубуз. Азыр ойлосом, «Аралаштын» жоголбой сакталып калуусуна себепкер, ошол убактагы баарыбыздын сатирага болгон сүйүүбүз болсо керек.

## ДӨӨЛӨТТҮН КУЙМА КУЛАКТЫГЫ

Бир жолу Жолдошбек Мамажановдун концерти Кызыл-Сууга уюштурулуп, биз катыша турган болдук. Бирок, Дөөлөт такыр барбайм деп туруп алды. Себебин деле айтпайт. Манас экөөбүз барып, концертти баштадык. Эмнегедир эл жакшы күлбөйт. Биз билебиз да, кайсы номерге эл кандай күлөрүн. Таң калып эле түшүнбөй калдык. Бир убакта ошол жердик бир тааныш бала келип:

– Кечээ Алтымыш Кадыров менен бир куудул келген, силер ошонун программасын кайталап атасыңар, – деди.

– Кандай куудул келди, бул биздин программабыз, – дедик. Ал





бала айтып берсе анан түшүндүк. Көрсө, бир күн мурун Дөөлөт барып, биздин бардык программаны ойноп коюптур. Ал ошого барбай койгон экен. Ал күнү жаңы интермедияларды ойноп, абалдан чыгып кеттик. Ошондо билдик, Дөөлөт көрсө куйма кулак экен. Ал баардык программаны жатка жаттап алыптыр. Анысы аз келгенсип, ар бирибизди өзүбүздөй кылып туурап аткарып берет экен элге.

Дөөлөттү деле анда урушкан жокпуз, жокчулук, жашоо-тиричилик зарыл болуп калды, айла жок барып ойноп таштап, акчасын алып кетти болуш керек. Анан да, ал убакта Дөөлөттүн «Чал кемпирдин чатагы» деген сатирасынан башка номуру жок эле.

Чыгармачыл адамдардын ичинде бир жаман сапат бар. Муну баары билет. Кайсы бир жаңы топ чыкса ошолордун ичинен эл сүйүп кол чапкан, көрүүчүнүн купулуна өзгөчө толгон бир бала болот. Аны тигил бала өзү да билет. Анан эле кайдан-жайдан алга күйүп бышкан адам пайда болот да, баланы мактап, «бул группада сен эле жылдыз экенсиң, башкалар жөн эле жүрөт, сен кетип калсаң бүттү, группа жок», – деп буза баштайт. Өкүнүчтүүсү эскиси деле, жаңы жылдыз болгону деле ошого ишенет. Өздөрүнчө, – «мен эле бул топту кармап турган экемин, анда эмнеге мага башкача мамиле кылышпайт», – деген жылдыз оорусу менен ооруп калышат. Тез эле кыял-жоругу өзгөрүп, ар кандай талаптарды коё баштайт, же мен өзүмчө иштей турган болдум деп группадан кетип калат. Группа болсо, андайда таркап эле жоголуп кетпейт. Бир аз



убакыт кыйналат да, кайра эле ошол балдардын ичинен экинчи лидерди таптап чыгарат. Бул закон ченемдүү көрүнүш. «Мен кетсем силер жоксуңар» – деп кеткен көптөгөн ырчыларды, куудулдарды, музыканттарды көп көрдүм. Ошол ишенич менен кетип, акыркы күнгө чейин аты-жыты жок, ар жерде арак ичип жүргөндөр да толтура. «Аралаш» тобу деле мындай ооруну башынан өткөрдү. Бир нече жолу чачылып, кайра бириктик. Бирок, убакыт өткөн сайын, биз чогуу болгондо гана толук группа болоорубузду түшүндүк. Ошондуктан узак жылдар бирге иштедик. Ак эмгегибиздин үзүрү болуп, артыбызда эл оозунда айтылып калган, жүздөгөн сатиралык интермедиялар жана унутулгус күлкүлөр калды.

## ДӨӨЛӨТТҮН ЭКИНЧИ САТИРАСЫ

Аралаштын тарыхында, эң жоопкерчиликтүүсү Жамбыл экөөбүз элек. Бир жолу Баткендеги концертке Манас барбай койду. Мен уюштуруучу катары алдын ала кеткенмин, афишаларды илип, элге радио аркылуу рекламаларды берип дегендей. Ал кезде эл «Аралаш» тобу катары ар бирибизди таанып калышкан. Эртең концерт деген күнү мейманканада жатсам, Жамбыл телефон чалат:

– Манас концертке барбайт экен. Эч себебин айткан жок, силер менен иштебейм деди. Эми эмне кылабыз. Дөөлөт экөөбүз бара берсек, программанын жарымы Манаска байланган интермедиялар болсо, – деп.

«Аралаштын» тарыхында мындай концертке келбей койгон учурлар өтө көп болгон. Бирде Манас, бирде Дөөлөт эч жөнү жок эле келбей коюшчу. Азыр эстесем, бир эле Жамбыл экөөбүз андай нерсеге барбаптырбыз. «Аралашка» ар кыл убактарда башка куудулдардын келип, кайра тез эле кетип турганынын бирден-бир себеби ушул болгон экен.

Манастын келбешин билген соң, мен Жамбылга Кадамжайга барып Жолдошбек акени ала келүүсүн айттым. Себеби, башка ырчыларга караганда ал киши менен биз далай чогуу жүргөнбүз. Эртеси Жолдош акени алып, Жамбыл менен Дөөлөт Баткенге келишти. Мейманканада олтуруп үчөөбүз программа жаза баштадык. Манас







катышкан бардык интермедияларды алып салганда күлкү азыраак болуп калды. Ошондо Дөөлөт:

– Менде мындай бир идея бар, көптөн бери айтсамбы деп ойлонуп жүргөм. Кыскасы, артист гастролдон келсе аялы үйдө отурат, нан жасап, күйөөсүнө наразы болуп тосуп алып, арыздана баштайт деди. Жамбыл экөөбүз, окуянын башталышын аягын чогултуп жазып, ошол күнү ал сатираны сахнага алып чыктык. Билгенге, ал өтө чоң сатира эле, элдин күлүп жыргаганы азырга чейин эстен кетпейт. Ал күнкү концерттин толбогон жерин ошол интермедия толуктаган. Кийинчерээк ошол номер чоң концерттерде эң жакшы сатира катары көп жыл сахнадан түшпөй ойнолуп келди.

## БИР ИНТЕРМЕДИЯНЫН ТАРЫХЫ

Сатира көпчүлүк учурда сахнада ойнолуп жаткан вариантында жазылган учурлар азыраак болот. Негизи идея, айтайын деген ой, өзөк, бир автор тарабынан сунушталат. Мисалы, депутаттар парламентте бир мыйзамдын проектисин сунуштагандай эле. Анан ал мыйзам талкууга алынып, бири бирди айтып, экинчиси экини айтып өзгөртүп, талкуулап олтуруп кабыл алышат. Сатира да ошого окшоп биздин балдардын сунуштары, өзгөртүүлөрү менен, анан сахнадагы ойноо чеберчилиги менен толуктап олтуруп, биздин тил менен айтканда бышып жетилет. Бирок, сатиранын автору ошол мыйзамды сунуш кылган киши болуп кала берет. Элге «Ким аким» деген ат менен сиңип кеткен бул сатиранын тарыхы төмөндөгүчө башталган. Акун Токтосартов агай маданият министри болуп турган кезде, али атайын указ менен түзүлө элек куудулдар театрына машина бөлүп берген. Көрсө, ошол 1990-91-жылдары Союз мына

тарайт болуп жатканда биз Акун акеге машина сурап кириптирбиз. Алысты көргөн көрөгөч киши эртең Союз жок болот окшоп калды, Москванын берген бюджеттеги акчалары бар, куудулдарга берсе бир машина бөлүп берейин десе керек эле.

Кыскасы ошол УАЗ маркасындагы машинаны Краснодардан мен айдап келмек болдум. Акчасын минкультура төлөп колума ишеним катты берген. Аламүдүн рай.домкультурага да машина бөлүнгөн экен, алар да керектүү кагаздарын чогултуп жүрүшүптүр. Мен да баратканымды айтсам:

– Жолго канча литр бензинге талон алдың?

– Алган жокмун.

– Сен кызыксың го?

– Албасаң ал жактан бизге чейин канча бензин кетээрин билесиңби?

– Билбейм.

– Же сени алдап коюшкан, же жөн эле унутуп коюшкан. Мына бир тонна бензиндин талону.

– Чын эле унутуп калган окшойт. Эмне кылсам?

– Сен кайра министрге кир.

– Башкаларга ушинтип бензин бериптирсиз? Бухгалтерия мага берген жок десең бир нерсе айтат, – деди.

Эртеси Жаныбек экөөбүз министрге кирдик:

– И, келгиле. Машинанын кагаздарын алдыңарбы?

– Алдык, бирок, бензин берген жок. Ошону сурайын деп кирдик эле, – десек.

– Мен Алайкуу деген жерди билем, илгери биздин аталарыбыз Кара-Кулжага базарга келишчү экен. Ал кезде азыркыдай мейманкана жок. Туш келген үйгө барып, биз тоодон базарга келдик жолдон чарчадык, бир күнгө түнөп кетеличи, – деп жатып алышчу экен. Анда адамдардын пейилдери да бир башкача бейм. Тааныбаган эле кишини үйүнө киргизип чайын, тамак-ашын берип жатгыргы өздөрү жатканы аз келгенсип, үйдүн ээсине тиги аттарга бирдеме таштап койгула, алар да ачка деп эскертип коюшчу экен. Анын сыңарындай жок театрыңарга машина бөлүп, анын акчасын төлөтүп берсем, ошону өзүңөр барып алып келе бербей бензин сурап





келгениңер, алайкуулук туугандарыма окшоп кеттиңер, – деди эле, эмне дешибизди билбей, кечирип коюңуз, дегенден башка сөз айталбай чыгып кеткенибиз эсибизде.

Ошол машинаны Краснодардан барып айдатып келсем, ошол кезде КРнын Эмгек сиңирген артисти Алтынбек Сапаралиев агай кыргыз концертте иштечү, Спорт ордосунда «Мыскыл жана тамаша» концертин уюштуруп жаткан экен. Мени көрө калып:

– Так, Рахман, тез балдарыңды чогулт, концертке катышасыңар, сөзсүз жаңы номер болушу керек, – деди. Сураштырсам Манастан башка эч ким шаарда эмес экен. Манас менен жолугуп концертти айтсам кайсы сатираны ойнойбуз деп калды.

– Менде көптөн бери жүргөн бир идея бар. Ким начальник болот деген. Кыскасы иштеп аткан начальникти жогору жактан телефон аркылуу кызматтан алышат. Начальник жардамчысын чакырып, аябай дайындап, мен тияктан кайткыча эч ким ордума олтурбасын уктуңбу?

– Уктум жолдош начальник, бирөө эмес чымынды да олтургузбай карап турам, сиз барып келиңиз, – деп атканда телефон шыңгырап калат. Жардамчысы ала коюп угуп атам, шеф жок эле. Кызматтан бошодубу, чын элеби, деп телефонду коюп, олтурган начальнигине барып:

– Тур ордуңдан. *(Тиги ордунан чоочуп тура калат.)*

– Бүгүндөн баштап мен начальникмин, бүгүндөн баштап өзүм начальникмин, уктуңбу?

Кайра телефон чалынса кайра берки кызматка коюлуп калган болуп, кыскасы ушундай үч киши ойной турган сатира.

– Үчүнчүсү ким болот?

– Менин бир тууган иним Капар ойнойт.

– Уят болуп калбайбызбы?

Ойнойт. Мурда мен биринчи ансамбль түзгөнүмдө ошол иним эле ойноочу сатираларды.

– Анда кеттик читка кылабыз.

Ошентип эки күн даярданып, биринчи жолу «Ким начальник болот?» деген ат менен *(анда аким деген термин жок болчу)* ойноп чыкканбыз.

Чындыгын айтсам, эч ким биз ойногон сатиранын маңызын

түшүнгөн жок. Анын үстүнө иним да сахнага жаңы чыккан кишиден бешбетер сөздөрдү да алмаштырып баш аягы жок ойнодук. Манас баарын түшүндү да, күлбөй аткан элди бир аз болсо да күлдүрүш үчүн өзү билгендей жок нерселерди илип ойноп, сатира баш-аягы жок болуп калды. Кыскасы аягына чейин ойнолбогон сатираны эптеп бүтүрүп, Манас мени жетелеген боюнча сахнадан алып чыгып кетти.

Бир топ убакыттан кийин райондун жетекчилери, «Аким» деп аталып калды. Акаевдин ошол кездеги кадр саясатындагы кемчиликтеринин бири акимдерди тез-тез алмаштыра баштады. Эң кызыгы кызматтан алынгандыгын телефон аркылуу угузуу модага айланды.

Ушул нерсени коомчулукка сатиранын тили менен кандай кылып жеткиликтүү сындап айтсам деген ой келди.

Баягы жылы неудачный ойнолгон, ошол бойдон унутта калган «Ким начальник болот?» деген сатира эсиме түштү. Балдарга айтсам, биринчи болуп Манас ойнобойбуз деп каршы чыкты.

– Койчу досум, элдин алдында кантип уят болгонубуз эсиңен чыгып кеткен болсо, менин эсимден чыга элек. Ойносоңор өзүңөр ойногула, мен кошулбайм, – деди. Мен түшүндүрүп кирдим, эми ал кезде башкача эле? Азыр төртөөбүз чогуу ойнойбуз. Минтип башталат, анан окуя мындай өрчүп отурат, финал мындай бүтөт. Кыскасы Манасты макул кылып, читканы баштадык.

Ар ким өзү ойноп турган кейипкерлеринин күлкүлүү эпизоддорун таап алымча-кошумчасы менен жаттап, улам бир сөздү экинчисине алмаштырып иштей баштадык.

Кайсы сатира болбосун, Абдылда Иманкулов ойноп жаткан кейипкерин көрүүчүнүн табитине ылайык келген образда жетесине жеткире ойнойт. Кандай сатира болбосун, Абдылда жараткан образ башкы каарманга айланып, биринчи планга чыгып калат. Бир сөз менен айтканда сатирадагы окуяларды бири-бири менен өтө чеберчиликте күлкүлүү кылып байланыштырып, оркестрдин дирижёрундай, сатиранын дирижёру дайыма Абдылда болчу.

«Ким аким?» деген сатираны көргөн болсоңуз, бул сатирада да Абдылда дирижёр катары бүт окуяларды байлап турган көпүрө ролунда болот. Алгач сахнага мен, Манас, Жамбыл, Абдылда







төртөөбүз чогуу чыгып, акимиаттын кызматчылары катары сатира башталчу. Жаңы сатира үч-төрт жолу ойнолуп эле анча жакшы болбой, репликалар алмашып дегендей, Манаска жакпай калды.

– Мен башынан эле айткам, өзүңөр ойной бергиле, мен ойнобойм, – деди.

Өзү Манастын репертуарында негизинен жашоо-тиричиликтен алынган, аял-эркектин мамилесине байланышкан тамашалар көп. Ал эми алдыңкыдай саясий боёгу бар сатиралар дээрлик жокко эсе болчу. Ошондон уламбы, бул сатирада Манас өзүн куудул катары көрсөтө албай, же ойногон кейипкердин ордун таба албагандай болду.

– Макул, – деп үчөөбүз ойной бердик, күндөн-күнгө жакшы болуп, репликалар улам кошулуп олтуруп, ошол концерттеги эң жакшы сатира «Ким аким?» болуп калды. Эс алып олтурганда Манас өзү баш болуп:

– Эй балдар, «Ким аким?» укмуш болуп калды, мына жерине мындай реплика кошсоңор дагы сонун болот, – деп сөз кошо баштады.

Анын үстүнө көрүүчүлөр да концерттен кийин ошол сатирага баа берип, теледен ойнолобу деп көп сурап калчу болду. Биз чындап эле жакында болуучу Мыскыл тамашага «Ким аким?» сатирасын ойноп тартылабыз деп жүрдүк.

Токмоктун маданият үйүндө, күндөгүдөй «ким акимди» ойноп жаттык.

– Ким аким болуп келбесин, биз жазабыз, артынан суу куябыз, бирөөбүз аким болуп келмейин жазганыбыз жазган. Мага десе

желмогузу келсин, – деп образга кирип алганбыз. Бир карасам эле сахнага Манас кирип келди. Кара шляпа, колтугунда папкеси бар.

– Буларды карасаң, жазабыз деп. Кимди жазасыңар, ыя? Тур ордуңдан! – баарыбыз ордуларыбыздан туруп, корккон кишидей жер карап, жана эле кыйын болуп сүйлөп аткан айбат жок, жалдырап калдык. Манас Жамбылга карап:

– Эмне жалдырап турасың, чурка, – деди эле, Жамбыл чуркаган боюнча сахнадан чыгып кетти. Абдылда анын артынан чуркады эле, – Сен каякка, мындай тур, – деп токтотуп койду. Баарыбыз эмне кылаарыбызды билбей, эмне десе макул болуп ойноп жаттык.

Менин оюмда сатираны кантип улап кетебиз деген ой турду. Бир чети Манаска жиним келип, эмне чыгып алды, же эскертип койсо болбойт беле дедим ичимен.

– Сен эмне турасың? Ал тиги картаңарды, алып чык тиякка.

Мен ошондо ойноп жаткан картаны алып сахнадан чуркап чыгып кеттим. Манас Абдылданы улам отур, тур, отур, тур деп, өзүнчө сүйлөнүп башкарып жатты. Эл кыраан каткы түшүп күлүп атты. Бир да көрүүчү ошол күлкүлөрдүн баары экспронтом, ошол сахнада биринчи жолу жасалып жатканын байкаган жок.

Дагы эмне болуп кетээр экен деп мен сахнага чуркап чыгып Манастын жанына олтура калдым.

– Сени ким олтур деди, – деп мага кыйкырды эле мен да тура калдым. Абдылда, Жамбылды дагы бир эки жолу олтургузуп тургузуп:

– Көрсөң булардын жумушту кыйратып койгонсуп. Отчёт кана?

– Кайсы отчёт?

– Кандай кайсыл отчёт, годовой отчётту ким тапшырат?

– Билбейт экенбиз аксакал.

– Кандай билбейсиңер? Бул жер банкпы?

– Жок аксакал, бул акимиат.

– Банк эмеспи?

– Банк эмес, точно банк эмес, акимиат.

– Анда жигиттер, мени кечирип койгула, адашып келип алыптырмын.

Ордунан туруп дагы бир жолу шляпасын чечип кечирим сурап, сахнадан чыгып кетти. Абдылда экөөбүз бири-бирибизди:





– Ой жаны жок, ушунча коркок экениңди билбептирмин, – деп шылдыңдап күлдүк. Ошол учурда сахнага чуркап чыккан Жамбыл:

– Эй балдар, жанагы келген ким экен?

– Атаңдын башы экен. Эй акмак, эмнеге коркосуң? Эмне коркосуң? Эми эле эмне деп сүйлөшүп жаттык эле?

– Мен корккон деле жокмун.

– Чурка десе чуркай бересиңби? Жок дегенде каякка деп сурап койбойсуңбу?

– Мен эми машинасында бир нерсе калып калган окшойт деп, эшикке чыгып чуркап, анан чуркабай эле басып бардым. Мен просто анын шляпасы менен папкесин сыйлап койдум.

– Эмне коркосуң, ал сени жеп коймок беле? Мына мендей эле болбойсуңбу? Мени келип тур деди эле, отуруп алдым, отур деди эле туруп алдым. Туурабы, мына Рахман көрдү.

– Менчи, мен. Тиги столдо турган картаны алып сыртка жеткизип кел деди эле, керек болсо өзүң жеткизип кел дедим.

– Ооба, анан өзү жеткизип келди. Ой бети жок Жамбыл, ушунчалык эки жүздүү экендигиңди билбептирмин.

– Өзү ал ким экен?

– Адашып темселеп жүргөн эле бирөө экен. Келе картаны, баары бир баардык нерсени карта чечет.

Биз сатираны аягына чейин ойноп чыгып кеттик. Баарыбыз Манасты кучактап эле жатып калдык. Көрсө Манас сатираны күндө көрүп отуруп, улам жакшы болуп жатканын байкап, кантип кошулуштун айласын таппай, мени кошкула десем Рахман урушат. Бүтүп калган сатираны бузуп башты оорутасың деп. Катышпай кала берейин десем, жакында телеге тартылат. Ушундай жакшы сатирада жок болуп каламбы де, өзүнчө даярданып көрүп бизге айтпай, ыңгайлуу учурду аңдып жүргөн экен.

Бул да болсо Манастын сатирадагы ойлоп тапкычтыгы, жогорку деңгээлдеги профессионалдыгы, нукура кудай берген куудулдугу эле.

Ошол күндөн баштап сатира Манастын катышуусу менен ойнолуп калды. Мен башында айткандай сатирага ар бир ойногон куудул сөзсүз өзүнүн салымын кошот. Биз эгемен болгонубузга канча жыл болсо, ошончо жылдан бери акимдердин бийлик талашмайы

бүтпөй келет, «Ким аким?» деген сатира сыяктуу.

Бул сатира жазылгандан бери сахнадан да түшпөй келатат. Ал эмес, ошол учурда казактын белгилүү куудулу Кудайберген Султанбаев казак тилине котортуп алып, казак көрүүчүлөрүнө тартуулап сахнага да ойноп чыкты.

## КҮЛКҮ КЭЭДЕ ДЕН СООЛУККА ЗЫЯН

Күлкүдөн курсак жарылган десең, азыр эч ким ишенбейт. Ооба, окурман ошондой болгон. Бул окуя кадимки эле Кызыл-Кыя шаарында «Аралаштын» күлкү кечесинде болгон. Ал кезде азыркыдай фонограмма жок. Анча-мынча эле Манас экөөбүз аккордеон, гитара менен ырдап койбосок, башка ыр жок. Элдер эмне кылат, токтобой, тынбай күлүш керек. Биз ал кезде ошентип ойлогон экенбиз. Эл тынбай күлүш керек деп. Көрсө, андай эмес экен. Аны азыр түшүндүк. Бир жарым сааттай тынбай күлкү болду, мен сыртка чыгып, залдын капталындагы коридор менен баратсам, бир жигит оң колу менен курсагын мыкчып, дубалга жөлөнүп отурат.

– Эй, жигит эмне болду? – деп сурап калдым.

– Эч нерсе болгон жок, бара бериңиз, – деп олтуруп калды. Эңкейип карасам колу кан, көйнөктүн баары кан. Мен ойлоптурмун, бирөө бычактап кеткен экен деп. Чочуп кеттим.

– Мушташтыңбы? Ким кылды? – деп сурап калдым. Ал камырабай:

– Жок, сиз туура эмес ойлоп калдыңыз. Мен концерттен азыр чыктым. Катуу күлүп койдум окшойт, жакында эле сокур ичегимди алдырдым эле. Бүгүн врачтар айыкты деп жиптерин алышкан. Мен көп күлүп койдум окшойт, тигилген жерлери ажырап, канап кетиптир аке. Сиз бара бериң, өзүм үйгө кетип калам, – деп кайра мага жылмайды.





## «АРАЛАШ» ТЕАТРЫНЫН БИРИНЧИ ЭКЗАМЕНИ



Жамбылдын сунушу менен, акыры 1987-жылы кооператив болуп юстициядан каттоодон өттүк. Экинчи маселе болсо, концерттик программабызды көрсөтүп, маданият башкармалыгынан уруксат алышыбыз керек эле. Биз мамлекетке баш ийбегенибиз менен алардын уруксат кагазысыз эч жерге концерт коё албайт болчубуз. Маданият башкармалыгы түзгөн атайын комиссиянын мүчөлөрүнүн түшүнүгүндө, биз коммунисттик партиянын идеологиясына туура келбеген жана каршы ойлор камтылган сын-пикирлерди айтып чыккан театр элек. Алардын ошол экзамендей болгон текшерүүдөн бизди оңой менен өткөрбөшүн да билчүбүз, билебиз. Себеби, өздөрү макул болуп турса да, иштеген кызмат ордунан улам программаны өткөрбөй коюшу мүмкүн эле.

Ошол жылы Ош шаарындагы №2-маданият үйүндө биринчи жолу Аралаш театры концерт койгонго уруксат алуу үчүн комиссияга программасын тапшырган. Менимче биз ошондо демократиянын биринчи элементтерин колдонгон экенбиз. Анткени, элге билет менен кошо «сиздин ой-пикириңиз» деген баракчаны кошо тараттык. Концерттин алдынан элге ачык эле айттык.

«Азыр биздин программаны атайын комиссия көрөт. Концерттен кийин бул комиссия ушул программаны элге койсо болот же болбойт деген чечим чыгарат. Силер дагы өз оюңарды көрүүчү катары билдирип, «болот» же «болбойт» деп баракка жазып кеткиле. Кийин, элдин пикири менен комиссиянын пикирин салыштырып көрөбүз» дедик эле, көрүүчүлөр кол чаап колдоп калышты.

Өтө жоопкерчиликти сезип ойнодукпу, билбейм концерт башкача болгондой болду. Эң кызыгы, концерт бүткөндөн кийин эч

качан ордуларынан туруп кол чаппаган кыргыздар, бул ирет ордуларынан туруп узакка кол чаап турушту. Менимче көрүүчүлөр бул ыраазычылык менен бизге эмес, комиссияларга программа элге жаккандыгын айткысы келди окшойт. Эл жазган ой-пикирди чогултуп, комиссиянын алдына койдук, бир да жакпайт деген пикир жок экен. Ошондой болсо да, комиссия мүчөлөрү ар нерсени бир айтып, «эл деген негизги саясатты билбейт, алардын оюна койсок, баардык нерсени жагат дей берет. Биз аларга жетеленбей кайра аларды жетелешибиз керек. Кээ бир сындар өтө курч, ошолорду мындайраак кылып, караштыргыла. Эгер мындай боюнча сахнага чыгып кетсе эртең ким уруксат берген деп сөз бизге тиет» деп урушуп атышып акыры программаны өткөрүп беришти. Ошентип, Аралаш театрына Кыргызстандын бардык залдарына концерт бергенге жол ачылды. Бул күнү, Аралаштын тарыхынын жаңы барагы ачылып эле тим болбостон, менин жеке турмушумдун жаңы барагы да башталган эле. Анткени, ушул күнкү концертте жубайым Диля менен тааныштым.







# «АРАЛАШТЫН» БИРИНЧИ ДҮЙШӨНҮ

Дүйшөн досум өзү Кара-Суунун Эркин айылынан болот. Ошол кезде Кызыл-Кыя шаарында жашайт эле. «Аралаш» тобунун балдары такси менен Дүйшөндүн үйүнө барып калдык. Досум таң калып,

– Силер такси менен концерт коюп жүрөсүңөрбү? – деди.

– Машинабыз жок болсо эмне кылабыз, – дедик биз. Ал «мындай жүргөн болбойт, концертти бирөө уюштуруш керек, анда машина болуш керек» деп акылын айтып калганда, биз болсо «анда сен бизге администратор бол» дедик. Анткени, анын машинасы бар эле. Кыскасы, Дүйшөндүн үйүнө конок болуп келип, аны администратор кылып ишке алып, «Москвичин» айдатып алып чыгып кеттик. Көчөдө машина тосуп турбай, бир кыйла колу-бутубуз узарып калгандай болду. Концерттен кийин да машина издебейбиз. Кыскасы кадимки артисттердей болуп, өз машинабыз менен концерт койгон жерге барып, өз машинабыз менен кетебиз. Бирок, Дүйшөндүн акчаны так кармаган мүнөзү жакпады. Ал беш сомду да жөнү жок иштетпейт эле. Сурасаң берет, дароо жазып коёт, кийин кармап калат. Кийин биз менен администратор, продюсер болуп көп эле адамдар иштешти. Алар Рахман Салмаматов, Толик Гайыпбердиев, Жумабек Абдылдаев жана башкалар. Алардын ичинен биз менен эң көп иштешкен Жумабек Абдылдаев болду. Бирок, биринчи администратор Дүйшөн болгондуктан ал жөнүндө «Манаска кат» деген чыгармада өтө кеңири жазганмын, ошол жерден окусаңар да болот.

# «АРАЛАШ» – КЫРГЫЗ САТИРАСЫНЫН МОДЕРНИЗАЦИЯСЫ

«Аралаштын» 20 жылдыгын өткөрүп атсак, Ырысбек (Жабиров) продюсер катары бир радиого интервью берип атып, ушул сөздү айтты эле. Азыр ойлосом, «Аралаш» театры кыргыз сатирасына чындап эле көп жаңылыкты алып кирген экен ошондо. Ал кезде ар концертти ар башка сценарий менен баштачубуз. Баткенде

Равут-Кавут деген айылга бардык. Жайкы клубда сахнага аппараттарды жайгаштырып, даярдап коюп, өзүбүз үчөөбүз үч жерге эл менен кошо отуруп алдык. Алдын ала айылдын эли бүт тааныган кишилердин аттарын сурап алдык. Мектептин директору, колхоздун башкармасы, айыл башчы ж.б. ушул сыяктуу. Эл менен сүйлөшүп конок катары:

– Мен Касым акеникине конок болуп келдим эле, – дейбиз.

– Аа, тааныйбыз, мейман турбайсыңбы, – дешет.

– Каяктан келдиң?

– Ош жактан.

– Кимдер экен, концерт койгону келгендер, – деп сурап коёбуз.

– Билбейм, куудулдар имиш го, көрөбүз да, – дешет.

– Баштаса болот эле, кол чаап койбойлубу, – деп элди күүлөп коёбуз. Элдин баары кол чаап «баштагыла эй, эртең ишке барыш керек» деп кыйкырышат.

Сүйлөшкөн боюнча, элдин арасында олтурган Жамбыл ордунан туруп:

– Туугандар кечирип койгула, мен бул айылга конокмун, Касым агайдыкына келгем. Бул артисттердики туура эмес, элди мынча күттүрбөш керек. Силер уруксат берсеңер, мен буларды тездетип оюнду баштагыла деп айтсам болобу? – деп баштады. Элдер чурулдап:

– Давай, албетте болот, айтың, баштасын, – дешип кыйкырып калышты.

Жамбыл сахнага чыгып, артын карап кайра микрофонго келип:

– Эй туугандар, бул жакта эч ким жок, сыртта жүрүшөт окшойт. Эми алар келгиче мен силерди күлдүрүп турайын, – деп, сыр бербей ар нерсени айтып, акырындан сатирага өтүп, 15-20 мүнөт элди күлдүрүп, акырында «дагы каалоочулар болсо чыккыла дегенде» элдин ичинен мен чыгам. Анан Манас, андан кийин Дөөлөт чыгат. Бир жарым саат концерттен кийин баарыбыз чогуу чыгып, коногу жок эле «Аралаш» куудулдар тобу алдыңарда деп тааныштырганда алданып калган эл аябай күлөт эле.

Дагы бир окуя. Бир жолку концертте эл залга сахнаны карап отурат, артисттер ошол жактан чыгып, саламдашып оюн башталат деп. Мен атасы, Манас баласы болуп эшиктен куушуп кирдик.





Манас беш-алты бош консерва банкаларды жипке байлап, сүйрөп алган. Залдын артынан элди аралап качып барып сахнага чыгып, жол таппай камалып калгандай болуп туруп калды. Атасы болгон мен, «бери бас, чык эшикке, сен эмне элдин алдында урушпайт деп ойлоп атасыңбы? деп кыйкырып кирем. Интермедия ушинтип башталып кетчү. Дайыма алып баруучусу саламдашып баштаган концерт көргөн эл түшүнбөй калчу. Бир сөз менен айтканда «Аралаш» театры, ошол убакта тынбай изденүү жолунда болгон экенбиз. Жаш куудулдарга да ошону каалайт элем.

## «АРАЛАШТЫН» ОШТОГУ БИРИНЧИ КОНЦЕРТИ

Азыркы жаштар концерт берем, биринчи концертим десе мен дайыма алардын көздөрүнө карайм. Коркуу же жоопкерчилик сезимдери бар бекен деп. Өкүнүчтүүсү, көздөрүндө коркунуч жок, эч нерсе болбогондой концерт өтөт, эң башкысы билеттерди таратып койдум болду дешет. «Аралаштын» биринчи концертин эстесем азыр да кадимкидей толкунданам. Ал ошондой болуп эсте калган. Биз дээрлик эки жыл айыл жерлерде, райондордо Жолдошбек Мамажанов менен жүрүп программабызды бышырып, андан кийин биринчи жолу чоң залда концерт уюштурдук. Афишалар илинип, кассага билеттер тапшырылгандан кийин эле бизде уйку деле болгон жок. Афиша демекчи, ошол концерттин афишасын Жамбыл, Манас үчөөбүз өзүбүз илгенбиз. Ишти бөлүшүп, Жамбыл шаардын борбордук эки көчөсүнө, Манас экөөбүз шаардын сырткы микрорайондоруна афиша илмей болдук. Эл келбей калып, шерменде болбойлу деген ой да. Түнү жөө жүрүп илебиз, бир чака ундун кебегинен жасалган клейди көтөрүп алып, Манас экөөбүз афиша чаптап, түнкү саат 12лерде өлгүдөй чарчап, шаарга түшсөк, шаардын борбордук көчөлөрүндө бир да афиша жок. Туура эле Жамбылдын үйүнө келдик. Келсек, Жамбыл үйүндө телевизор көрүп отурат. Учурашпай эле Манас кыйкырып кирди. Жамбыл болсо тоготуп койбойт. Манас Жамбылды ашатып сөгүп кетти:

– Акмак, биз минтип жүрсөк, бир афиша илгенге жарабапсың» – деп.

– Эмнеге илбедиң, концертке үч күн калды, ушул туура эмес да, - деп мен дагы Манаска кошулуп кыйкырып калдым. Анда, Жамбыл камырабай:

– Эй, келесоолор. Кичине башты иштетиш керек, баш деп эле көтөрүп жүрө бербей. Мисалы, мен афишаларды илейин деп чыгып, биринчи театрдын кассасына бардым. Барсам, биздин билеттер толук сатылып бүтүптүр. Билет сатылгандан кийин, анда афишанын илүүнүн эмне кереги бар деп келе бердим. Силер деле бир ооз сурап койсоңор болмок да, аның үчүн кичине башты иштетиш керек. Жөн эле кыйкыра бербей. Башы иштебегендин бутунун шору дечү беле. Андан көрө келгиле, программаны бышыктап тактайлы, – дебеспи.

Билет сатылып бүткөнүн укканда андан беш бетер уйку качты. Концерт күнү эл жыкжыйма болуп залда орун жок калды. Үчөөбүз үч жерде ойлонуп отуруп калыппыз. Ушул ирмем эч эсимден кетпейт. Менимче кандай кылып ушул концерттен абийир алып чыгып кетебиз деп, баарыбыз бир нерсени ойлоп аттык окшойт. Ал кезде акча маселеси экинчи эмес, үчүнчү, төртүнчү планда болот эле. Бир маалда театрдын актёру Тынар ака келе калып:

– Эл укмуш, залга батпай жатат, артисттериңер кана? – деди.

– Биз үчөөбүз элебиз, – дедик.

– Эмне дейт, койгула тамашаңарды. Үч киши качан коймок эле, уялбай айта бергиле. Эшиктеги элди карачы. Керек болсо айткыла, беш-алты артистти кошуп берейин, – деп туруп калды.

– Жок, рахмат жетишебиз. Барып отуруп концертти көрүң, анан оюңузду айтасыз, – деп агайды узаттык.

Театрдын үчүнчү коңгуроосу кагылып, залдын жарыгы өчүрүлүп, көшөгө ачылды. Бир дем менен башталган концерт ошол дем менен аягына чыкты. Ошентип, кыргыз маданиятынын тарыхында биринчи жолу, 1987-жылы 12-январда, Ош шаарындагы облустук театрда, үч киши мыскыл-тамаша кечесин өткөрдү. Бул «Аралаштын» чоң сахнадагы алгачкы ийгилиги жана кыргыз сатирасынын тарыхындагы чоң ачылыштын башаты болчу.





# «АРАЛАШТЫН» ФРУНЗЕДЕГИ БИРИНЧИ КОНЦЕРТИ ЭМНЕГЕ ӨТПӨЙ КАЛГАН?

1988-жылы Кара-Көл шаарында аябай чоң ийгилик менен концертибизди аяктап, Фрунзеге жөнөп калдык. Түз каттамдагы автобус жок экен. Ал жерден Таласка барчу ПАЗик маркасындагы автобуска отурдук. Өтмөктөн түшүп калып, башка машинага түшүп Фрунзеге кетебиз деген ой менен. Чынын айтсам, ошол кезге чейин бул жол менен жүргөн эмес экемин. Фрунзеге Ташкент аркылуу поезд менен барчубуз, анан самолёт менен учат элек. Машина жол толук бүтпөгөндүгү үчүн, зарыл жумуш чыгып калып эле, машина менен чыкпаса, негизинен эч ким жүрчү эмес бул жолдо. Бизди Фрунзеге алып барып, элге таанытам деген киши Рахман Салматов эле. «Аралаштын» концертин көрүп «силер тез Фрунзеге барышыңар керек, мен өзүм алып барам» – деп ушул гастролду баштаган да ошол киши. Жамбыл менен Дөөлөттү бир күн мурун Рахман ака өзү менен кошо УАЗ машинага салып кеткен, биз Манас экөөбүз анда батпай калдык. Ошентип ПАЗик менен Өтмөккө жетип, талаада түшүп калдык. Автобус Таласка бурулуп кетти. Жүктөрүбүздү жол боюна тизип алып экөөлөп машина тосо баштадык. Ал кезде азыркыдай каттаган машина жок, бир саатта бир же эки машина келет. Жол боюндагы жалгыз ашканага суу ичкени кирип кетсем, Манас кыйкырып калды, «бол эле, бол!» деп. Чуркап келсем жүк жүктөгөн ЗИЛ-130 маркасындагы машинага шофёру экөөлөп биздин жүктөрдү жүктөп жатышыптыр. Аккордеон, гитара, «Электроника» деген усилитель эки колонкасы менен, сахнага тартылчу көшөгө, анан бир микрофондун стойкасы, дагы бир электро чайнегибиз бар эле анда. Кызыгы, ушунча жүктү Манас экөөбүз машинабыз жок, Фрунзеге концерт коёбуз деп, алып жөнөгөнүбүзгө таң калам. Азыркы артисттердин бирөөсүнө бир буюмду көтөртүп, концерт койгон жерге жеткиз деп айтып көрчү. Эмне дейт экен.

Жолдо зилдин шоопуру, артистсиңерби деп сурап калды. Биз куудулбуз дедик.

– Оо, жакшы болбодубу, зерикпей күлүп барат экенбиз да. Кана сүйлөп баскыла, – деп калды.



Манаста ушундай касиет бар эле, ар кандай адамдын күлкүгө болгон табитин тез таап алчу. Бир аз сүйлөшкөндөн кийин шофёрду күлдүрүп кетти. Эки сааттан кийин шофёр күлүп атып чарчап калды.

– Болду, Манас жетет. Азыр боорум эзилип калат, – деп шоопур суранып токтотту.

Кара-Балтага жеткенде «Эми силерге концерттин акысын төлөйүн, түшкүлө» деп ашканага алып кирип, экөөбүзгө тамак алып берип:

– Жигиттер, башка нерсени билбейм, бирок мындай күлдүргөн адамды көргөн эмесмин, силер буйруса кыргызга таанылган куудул болосуңар, – деп ыраазычылыгын айтты. Түн бир оокумда Фрунзеге жетип бардык. Биз бир жерге түшүп, машина өзүнүн барчу жагына кетти. Анда сотка кайда, автоматтан Жамбыл берген номерге чалдык.





– Кайсы райондосуңар?

– Биз каяктан билебиз...

– Жаныңарда киши болсо сурагыла, адресиңерди айтат, биз ошол жерге барабыз, – деди.

Кийин билсек, Земледелия институтунда экенбиз. Кадыр аттуу радиодо иштеген Лейлектик баланын үйүнө бардык. Биздин программа бекитилбегени үчүн бир да жерге концерт койгонго уруксат бербей коюшту. Анын үстүнө биз эч бир юридикалык ишкананын атынан сунуш жаза албайбыз. Кыскасы, бул союздун учурундагы идеологиялык контролдоо системасы эле. Айла жок, Фучиктеги эт комбинатынын залында 20-30дай адамга концерт бердик. Дагы кайсы ишканалардын жатаканаларынын залдарында концерт бердик. Рахман аканын жердеши Зияш деген Токмок шаарында милиция болуп иштейт экен. Мен айылдарга уюштуруп берем деп, афишаларды өзү илип, кечинде концертке милициянын мотоцикли менен барып концерт коёбуз. Азыр ойлосом, Зияш формачан болгон үчүн уруксат сурабай эле концерт койдурган экен. Анан эле эмнеге экенин билбейм, Ысык-Көлгө барабыз болуп, Рыбачьеге кетип калдык. Маданият үйүнө уруксат бербей, кинотеатрга койдук. Бизге чейин эч ким кинотеатрга концерт койбоптур. Анан эле Жамбыл ооруп калып, Фрунзеге барбасам болбойт деп кетип калды. Манас экөөбүз кеткенге акчабыз жок мейманканага карыз болуп жата бердик. Тамакты да карызга беришет. Жамбылды күтүп жатабыз, келсе эле бир жерге концерт коюп, карыздардан кутулуп кетебиз деген үмүт менен. Үч-төрт күндөн кийин Жамбыл телефон чалды.

– Мен Ошко келип алдым, силер да келе берет окшойсуңар, – деп.

– Бизди ким коё берет, мейманканага, ашканага канча карыз экенибизди билесиңби? – дедик.

– Билем, эми бир нерсе кыласыңар, - деп телефонун коюп койду.

Акыркы үмүт үзүлдү. «Ишенген төө суугa акса, алды алдынан тал карма» дечү беле. Эми эмне кылабыз деген маселе чыкты. Кудай деген кур калбайт дегендей, ошол кезде ар кайсы шаарлардын стадиондорунда машина коюп, лотерея ойнотчу. Рыбачьеде да стадиондо ошондой иш чара өтмөк экен. Концерттик бөлүгүн борбордон келген бир группа менен макулдашышыптыр, бешенебизге ал

группасы келбей калыптыр. Ким концерт берет деген суроо чыгып калат. Маданият үйүнүн директору бизди эстей калып, «Оштон келген балдар бар эле, ошолорду чакыргыла» – дептир. Мейманканага бизди издеп эки бала кирип келди.

– Стадиондо элди бир сааттай концерт менен кармап бере аласыңарбы? – деп. Биз «бир саат эмес, эки-үч саат деле коёбуз» – дедик.

– Анда кеттик, 500 сом акча төлөйбүз, бир сааттык программа жетет, – дешти.

Асмандан издегенибиз жерден табылып, стадионго концерт берип жатып калдык. Мейманканадагы карыздын баарын төлөп, поездге олтуруп Фрунзеге барып калдык. Барсак, Кыргызстан мейманканасынын алдында Ошко кетебиз деп Пазик автобусу туруптур, бир кишиге 25 сом. Менде болгон акча 25 сомдук бир кагаз калган. Макул деп жүктөрүбүздү жүктөп автобуска отурдук. Бир жарым суткадан көбүрөөк убакытта Ошко жетип келдик. Манастын үйүнө кирдик. Аяшым:

– Кандай барып келдиңер? – деп калды.

– Кандайды эмне кыласың? Тез тамак жаса, – деди Манас.

Ошентип, алгачкы Фрунзеге болгон иш сапарыбыз карыз болуу менен жыйынтыкталды.

## «АРАЛАШ» БИРИНЧИ ЖОЛУ «МЫСКЫЛ ЖАНА ТАМАША» КӨРСӨТҮҮСҮНДӨ

Кийин 1989-жылы «Аралаш» театры биринчи жолу Фрунзеде филармонияга эң алгачкы концертин берди. Эч ким таанибайт, реклама жок, болгону бир банер илинген. Ал кезде ошондой болчу. Биринчи күнү жарым зал, экинчи күнү партер толду. Үчүнчү күнү балкон кошо толуп, аншлаг болду. Ошол кездеги теңсиздикти карагыла, сатылган билеттин 25% бизге гонорар катары берилет, 75% филармония жөн эле алып калат. Ал келишимдердин баарын Жамбыл түзчү. Башкы админ Бажко «дагы үч күнгө узарткыла, эл жакшы келет окшоп калды» – деди. Жамбыл «узартабыз, эгер 50%





на 50% болсо» – десе, Бажко «жок» деп такыр көнбөйт. Азыр ойлонуп түшүнбөйм. Бажконун бирдемеси кетип атпагандан кийин макул деп бизди иштете бербейби. Жамбыл да көгөрүп, келишимди узартпай койду. Орус драм театры менен келишим түзүп келди. 10% аларга, 90% биз алабыз деп. Бирок кыргыздын көрүүчүлөрү ал жакка концерт көргөнү такыр барбайт экен. «Аралаш» театры өзүнүн тарыхында өтө көп нерселерди биринчи жасаган. Ошол орус драма театрында да биринчи жолу он күн концерт бергенбиз. Эл анча көп болгон эмес. Бирок, биз өз билгенибизди бербей көгөрүп, 10 го 90% келишим түзүп иштедик. Ошол бойдон жаңы жылдык «Мыскыл жана тамашага» катышабыз деп борборго бардык. Спорт ордосунда даярдык жүрүп жатыптыр. Бейшенбек Мамбетакунов деген режиссёр ар бир номерди өзү кабыл алып, дыкат текшерип, электен өткөзүп жатты. Мен барып учурашып:

– Биз Оштон келдик эле, тамашага катышсак болобу, – дедим.

– Кана, чакыртууңар барбы? Кайсы театрсыңар?

– Чакыртуусу жок эле келгенбиз , биз «Аралаш» деген куудулдар тобубуз, – дедим.

– Мага десең Ералаш болбойсуңбу, силерди биз чакырабыз, ошондо келишиңер керек. Жөн эле келе бергидей эмне бул жер проходной дворбу, – деп салды.

– Бир номер берсеңиз аябай кызык интермедияларыбыз бар, көрөсүз го, элге жагат.

– Жарайт анда, азыр чыгып ойноп көрсөткүлө.

– Биз эл жок болсо ойной албайбыз.

– Мен көрбөй туруп силерди сахнага чыгара албайм, бүттү.

Жамбыл сөзгө аралашып:

– Сиз өзүңүз кимсиз? Сиз болгону бир режиссёрсуз, туурабы? Биз деген юридикалык ишканабыз, печатыбыз бар, керек болсо сиз менен сүйлөшпөйбүз, – деп салды.

– Охо-о, печатыңар болсо анда баргыла, печаты барлар менен сүйлөшкүлө, менде силердикиндей печать жок. Бирок «Мыскыл жана тамашага» кошпоймун, – деп басып кетти.

– Кошпосо кошпосун, кеттик, – деп бир жактан Манас чыкты. Мен кайра Бейшенбек байкеге барып:

– Байке, тиги Жамбыл үчүн кечирим сурайм, ал өзү ошондойроок.

Бизде жанр бир аз башкачараак, сөзсүз эл болбосо ойногонго болбойт. Кыскача бирден номерлерди ойнойбуз, жакса калтырыңыз, жакпаса өзүбүз деле кетип калабыз, – дедим. Мен сүйлөшүп жатсам ыраматылык Өмүрбек деген оператор биздин сөзүбүздү угуп калып:



– Бейшенбек, мен Ошко командировкага барып калып бул балдардын концертин көргөм, аябай жакшы балдар, сен эч ойлонбой эле программага кошо бер, анан сахнадан көрөсүң, мен кепилдик берем, – деди. Бейшенбек агай мага:

– Макул, тиги печаты барыңа айтып кой, менин көзүмө көрүнбөсүн, – деп программага кошуп койду.

Биз сүйүнүп, кечки концертке даярдана баштадык. Интермедия ойнобой эле, кезек менен бирден чыгып «Соло» номур көрсөтмөй болуп, Жамбыл баштап, анан мен, Дөөлөт, аягын Манас жапмай болду. Ал кезде «Мыскыл жана тамашаны» негизинен академиялык театрдын актёрлору ойночу. Спектакль ойногондой жасалма сүйлөгөндөй, аял-эркектин ортосундагы мамилелерден турган интермедиялар боло турган. Эмнегедир ошол сатиралар мага жакпайт эле. Концерт башталып, алып баруучу:

– Оштон келген «Аралаш» тобунан Жамбыл Камчиевди тосуп алыңыздар, – деп чакырды. Жамбыл кыйкырбай, бакырбай кубалашпай акырын сүйлөп, өзүн тааныштырып баштаганда эле зал каткырып, кол чаап, күлкүгө толо баштады. Мен өзүмчө ойлоп койдум, эгер Жамбылга ушунча күлсө бул жагы кандай болот экен. Эл ушунчалык каткырып жатты, сахнанын артындагы артисттин баары сахнанын жамбашына чыгып, эмне болуп кетти дегенсип жабалактап калышты. Жамбыл мени чакырды, андан да чоң каткырык. Мен Дөөлөттү чакырдым. Дөөлөттүн «Чал кемпирин» уккан эл акыркы күчүн чогултуп болушунча күлдү. Анан Манас чыкканда чарчаган эл күлгөнгө акыбалы келбей, ооздорун ачып эле отуруп





берди. Бизди көрүүчүлөр кол чабуулар менен сахнадан кетирбей койду. Араң элди токтотуп, кийинки номерди сахнага чакырышты. Бирок бизден кийин күлкү болгон жок. Башка күлкүлөрдү «Аралаш» жууп салгандай болду. Залдагы көрүүчүлөр анда-санда «эй, баягы төртөөнү чыгаргыла!» – деп кыйкырып коюп отурушту. Ошентип тамаша бүттү. Бейшенбек аке:

– Эртең саат экиге кечикпей баарыңар келгиле, – деп катышуучуларды таратты. Саат экиде баарыбыз Спорт сарайында залда чогулдук. Бейшенбек аке артисттерге карап:

– Кечээги концерттин деңгээли начар болду, байкадыңарбы? Кана жанагы, Оштон келген «Аралаш» барсыңарбы? – деди.

– Барбыз, – дедик.

– Силер ушунчалык көтөрүп таштадыңар, кийин бир да номер ага жетпей койду, – деп баштаганда, Жамбыл мындайда жөн отурбайт да:

– Кимдердин деңгээли төмөн болуп, концертти көтөрө албаса кете берсин, биз өзүбүз коюп беребиз, – деп сөзүн бөлдү.

Улуу актёрлор ыңгайсыз болуп Жамбылды карап калышты. Бейшенбек аке бизге:

– Бүгүн мындай кылабыз, силер төртөөң бир жерден чыкпайсыңар, бөлүнөсүңөр. Ошондо программа тегиз кармалып турат экен, түшүнүктүүбү, – деп чогулушту жыйынтыктады.

Кечки концерт ошондой болду. Өмүрбек аке оператор өзүнчө сүйүнүп алган:



– Мен айтпадымбы, булар уят кылбайт, – деп кайра-кайра Бейшенбекке айтып. Концерт бүттү, Бейшенбек аке:

– Силер менин автобусума чыккыла, – деди. Биз ал айткан автобуска чыктык. Автобусту Ысык-Көл мейманканасына жакын жерге токтотуп алып, – Келгиле, эр чекишпей



бекишпейт. Жакшылап таанышалы, чыны менен эле бактыңар бар
балдар экенсиңер, мындан кийинки бардык «Мыскыл жана тама-
шага» чакыртуусу жок эле түз келсеңер болот, – деди.
Ошол күндөн баштап «Аралаштын» «Мыскыл жана тамаша» теле
программасындагы узак жылдарга созулган сапары башталган.
Чындыгында «Мыскыл жана тамаша» таланттарды таптаган чоң
долбоор эле. КТРК тарабынан уюштурулган ошол мезгилдеги эң
жакшы долбоорлордун бири болчу. Биз негизинен ошол долбоор
аркылуу кыргыз элине кеңири таанылдык. Жөн эле элге таанылып
тим болбостон, төгөрөктүн төрт бурчунан чогулган таланттуу бал-
дар менен таанышып дос болдук.
Жаныбек Алыкуловдун да бактысы бизге окшоп, ушул долбоор-
дон ачылган. Эми, Жаныбек жөнүндө өзүнчө китеп жаза турган өз-
гөчө талант, баардык жагынан төп келишкен керемет куудул эле.
Кыргыз куудулдарынын ичинен орусча таза, так сүйлөгөн ушул
бир гана Жаныбек болгон. Абдылда Иманкулов өзгөчө аткаруучу-
лугу менен айырмаланган, дикциясы таза, ролдорду жетесине жет-
кире ойногон куудул болчу. Ошол жерде баарыбыз чогуу ойной
баштаганбыз. Күмөндөр өзгөчө үнү менен «Таракандар» деген са-
тираны бир башкача ойноп чыгып элге таанылган. «Досум-Үсөн»





эстрада тобу дээрлик бардык кечеде катышып, ырдын гана эмес,
куудулдар менен тең ата сатираларды керемет ойноп турушчу.
Бир майрамдан экинчи майрамга чейин кадимкидей сагынып күт-
чүбүз. Бул долбоор чыныгы чыгармачылык атаандашуунун ордо-
су эле. Ар бирибиздин жаңы сатираларыбызды талкуулап, алым-
ча-кошумчасын кошуп оңдогонго аракет кылат элек. Раматылык
Чубак, Тургуналылар ар бир концертке жаңы обондорду чыгарып
келип, элге тартуулап турчу. Биз анда, .......

*(Рахман акемин Аралаш театры боюнча жазган баяны ушул жер-
ден токтогон экен)*

«Аралаш» театрынын жетекчиси Жамбыл Камчиев:

# «АРАЛАШТЫН» ЛОКОМОТИВИ РАХМАН БОЛЧУ



Досум Рахман Разыков менен 1982-жылы 5-декабрда Оштогу «Бабур» атындагы өзбек музыкалык драма театрынын гримерный бөлмөсүндө таанышкам. Келинчегим экөөбүз обончулардын отчёттук концертин көргөнү барган элек. Көчөдө миңдей адам кире албай, ичкериде да миңдей көрүүчү тыгылып көрүп аткан экен. Араң кирсек, сахнага аккордеонун көтөрүп тармал чач, майкачан жигит чыкты. Тамашалуу ырларды, пародияларды ырдап кирди. Көрүүчүлөр кайта-кайта суранып жатышты. Мен айланып, гримеркага кирсем, композитор - обончу Каныбек Курбантаев тосуп алып:

– Хохмач досум кел. Мына бул Хохмач менен таанышып ал, – деди. Тармал чач жигит:

– Рахман, – деп мага колун сунду.

– Менин атым Жамбыл, Ошто №1- ДКда иштейм. Колуң бошосо кел, сүйлөшөлү, – дедим, кол берип жатып. Ошентип Рахман менен тааныштым. Теңтуш болгондуктан бат эле тил табышып, ымалабыз келишип кетти. Көп өтпөй Рахман мени Манас Бердибеков менен тааныштырды. Манас Бердибеков болсо эмне кийсе жарашкан, чукугандай сөз тапкан, достукка бекем жигит болчу. Ал жөн эле ойноп койгон сатиралар деле элге укмуш күлкү тартуулачу, биз аткарсак жарашпай калчу. Чыныгы талант, чыныгы жылдыз эле десем





жаңылышпайм. Мунусун өзү да жакшы билчү. Каалабаса топ менен кээ бир гастролдорго барбай койчу. «Программа бузулат да» десек, «ал менин проблемам эмес» деп салчу. Бирок анын мындай эркелигин көп көтөрөр элек. Ошентип алгачкы ирет үчөөбүз трафарет менен колго жазылган 10 чакты афишаны илип 1984-жылы январь айында, «Сатира, юмор кечеси» деген алгачкы концертибизди бердик. Ушул концерт Аралаштын официалдуу эмес башталышы болгон. Эл жакшы келди. Буга чейин болуп жүргөн кечелерге такыр окшобогон, жалаң күлкүдөн турган концерт Ош шаарында биринчи ирет өтүшү эле. Кантип эле үч киши концерт коюп салсын деп ал кезде атагы чыгып калган чоң артисттер таң калышты.

Концерттен кийин, сүйлөшүп олтуруп:

– Былтыр, Бабур театрында сахнага майкачан чыккан эмес белең, ошондо майкачан чык деп сага режиссёр сунуштады беле, – десем, күлүп:

– Режиссёр, сен чыкпайсың деп көйнөгүмдөн кармаганда, мен булкунуп сахнага чыгам деп атып, көйнөк жыртылып режиссёрдун колунда калган, – деп күлүп калды. Азыр ойлосом, Рахман чындыгында сахна үчүн жаралган, сахна үчүн баарынан кечип ийген жан болгон экен. Анда бизди акча маселеси эмес, элдин кол чапканы кызыктырат эле.

Ошол бойдон, Манас Бердибеков экөө бир жылдай дайынсыз жок болуп кетишти... Кеч күздө, мен иштеген №1-ДКга Рахман келинчеги Үлпөт менен келип, аялы менен мени тааныштырды. Мен жакшы киши болуп:

– Рахман, былтыркы концерттин гонорарын иштетип ийдим эле, айлыгым тийгенде берейин, – десем:

– Акча зарыл эмес, – деп, колундагы дипломатты ачты эле, көзүм чанагынан чыгып кете жаздады. Дипломаттын ичи жык акча экен. Көрсө, Рахман менен Манас бир жылдан бери тамеки союзда «приёмщик» болуп иштеп жүрүшүптүр. Ал иштин аягы Рахманды аябай чоң суммадагы карызга батырат. Себеби, пресстелген тамекини туура эмес сакташкандыктан салмагы жоголуп, саны менен салмагы дал келбей расстрата болуп калат.

Ал тергөөчүлөрдүн кысымынан качып, ошол кездеги эң популярдуу обончу-ырчы Жолдошбек Мамажановдун жанына, Кадамжай



районуна барып жан сактап жүрөт. Жөн жүрбөй Оштон Манас Бердибековду ээрчитип барып, маданият бөлүмү менен келишим түзүшүп иштеп калышат. Анысы аз келгенсип, экөө Мамажанов менен кошулуп, Чоң Алай районуна, андан ары Тажикстандын Жерге-Тал районуна чейин концерт коюп, эки ай гастролдоп келишет. Алар гастролдоп жүргөндө, М. Горбачев ТВдан чыгып сүйлөп, Кыргыз ССРнин түштүгүндө тамеки туура эмес жол менен сакталгандыгына байланыштуу, көп граждандардын үстүнөн туура эмес кылмыш иштери козголгонун айтат. Ошентип, Горбачевдун кайрылуусунан кийин Рахман чоң балээден кутулат. 1986-жылы август айында, мен отпускка чыккан кезде, Рахман мени да ээрчитип барып, Жолдошбек аке менен тааныштырган.

Ошентип Рахман кайрадан чыгармачылыкка кайтып келди. Бир күнү Манас менен Рахман экөө Дөөлөт Мадымаевди Кара-Суу шаарынан таап келишет. Болгону, «Чал кемпирдин чатагы» деген жалгыз номерди гана аткарчу Дөөлөт. Анда ал тракторист жана комбайнер экен совхоздо. Ишин шылтоо кылып, чарбанын иши да деп кетип да калчу кээде. Өзү комбайнер болсо да чал-кемпирдин чатагы деген стендапты катыра аткарып, элдик талант болуп жүргөн экен. Кыргыз куудулдарынын арасында ар кимисинин өз таланты, өзгөчөлүктөрү бар дечи, бирок ушул Дөөлөт Мадымаев нукура пародист эле. Эгер ал театралдык билим алып калганда андан кыйын артист чыкмак.





1987-жылдын 14-январына белгилеп, Ош кыргыз драма театрына «Мыскыл жана тамаша» деген концертти Манас, Рахман үчөөбүз эле коюп койдук. Дөөлөт ошол күнү келе албай калды. Эртеси, театрдын директору биз менен 25ке 75 пайыз менен келишим түзүп, бир ЛАЗ автобусту бөлүп берип, беш алты тейлегич балдарды кошуп Кара-Көл, Ала-Бука тарапка гастролго жиберди. Биз түшкөн пайданын 25 пайызын алдык. Ошондо жүрүп, Рахман экөөбүз концерттик кооператив ачууну чечтик. Анын документ иштерин мен жазып чыкканым менен каттоодон өтүүдө көйгөй жаралды. Бул жерде да Рахмандын иш билгилиги маселени чечти. Ошентип, «Аралаш» куудулдар тобун расмий түрдө 1987-жылы июль айында «Азем» кооперативи деп каттоодон өткөрдүк. *(Маалымдама: Ал эми 1991-жылы кооперативдерди жаап баштаганда, «Аралаш» чакан ишканасын ачтык. 1998-жылы Куршабда жүрүп Аралаштын мөөрүн уурдатып жибердик. Анан 1999-жылы «куудул АРАЛАШ» коомдук фондун түздүк. Бул фонддун мүчөлөрү катары мен, Рахман, Дөөлөт үчөөбүз каттоодобуз. Юридикалык жактан түзүүчү да, таркатуучу да, жетекчи да өзүм).*

Кооперативибиз каттоодон өтүп, анын мөөрү менен «Азем» деген жеке ишкана ачтык. Документтерди бүтүргөнү кеткен Рахман ошол күнү кечке дайыны жок болду. Дагы эмне болор экен деп биз Манас, Дөөлөт үчөөбүз сарсанаа болуп отурабыз. Түн бир убакта эле «Москвичтин» ичине толтура концерттик билеттерди жүктөп Рахман кирип келди. Көрсө, ал кооперативибизди каттатары менен басмаканага барып, билет чыгартып жүрүптүр. Мына ушундай айкөл мүнөздүү, алп жигит эле. Уюштуруучулук жөндөмү мыкты болчу. Апрель айында «Азем» кооперативин каттоодон өткөзүп, өзүбүзчө болгондо да кыргыз тилинде концерттик билеттерди чыгардык.

1 сомдук билет, «МБ – 56» деген серияда болчу, ал Манас Бердибеков жана туулган жылын билгизчү. 1 сом 50 тыйындык билет «ЖК – 54» сериясындагы менин инициалым эле. Ал эми 2 сомдук билет «РР - 55» Рахмандын атына чыгарганбыз. Эки жыл ошол билеттер менен концерт коюп жүрдүк, бирок бир дагы адам, билеттердин сериясына кызыкпады. Биз үчүн ал билеттер чоң тарых болчу.

Анан билет түгөнгүчө концерт коюп жүрдүк. Өзүбүз эшик

тособуз, өзүбүз жарык, аппаратура коёбуз, өзүбүз сахнага чыгабыз. Алып баруучулукка бирөөнү, анан 1-2 ырчы ээрчитип алабыз. Атыбыз деле жок, «Сахнада ыр-күлкүсү аралаш» деп афишаларыбызга жазылып жүрүп эле тобубуздун аты «Аралаш» аталып кетти. «Ералаш» деле татар тилинен которгондо «аралаш» дегенди түшүндүрөт тура. Өз учурунда биз менен көп эле таланттар иштешти. Ошолордун ичинен Абдылда Иманкулов чыныгы «Аралашчы» болду. Ал топко 1994-жылы келип, 29 жыл биз менен бирге «Аралаштын» жүгүн тартып келет. Анын талантын, адамдык сапатын мен айтпасам деле эл жакшы билет. Негизи, «Аралаштын» ар бир мүчөсүн өзүнчө китеп кылсаң аздык кылат. Биз, жүрөгүбүз каалаган үчүн гана чыгармачылыктын оош-кыйышына түтүп, негизгиси достук мамилебизди жоготпой ушул күнгө жеттик го дейм. Кимибизде кандай турмуштук көйгөй жаралбасын биринчи чуркап кабар алчу достордон элек. 2001-жылы Манас дүйнө салды. Шум ажал 2011-жылы Дөөлөттү, 2021-жылы Рахманды арабыздан алып кетти. Азыр «Аралаштан» эң улуусу мен, эң кичүүсү Абдылда болуп экөөбүз калдык.

Чындыгында, Рахман Разыков көлдөй кенен, ою терең, уюштуруучулук сапатты мыкты өздөштүргөн, калыс, боорукер, башкача талант эле. Ал ыр да жазчу. Концерттерди уюштурууда көп ишти Рахман бүтүрчү. Ал кезде транспорт табуу да бир топ түйшүк жаратчу. Билет чыгаргандан тартып, эшик тосуп, билет сатып, кайра сахнага чуркап чыга калып, айтор мээнеткеч да эле. Ошон үчүн «Бешилик», «Беш тапан» топторун түзүп жүрөт да. Эгер отурган имараттары болуп, мамлекеттен бир аз эле колдоо болгондо абдан жакшы юморлорду жаратышмак. Эми, айткан менен баары кеч. Кыргыз маданияты куудул Рахманды эмес, куудулдук өнөрдүн локомотивин жоготту. Ыйманы саламат болсун досумун...





## КРнын Эл артисти Абдылда Иманкулов:

# «АРАЛАШТЫН» АКЫЛДУУСУ РАХМАН ДОСУМ ЭЛЕ»



Тээ сексенинчи жылдардын экинчи жарымында Ош филармониясында иштеп жүрүп Рахман, Жамбыл, Манастар менен таанышканмын. Анда совет бийлиги эле, жеке топ болуп кетет деген мүмкүн эмес болчу. Жада калса концерттин билеттерин дагы бир гана министрлик басып чыгарчу. Азыр каалагандай билет басып атпайлыбы. Ал кезде андай жок эле да. Башка билет сатканга мүмкүн эмес эле. Ар бир театр, маданият үйлөрүнө билет кагазы министрлик аркылуу кетчү. Айылдарга барганда оруну жок клубдарда оозго туруп алып билет чогултчубуз. Анда да коркуп турчубуз. Себеби, КГБ деген, «Элдик көзөмөл» деген ажыдаарлар бар болчу. Алар кармап алса айып пул салып, керек болсо каматканга чейин барчу. Ошентип жүрүп, билетти үтүктөп, эртеси кайра сатып, чөнтөккө иштеген элек. Райондук же шаардык маданият үйүнүн урук-сат кагазы болбосо концерт да коё албайт элең анда. Ал эми корпоратив деген кийин чыкты.

Мына ушундай заманда жеке топту «Аралаш» баштады. Жүрөктөрү тоодой экен Жамбыл менен Рахман, ар ким менен закондошуп, талашып жүрүп баштаган. «Аралашта» экөөнөн башка Манас менен Дөөлөтүн дагы мээнети бар. Бирок, «Аралаштын» аралаш болуусуна Рахмандын салымы чоң болгон.



Мурун Ошто жүргөндө «Аралашка» биринчи чакырышканда мен кошулбайм деп койгом. Себеби, эмгек китепчеси жазылбаса, ведомствого кол коюлбаса, туруктуу иш эмес да бул деп көнбөй койгом. 1993-жылдары Оштогу филармониядан иштен чыгып, Бишкекке көчүп баса бердим. Ал кезде булар да тарқап кеткен болчу. Жамбыл гезит ачып, Рахман өзүнчө бизнес кылып, Манас болсо Борончуну ээрчитип «Эки саяк» деген топ түзүп, Дөөлөт коноктон колу бошобой дегендей. Кыскасы, «Аралашта» 2-3 жыл чоң тыныгуу болуп калган учур эле. Бир күнү Рахман менен Манас Бишкекке, меникине үйгө келип калышты, көпкө сүйлөшүп отурдук. Экөө менимче сүйлөшүп алып, анан мага келген окшойт. Алар «Аралашты» кайра түптөйлү, сен бизге кошул» дешти. Анан Жамбыл менен да сүйлөштүк. Ал Оштон келди. Төртөөбүз отуруп алып меникинде программа жасадык. Ошол ичинде саясаты да, башкасы да бар программа өзүбүзгө да аябай жакты, элдагы жакшы кабыл алды. Төртөөбүз башында сахнага бирге чыгат элек, ошону менен бүткөндө бир кетет элек. Жөн эле сахнанын аркасында төрт бурч тосулган нерсе турат, ошонун аркасына кийинип чечинебиз. Капталга да чыкпайбыз. Бассак элге көрүнүп калат элек. Ал кезде туалетке акча төлөп кирет деген түшүнүк жок да, чет мамлекетте ушундай экен десе таң калчубуз. Биз ошону жасадык да. Кимиси кандай түшүндү билбейм, 2 сааттык концертти сахнадан жылбай, эл залдан жылбай бүтүрөт элек. Эч ким бизге келип учурашпайт, биз дагы эч ким менен учурашпайбыз, басып чыга албайсың. Программа да ошого ылайыкталган эле. Эмне балакет болсоң дагы эки жарым саат чыдашың керек болчу. Саясатчылар элди







бөлүп-жара баштаган кез болчу, Жамбыл экөөбүз бир, Манас менен Рахман бир болуп, залды экиге бөлүп алат элек. Экөө сахнанын бир жагынан, биз экинчи жагынан кирет элек. Мен айтат элем, Жамбыл атыңды жазып койгун, мобулар калп эле адашымыш болуп кирип кетишет десем, ал барып Ж тамгасын илип коёт. Рахман Манаска айтат, анан Манас М тамгасын экинчи тарапка илип коёт. Ошентип женский, мужской болуп калганын эл дароо түшүнөт болчу. Билгендер деле айтышса керек, мына ушул «Аралаштын» программасы легендага айланган, кыргыз сатирасынын театрлаштырылган, жаңы өзгөчөлүктөргө бай, заманбап концерти болгон. Андагы биз ойногон сатиралардын ар бири шедевр сатира эле. Бизден ал сатираларды казактар сатып алып барып ойношчу. Мына ошол ар бир сатиранын идеясын бирөө айтса, калганыбыз аны байытып, соавтор болуп жасачубуз. Ал убакта автору дегенге маани да бербейт элек. Экинчиден, жогоруда айтылган төртөөбүз тең, учурунда Кыргызстанды түрө кыдырып, жөө-жалаң темселеп жүрүп таанылганбыз. Азыркыдай интернет, телефон деген жок анда. Кийин болсо



чоң рекламаны КТРдин «Мыскыл жана тамашасы» жасады. Мен кошулгандан 3 же 4 жылдан кийин «Аралаштын» он жылдыгы өттү.

«Аралашта» төртөөбүздөн тең токтоо дагы, сабырдуу дагы, көтөрүмдүү дагы Рахман болчу. Баарыбызды ынтымакка чакырып турчу. Төртөөбүздүн арабызда орду өзгөчө эле. Ашып кетсек тыйып койчу, кээде унчукпай, сүйлөбөй да койчу. Баарыбыз эле пендебиз да, кээде ортобузда орчундуу болбосо да майда-барат таарынычтар болуп калат. Экөөбүз тең бири-бирибизге айтпайт элек. Бирок, билет элек. Кээде мен чыдабай кетип айтып жиберет элем, ал айтпайт эле. Градустар көтөрүлүп, экөөбүз кээде жакшы отурганда мен, «сен таарынып жүрөсүң, сен андай кылдың, мындай кылдың» – деп айтып калсам, ошондо да «ким таарыныптыр, таарынбай эле, келесоого да киши таарынабы?» – деп койчу. Жашоодо анык дипломат эле.

Анан да сахнада мыкты партнер болчу. Сахнада ойноп атканда даярдалган тексттен сырткары да көрүүчүлөргө, публикага





жараша сөздөр чыгып кетет. Ошондойдо партнердун көзүнөн көрүп турасың да, азыр мен минтип айтсам, бул минтип айтат деп. Футболдо оюнчулар бири-бирине пас бергендей эле, сөз менен пас берип сөз чыгарасың. Ошондой учурлар бизде көп болот эле, себеби биз бири-бирибизди жакшы сезип турчубуз. Рахман өзү дагы ошондой пасты жакшы берчү.

Ал чыгармачылык жактан алганда идеяга бай эле. Өзү ооруп атса дагы бир нерсени ойлоп, бир идея таап турчу. Ошол идея менен көп сатиралар пайда болду. Адам катары алганда мага караганда сабырдуу, оор басырыктуу, бир нерсеге оңой менен капа болбогон, бир нерсеге оңой менен ачууланбаган, тоготпогон мүнөзү бар эле. Сахнада ойноп атып туура эмес репликаларды берип, ката кетирип алса мен чыдабай кетем. Ал андайга карабайт эле, «боло берет





эми, болуп калыптыр да» деп коёр эле. Ошондой мүнөзгө ээ болгону үчүн бир топ балдарды чыгарды да. «Бешилиги», «Беш тапаны» ж.б.у.с. Мисалы, мен анте албайм. Кичине кемчилик болсо балдарга кыйкырып, сөгүп жиберем дегендей. Аны эми көтөргөнү көтөрөт, көтөрө албаганы да бар да. Рахманда андай жок эле. Кенебестиги ушунда эле, көчкү түшүп келатса да кенебейт эле. «Эми көчкү келатыптыр да, балким бизге келгенде биягы менен өтүп кетет» дегендей мамиле кылчу.

Рахман, менен Жамбыл дагы өз алдынча конкурс-фестивалдарды өткөрүп жүрүшпөдүбү. Анан бирөө менден сурап атпайбы, «сиз эмне үчүн ушундай фестивалдарды өткөрбөйсүз?» – деп. Мен, «мага болбойт, андай нерсени өткөрүш үчүн Рахманга окшогон жаман-жакшы сөзгө реакция кылбаган, кем акылыраак киши керек. Андай учурларда бүтүп-бүтө элек, болуп-боло элек, болжолдонгон иштер көп болот. Рахман андайга маани берчү эмес. Мен андайга чыдабайм, мен жаман сөздөр башталганда эле эки-экиден чакырып беттештире баштайм. Ошентип, биринчи күнү эле катышуучулардын жарымы жок болот болчу» дедим. Азыр ойлосом, Рахмандын





кенебес же теңелбей койгон ошол мүнөздөрү анын акылдуулугу экен.

Кээ бир досторду көрүп атпайбызбы. Азыр Кыргызстанда досмун деп айтыштан да киши тартынып калды. Дос ар кандай болот. Бирөөлөр байлык же кызмат үчүн дегендей. Бирөөлөр дагы бир кызыкчылык үчүн достошот, жоро-жолдош күтөт. Бизде андай нерсе болгон жок. Биз кызматчы болгон жокпуз, бири-бирибизден өтүп байып да кеткен жокпуз. Биз талаша турган чоң акча же башка да болгон жок. Ошол үчүн мамилебиз бири-бирибизге бирдей болду. Билбейм, эми пендебиз да, экөөбүздүн ортобузда бөлүшө албай турган чоң акча болсо, биз да ошентип кетет белек, ким билет. Бизге андай болуп кеткенге шартыбыз жол берген жок. Жашырганда эмне, чынында экөөбүз сырдаш дос элек. Аялыңа, балаңа, апаңа, атаңа айтпаган жолдоштук сыр болот эмеспи. Биз ошол сырларды айтышчубуз. Үй-бүлө деле билбеген сырлар болот, кээде ошондой сырдашуулар болуп калчу. Эми өзүң билесиң, талаалап жүргөндө адам ар кандай учурга туш келесиң, үй-бүлөң укпай турган окуялар болот. Аларды бир туугандарың да билбейт. Мисалы, менин бир туугандарым билбегенди Рахман билет эле. Анын бир туугандары, үй-бүлөсү билбегенди мен билет элем. Ал сырлар, албетте, өзүң менен кошо кетет. Биз экөөбүз мына ушундай сырдашкан, бири-бирибизди сатпаган, бирок мактаган дос элек.

## Коомдук ишмер Самидин Белеков:

# «АРАЛАШ» БАШТАГАН КУУДУЛДАР АЛМАТАДА...

Рахман Разыков менен 1995-жылдан бери доспуз. Алгач «Жаныбектин жарамазаны» кийин «Аралаштын» концертинде чогуу жүрүп калдык. Анткени, ошол жылдары Жаныбектин (Шорпо) сунушу менен куудулдарга демөөрчү болуп, «ЧоңКО» куудулдар ордосунун президенти болуп турдум. Ошондон баштап эле Рахман экөөбүз жакшы болуп кеттик. Өзү дагы адамгерчиликтүү, жөнөкөй жакшы адам эле. Мамилебиз абдан жакын болуп кетти, жакшы жолдоштордон болдук. Анын куудулдук таланты эле эмес, адамдык сапаты да өтө жогору эле. Ошентип, куудулдар менен чогуу иштешип калдым. Алардын иштегенине, жатып эс алуусуна шарт түзүп атайын имарат бөлүп бердим. Колдон келген жардамдарды аябадым. Рахман Разыковдун дагы көптөгөн проектилерине, сынактарына демөөрчү болдум. Ал убакта акча кудайга шүгүр эле, мен булардан эч нерсе аяган жокмун. Кыргыздардын байлыгы ушулар да. Акча эмне? Ал бир баалуу кагаз да. Ал эми чыныгы баалуулуктарыбыз







биздин куудулдар, биздин таланттар. Менин бул таланттар менен негизги тааныштыгым ушундай болгон. Эми, көпчүлүк эл билбеген тарыхый окуяны айтып кетейин.

1995-жылдары Казакстандын парламентинин депутаты, казактын белгилүү тамашачысы Кудайберген Султанбаев Алмата шаарында эл аралык куудулдар фестивалын өткөргөн. Ал Орто Азияда биринчи болуп аткан фестивалга 17 өлкөдөн куудулдар катышты. Кыргызстандын куудулдар тобун мен жетектеп алып бардым. Фестивалдын башкы режиссёру, Казакстандын эл артисти, Жамбылдын 130 жылдык маарекесин койгон, атагы чыккан режиссёр экен. Биз фестивалга кечигип барып калдык. Ал киши программага киргизбейм деп атып акыры 12 мүнөткө уруксат берди. Менин жиним келип «катышпайбыз, кетебиз» деп калдым. Себеби, биздин топто «Аралаштын» төрт жигити, Жаныбек, Күмөндөр, Келдибек байке болуп 7 куудул бар эле. Алардын номурлары 12 мүнөткө батмак эмес болчу. Анда бизди раматылык Рахмандын сабырдуулугу токтотуп калды. Жаныбек да мага айтып калды: «сиз антип ачууга алдырбаңыз, жетишебиз 12 мүнөт жетет бизге, көргөзөбүз» деп. Ошол күнү регистрация болуп, биз акыркылардан болуп катталдык. Бизди бир генералдык директорго тапшырды, ал бизди мейманканага жайгаштырды. Эртеси күнү 3000 киши баткан Республика сарайында фестивал башталды. Россия, Кытай, Өзбекстандан келген куудулдар баары эле чыгып атышат, бизди эле сахнага таптакыр чакырбайт. Күтүп отурам жок, балдар сахна артына кирип кетишкен. Анан Келдибек аке жинденип кирди, «биздин балдар каякта» деп. Улам кирип чыгып карап атам, жаныбыздагылар да таң калат. Ошентип биринчи бөлүк аяктады, анда чыккан куудулдарга кол чабуулар деле болгон жок. Экинчи бөлүк башталып биздикин чыгарды. Алгач Жаныбек чыкты, келатып эле Акаевдин мимикасын туурап чыкканда элдин баары тура калып кол чабышты. Жаныбек да сонун туурап берди. Жаныбек өзү эле 11-12 мүнөттөй турду сахнада. Аябай жакшы болду. Анан биздин балдар «Аралаш» чыкты сахнага, «Ким аким?» деген сатирасы менен. Ушундай аткарышты дейсиң, шедевр болду өзүнчө эле. Эл туруп алып кол чаап коё бербей койду. Биз сүйүнө баштадык. 3-бөлүктө да уруксат берди бизге. Анда да Күмөндөр менен Абдылда чыкты. Врач отуруп алып, көмүр



алып келгенди чечинткен сатираны ойношуп. Эл дагы ордунан тура калып кол чаап, колдоп турду. Эртеси күнү барсак баягы кыйын режиссёр өзгөрүп калыптыр «айланайындар» деп сүйлөп. Бизди баш жагына коюп, аткаруубузга бир саат убакыт беришти. Көрсө элге биздин сатиралар «сарафан» реклама болуп таркап, билеттин баасы бир күндө 10 эсеге көтөрүлүп кетиптир. Кыскасы, укмуш болду. Фестивал бүткөндөн кийин сый тамакка бардык. Сыйда казактын спикери баштаган бир канча эл өкүлдөрү, министрлер, Алмата облусунун губернатору болуп чогуу олтурдук. Атайын протоколдук даярдалганбы, айтор, спикердин жанында Жаныбек отурду. Андан кийин Рахман, анан катарлашып тизилип отурдук. Мени «төргө өт» дешет, мен болбой койдум, артист болбосом деп. Роза Рымбаева, Нагима Ескалиева болуп отуруп калдык. Ал банкет болуп жаткан жер пионерлер үйү экен. Биринчи сөздү спикерге беришти, ал ачып берди. Спикерден кийин эле сөз Жаныбекке берилди. Столдо кагаздан кызыл кол аарчы бар экен, Жаныбек шарт эле кызыл кагазды мойнуна байлап, пионерди ойноп, спикерге отчёт берип келтире ойноп койду. Отургандардын баары күлкүлөрүн тыя албай, спикер Жаныбекти кучактап өөп жиберди. Чынында башка өлкөдөн келген таланттардан биздикилер өйдө турушат экен.

Менин таң калганым, биздин куудулдарды казактар «эмгек сиңирген артист» деп чакырып атышты. Биз айттык, биз наам ала





элекпиз деп. Казактар, таң калышты. Айтса, айтпасак, биздин балдардын көбү наам албай өтүп кетишти. Мына ушундай чоң таланттардын катарлаш дүйнөдөн өтүп кеткендерине ичим ачышат. Эл артисттигине татыктуу таланттар эле. Азыр да бизде таланттар каралбайт, бааланбайт.

Мен өмүр бою өндүрүш заводунда иштедим. Жүк ташуучудан тартып генералдык директорго чейин жеттим. Бирок, жаратkандын шарапаты менен кыргыз сатирасынын залкарлары менен чогуу иштешип, насиптеш болуп калдым. Жашоодо өйдө-төмөн окуялар көп болот. Кайсы бир мен кыйналып турган учурда, башка досторум көрсөтпөгөн колдоону Рахман көрсөтүп турду. Мына ушундан Рахмандын жолдоштукка бек, адамгерчилик сапатын баалап калдым. Үй-бүлөлүк катышта да жүрдүк. Аябай мыкты жигит, мыкты талант эле. Аттиң, арабыздан эрте кетти...

**Рахман Разыков:**

# МАНАС ДОСТУН БАЯНЫ



Китептин башында жазгандай, бул китеп арабыздан эрте кеткен досубуз Манаска арналгандыктан Манаска кененирээк токтолуп кетейин.

Манас досумун эл билбеген адамдык сыпаты менен достукка бек сапатын, мен билген сырлары менен ачылбай калган өнөр сандыгын ушул китеп аркылуу айткым келди.

Убакыт өткөн сайын бардык нерсе унутулуп, бизден алыстап барат экен. Мен Базар-Коргон районунун борборундагы Манас Бердибеков атындагы маданият сарайынын алдында олтуруп, бир топ жыл мурун ыраматылык Манас экөөбүз ушул жерге биринчи жолу келгенибизди эстедим.

Ал кезде маданият сарайы ошол кездин талабына жооп бергендей болуп, жаңы эле бүтүп ишке берилген болчу. Райондун маданият бөлүмүнүн башчысы Байтөрөев Абдырахман акенин чакыруусу менен райондо эстрада ансамблин түзүү үчүн келген элек. Манас ушул жердин кулуну болгонуна карабай, Манасты мен бул жерге алып келгеним кызык болгон. Анткени, Манас мен туулуп-өскөн Кара-Суу районунда иштечү. Ал убакта ушул Базар-Коргон райондук маданият сарайы, кийин Манас досумун атына коюлуп калат деп, жети уктасам түшүмө кирген эмес. Манас досумун аты бул





маданият сарайына берилип калышына маркум досубуздун аялы Маликанын салымы чоң экенин айтпай кетсем болбос.

«Манас Бердибеков» атындагы фонд түзүлүп, анын атынан райондук кеңештин депутаттарына бир нече жолу кайрылуу жаздырып жүрүп, аягында райкеңештин депутаттарынын чечими менен, куудулдук өнөрдүн чоң устаты Манастын аты ушул маданият сарайына ыйгарылган.

* * *



Манас досум, 1956-жылы 15-майда Базар-Коргон районунун Бай-Мундуз айылында төрөлгөн. Манас алты айлык болгондо апасы өтүп кетип, Манас болсо чоң энесинин колунда, атасынын бир тууган иниси Чүрөк акенин үйүндө чоңоюптур.

Өзүнүн айтымында, элге окшоп жети жаштан мектепке барып бир мектепте окуган эмес экен. Ал жашында өтө шок, жөн олтурбаган, бир нерсени ойлоп таба коюп эжей-агайларын күлдүрүп, тамашага сала бергендиги үчүн тез-тез мектеп которуп тургандыгын көп айтчу. Манас кээде тамашалап «Мен кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулуп, жети жашка чейин курсактын айынан Жалил деген байдын койлорун бактым. Кийин билсем ал Жалил өзүмдүн атам экен» – деп калаар эле. Манастын акындык да чымыны бар эле. Бош убактысында ыр жазганды жакшы көрчү, кээде обон да чыгара коюп, гитара менен ырдап калчу. Чынын айтканда ал азыркы кээ бир ырчылардан жакшы ырдачу эле. Ырчылык өнөрүн эмнеге таштаганын сурасаң, «мен биринчи «Назик» ансамблине ырчы болуп келгем, ал жерде Эрмек Айдаралиев деген ырчынын ырдаганын уккандан кийин, мен ырчы эмес экенимди билип, куудул болуп кеткем», – деп күлдүрүп

калаар эле. Манастын «Жаңы жомок», «Келгин Бишкек шаарына» деген ырлары, КРнын Эл артисти Расул Маматкулов обон жазган «18 жаш курагым» деген ырлары дагы деле эл ичинде ырдалып жүрөт. Манастын эң алгачкы «Сүйүү ишеничи» деген биринчи жазган ырына, белгилүү обончу, композитор Ибрагим Жунусов эң алгачкы биринчи обонун жазып, кийин ал ыр белгилүү ырга айланганын, ошол ырдын сөзү Манаска таандык экенин көпчүлүк окурмандар билбесе керек.

## КРнын Эл артисти Ибрагим Жунусовдун эскерүүсү



*1978-жылы мектепте окуп жүрүп, классташ кыздардын «Эстелик» дептеринен ушул ырды окуп калдым. Ал убакта 48 барактуу дептердин сыртына «Эстелик» деп жазып, ичине ар бир классташтар өз анкетасын жазып калтырып, лирикалык ырлар менен толтуруп бири-бирине беришчү. Ошол эстеликке ырды жазган классташ кызыман сурасам, ал дагы бул ырдын авторун билбейт экен. Көрсө, ал ырды эжелеринин анкетасынан окуп, көчүрүп жазып койгон экен. Мага жаккан үчүн, ошол ырга эң алгачкы обонумду жаздым. Атын «Сүйүү ишеничи» деп койдум. Муунга салыш үчүн ырдын кээ бир сөзүн оңдоого туура келди. Ошентип, ал ыр элге тарап, популярдуу ырга айланып кетти. Көпчүлүк эл, ушул ырдын автору мен экенимди азыркыга чейин биле бербейт. Кээ бирөөлөр Жунусовдун биринчи обону «Алтын апа» ырынан башталган деп жүрүшөт. Чындыгында, менин обончулугум ушул «Сүйүү ишеничи» менен башталган. 1979-жылы мектепти бүтүп, Ошто 1-курста окуп жүрүп Манас акеге бир концертте жолугуп калдым. Анда ал Шамшыбек Өтөбаев негиздеген «Назик» эстрадалык тобунун алып баруучусу болуп иштеп аткан экен. Мага келип:*





*– Ибрагим сенсиңби? – деп сурап калды.*

*– Ооба, – деп кол алышып, таанышып калдык.*

*Сөз ортосунда ушул ырың жакшы экен, мага жакты деп мактап, сөзү кимдики деп сурап калды. Мен анкетадан тапканымды, авторун билбесимди айтып калдым. Көрсө, ал мени сынап сураптыр. Акырында ырдын сөзүн ал жазганын, бир-эки жерин оңдоп койгонум да жакканын айтып, өзү бул ырды башка обонго салып ырдап жүргөнүн угузду. Ошентип, Манас акенин «Кош бол эми, жаным туруксуз» деген биринчи ырына, мен дагы биринчи обонуму жараткан экемин.*

# КОШ БОЛ ЭМИ, ЖАНЫМ ТУРУКСУЗ

*(обону, Ибрагим Жунусовдуку)*

Бир кезекте бирге жүрдүк биз,
Айлуу түндө ойноп-күлдүк биз.
Акырында тилек тардай,
Коштошорго ниет барбай,
Сүйүүбүздү таштап кеттик биз.

Айткан сөздү неге унуттуң,
Жаш жүрөктү неге куруттуң.
Чынын айтсам сүйгөн элем,
От жалындап күйгөн элем,
Кош бол эми, жаным туруксуз.

Бактылуу бол сүйгөнүң менен,
Коштошорго азыр жол кенен.
Ант берипсиң ага дагы,
Таштап кетпе аны дагы,
Өтүп кетпе башкасына сен.
Ант берипсиң ага дагы,
Таштап кетпе аны дагы,
Ак сүйүүнү андан башкага.
Кош бол эми жаным тунуксуң.

## КРнын Эл артисти Расул Маматкуловдун эскерүүсү



*1998-99-жылдары Манас аке менен тыгыз байланышта иштешип калдык. Ал менин группамдын концертин алып барып, ошону менен бирге куудулдук кылып гастролдук сапарда бирге жүрдүк. Көл аймагында концерт коюп аткан маалыбызда, мейманканада жатып, Манас акеге эки жаңы ырымдын биринчи куплеттерин ырдап бердим. Ал экинчи куплетин ырдабайсыңбы деп сурап калды. Экинчи куплеттери жазыла элек, чо-то илхам келбей атат. Сиздин илхамыңыз кругло суточный жаныңызда жүрөт ко, сиз жазып көрбөйсүзбү. Мен ыр жазганда, философиялык ырларды жазам деп мактанасыз. Же колдон келбейби? Келбесе, айтың ачык, – деп тамашалашып калдым. Чындыгында Манас ака экөөбүз катуу аскиялашат элек. Ал аскиялар азыр тарых болуп, эл оозунда аралап жүрөт.*

*Биз дагы ал күнү тамашалашып сүйлөшүп олтуруп таң атырдык. Эртеси турсак эле Манас ака жок ордунда. Көрсө, ал эртең менен эрте туруп, менин ыр жазган дептеримди көтөрүп көл жээгине барып, бүтпөгөн ырларымды бүтүрүп сөз жазып келиптир. Ошентип, биринчи куплеттерин мен жазып, экинчи куплеттерин Манас ака жазган «От болдум» жана «Бийлегин» чыгармаларым жаралган эле.*

### ОТ БОЛДУМ
*(обону Р. Маматкуловдуку)*

Жарыгы ачкан ай болсо,
Айланаң толо түн болду.
Нурларың чачкан күн болсо,
Өзүңө жаным кул болду.





**Кайырма:**
*От болдум, күйүп болдум,*
*Шириним, жаным, ашык болдум.*
*Бир көргөндө тартып алган,*
*Чырайыңа жакын жан болдум.*

Чалкыган сулуу көл болсо,
Ашыгы аккан сел болду.
Ашуусу бийик бел болсо,
Эңсөөдө учкан жел болду.

**Кайырма:**

### КЫЗ ЖҮРӨГҮ
*(обону Р. Маматкуловдуку)*

Айтчы досум канча сенин курагың,
Он сегизде, анда шарап куямын.
Мындай жаштык бир келет да бир кетет,
Ичип ийип кыз жүрөгүн сурагын.

**Кайырма:**
*Кыз жүрөгү таза ушул шараптай,*
*Жазылбаган аппак тунук барактай.*
*Кыз жүрөгү таза ушул шараптай,*
*Жазылбаган аппак тунук барактай.*
*Бийлегин жаштык кезинде,*
*Сүйүүнү коштоп сезимге.*

Бийле жаштык, бийле жигит, бийлегин,
Келди учур эңсөө кыздын тилеги.
Бул күндөр да кетет жылга айланып,
Калбаса дейм сенин эңсөө тилегиң.

**Кайырма:**

* * *

Манастын эл билбеген дагы бир жөндөмү – устачылыгы жана сүрөтчүлүгү болчу. Ал ар кандай нерсени тартканда, өзүнө окшоштуруп тартаар эле. Бир жолу «Аралаштын» балдарын арт жагыбыздан сүрөтүбүздү тартканда, окшоштугубузду көрүп, баарыбыз таң калганбыз. Досум куудул эле эмес, ар тараптуу талант болчу.

Манас мектепти орун которуп жүрүп, акыры Ооган Талаа айылындагы мектептен онунчу классты бүтөт. Андан соң, Оштогу музыкалык окуу жайга тапшырып өтпөй калат да, Ноокен районунун Масы айылындагы автомектепке окууга кирет. Ошол жерде, Манас өзүнүн кийинки тагдырына чоң таасирин тийгизген, достуктун парзын бийик койгон Назаралы деген жигит менен таанышып дос болот. Назаралынын үйүндө чогуу жашап жүрүп, автомектепти бүтөт да, айдоочу болуп иштебей, алгач Ачы токой чарбасына сүрөтчү болуп жумушка кирет.

Бир күнү токой чарбада сүрөтчү болуп иштеп жүргөн Манас гитара менен ырдап олтурса, Базар-Коргондук обончу-аткаруучу ыраматылык Аскар Ураимов акебиз көрүп, Манаста өзгөчө үн, талант бар экенин байкап: – Сен сүрөтчү эмес, ырчы болушуң керек, – деп маданият үйүнө жетелеп келген экен. Манас көзү өткөнчө Аскар акени «Менин биринчи мугалимим» деп жүрдү. Бишкектеги концерттерине да чакырып, элге менин биринчи агайым деп тааныштырып калчу.



Манас Ноокен районунун (ал кезде Ленинский район) маданият үйүндө иштеп жүрүп армияга кетет. Армиядан кийин ошол жумушуна кайра келип иштеп жүргөн кезде 1977-жылы Калия деген кыз менен таанышып, баш кошушуп, 1978-жылы Санжар аттуу уулдуу болушат. Ошол жылы Назаралы досу Манасты:





– Сен окушуң керек, окубасаң сен эч качан эл тааныган артист боло албайсың, - деп өз маянасын берип, жетпегенине Манас экөө бирөөлөрдүн дубалын уруп акча чогултушат да, Манасты кийинтип, колуна акча берип борборго жөнөтөт. Манас Фрунзедеги филармониянын алдында уюшулган ырчылык кесипти үйрөтүүчү эки жылдык курска кирет. Ал жерде бир жыл окугандан кийин ыраматылык Шамшибек Өтөбаев аны Ош шаарына алып келе берет. Көрсө, ошол кезде Шамшибек аке продюсер катары Ош мамлекеттик институттун алдында жаңы эстрада ансамблин ачып, ага талантуу кыздар-балдарды топтоп жаткан экен.

«Куудулдук өнөрдү сахнага алып чыгуума Шамшибек Өтөбаевдин салымы чоң болгон», – деп Манас ыраматылык көп айтчу. Ошол кездеги Кыргызстандагы эң күчтүү топтордун бири болгон «Назик» ансамблинде Манас конферансье же азыркы тил менен айтканда «алып баруучу» катары сахнага чыкканын минтип айтып калаар эле:

– Мен алгач чыгып эл менен учурашкан соң, андан ары сөз таппай көпкө туруп калдым. Ушунчалык уялганыман терезеден секирип чыгып Шамшибек акеге көрүнбөй, менден артист чыкпайт экен деп айылга барып балдар менен устачылык кылып, шаарга беш ай келбей койгом, – деп эскерет.



Манастын талантына көзү жеткен Шамшибек аке айылга чейин издеп барып жүрүп, аны ансамблге кайра алып келет. Ошол учурдан баштап Манастын сахнадагы жашоосу башталат. Алгач «Назик» тобунда Каныбек Курбантаев, Эрлан Айдаралиев, Каныбек Орозалиев, Асхад Усубалиев деген таланттуу жигиттер менен чогуу иштешет.

Ал эми 1979-жылы «Назик» ансамблинде иштеп жүрүп өзү менен студияда бирге окуган Сузак районунун Ак-Тоок деген жердин кызы Бурул менен баш кошуп, 1980-жылы Артур аттуу уулду болот. Мен Манас менен таанышкан кезде үчүнчү аялы Азиза аяшым менен жашап жүргөн экен. Азиза экөө эки уулдуу болушуп, атарын Калый, Рахман деп коюшкан. Достугубуздун урматына деп кичүү баласынын атын атайын Рахман койдум деп калар эле. Кийинчерээк төртүнчү аялы Гуля деген аяшымдан Элнура аттуу кыздуу болду. Мен билгенден Жазгүл аттуу аялдан дагы бир кызы бар болчу.

Мен Манас менен ал сахнада бир топ такшалып калган кезде, Кара-Суудагы Октябрь деген айылда таанышкам. Биринчи таанышкан күнү экөөбүз таң аткыча уктабай сүйлөшүп да, күлүп да чыкканбыз. Мен ошондо, мурун эч жерден көрбөгөн сөз устасын, нукура куудулдук өнөрү бар адамды көрүп, бир чети кубанып, бир чети таң калып турганым али да эсимде. Ошол күн менин өмүрүмдүн бурулуш күнү болгонун кийин билдим. Анткени, мен Манаска алгачкы сатирамды жазып, аны экөөбүз ойной баштаганыбыздан баштап, тагдыр мени жашоодо ким болоорумду аныктап койгон экен.



Кээде ойлонуп кетем, эгер мага Манас жолугуп калбаганда, аны менен сатира ойноп жүрүп куудулдук өнөрдү аркалап кетпегенимде, анда саясатчы болсом керек эле деп. Эгер саясатчы болсом, анда ар бийликтин арыгын чаап чуркай берип, азыр Кыргызстанга кире албай жүргөндөрдүн катарында сөзсүз болмокмун. Мен бул өнөрдү аркалап калганыма атамдын сөзгө чечендиги, тамашаны таап сүйлөгөнү, акындыгы, ар кандай нерсени күлкүлүү кылып айтып бергени себепчи болсо, ал эми





Манаска кошулганым ушул багытты, ушул өнөрдү туура алып кетениме жана турмушумдагы чоң бурулушка таасирин тийгизген. Ошондуктан Манасты сатирадагы менин биринчи мугалимим деп сыймыктанып айтып келем.

Ал эми кээде тамашалап, сурагандарга:

– Менин биринчи мугалимим да, биринчи шакиртим да Манас, – деп коём. Себеби, мен жазган ар бир сатираны Манас ойногон сайын менде жаңы идеялар пайда болчу. Мен андан «илхом» алып турчумун. Манас үчүн жазылган сатираларымды башка бирөө ойногонун элестете алчу эмесмин.

Ошентип Кара-Суу районунун маданият үйүнүн алдында, ошол кездеги маданият бөлүмүнүн башчысы Токон Эшпаевдин демилгеси менен «Мурас» деп аталган эстрадалык топ түзүлдү. Каныбек мени ошол топко администратор болуп иштешимди сунуштады. Маданият үйүнө барсам Манас ошол жерде экен. Топтун аты эле «Мурас» болбосо, «Назик» тобунун баары бүт ошол жерге келиптир. Ошол кезде эстрада ансамблдери кайсы райондо жаңы аппаратура алышса ошол жака барып, улам которулуп көчүп иштешээр эле. «Назик» тобу да Оштон Кара-Сууга ошондой шартта келсе керек.

Ошентип ал жерде Манас экөөбүздүн эң алгачкы гастролубуз башталды. Ошондогу экөөбүздүн алгачкы гастролубуз Манастын өмүрүнүн акырына чейин уланаарын да билбептирмин.

Дагы бир кызык жагдай, Манас экөөбүз эң биринчи таанышкан күнүбүздө таң аткыча уктабай сүйлөшүп күлүп чыккандай, кайра Манас кайтыш болгон түнү да уктабай таң атканча сүйлөшүп күлүп чыкканбыз. Бул эмне? Тагдырдын тамашасыбы же кудайдын буйругубу?..

Чынымды айтсам, ошол кезде сатира ойноп чыгуу ойдо да жок болчу. Бирок, астыртадан Манастын ар бир ойногон монологун карап турчумун. Кээде ичимен бул жерин дагы минтип ойносо жакшыраак, күлкүлүү болот беле деп ойлоп коёр элем, бирок Манаска айтчу эмесмин.

Ошентип, Манастын бүт ойногон монологдорун жатка билип калдым. Бир жолу Мырза-Акеге концерт коюп барып калдык. Манас келбей калды. Бизди ошол айылдык бирөө коноктоп, балдар

мас, араң эле басып жүрүшөт. Эл ал кезде концертке укмуштай келчү. Мен элди киргизип бүтүп олтурсам, балдар төрт ырды ырдап бүтүп, тынчып эле калышты. Карасам баары инструменттерин коюп, сахнадан чыгып кетишти. Көрсө ушул жерде Манас чыгыш керек экен. Чуркап барсам, алар Манас келбей калганын билмек турсун, эч нерседен бейкапар гримм бөлмөдө вино ичип олтурушат.



Кантип сахнага чыгып микрофонду алганымды билбейм, иши кылып Манастын монологдорун өзүмдүн алымча-кошумчам менен айтып кирдим. Эл кол чаап атат, жада калса өзүмдүн мас досторум да кол чаап жиберишти. Ошол концерт менин алып баруучу, куудул катары эң биринчи тушоо кесүү концертим болгон. Эртеси Өзгөндө мейманканада жатсак Манас келди. Балдар аны тамашалап:

– Сен бүтпөгөн жумуштарың болсо бара бер, биз жаңы куудул таап алдык, – деп күлүп, мен жакты көрсөтүп калышты. Мен болсо,

– Сен жок, «башка келсе байтал ат болуптур» дегендей кечээ айласыздан куудул болдум, – дедим. Ыраматылык Манас каткырып күлүп:

– Көрдүңбү, мен бир күн жок болсом, сага канча пайда болду, – деди.

Ошондо биринчи жолу сатира жазуу идеясы келди. Ал кезде Союздун учуру, сыналгыдан Асанкул аке менен Келдибек акеден башканы көрчү эмеспиз. Эми ойлосом алар да цензурадан чыга албай, ачылып ойной албай, рамканын ичинде жүрүшкөн экен. Бирок, мен аларды дайыма өзүмдүн устаттарым деп эсептеп келгем. Мен Манаска:

– Эми экөөбүз ойной турган сатира жазыш керек, – дедим, бирок баштоо кыйын болчу. Ошол кезде ыраматылык казак куудулу Кудайберген Султанбаевдин атасы менен баласы жөнүндө бир





интермедиясын көргөн элем. Ошого окшогон «Ата-бала» деген интермедияны жазып, аны биринчи жолу Манас экөөбүз ойнодук. Андан кийин канча сатира жазбадым Манас экөөбүз жеткире турган жеринен өткөзүп ойнодук. Ал сатиралардын баары кудай буйруса бир китеп болуп чыгат.

## «АТА-БАЛА» САТИРАСЫ, АЛ ҮЧҮН КОШТОШУУ ЭКЕНИН КИЙИН БИЛДИМ

2001-жылы 8-сентябрь күнү Бөкөнбаев айлына «Досум Үсөн» ансамблинин маараке тоюна барып калдык. Ошол күнү Манастын акыркы концерти болду. Акыркы дегеним ошол күнкү концерттен кийин Манас досум жарык дүйнө менен коштошоору эч кимдин оюна келген эмес.

Концерт аяктап калганда Юра келип:

– Рахман, дагы бир сатира ойнош керек болуп атат, кийинип-чечингенде убакыт жетпей калат экен, – деп калды. Мен Манаска карап:

– Кайсы сатираны ойнойбуз, – десем,

– Кел «Ата-баланы» ойнойлу, – деди.

– Сөздөрүн билесиңби, – десем,

– Билем, – деди. Мен таң калдым, себеби Манас сатиранын сөзүн кыйынчылык менен жаттачу. Анан сахнага чыгып баратып да сөздөрүн сурап турар эле. Бирок, элдин алдына чыкканда ушундай эркин импровизация менен ойноп салчу. Сатира болсо таптакыр башкача болуп жатып калчу.

Чынында ал сахнада мени күлдүрөм деп ар кандай кыймыл-аракетти жасап, ар түрдүү күлкүлүү сөздөрдү кошуп атып, элдин ичин оорутуп койчу. Анан сахнанын артына өтүп эле экөөбүз каткырып жатып калчубуз.

Ошол концертте экөөбүз ойногон эң биринчи сатираны, кайра акыркы жолу ойноп, Манас сахнада да, күлкүдө да, өмүргө да акыркы чекитти койгонуна бүгүнкү күнгө чейин таң калып келем.

Жогоруда жазганымдай, бул кудайдын буйругубу же жөн эле дал

келүүбү билбейм, бирок бул дагы мен үчүн экөөбүздүн тагдырыбыздагы табышмактуу жагдай болду. Болбосо, экөөбүз ойногон канча башка сатиралар бар эле. Эмнеге Манас эң биринчи ойногон «Ата-бала» сатирасын тандап алды? Анысы аз келгенсип, ошол күнү мейманкананын алдына отуруп алып гитарасы менен «Өмүр» деген чыгармасын кайта-кайта ырдаганы эсимде. Көрсө бул өмүр менен ошондо коштошуп жаткан турбайбы.

«Өмүр кайда шашасың?» – деген сөздөрү бар болчу. Айтор, табышмактуу көп нерселер болду. Юра Бобковдун үйүнө саат бештер чамасында он бештей артисттер келдик. Манас адатынча диванга чалкасынан жатып, анан куудулдана баштады.

– Балдар, угуп койгула, мен силерге акыркы керээзимди айтам, эгер мен өлсөм, мени минтип койгула, телевизорумду башыма коюп койгула, анан тигинтип узаткыла, – десе анын ар түрдүү жасаган кыймыл-аракетин күлкү катары көрүп баарыбыз ичибиз ооруганча күлгөнбүз. Анын ошондогу ар бир айткан сөзүн тамаша катары көрдүк. Ал эми бир күн мурун Кара-Көл мейманканасында Манас, Абдылда, Жумаш, болуп сүйлөшүп олтуруп, Манас:







– Абдылда, мен көп нерсени туура эмес кылган экенмин, бирөөлөрдүн тилине кирип, силерди капа кылган күндөрүм болду, ошолордун баарын кечиргиле! Балдарга да айтып койгун, – деп кечирим сураганын, ошондо алар түнү менен сүйлөшүп эртең менен күн чыкканда гана укташканын Аралаштын администратору Жумаш Абдылдаев айтып берсе, дагы таң калдым.

Негизи Манас көлгө барбаш керек болчу. Эмнеге бизди ээрчип барганын алигиче түшүнбөйм. Ошондон бир жарым, эки мурун Ошко үйгө келип: – Рахман, мен эми сени менен эле жүрөйүнчү? Эгер мүмкүнчүлүгүң болсо мени өзүң менен (Бешилик тобу) алып кетчи? Мен аябай чарчап калдым. Мен сени менен эс алганча жүрөм, – деп кайра-кайра айтканда, биз аялым экөөбүз аябай таң калдык.

– Группаңы эмне кыласың? – десем,

– Аны таркатам, чарчадым болду, мен ушундай чечтим, – деди. Булардын баары мага азыркыга чейин табышмак болуп келет. Үйдөн тамактанып, биз менен коштошуп чыгып кеткенден кийин, аялым:

– Манастын өңү башкача болуп турат, байкадыңбы? - деди. Мен көңүл бурбапмын дедим.

Ошентип көлгө Абдылда, Дөөлөт, мен, Абдымомун Төрөбеков жана Жумаш болуп бешөөбүз бир «Жигули» менен кетмек болдук. Манас мен да барам деп калды. Биз аны сен машинага батпайсың, өзүңдүн машинаңды айдап ал дедик. Ал болсо:

– Мен машинамы айдасам аялым ээрчип алат, силер менен барамын. Машинамы болсо ремонтко таштадым деп коём. Эптеп батышып кетээрбиз, – деп болбой ээрчип алган. Бирок эмнеге ошентти? Эмнеге аялын калтыргысы келди? Бул дагы табышмак.

Манас өлгөндөн кийин Малика аяшыбыз, «Достору атайлап машинасын калтыртып кетишкен. Манас киши колдуу болуп өлдү. Манастын өлүмүнүн сырлары ачылабы?» сыяктуу интервьюларын гезит беттерине бере баштады. Белгилүү адамдардын өлүмү адатта ушундай ызы-чуу, ушак айың менен коштолот экен. Манас досумдун өлүмү да ушундай болду.

Кээ бир гезиттер туура маалымат берүүнүн ордуна, кайра адамды жалган маалыматка ишендирип жарым окуяны жазып, жарымын кийинки санга калтырып акча табууну көздөштү. Ошондой гезиттердин бири Мамат Сабыровдун гезити болду. Ошол гезитте

иштеген журналистке сураганынан, биз болгонун болгондой какшап айтып бергенбиз. Бирок биринчи чыккан макалада тескерисинче, «Манас катуу ооруп жатканына карабай, эч ким акыбалын сураган эмес. Убагында жардам ала албаган Манас өлүп калыптыр. Жанындагы дос сөрөйлөрү ооруп жаткан Манас бечараны карап коюшса болмок» деп жазышты. Анан акырында «Урматтуу окурман, сиздин оюңузду билгибиз келет» деп жазып, бизди элдин көзүнө кылмышкер, өлүмгө себепчи катары көргөзүп коюшкан. Ал эми окуя мындай болгон:

Биз ошол түнү саат бир жарым, эки чамасында Манасты Бөкөнбаевдин райондук ооруканасына алып бардык. Ал жерден түнкү врач күтүп алып, Манаска кан тамырына жана жамбашына укол сайды. Биз медик болбогон соң, эмне укол экенин билген жокпуз. Бирок, врач Манаска кайрылып уктап эс алсаңыз эртең жакшы болуп каласыз, димедрол сайып коёюн деп экинчи жамбашына сайганын билебиз.

Мейманканага келип Абдылда, Манас болуп сүйлөшүп отурдук. Администратор эже чай да алып келип берди. Уколдон кийин жакшы болуп калдым, бирок алган жерлерим ооруп атат деп калды Манас. Сен эч качан укол алган эмессиң, ошого сага ошондой сезилип атат, эртең жакшы болуп каласың дедим. Эми жарыкты өчүргүлө, мен эс алайын деди Манас. Абдылда өз бөлмөсүнө чыгып кетти. Биз Манас экөөбүз дагы сүйлөшүп жаттык, сүйлөшүп жатып качан көзүм илинип кеткенин билбейм, ойгонсом саат тогуз болуп калган экен. Манасты карасам бетин жаап алып уктап жатыптыр. Ал дайым ушинтип бетин жаап уктачу. Мейли эс алып уктап алсын деп, мен эч нерседен бейкапар балдар жаткан бөлмөгө кирип, аларды ойготтум. Себеби, саат 11ге райондун акими чай бермек болгон. Абдылда туруп эле:

– Тиги маймылың кантип калды? – деди *(Манас маймыл жылында төрөлгөн үчүн аны маймыл деп тамашалап койчубуз)*. Ал уктап жатат, кечинде бир аз кыйналып калды окшойт, эс ала берсин, Юра келгенде ойготобуз дедим. Калган балдар баары туруп сыртка чыктык. Жарым сааттай аркы-беркини сүйлөшүп туруп калдык. Ким сөз баштаганы эсимде жок, Ош драма театрынын администратору Сайпидин деген досубуз бар эле, ошонун кылык-жоруктарын







айтып аябай күлдүк. Ал досубуз да Россияга соодага кеткен боюнча дайынсыз болуп кетти.

Бир убакта Абдылда болгула деп бизди шаштырып:

– Манасты тургуз, эми аның дагы жарым саатта ойгонот, – деп сүйлөнүп калды. Мен биринчи болуп биз жаткан бөлмөгө кирдим. Босогону аттаганымда эмнегедир бир муздак нерсе денемди муздаткандай сезилип кетти. Өзүм да самолёт көтөрүлүп жатканда жүрөк шуулдаган сыяктуу, жүрөгүм кооптонуп кызыктай абалда:

– Тур, Манас, ушундай кантип уйку болсун, – деп шейшепти бетинен тарта койсом, ал эбак узап кетиптир. Бутумун астынан жер көчүп кетти.

Бул өткөн окуянын чындыгын, көпчүлүк Манастын талантын сыйлаган, аны дале эстеринен чыгарбай жүргөн көрүүчүлөр үчүн жазып коюуну туура көрдүм. Анткени, биз достору Манас досубуздун алдында, өзүбүздүн ыйманыбыздын алдында тазабыз. Досубуздун жаткан жери жайлуу болсун. Бул кыскача таржымалдын уландысын «Манас досума кат» – деген поэмадан окуңуздар. Ал эми Малика аяшым болсо, улам окуяны жаңылап «Манас киши колдуу болуп өлгөн болуш керек» деген макаласын жаңылап турат. Бирок, биз ага капа эмеспиз. Ар бир адам өзүнүн деңгээлине, акылына жараша ойлонот эмеспи. Жаратканым бар болсо, Манастын арбагы көрүп турса, калганын аркы дүйнөдө териштирип аларбыз.

Манас дайыма досторунун жана Манасты сүйүп көргөн көрүүчүлөрдүн жүрөгүндө түбөлүк сакталат. Мен буга бөркүмдөй ишенем.

Айтылуу акын Байдылда Сарногоевдин өзүнүн досу жана өкүл атасы Мидин Алыбаевге арнап «Мидинге кат» деген 194 куплеттен турган ырын окубаган адам деле болбосо керек. Ал сыңары мен дагы досума арнап «Манаска кат» деген 194 куплет ырды 10 жыл мурун жазган элем. Сааты эми чыгып, ушул китепке киргизип атам.

# МАНАС ДОСУМА КАТ

## Бет ачар

Бир боорум, досум, Манасым,
Сагынтып ойго саласың...
Сызылып жашым каректен,
Сынгансып жүрөт канатым.

Акырет кеткен Манасым,
Ар кандай ойго саласың...
Кан досум эстен чыкпастыр,
Кыялың, мүнөз, адатың.

Жамгырдай жашты төктүрүп,
Жаш кеттиң досум, Манасым.
Убакыт өзү дарыгер,
Дарылайт жандын жарасын.

«Өлдү» деп айтыш болбостур.
Өнөрлүү адам баласын.
Сахнанын өмүр жолунда,
Сапарлаш жашап барасың.

Мүрзөңдү мезгил чым кылды,
Мүнөздү азоо сындырды.
Эстелик кандай курсам деп,
Ой эзип келет досуңду.

## Кат башы

Акындар эбак башташкан,
Арнашып ырын, кат жазган,
Адамды деле табышкан,
Акырет жакка катташкан,
Кечирип койгун Манасым,
Кеч жетсе жазган кагазым.





Канча жыл өттү билинбей,
Атылган октун жигиндей.
«Аралаш» азыр тараган,
Ар жакка басып бириндей.
Бириксек деле кез-кезде,
Баягы баркы билинбей.

Жоругуң айтып эринбей,
Жок эми Манас дедирбей.
Эриккен кезде сүйлөшөм,
Ээрчишип жүргөн кезимдей.
Түшүмдө сага жолугам,
Түбөлүк жогуң сезилбей.

Жанымда жүрсө Абдылда,
Жадырап турса Жамбыл да.
Азбы, көппү күлкүбүз?
Айтылат кыргыз айлында.
Эсилим Манас жок го деп,
Эзилип эске салдым да.

Айттырбай келген ажалга,
Айла жок тура адамда.
Соо койбойт түбү эч кимди,
Сорттобойт экен аларда.
Көлдөн сен торго түштүң го,
Көп элден бирди чаларда.

Ыйласам туруп келбедиң,
Ызага баткан пендемин.
Туйдум мен сенин демиңдей,
Туйлаган Ысык-Көл демин.
Муңканып таппай биз калдык,
Муздатып кеттиң Көл жээгин.

Бир болуп дүйнө бүтөөр күн,
Буйругу менен тагдырдын.

Жанында жатып жанаша,
Жан досум сенден айрылдым.
Чыркырап туруп ошондо,
Кан досум ыйлап кайгырдым.

* * *

Байкалбаптыр ошондо,
Башкача болуп атканың.
Отуруп чогуу чай ичпей,
Диванда жалгыз жатканың.
Тамаша десек чын экен,
Керезиң айта баштадың.

«– Эгер мен өлсөм досторум,
Баарыңар бирге болгула.
Үйдөгү телевизорду,
Мүрзөгө чогуу койгула.
Унутпай эгип яшаны,
Арактан кошуп койгула».

Биз күлүп жатсак каткырып,
Юрага билбейм жакпадың.
Мусулмандар керээзди,
Өлөөрдө гана айтаарын.
Эстетип Юра урушту,
Жакын алып айтканың.

Кечинде концерт башталды,
Отуздай артист катышкан.
Чакырган Юра тойго деп,
Келишкен алыс-жакындан.
Куттуктап Досум-Үсөндү,
Кыйкырык колдор чабылган.

Акыркы концерт сен менен,
Болгонун анда эстедим.





Кыйкырык, сүрөөн залдагы,
Коштошуу экен сезбедим.
Алп уйкуң досум андагы,
Түбөлүк экен билбедим.

* * *

Ал жакта жашоо бар болсо,
Үйрөнүп досум калдыңбы.
Аялга жакын жан элең,
Аларга назар салдыңбы.
Жаш кыздан бирди жетелеп,
Же үйлөнүп уже алдыңбы?

Алтымыш досуң кетти эле,
Аны издеп досум таптыңбы?
Аябай жакшы көрчү элең,
Атайлап мүмкүн шаштыңбы?
Арбагы менен жолугуп,
Ага да салам айттыңбы?

Асанкалый, Рыспай,
Агайлар кошо жүрөбү?
«Арман» – деп кеткен Чубактын
Айыкты бекен жүрөгү?
Эстелигин айылда
Тургузуп койдук билеби?

* * *

Оо, анда...
Сексенинчи жылдары,
Экөөбүз жаңы таанышып.
Эки жүздүк стакан,
Эсеби жок кагышып.
Эгиздей болуп жүрчү элек,
Энтиге сүйлөп жарышып.

Тамашалап конокто,
Калчусуң мени агам деп.
Жашыраак болуп көрүнүп,
Кыздарга жалгыз жагам деп.
Сезбепмин Манас ошондо,
Артыңда сыздап калам деп.

«Аралаш» болуп Акбоз ат,
Саяпкер болдук таптаган.
Сазайын берип бийликтин,
Саз жакка сүзө баштаган.
Сатира болуп найзабыз,
Сайыштан кайра тартпаган.

Канча ирээт турмуш кайыгы,
Калаксыз бизди өкчөдү.
Арабыз муздап өчсө да,
Жүрөктүн чогу өчпөдү.
Биз калсак дале бөлүнүп,
Сатира бизди бөлбөдү.

Айрыма бир жаш болбосо,
Үчөөбүз тең жашташпыз.
Өмүрдүн ошол мезгилин,
Өткөрүп бекер жатпаппыз.
Өзүбүз билбей ошентип,
Аралашты баштаппыз.

Үчөөбүздүн ичинен,
Болсо да Жамбыл арыгы.
Көп ойлонуп биз үчүн
Түшкөн чачтын жарымы.
Аралашка келгенде,
Жамбулдун чоң салымы.

Ошон үчүн кез-кезде,
Бизди калчу башкарып.





Лермонтов, Ломоносовду,
Окугам деп какшанып.
Сахнада сатираларды,
Жаткансып жалгыз аткарып.

Жаш демекчи баарыбыз,
Отуздан ашып калганбыз.
Кармаган жерлер кайышкан,
Каруулар күчтүү балбанбыз.
Сатира жакка келгенде,
Куйручук болуп жашайбыз.

Азыр деле баягы,
Аралаштын баяны.
Бүтпөгөн дастан барагы.
Баягы, Жамбул баягы,
Койчумандын таягы.
Акчаны аз таптың деп,
Мээсин чукуйт аялы.

Айласын таппай ал досум,
Түшүрдүң деп баркымды.
Кино актёр болуп кетти азыр,
Чыгарам деп даңкымды.
Жакшы, жаман киного,
Ылгабай эле тартылды.

Өзүнө окшош жашоодо,
Түрдүү ролду ойноптур.
Убара болуп негизи,
Тартылбай эле койбоптур.
Акырын кийин сурасам,
Акча алып деле оңбоптур.

«Ош таймс» деген гезити,
Азыр калган калган басылбай.

Биринчи чыккан сандары,
Дагы эле турат сатылбай.
Сатира жагы азайды,
Саргарып түшкөн чачындай.

Сахнадан жакшы көрүнөт,
Сыланган япон короздой.
Баягы жашыл курткасын,
Дагы эле кием жоготпой.
Мүнөзүн өзүң билесиң,
Оңолбой келет оңолбой.

Сураса жашың канча деп,
Секрет кылып жүрүптүр.
Элүү бешке киргенин,
Случайна билиптир.
Эми Маке, билесиң,
Он бештеги баланын,
Акылы мындан бийиктир.

Кудайдан тилеп өмүрүн,
Колуңдан келсе колдой жүр.
Көп достордун бири деп,
Көөдөнгө салып ойлой жүр.
Жамбыл дагы жашасын,
Алып кетпей коё тур.

* * *

Өзүңө айтчуу жаңылык,
Китебиң чыкты басылып.
Түзүптүр аны аялың,
Оозубуз калды ачылып.
«Эврика» деп аз жерден,
Кыйкырып ийе жаздадык.

Таанибасын тамганы,
Тааныштар баары билиптир.





Китепти өзүм түздүм деп,
Кулакка лапша илиптир.
Так ушул кылган иш менен,
Кыскасы, бүгүн тарыхка,
«Конечный» аяш кириптир.

Окуган киши китепти,
Бир топко чейин ойлонот.
Абдылда, Рахман жокко деп,
Албетте суроо козголот.
Он беш жыл чогуу жүргөн деп,
Саналып жылдар болжонот.

Ушундай сенин китебиң,
Басылаарын билбеппиз.
Абдылда досум экөөбүз,
Ал китепке кирбеппиз.
«Аралаш» деген топто биз,
Сен менен бирге жүрбөппүз.

Маке дос ага таарынба,
Бир китеп чыгат жакында.
Абдылда, Жамбул, Дөөлөттү,
Акыркы бетке бастырып.
Биринчи бетте жылмайып,
Буйруса турам жанында.

## Аяштардын баяны...

«Конечный» аяш ошентип,
Капа кылды баарысын,
Бир аз айтып кетейин,
Аяшымдын тарыхын.
Чөп чапкан жылы «Баракта».
Чечилген сенин тагдырың.

Чөп чаптың анда чөп чаптың,
Чөгөлөй калып көп чаптың.

Чалгыга башка киргизбей,
Чатында калдың бир чаттын.
Анда сен кырчын жигитсиң,
Чөп чапкан чатты жыргаттың.

Керилип чапкан чалгыдан,
Шуудурап чөптөр жыгылат.
Булактан агып таза суу,
Булганыч жакка куюлат.
Чарчадың Манас болду деп,
Келиндин үнү угулат.

Эс алуу деген ойдо жок,
Сен анда кайдан чарчайсың.
Жетем деп чаттын түбүнө,
Келиндин тилин албайсың.
Муп муздак суудан куюнуп,
Чалгыңды кайра кайрайсың.
Ажары күндө саматкан,
Ак келин таптың «Барактан».
«Барактан» таап келчүбүз,
Баратып үйдөн адашсаң.
Тамылжып турган түгөнгүр,
Таттуу эле сага аяштан.

Чалгы жок мына чат калды,
Чөп сезон кайра башталды.
Көйнөктөй болуп сүйүүлөр,
Чечилген бойдон бош калды.
Ким билет эми калганын,
Ал келин деле картайды.

* * *

Кызыкчу сага миң келин,
Кызганчу үйдөн бир келин.
Ысыгы менен жаштыктын,





Кызыгы тура дүйнөнүн.
Кең пейил ошол жараткан,
Кем кылган тура бир жерин.

Келиндин сүйдүң, «ысыгын»,
Кыздардын сүйдүң кызылын.
Кызыгын көрдүң жашоонун.
Өмүрдүн сүрбөй узунун.
Көп болгон Манас салымың,
Көбөйтөр кыргыз тукумун.

Ырыскысын Кудайым,
Ымаалап толук көрбөгөн.
Көөдөнгө батпай кусалык,
Көз жашын төгүп көлдөгөн.
Азиза аяш бул жакта,
Өткөрөт турмуш өлбөгөн.

Барда бар, жокто билинбей,
Баркыңа жетип тирүүңдөй.
Балдарың багып жатса да,
Байкалбай кирген иримдей.
Азиза аяш бизге окшоп,
Китепке калды илинбей.

Эр жигит болуп чоңойду,
Балдарың Калый, Рахманың,
Ээ кылып алып бергенбиз,
Ачкычын сенин «Маздаңын».
Бар болсо арбак билерсиң,
Балдарыңдын учурда,
Жаңы үйдө жашап жатканын.

Уруксат берсең урушпай,
Аяштар жакка өтөйүн.
Чечилип шашпай четинен,

Маалымат берип кетейин.
Чынынды айтчы уялбай,
Деги сен,
Так билчү белең эсебин?

«Мозгиңди» белем чайкаган,
«Маздаң» да чуркап чарчаган.
Сугарып жүрдүң жашыруун,
Сулууну Кара-Балтадан.
Катының жүрдү шек алып,
Кагылып келчү калтаңан.

Азгырса сени шайтандай,
Айгырдын оозун тарта албай.
Токмоктук да бир сулууну,
Токтоттуң тору байталдай.
Кыз төрөп салды сага окшош,
«Кызым», – деп кеттиң айта албай.

Сүйөм деп турсаң түтпөдү,
Сулуунун эрип бүт дени...
Эрисе кошо сен эрип,
Эрте-кеч болдуң күткөнү.
Түспөлдөш Манас өзүңө,
Түйүлдүк калган Түптөгү.

Үйлөнө берип ойлонбой,
Аялдын тарттың азабын.
Ар жерге төлөп алимент,
Акча издеп жаман жададың.
Акырет кеттиң акыры,
Акыбетин көрбөй баланын.

Алимент эле бербесең,
Аларды чыны бакпадың.
Атадай болуп ээрчитип,





Ары-бери баспадың.
Ачыгын айтсам азыр да,
Билбейсиң толук аттарын.

Кыздарыңдын аталап,
Уктуңбу кошок айтканын.
Тааныштырып кетейин,
Эстеп кал эми аттарын.

Түспөлдөш бирок капкара,
Кызың бар Кара-Балтада.
Дарегин толук жазамын,
Кийинки катка мен сага.
Аяштын атын эстесең,
Акмактык кылбай таптаза.

Эң кичүү кызың Токмокто,
Өлөйүн сага окшошсо.
Апасын жазбай тартыптыр,
Окшобойт даже дос-поско.
А бирок сенин копияң,
Жылмайып туруп коштошсо.

Түптөгү кызың билесиң,
Ал сага абдан окшоорун.
Эл кызы болуп чоңойгон,
Ак куудай сулуу сопсонун.
Атам деп ыйлап тим эле,
Уктуңбу кошок кошконун.

* * *

Аралаш болуп жүргөндө,
Ар жерде жүрдүк чачылып.
Аялдарың жүдөтүп,
Аябай кеттиң басынып.
Акырында аяш экөөңдү,
Үйгө алып кеттим качырып.

Савайлык болуп ошентип,
Айылда жашай баштадык.
Бизге кошуп сени да,
Апам калчу башкарып.
Эртең менен ойготчу,
Өз энеңдей чаң салып.

Эркелейт элең сен дагы,
Апама Манас асылып.
Апам балким ошондо,
Эстеген чыгаар жаш чагын.
Апкелип атам бакканын,
Ар улуттун балдарын.

Кызмат кылчу Азиза,
Жат эмес өз келиндей.
Жакшы көрүп апам да,
Сүйлөшө берчү эринбей.
Жакшы эле алган батасын,
Жаман келин дедирбей.

Төркүлөтүп аяшты,
Алайкуууга барганда.
Жардамын берип энедей,
Апам сарпай алганда,
Алыс жолдо кыйналып,
Барбай өзү калганда.

Жолдош аке баш куда,
Баарын өзү көтөрүп.
Ат ордуна жүктү бүт,
Машинага өңөрүп.
Азизаны ээрчитип,
Алайкуууга жөнөдүк.

Ал жакка өзү ачыгы,
Учуп барган оң экен.





Кыяда коркпой жүрүшкөн,
Кыргызда жүрөк тоо экен.
Кыскасын айтсам ал жолуң,
Тозоктун эле жолу экен.

Араң жеттик ошентип,
Аяшымдын журтуна.
Түн бир оокум караңгы,
Жатканда эл уйкуда.
Таппай үйүн Азиза,
Тиктеп жерди мурчуя.

Көрсө аяшым айылдан,
Онду бүтүп кетиптир.
Кеткен күндөн арадан,
Он жети жыл өтүптүр.
Ата-энеси жаңы үйгө,
Башка жакка көчүптүр.

Издеп жүрүп ошентип,
Төркүнүнө киргиздик.
Жолдошбек аке чоң куда,
Тааныштырып билгиздик.
Салтты улап куда тарапка,
Баарына кийит кийгиздик.

Күйөө бала келди деп,
Койлор жатты союлуп.
Жайылып сый-дасторкон,
Ак молдолор коюлуп.
Бал кымыздар төгүлүп,
Карындан майлар оюлуп.

Жер соорусу Алайкуу,
Кереметтин төрү экен.
Кудайым берген энчилеп,

Бейиштин эле өзү экен.
Азиза аяшка окшогон,
Ай бермет кыздар көп экен.

Чакырып сага чай берип,
Көрсөттү сыйды, ызатты.
Колуңа камчы карматып,
Минип жүр деп бир атты,
Биригип бүтүн төркүнүң,
Баатырларча узатты.

Манасым, досум Манасым,
Билчү элең абал, адатым.
Өзүмдөй көрөм досторду,
Баламдай көрөм Санжарың.
Ишенип жашайм сага мен,
Издебей көңүл аласын.
Ушул жерден токтоттум,
Сүйүүлөрүң баянын.
Эми сага айтайын,
Куудулдардын кабарын.

## Достордун айтам кабарын...

Куудулдар бир топ элебиз,
Купшуңдап сүйлөй беребиз.
Кудайдын тура колунда,
Куйручук болуп төрөлүш.
Чыгарма жазып алынча,
Чымчыктай элден теребиз.
Өздөрү кылган жорукту,
Өзгөртпөй элге беребиз.

Ойношуп ачык сахнада,
Ойлонуп турса, басса да.
Өнөрдүн адамдарынын,
Өмүрү өрнөк башкага.





Таланттуу бир топ чогулуп,
Тартылып көрдүк тасмага.
Баа берген элдин ойлору,
Басылды далай басмага.

Түшкөнсүп күндө кармашка,
Түйшүктү тартып ар башка.
Сатира «фронтундагылар»,
Салышат билген далбаска.
Жашоонун жолу ушундай,
Жакасы бөлөк жан башка.
Тамаша жаздым аларга,
«Таарынтып» кокус албаска.

* * *

«Аралаш» бирге баскандан,
Абдылда досуң такшалган,
«Волшебник большой бет» ошол
«Воздухтан жасап акча алган.
«Апкелгин», «кана» – деп турчу.
Аяш жок бүгүн какшанган.

Иш деле эмес жашыруун,
Иштетет «бетин» акылын.
Депутат болом дегендин
Санатып алып «жашылын».
Ойнотуп далай кыйынды,
Оюндан чыккан акырын.

Андан да несин айтайын,
Акылын достун байкагын.
Акчаны күрөп шаардан,
«Айылга» салды ай сайын.
Алтымыш бээ алыптыр,
Айлантып башын аяштын.

Адамдын болсо өнөрү,
Андан иргелип чыгат чебери.
Күпүлдөп көп сөз айткандар,
Күзүндө санайт жөжөнү.
«Албаның» Манас сен айткан,
Дарактай бүгүн мөмөлүү.

Ардактап сыйлап сахнаны,
Акча эмес жалаң тапканы.
Заманга доорго бир келген,
Залкарлык чекти аттады.
Ак калпак элдин үмүтүн,
Абдылда толук актады.

Аралаш жүргөн мен билем
Артисттик талант эргиген.
Агала чач болгондо,
Айланып анык келди бейм.
Татыктуу делип эмгеги
Тагынды төшкө белгиден.

* * *

Күлкүсү дары баштанып,
Күлкүсүн сатып акча алып.
Сахнага батпай Күмөндөр,
Саясатка таптанып.
Акындык жагы байкалып,
Обону жатат макталып.

Шугулданса бир жакка,
Шумкардай чыкмак тапталып.
Талантты кудай бериптир.
Тасмага түштү такшалып.
Атагы кетти Ааламга,
Айыл өкмөт ролун аткарып.





Күрүлдөп койсо мен күлүп,
Кырылдап койсо эл күлүп.
Теңтушум, досум Күмөндөр,
Телегейи тең жигит.
А бирок Күмөштү деле Жамила,
Пульт менен калган башкарып.

* * *

Келдибек акең, эскиден,
Кеп салбас өнүп, өсчүдөн.
Тытыша турган кеп салып,
Тымпыйып басып кетчүдөн.
Арбагы байкуш Дөөлөттүн,
Алкымдаар бекен деп жүрөм.

Далилсиз кепти урбайын,
Далдайып карап тургамын.
Абдылда менен Дөөлөттү,
Дөбөттөй тытыштырганын.
Башкалар турса урушуп,
«Батяңын» билдик жыргаарын.

Жыргаса жыргайт дечи эми,
Жыргалы көпкө жетеби.
Сакалдуу деп сыйлайбыз,
Бирок теке дейт экен текени.
Жол бошотор байкебиз,
Жаштардын келди кезеги.

Келаткан өсүп жаштарды,
Кеп сөз кылып жазбайлы.
Ушуну кылган сенсиң деп,
Улууларды какпайлы.
Кебетебиз бүгүнкү,
Келдибек болуп жатпайбы.

* * *

Жамбылга чачтын бүткөнү,
Жамбылга тарак түтпөдү.
Сүрсүгөн таздын күчөдү,
Сүйүүсү менен ичкени.
Бир келин какшайт Таластан,
Бир келин боздойт Түптөгү.

Жаратып койсо пендени,
Жаралат кылчу эрмеги.
Оолугат Жамбыл сүйүү деп,
Оозуна албайт келмени.
Айланып жүрүп акыры,
Аксыдан тапты Кенжени.

Болсо да кыздуу Кенжеден,
Бойдоктой үйгө келбеген.
Сары алтындай кызын да,
Сагынмайынча көрбөгөн.
Жоолукчан көрсө артынан,
Жоргодой басат желбеген.

Бирде дос, бирде кас болуп,
Бирде дос, бирде мас болуп.
Сахнада чиркин тармал чач,
Сайрага барат таз болуп.
Калжаңдайт котур текедей,
Карыган сайын жаш болуп.

Жактырган жалгыз Сайра эле,
Сайрадай келин бар беле.
Сайрандап Жакең көп кетип,
Сайрага келчү кайра эле.
Сайрандашкан келиндер,
Берчү эмес окшойт чай деле...?





Санабай «таз» деп кашкасын,
Санабай калган аз чачын.
Элүүдөн Жамбыл ашса да
Ээрчитет далай жаш катын.
Шымы эле калат кээ бирде,
Шыпыртып ийет акчасын.

Кызыгы таздын анан көп,
Кыргызга кылбай жагар кеп.
Аттанган Жамбыл уялбай,
Алтын так мине калам деп.
Жалгыз эле ошол дейсиңби,
Жарышка түшкөн адам көп.

Билбей да калдык уятты,
Бийлик жок тура кубаттуу.
Бирине бири баш бербей,
Бир адам кылбай суракты.
Ар айылда бирден бар,
«Ажолор» Жамбыл сыяктуу.

* * *

Жарк этер Манас кабагың,
Жакеңдин алгын саламын.
Шорсурасаң татып көр,
Шорпого толо табагын.
Чоң куудулдан угуп көр,
ЧОҢКОнун алын, абалын.

Жакеңин куудул катары,
Жалпы элге чыккан атагы.
Алтын саат такса ажобуз,
Айтылбайт чыкса чатагы.
Барандуу лөктүн бириндей,
Байсалдуу өмүр сапары.

Иш кыла билген көсөмдөй,
Сөзү бар айтаар чечендей.
Эрте-кеч сүйлөй берчүбүз,
Эстелик сага көтөрбөй.
Алды да колго бүтүрдү,
Азамат киши Жакеңдей.

Куудулдар бизде көп эле,
Куйкум сөз айтат жөн эле.
Катырып Жакең сөз менен
Казакты соккон төбөгө
Сынчылар Астанадагы,
Супер куудул деди эле.

Сөздөрүн уккам Солтонун,
Өздөрүн көргөм Чоңконун.
Мыш болуп калат далайлар,
Мыскылын укса Шорпонун.
Колдошот, сыйлайт бийликте,
Кошомат айтчу торпогун.

Айныса айныйт заматта,
Азиза бирге баратса.
Жагалмай болуп сызгансып,
Жакеңди таппай калат да.
Өзүңдөй достор ошондо,
Өчөшүп ээрчип алат да.

Жакеңдин мындай адатын,
Жаман деп кантип табасың.
Кыргыздар эркелетет да,
Кыргыздын эрке баласын.
Байдыкең деле ушинтип,
Басчу эмес беле Манасым.





Кыңылдап койсо көрүшөт,
Кыңшылап койсо өбүшөт.
Эликтей сулуу катынга,
«Эл артисти» наамын беришет.
Бийликтин билермандары,
Байкабай көзү өтсө да,
Шорпого бербей ал наамды,
Билмексен болуп келишет.

* * *

Борончу жигит бойтоюп,
Бото көз болуп койкоюп.
Билинбей жүрүп билинбей
Бизнестин тонун томкоруп.
Ашкана ачып, джип минип,
Аброй алды олчойтуп.

Торгойдой болгон ал жигит,
Тоону да жатат омкоруп,
Босогосун аттасаң,
Борончу калган кой союп,
Себебин айтпайт эч кимге,
Семирбей курсак торсоюп.
«Жакшы короз арык» – деп,
Жадырап коёт борсоюп.

Беш убак жазбайт намазын,
Аттабай, жиптин аласын.
Жаратканга жалынып,
Жасабайт иштин карасын.
Колтуктаган зайбына,
«Короз» болгон бала тың.
«Ажо болом», – деп чыкса,
Акылдан таныл каласың.

* * *

Кубиктей иниң, дымактуу,
Жазуучу болгон кубаттуу.
Таштаган жазып чоң китеп,
Тамаша тамсил ыр аттуу.
Абдылда досту сындаптыр,
Аралаш жүргөн сыяктуу.

Кубиктин окуп китебин,
Кудай бар курчуп, күчөдүм.
Ыргакка салып оюмду,
Ырымдын сабын түзөдүм.
А балким келмек кечигип,
Акындык жолго түшөрүм.

Кубиктин узак жомогу,
Кубиктин бир топ обону.
Жай бирок, жакшы иш кылса,
Жалкоо деп айтыш болобу.
Өнөрүн өркүндөтө бер,
Өмүрдүн болуп коногу.

Кубикти жалкоо, жай дейин,
Жалкоо да болсо бай дейин.
Кудайдын берген белеги,
Кубиктин кызы Айпериң,
Дүрмөтү Кубик жигиттин,
Динара деген бай келин.

Жакшы деш керек жакшыны,
Бакшы деш керек бакшыны.
Жан кейитет турбайбы,
Жакшынын элде аздыгы.
Динара менен Кубаныч,
Дүйнөдө элден бактылуу.





Кубанычымдын жазганы,
Кубантып мени таштады.
Киришкенге оңой көрүнүп,
Китепти деле жазмагы.
Кантсе да анан Рахман,
Калемди кармай баштады.

Бошко эле кетчү убактан,
Боюнда жүргөн кубаттан.
Ырахат алсаң, өзү да,
Ыргакка түшүп ыр аккан.
Ыр кесе сунган Кубикке,
Рахмат айтат Рахман.

## Азыркынын баяны...

Арбагы тирүү Манасым,
Айтпасам кечир чаласын.
Кабарды жалган дүйнөдөн,
Катсыз да билип аласың
Көмүскө кылган ишке да,
Көзүңдү балким саласың,
Аралап балким жүрөсүң,
Ак үйдүн жети кабатын.

Ушинтип жашоо уланып,
Ушинтип күндөр узарып.
Ажобуз өкмөт баш болуп,
Ар жактан карыз суранып.
Байкуштун бүтпөй көз жашы,
Байларың жүрөт кубанып.

Чарбаны айтпайм чачылган,
Чек араң айтпайм ачылган.
Жети атаң келген мекендеп,
Жериңди айтпайм сатылган.
Куураган кыргыз элди айтам,

Кулчулук күнгө басылган.
Кыскасы кыска тил деген,
Кыйналсам айтам кимге мен.
Кыштакта чала сүйлөшөт
Кыргыздар кыргыз тил менен.
Өлгөндөр тилден калчу эле,
Өкүрөм кимге, ким менен??!

Кыргыздан саны аз туруп
Кыйнайбы бизди башка улут.
Орток тил орус тили деп,
Ойнотот бекен азчылык.
Ассамблея түзүшүп,
Ажону тилдейт баш кылып.
Басынат кыргыз баласы,
Башкалар турса каткырып.

Демократия деген сөз анык,
Делбирим кыздын төшү ачык.
Жеткирип бейиш, тозокко,
Жетелеп жүрөт көзү ачык.
Мааниси жок жазылган,
Мыйзамдар жатат чөп басып.

Элди алдап элдин баласы,
Элирип жүрөт карачы.
Чала баатыр баш болуп,
Чачылды элдин арасы.
Техаска деле жолугат,
Тентиген кыргыз баласы.

Эгемен күнгө жеткени,
Эл түштү жолго тескери.
Бар нерсени жок кылды,
Баш болуп аким, бектери.
Байларга эшик, тешик көп,





Байкуштун жолу чектелүү.

Таанывас жакшы, жаманды,
Тоолук эл беле караңгы.
Эңсеген эчен кылымдап,
Эгемен эркин заманды.
Заманы ушул курусун,
Адам жеп калды адамды.

Тең бекен элге заманы,
Тепселип калды чабалы.
Омуроо соккон күчтүүлөр,
Ортолук мүлктү талады.
Бөлүнсө бөлүп алышмак,
Күн нуру менен абаны.

Менчиктеп баарын алышты,
Мекендин ичин тарытты.
Жетилип калган зиректер,
Жерине батпай калышты.
Белинен бүктөй электе,
Бет алып кетти алысты.

Көбү тил билет орусча,
Көп кетти көнгөн оруска.
Аттантып калдык чуркурап,
Аскердей кеткен согушка.
Канчасы келет... келе албайт,
Кайрылып Ата-Конушка?

Саясат ичтен иритти,
Залкарлар жок да бирикчү.
Калгандар жанын бага албай,
Казакка самсып киришти.
Боорлорун жара тепкенде,
«Баурдастар» жүзү билинди.

Жумуш жок иштээр Мекенде,
Жулунган кетти чет элге.
Чал-кемпир калды айылда,
Чай ичсе жетпей шекерге.
Жетимдер калды тирүүлөй,
Сүйүүлөр түшүп бекерге.

Ылгасам карап күндү өткөн,
Ыйлагым келет күлбөстөн.
Темселеп, тентип кеткенсийт,
Теңтуштан калбай бирге өскөн.
Айланып көзгө жаш келет,
Ал достор менен сүйлөшсөң!

Суйкайчуу кыздар гүл алып,
Сүйүшөт көбү пул алып.
Светти өчүр Мажит деп,
Балдардан мурда суранып.
Саунада шапар тебишет,
Сандары болуп гүл азык.

Эл менен кошо биз күлдүк,
Үшкүрсө кошо үшкүрдүк.
«Кетсин» – деп бирге кыйкырып,
Келчүсүн кайдан биз билдик.
«Аралаш» болсо мейли эле,
«Атала» болду бүт бийлик.

Жашырып элден ток жеген,
Жалган сөз айтып бок жеген.
Тың чыкса жайлап тымызын,
Тим жүрсө сойгон сот менен.
Бийликти бир үй менчиктеп,
Бизге тең элде жок деген.
Калкынын канын чачууга,
Камдалуу тура ок белен.





Айтсаң эле күчөйт ансайын,
Арманды кайсы айтайын.
Тешилип окко кетпейин,
Тегерегимди байкайын.
Окуясын Оштун билесиң,
Оозду жаап, тилди тартайын.
Азыркы бийлик жөнүндө,
Алар, түшкөндөн кийин айтайын.

Момун эл калды дал болуп,
Мал десе берет мал болуп.
Дебестен туруп эч нерсе,
Жегенге берет нан болуп.
Төштөрүн окко тосушуп,
Төгүлүп берет кан болуп.
Сарайлар күйөт заманбап,
Сапырса чыгат чаң болуп.
Өздөрү кылган ишке анан,
Өздөрү калат таң болуп.

Жогорку Кеңеш дегенди
Жогору элден дебейли.
Тантырап келбейт тили да,
Так окуй албайт беленди.
Кыйналбай тантып орусча,
Кыргызча сүйлөйм дебейби.

Жогорку ушул кеңеште
«Партийный» карап белетке.
Мүрзө да бөлөк казылат.
Мүчөсү, мүчө эмеске.
Элди эл деп эч ким ойлобойт,
Эл керек добуш керекте.

Беш партия беш бөлгөн,
Бетсиздер чыгат көп жерден.

Текеси баштайт күңгөйгө,
Тескейге баштап эчки өлгөн.
Бир элге беш жол көрсөтүп,
Берсе жооп бирөө канакей.
Нерсе бар бекен өзгөргөн.
Балакет болду парламент,
Баладан өйдө жек көргөн!

Кыргызды тең деп адамга,
«Кыйын» жок келчү саламга.
Тепсе да жүргөн унчукпай
Теңелген элбиз «баранга».
Өпкөңдү үзүп тургандар,
Өзүңдүн эле балаң да.
Кыязы калган эмес го,
Кыргыздын каны аларда.
Ак калпак кийген башты да,
Айлантып сатат товарга.

## Акырында айтаарым...

Көп үздүм сөздү баштаган,
Көрөмүн сени тасмадан.
Колумду бир аз бошотуп,
Оюмду улайм жазбаган.
Келет да сүйрөп алдыма,
Элесин өткөн чакты анан.

Жыргалын ким бар түшүнгөн,
Жылмаюу кетпей жүзүңдөн.
Тамшанып жаштык, өмүргө,
Тасмадай болдуң үзүлгөн...
Кантейин ошол күндү ойлоп,
Кан өтүп жүрөт ичимден!

Сыйлагандар, сыйласын,
Сындагандар сындасын.





Уу-дуу сөз чыгаар китептен,
Укпайт ко Манас курдашым.
Эстелик болсун сага деп,
Эл үчүн жазат ырды акын.
Элеген кылым доорду,
Эл билет сөздүн кымбатын.
Эрикпей эми окуп кой,
Рох досуңдун арманын,
Мазмуну сага арналат
Ушул жазган катымдын.

*2010-2020-ж.ж.*

# МАНАСТЫН ТУРМУШТУК ОКУЯЛАРЫ

*Манас окуяларды көбүнчө турмуштан алчу. Ошон үчүн да анын сатиралары элге, көрүүчүлөргө сиңимдүү боло турган. Мен дагы Манас экөөбүз чогуу жүргөндөгү күлкүлүү окуялардан эстегендерими жазып кетейин дедим.*

## Автобус

Бир жолу Манас экөөбүз Кара-Суудан Ошко жөнөп калдык. Ал кезде биз Кара-Суудагы «Мурас» эстрадалык тобунда иштечүбүз. Ош менен Кара-Суунун ортосунда азыркыдай таксилер аз болчу. Эл негизинен автобус менен катташчу. Азыр жок болуп кетти, анда узундан-узун ортосу уланган жыланга окшош автобустар болоор эле. Орундуктар аз болгондонбу ал автобустарга канча адам болсо деле батып кетчү. Манас болсо андай автобустарды бир жагына кыйшайып жайлоодон келе жаткан уйга окшотуп күлүп калчу. Ал кезде ар бир автобуста билет текшерген «кондуктор» аялдар болор эле. Эмнеге экенин билбейм, ал убакта кондукторлордун баары толмоч аялдар боло турган. Алар ошондой көлөмү менен тыгында автобустун берки башынан аркы башына элди аралап өткөнүнө таң калчумун. Себеби, кондуктор кысылып турган жаныңа келгенде бир аз пресстелип туруп, бирок өтүп кеткенде кадимкидей бош болуп жыргап калчубуз.

Автовокзалга келип, Ошко кетүүчү автобустун арткы эшигинен чыктык. Орундуктар бош болсо деле отургубуз келбей артында турганбыз. Артыбыздан эле арткы эшигинен тепкичке бутун коюп кондуктор аял чыкты, (эми салмак эле жүз он, же жүз жыйырма) автобус кадимки суудагы толкун тийген кораблдей чайпалып, бир жагына кыйшая түштү. Кондуктор бизди карап:

— Кана, ким чыкты? – деди. Кондуктор оюнда автобуска ким билет албай чыкты дейин деди окшойт. Манас эжени карап тамашага салып:

— Сиз чыктыңыз, кондуктор эже, – деди эле, жаныбыздагы тургандар күлүп жиберишти. Ыңгайсыз боло түшкөн эже:

— Билети жок ким чыкты деп атам, – деп шашып калды.





— Мына ушуну билбейт экенбиз, сиз текшересиз, эже, – деп күлүп турсак, аңгыча автобустун алдыңкы эшигинен бир мас араң басып келип, элге карап:

— Бул автобус каяка барат? – деди.

— Ошко.

Жигит теңселип басып арткы эшигине келип:

— Бул автобус каяка барат?

— Ошко, – дедик биз.

Ал ойлонуп туруп:

— Экөө тең Ошко барабы? – десе болобу. Уккандар баары күлүп калды. Мен Манаска:

— Ушул автобустагы окуяларды айтып чыкпайсыңбы, – дедим. Ошентип, Ошко жеткиче Манастын «Автобус» деген жаңы сатирасын жолдо бышырып бардык.

## Чарчасам ойгонуп, эс алып анан кайра уктайм

Манас уктаганды өлө жакшы көрөм дечү. Ошондуктанбы өлгөндө да уктап жаткан боюнча тиги дүйнөгө сапар тартты окшойт.

Эрте менен барасыңбы, түштө барасыңбы, көбүнчө уктап жатканда барчумун. Бир жолу:

— Манас, уктагандан чарчабайсыңбы десем?

— Чарчайм... сен досум, билбейсиң да уктоо канчалык оор жумуш экенин. Уйкудан өтө чарчаганда туруп, эки жакка басып эс алып, анан кайра келип уктайм, – деп күлдүрдү эле.

## Күн каяктан чыгат

Бир жолу адаттагыдай Манасты түштө барып ойготтум. Сыртка чыгып төбөгө чыгып калган күндү карап:

— Рахман, мына бул күн каяктан чыгат? Бул жактанбы же бул жактанбы? – деп эки тарапты көрсөтүп калды.

— Койчу, Манас, обу жоктонбочу, кантип эле күндүн каяктан чыкканын билбейсиң? – десем.

— Өлүп кетейин билбейм, мен күндө ойгонгонумда күн так төбөмдө турганын көрөм. Чын эле чыккан жерин билбейм калам, – деп күлдүрдү эле.

## Бул жигиттин аты Гүлчө

Бир жолу Манас катардагы тамашасын айтып бизди күлдүрүп жатканда, бир досубуз жаңы эле таанышкан кызы менен жаныбызга келип калды.

— Таанышып ал, булар менин досторум, – деп биринчи эле Манасты көрсөттү. Кыз уялып колун сунуп:

— Атым Талча, – деди.

— Менин атым Манас. Ал эми мунун аты Өрүкчө, тигинин аты Алча. Бул жигиттин аты Гүлчө, Алайдан болот, – деп бизди кыдырата тааныштырып кетти. Байкуш кыз уялганынан алмадай кызарып ыйлагысы келип кетти. Аны сезген Манас кызга:

— Кечирип кой Талча, тамаша, ушунча кыздар менен таанышып, Талча деген атты биринчи жолу угушум. Эч кимге окшобогон оригиналдуу атың бар экен, – деп сооротуп койду. Бирок, бир досубуздун аты ошол бойдон Гүлчө болуп калды.

## Менин Волгам бар

Союз маалында Баткенде гастролдо жүрүп, бир айылдык жигит чай берип калды. Чайдан чыгып короосунда сүйлөшүп турсак, бизге чай берген баланын теңтуш баласы келип калды. Үйдүн ээси аны тааныштырып бүтүп:

— Бул досумдун запорожеци бар, – деп кошумчалап койду. Эми ошол кезде запорожеци бар кишини да башкалардан өзгөчө баалайт окшойт ал жерде. Тиги досу да бизге башкачараак карагансып, мындай кадыр-барктуумун дегендей боло түшкөнсүдү. Аны байкап калган Манас тигил балага колун сунуп:

— Мына таанышып алдык, сен мындан кийин менин Запорожеци бар үкам болосуң. Менин волгам бар, так что мени волгасы бар акам бар деп жүргүнүң, болуптурбу, үка, – деп сөзгө жыкты эле.

## Сен атсың

Концерттен кечигип жатканбыз. Азиза аяшыбыз болсо:

— Бышкан ашты таштаган болбойт тамактанып кеткиле, – деп дасторкон жая баштады. Биз күтүп олтуруп калдык. Бир маалда чыдамы түгөнгөн Манас аяшыбызга кыйкырып калды:





— Тамагыңды бересиңби, же кете берейлиби, бербестин ашы бышпас кылбай бербейсиңби, ушунча да күттүрөсүңбү?

Анда аяшым:

— Мына бышты, ушу сен Манас жаш баладай элесиң, досторуңдун көзүнчө эмне кыйкырасың? Же мен сага пешкамынбы, – деди эле, Манас аялын карап:

— Ким айтты сени пешка деп? Сен Азиза коньсуң – атсың, бирөө жарым кимсиң деп сураса, ошентип кой, – деп күлдүргөн эле.

## Ырым-жырымга ишениш керек

Артисттер гастролдо ар кандай ырым-жырымдарга ишене беребиз. Кээде тамашалап, концертке адам аз келип калса жолдон өтүп кеткен кара мышыкты күнөөлөп дегендей. Бир жолу концерт койгону баратсак, жолго бир топ эшектер жатып алыптыр, сигнал берсек качпайт. Акыры машинеден түшүп айдап, жол бошоттук. Ошол күнкү концертке эки-үч мас келип, эл менен мушташып, бизге асылып, концертибиз токтоп, акыры милиция келип тиги мастарды кармап кеткени менен чырдашуу токтогон эле. Баарыбыздын маанайыбыз чөгүп концерттен келе жатсак, жолдун жанагы эшектер жатып алган жерине келгенде Манас:

— Ырым-жырымга ишениш керек балдар. Бая концертке баратканда мына жердеги эшектер жолду бекер тоспоптур. Алар көрсө, «Э, Манас, Рахман, бүгүн концерт койгону тигил айылга барбай эле койгула. Анткени, бизге окшогон үч-төрт эшектер мас болуп келип маанайыңарды бузат» деп белги берген экен, билбей калыппыз. Эшектин тилин билбесең ушу да, – деп маанайыбызды көтөргөн эле.

## Жакшы болуп кетесиң

Куудулдарды окуткан атайын окуу жайы жок болгондуктанбы, алыскы кыштактарга концерт коюп барып калганда, сахнага чыксам куудулчулук өнөрдү аркалап, элге күлкү тартууласам деген жаш таланттуу балдар бизге көп келишчү. Куудулдук өнөрдүн бүгүнкү күндө чоң эмгекти талап кылган татаал, түйшүктүү өнөр экенин, ал үчүн көп окуп, жакшы даярдык көрүү керектигин айтып

узатып койчубуз. Бир жолу жашы бир топко барып калган, бир аз ичип алган жигит келип:

— Манас ака, мени алып кетпесеңер болбойт. Менимче мен уже куудул болуп калдым, – деди.

Манас тиги баланын пешенесине колун коюп, дарыгерге окшоп тамырын кармап көрүп:

— Эч нерсе эмес, эки-үч күн кордо ичсең жакшы болуп кетесиң, – деп узатып койду.

Тигил куудул болуп калган жигит эмнеден жакшы болуп кетерин билбей, басып кетти. Биз баарыбыз күлүп калдык.

## Баш ооругандын дарысын билем

Бир жолу Жамбыл:

— Балдар мен концертке чыга албайт окшоймун, башым жаман катуу ооруп, тим эле чыдабай жатам, – деди. Ар кимибиз ар кандай дарыны айтып жатсак, Манас:

— Сен мындай кыл, коондон тоё жеп, үстүнө бир литр бышырылбаган кам сүттү ичкин, башың сен көр мен көр жок болот, – деп калды. Жамбыл таң калып:

– Башым ооруп атса, коон менен кам сүттүн башыма кандай тиешеси бар? Койгун, Манас, экөөнү аралаштырып ийсем ичим өтүп өлөм го? – десе, Манас камырабай:

— Вот именно, ичиң ушундай өтөт, бурап айдаганда баш ооруң экинчи планга өтүп кетет. Башка дары жок. Бул рецепттин автору да өзүммүн. Анын үстүнө практикада бир нече жолу сынап көргөнмүн. Без отказно, – деп маанай көтөргөн эле.

## Күтүп жатып зериктим

Бир жолу узак убакыт үйдө жүрүп калдык. Гастроль эмнегедир башталбай, сезон жокпу, же балдардын жумуштары чыгып калдыбы... Айтор бала-чака менен көбүрөөк болуп калдык.

Манастын үйүнө барсам, жок. Аяштан сурасам:

— Үйдө эле болчу, кечээ эртең менен силерге наараазы болуп, сөгүнүп-сагынып мени издеп келгендерге айтып кой, мен «Алай» мейманканасында болом, – деп кетип калган деди.





Тамаша болсо керек деп мейманканага барсам чын эле ошол жерде экен. Кадимкидей номер алып жайланып, жеңил кийимдерин кийип алып жатыптыр.

— Эй, сага эмне болду, тынччылыкпы?

— Тынччылык эле, просто зээригип кеттим.

— Эмнеге? Үйүң турса мейманканада эмне жатасың?

— Үйдө жатып аяшың менен сүйлөшө турган сөздөр түгөнүп, анан урушуп кете электе ушул жакка келип алдым да. Андан көрө өзүң айт, эмнеге келдиң? Издегениңе караганда гастроль башталган окшойт, – деп сүйүнүп калды.

Ошентип катардагы дагы бир гастроль Алай мейманканасынан башталды.

## Эстеликке коон сураган

Базарда Манас экөөбүз баратсак, дыйкан аксакал бизди кардар деп ойлоп:

— Балдар, ушул коондон бирди алып кеткиле. Шакар палак, жесең тим эле асал, кел, ишенбесеңер ооз тийип көргүлө? – деп калды. Манас сөзгө тартып:

— Кайсыл жердин коону?

— Өзүбүздүн эле Отуз-Адырдыкы.

— Өзүбүздө ушундай коондор болот десе ишенбейт элем.

— Болот, эмнеге болбосун. Кайсынысын тартайын, арзан берем?

— Аксакал менин бир хоббим бар.

— Эмнем бар?

— Өнөрүм, адатым бар.

— Кандай өнөр?

— Коондордун түрлөрүн чогултмай.

— Жебейсиңерби?

— Жок жебейбиз. Мисалы үйдө Мырза-Чөлдүн, Араванднын, Андижандын коондору тизилип турат. Ошолордун катарында бир дагы Отуз-Адырдын коондору жок. Эми коонду жегендер акчасына сатып ала берсин, ал эми мага ушул коонду эстеликке бербесеңиз болбойт, – деп коонду көтөрүп алып жөнөп калды. Чал дагы ишенгенсип:

— Анда мына чоңун ал, – деп өзү тандап берген эле.

## Че ты ореш

Бир жолу гастролдон келип, Жалал-Абаддын «Мөл-Мөл» мейманканасында жашап калдык. Мен Манас экөөбүзгө чогуу бир бөлмөнү алып, сен жайгаша бер, деп сыртка чыгып кеттим. Бир аздан кийин келсем бөлмөнүн ичи ызы-чуу болуп атат. Мейманкананын администратору орус аял менен Манас урушуп атыптыр, тиги орусчалап, Манас кыргызчалап. Көрсө бөлмөнүн балкону жаңы эле ремонттолуп, бирок полго төгүлгөн акиташтардын агы тазалана элек, жуулбаптыр. Мейманкана кызматкерлери да эскертүү жазып илип койбоптур. Манас балконго чыгып тамеки тартып, буту менен акты аябай тебелеп, ошол бойдон коридорго чыгып, кыпкызыл паласты аппак из менен боёп администратордун жанына келгенде, тигил аял Манаска орусчалап:

— Да что это такое, молодой человек, что наделали. Смотрите, да ещё артист, люди культуры, – деп Манаска кыйкыра баштайт. А дегенде эч нерсени түшүнбөгөн Манас паласка түшкөн издерин көрүп, тигинин эмнеге кыйкырып жатканына түшүнөт. Бирок орус аялга:

— Мен күнөөлүү эмесмин, өзүңөр тазалап койбосоңор, же жазып эскертиш керек эле, – деп кыргызчалап администраторду жетелеп бөлмөгө алып барып, балконду көргөзүп, Манас өзүнүн күнөөлүү эместигин беркинин сөздөрүн укпай эле далилдеп кыйкырып жаткан экен.

Акыры администратор аял чарчады окшойт.

— Молодой человек, че вы орете, – десе, Манас тигинин ошол сөзүн түшүнүп калды окшойт:

— Че ты ореш! Аруу! Аруу! керек болсо дагы аруу! – деп кыйкырып бөлмөдөн ошол тазаланбаган буту менен паласка из калтырып сыртка чыгып кетти. Мен администратордон кечирим сурап, алардын да күнөөсү бар экенин моюндарына коюп койдум. Кийин канча жолу ошол мейманканага барсак, ушул нерсени эстеп администратор аял менен чогуу чай ичип аябай күлүп жүрдүк.

## Ашказаным ооруп жатат

Биз ал кезде негизинен автобус менен жүрчүбүз. Азыркыдай таксиге түшө коймой кайда. Өтө шашылыш болуп калганда ошондогу





сары таксилерге отура койчубуз. Бир жолу ошентип такси менен бир концерт койчу шаарга бардык. Жетчү жерге жетип, таксинин акчасын төлөп, эми эле басканы турсак Манас ичин кучактап эки колу менен ашказанын басып, жакын жерде турган орундукка бүк түшүп жатып калды. Биз эле эмес, таксисттерден бери чуркап келишип, тынччылыкпы, эмне болду деп жабалактап калышты. Манас үнүн араң чыгарып:

— Ашказаным, – деди. Таксист кабатырланып:

— Менде ашказандын дарысы бар, берейинби, – деди.

— Жок, ака, ал мага жардам бербейт.

— Ашказан эле болсо жардам берет, мен өзүм ичип жүрөм.

— Эми ал сиздин ашказанга жардам берет. Меники такыр башкача.

— Айланайын, ашказан баарыбыздыкы окшош эле.

— Жок-жок, мен өзүм билем, дарысы башка.

— Манас, азыр эле күлүп келаткан элең го, эмне болду? – дедим.

— Ооба, күлүп эле келаткам. Менде ушундай бир оору пайда болду досум. Сиз дагы мени кечирип коюң таксист ака, ушул таксиге түшүп бир жерге барсам эле ашказанымдын ушинтип ооруп калмайы адат болуп калды. Бирок, 2-3 шашлык жесем жакшы болуп кетем, – деп ордунан тура калып каткырып күлүп басып кетти. Таксист экөөбүзгө кошулуп, ал жердеги таксисттер да күлүп калышты. Таксист дагы анын тамаша торуна түшкөнүнө ыраазы болуп, бизге шашлык алып берип сыйлады. Ошентип, концертке шашлыкка тоюп алып кеткенбиз.

## Биздин иттер жумуртка жейт

Бир жетекчинин сүйлөгөн сөзү Манаска жакпай калат. Бизге чай бергени дастаркон жайылган жерде Манас тигил губернатордун маңдайына отуруп калды. Өзү ага чейин эле:

— Тигиниң мага жакпай жатат, жаман көйрөң экен, ушулар кантип эл башкарат, – деп жаткан. Дасторкон түрдүү тамак-ашка толуп турса да тиги губернатор:

— Кыздар, мен диетадамын, мага үч жумуртканы сууга бышырып бергиле, – дегенде Манастын желкеси андан бетер тырышып калды. Жетекчинин ар бир темада сүйлөгөн мааниси жок сөздөрүнө

жини келген Манас жиликтин этин шылып салып, сөөктү ашкере тиши менен кажып, тазалап кирди.

Аны байкаган губернатор:

— Манас, итке да бирдеме калсын, – десе. Манас ушул сөздү эле күтүп тургансып, губернаторго карап:

— Биздин иттер жумуртка жейт, – десе болобу.

*Манас өз башынан өткөргөн окуялардан мага көп айтып берет эле. Эми ошол өзү айтып берген окуялардан да бир-экини жазып кетейин.*

## Шаарда мени баары таанышат

Манас ал кездеги Фрунзеге жаңы эле барып окуп жүргөн кезде, айылда бирге чоңойгон классташ достору биринчи жолу шаарга келип калышат. Тоодон түшкөн балдарга чоң шаар тим эле жомоктогудай көрүнсө керек. Манас досторун ээрчитип алып шаарды көргөзгөнү алып чыгат.

Биринчи эле чоң жолдун кесилишинде, машиналар суудай агылып жаткан кезде Манас досторунун алдында өзүнүн ким экенин көрсөткүсү келип, жол чырактын жашыл жарыгы күйөөрүнө аз калганда жолдун жээгине тура калып, шофёрлорго карап:

— Эми кичине сабыр кылып токтоп тургула, акыры менин досторум атайын айылдан келиптир, шашылышпыз, өтүп кетели, – деп кыйкырат.

Аңгыча машиналарга кызыл жарык күйүп, баары токтоп калышат. Манас досторуна карап:

— Кана, өтө бергиле эми, булар биз өткөнчө күтүп турушат, – деп өтүп баратып айдоочуларга карап, – рахмат агалар, менин досторумду силер сыйласаңар, силерди кудай сыйласын, – деп ыраазычылыгын билдириптир.

Досторунун бири ишенип алганбы, Манаска:

— Шаардагылар конок сыйлаганды билишет экен ээ, – десе, Манас аны олурая карап:

— Каяктан, алар мен бар үчүн токтошту. Эми мен дагы шаарда жөн жүргөн жокмун да, баары таанышат мени, – деп койгон экен сыр бербей.





## Турсаң барбы?

Манас Ноокенде окуп жүргөндө досу Назарали менен бир жолу дүкөнгө кирип калышат. Дүкөндө жаш кыз сатуучу экен. Манас магазинчи кызга бир аз сүйлөбөй карап туруп, анан эле күтүүсүздөн:

— Карындаш, турсаңыз барбы? – деп сурай салса, тиги кыз уялгандан кызарып кетип:

— Менин турсам менен сиздин кандай ишиңиз бар? – десе, Манас эч нерсе болбогондой:

— Мен сиздин турсаңызды сураган жокмун. Сатыла турган эркектердин турсасы барбы, деп атам, – деп баарын күлдүргөн экен.

## Иттин тишин түшүрүп

Илгери, мектепте окуп жүргөндө айылга келген кино менен концерттен калчу эмесмин. Тыйын жок болуп калса, тооктун эки тукумун эки чөнтөккө салып алып бара берчүмүн. Себеби, эки жумуртка берсең ооздо турган киши киргизип ийчү клубга. Бирок, клубга бараткандагы жолдо бир кишинин кабаган ити боло турган. Ушул мага чоң проблема эле. Айрыкча, кайра кайтканда итин бошотуп коёт эле. Ал иттен өтүп кетсем, тозоктун кыл көпүрөсүнөн өткөндөй сүйүнөт элем. Бир жолу мага карап үрүп чыкканынан ташка окшогон тоголок бир нерсе колума кирип калды. Итке карап ыргытсам жанагы ит чуркап барып баса калып тиштеп калды. Мага бир ой келе калды да, шашпа дедим ичимден.

Үйгө барып картошканы чокко көөмп бышырып, ысык боюнча баштыкка салып жөнөдүм. Ит жакындаганда ыргытып койдум эле, таш деп элестеттиби, ысык картошканы ушунчалык катуу тиштеген экен, тиштери батып кайра артка чыкпай калды. Ит байкуш эки колу менен кадимки адамдардай ургулап чыгара албай жатат. Иттер эмнеге ысык тамак ичпейт десе, көрсө ысык тамактан тиштери түшүп калат экен да. Эки күндөн кийин ошол жерден өтүп баратсам жанагы арсылдаган ит жок. Чалдарга окшоп «оф-оф» деп үрүп кепесинен чыкпай калыптыр. Анын үстүнө мени көргөндө неудобный болуп кетти деп, иттен өч алганын айтып берди эле.

## Чоң энесин секирткени

Чоң энемдин күндүзү көзү жакшы көрчү эмес, кечиндеси таптакыр көрбөй калчу. Кошуналар чайга чакырганда мен жетелеп жеткирчүмүн. Чоң энем да жолдо баратып:

— Балам, арык болсо айтып кой, аттап өтөйүн, – дейт.

Азыр ойлосом жаш бала экенмин да, түз эле жерден:

— Эне, арыкка келдик, секириң, – дейм. Ыраматылык энем алынын барынча секирип өтүп:

— Жакшы, түшүп калбай өтүп кетпедимби, – деп кудуңдап калаар эле. Анан дагы бир-эки кадам басканда кайрадан «эне секириң, арык бар» – деп тамашага салчумун. Кээде энем подозрение кылып,

— Эмне бале, Райымжандын үйүнөн Чоронун үйүнө чейин түптүз эле жол болчу. Эки метрден эле арыктан секиртип атасың. Сен мени жөн эле ойнотуп жүрбө, чунак десе, – деп урушуп калат эле энем, – деп эскерчү чоң энесин.

## Эрте бышаар картошканы эксе эрте бышат

Айылында жалаң аксакалдар чай ичип олтурган жерге Манас кошулуп отуруп калат. Тигилер өздөрүнчө дыйканчылык жөнүндө сүйлөшүп олтурса, Манас дагы сөзгө аралашып:

— Өзү менин байкашымча эрте бышаар картошканы эрте эксе эрте бышат. Ал эми кеч бышаар картошканы эксе кеч бышат, туурабы аксакалдар, – дептир. Анда, бир аксакал Манаска карап:

— Туура, туура. Биз сени артист эле деп жүрсөк, сенин акылың көп нерсеге жетет турбайбы, – деп Манастын тамашасына тамаша менен жооп берген экен.

## Жалилдин баласымын

Алтынчы класста окуп калганында жаңы костюм-шым кийип, көчөдө тим эле башкача болуп басып баратканын Манас минтип эскерет эле.

Айылда андай жаңы кийим мектеп окуучуларында көп боло бербечү эмес. Ошол күнү менимче базар күн болсо керек. Мектеп деле жок. Жөн эле жаңы кийимди көрсөтүш керек болуп кийип чыккан





болчумун.

Өзүмдүн оюмда элдин баары мени карап тургандай, кыялданып, күндөгүдөй талпактабай, бойду түзөп басып баратсам алды жактан жүк көтөргөн бир киши келатыптыр. Азыр бул киши «кимдин баласысың» деп сөзсүз сурайт. Мен ошондо башты көтөрүп, «Жалилдин» деп жооп берем деп кыялданып келе жатам. Тигил киши жүгү оор болсо керек, мага жакын келгенде:

— Жолдон качпайсыңбы, – деп кыйкырды эле, мен чочуп кетип, баягы кыялдан чыкпай эле:

— Жалилдин баласымын, – деп жооп берипмин деп күлүп калар эле.

## Ии, артист болосуңбу?

Манас Фрунзеге келип, филармониянын алдындагы ырчыларды даярдоочу эки жылдык студияга кирет. Айылга кайра барса жолдон учураган бир кемпир:

— Ии айланайын, көрүнбөй калдың да.

— Окууга өттүм, студентмин.

— Айланайын, жакшы болгон турбайбы. Келе гой, бешенеңден дагы бир жолу өөп коёюн, мындай отур, сүйлө шаардан, кыйналган жоксуңбу?

— Жок, эмнеге кыйналмак элем.

— Эми чоочун элде, тамак-аштан дегендей.

— Жок, бардыгы жакшы.

— Силердин бактыңар бар экен, чоң шаардан окуп атасың. Атаң байкуш сени кандай үмүт менен чоңойтту, ошону акта.

Нары жактан өтүп бараткан бир кемпирди чакырып алып:

— Ой Калбү, бери бас. Карачы, биздин бөлөбүздүн баласын, борборго окууга өтүп келиптир.

— Кудай жалгасын, жакшы болуптур. Кайсыл окуу экен?

— Имине эле?

— Филармонияга, студияга...

— Олормония дейби?

— Жок, филармония, филармония.

— Ошондой онияга өтүптүр.

— Аны бүтсөң ким болосуң?
— Ким болмок эле, чоң болот, туурабы балам.
— Жок, чоң болбойм, артист болом.
Экөөнүн өңү өзгөрө түшүп:
— Ким?
— Артист.
— Артистпи?
— Ооба, эстрадалык артист болом.
— Ии, артист дечи. Мейли, эсен болсоң болду да. Жүр кеттик, биздин жумушубуз көбүрөөк эле балам, сени да жолдон калтырбайлы, – деп басып кетишиптир. Жада калса айылдын кемпирлери деле артистти башкача көрүшөт деп айтып калчу.







# «БЕШИЛИКТИН» БАЯНЫ

# БАШТАЛЫШ БАШАТЫ

Бул китепке сиз сүйүп көрүп, баалап угуп келген Бешиликтин жалаң эле күлкү баянын эмес, топтун кыйынчылыктар же жетишкендиктерин, дегеле жаралуусуна себеп болгон окуяларды жазгым келди. Мага эң көп берилген суроолордун бири: — Театрдын аты эмнеге «Бешилик?» – деген суроо. Мен аларга жөн эле «Бешилик» деп жооп берем. Айга барган кыргыздан:

— Эмнеге келдиң? – десе,

— Жөн эле – дегендей.

Биринчиден, союз убагында «Чалкан» деген сатира журналы чыкчу. Биз ошол журналдан сатира аралаш тамашаларды окуп турчубуз. Мүмкүн ошондуктанбы, же мектепте «Кирпи», «Тикенек» деген дубал гезиттерденби, айтор ушул сатира негизи сая турган нерсе болуш керек эле.

Жаңы нерсе жаратуу оңой эмес экенин, кандай азап экенин чыгармачыл инсандар жакшы билет. Мен «Бешиликти» жаңы түзүп баштаганда, ушундай кыйынчылык болорун билчүмүн, бирок ал кыйынчылык мен ойлогондон да кыйын болоорун билген эмес экенмин. Ошону сезгенденби, айтор беш жылга жакын «Бешилик» төрөлбөй жүргөн баладай, менин ой кыялымда жүрдү.

Бир жагынан топто беш бала болуусу шарт эле. Мен 4-5 жылдан бери эле театрдын атын «Бешилик» коюп, жаңы муундан, талванттуу балдардан топтоп алып чыгам деген ниетим бар болчу.

Экинчи бир вариант, «чу» дегенде эле профессионал артисттер менен иштесемби деген ой болду. Анткени куудулдарга «силер окуган эмессиңер, сахна законун билбейсиңер, дипломуңар жок» деген айыптар дайыма коюлуп келет. Бирок, Куйручук, Шаршен, Бекназар, Жоошпай аталарыбыз деле диплому жок куудул болчу. Бирок алар кыргыздын күлкү жараткан өз замандаштарынын эле эталону болбой, бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда сыймык менен айтылып келет. Эмнеге?..

Ушундай суроолорго жооп табалбай, эртең сынчылардын ур токмогуна калбайын деп, Алай элдик театрында жаш кезибизде чогуу иштешкен Жалил досума бардым.

— Ой-максаттарың жакшы экен. Андай болсо бизде ачпайсыңбы,





Алайда. Биздин театрда таланттуу жаштар көп, – деди Жалил. Андай кылыш үчүн мен Гүлчөгө көчүп барышым керек эле. Балдарым мектепте окушат, аларды кантем?!

Ошентип Жалил досум менен сүйлөшүп отуруп Ошко кайттым. Орустарда бир макал бар, «кайсы жумушуң бүтпөй калса, аны жакшылыкка жору» деген. Эмдигиче жакшылыкка жоруйм. Эми ошол ойлорум канчалык деңгээлде ишке ашат, ал экинчи маселе болчу.

Себеби Жалил досум менен чогуу иштеп калсак кандай болот эле, чыгармачылыктын ачуу-таттуусуна туруштук бере алат белек деген суроо жаралат. Жалил досум өмүр бою мамлекеттик ишканада иштеп, убагында айлык алып, убагында жумушка барып... А мен мамлекеттик кызматта бир күн да иштебедим. Ошол Алай элдик театрда 6 ай иштегенимди эске албаганда. Башка учурда маданият үйлөрдө иштеген менен бюджеттен айлык алчу эмеспиз. Атайын счетко канча акча тапшырсак, ошондон айлык чыгарып берчү.

Жалил Алай элдик театрынын башкы режиссёру болуп, далай эл аралык конкурстарды, байгелерди жеңип алган күчтүү чыгармачыл инсан. Кыскасы, досум экөөбүз иштешпей калганыбыз жакшы болгон экен, ошон үчүн азыркы күнгө чейин доспуз.

Ушундай эле сунуш менен Жалал-Абад Барпы театрында бир аз болсо да жаңы нук менен иштеп жаткан Кубаныч Курбаналиевке *(Тынар Курбаналиевдин агасы)* бардым. Кубаныч болсо, театрдын алдында эмес, менчик кылып ача бериңиз деп кеңешин берип, керек болсо техникалык жактан жардам берем деп узатты. Ошол учурда Кубаныч менен Ырысбек «Күлкү кечеси» деген долбоор жасап, кыска-нуска тамашалуу видеолорду тартып облусттук теледен чыгарып турушкан экен. *(КТРдегилер кийин экөөнү туурап, бир жылдан кийин «Узун-кыска» деген көрсөтүү жасап чыгышты.)* Эртеси Ырысбек Жабировго да жолуктум. Экөөбүздү белгилүү тамсилчи досум Суусарбек Карабеков тааныштырды. Негизи Жабировду 1999-жылдан баштап ишке чакырдым. Ар шылтоону айтып жүрүп, акыры көндү. Ал 2003-декабрь айынан баштап Ырысбек «Бешилик» продюсердик борборун жетектеп, «Бешилик» гезитин ачып, 2 жыл катары менен менин долбоорлорумдун башкы продюсери болуп жүрдү. Кийин өзү түптөгөн «Этнос» студиясынынын жетекчиси болуп «Кайып булак», «Достор» кинотасмаларынын сценаристи

жана режиссёру болду. Кийин мени «Талак», «Түндүктүк келин» тасмаларына тартып, актёрдук тушоомду да кести. Ошол кинолордон кийин, менин да кино тармагына кызыгуум артып, сценарий жазып, алгачкы «Эрен» деген киномду жээним Жеңиштин демөөрчүлүгү менен «Салам-Алик» жайлоосунда 2019-жылы тарттырып баштадым.

Кыскасы, Ырысбек дагы театрды жеке менчик кылып ачыңыз деген сунушун айтып, Рысбек Жантөрөев деген таланттуу куудул бар, Манас Бердибековго окшоп кетет. Мүмкүн болсо ошону кошуңуз. Учурда үй-бүлөлүк шартына жараша Базар-Коргондо деп анын дарегин берген эле.



Кыргызда жакшы сөз бар «Көз коркок, кол баатыр» деген. Ошол убакта театр ачуу идеямды көп эле жакындарым, досторум билчү. Бирок, чындап колдогон бир эле жубайым Диля болду. Ал бир күнү:

— Ушунча жылдан бери эртең баштайм менен келесиң. Өмүр өтүп, идеяларың эскирип баратат. Келе мен деле жардам берейин, – деди. Азыр ойлосом ошол нерсе чоң түрткү болгон экен.

Эң алгач тигилген костюмдарды, көйнөктөрдү, койчу баарын базардан карызга сурап чыккан. «Бешиликтин» кээ бир балдары ушул нерселерди бүгүнкү күнгө чейин билбейт. Кыскасы ушинтип «Бешилик» түзүлүп башталды. Сатиралар, ырлар, пародиялар, монологдор баары жаңы жазылды.





# «БЕШИЛИКТИН» АЛГАЧКЫ ИЛИКТЕРИ

Ошентип 1999-жылы күз айларында балдарды чогултуп баштадым. Ар кимисинин чыгармачылык дараметин иликтеп, мен койгон талапка жооп бере алабы, таланты канчалык деңгээлде экенин изилдеп тактадым. Ошондой балдардын бири, чоң такшалган талант, сахнада ар түрдүү жанрда ойной билген, бирок аты элге таанымал боло элек ноокаттык Кубанычбек Миталипов эле. Кубаныч Ибрагим Жунусовдун «Эламан» тобунда, ноокаттык Аскар Суранов жана Аттокур Эргешовдор менен Ноокаттын ыр-бий ансамблинде жүргөн экен. Бирок, бул баланын ошончо таланты жана артыкчылыгы менен кошо бир кемчилдиги бар эле. Ал анын сабыры жоктугу болчу. Эгер өзү ойлогондой бир нерсе болбосо, болду, аны эртеси ит менен да издеп таппай каласың. Кубаныч «Сабырдын түбү сары алтын» деген макалды укпаса да керек. Ушундай мүнөзүнүн айынан менин ишенген балам бир жылга жетпей «Бешиликти» таштап кетти.



Эми сөз кантип кеткенинде эмес, кантип келгенинде болсун. «Аралаш» куудулдар тобу менен Аксыга барып калдык. Мен Миталиповду сураштырып жүргөм. Маданият сарайда иштеген бирөө «Биздин райондо бир досунун үйүндө Успеновка айлында жүрөт» деп айтып калды.

Ал кезде азыркыдай сотка жок. Кубанычты издеп Успеновкага бардым. Сураштырып жүрүп, бир музыкант баланын үйүнөн таптым. Күз болуп, Аксыда кайнаалы бышкан учур экен. Кубаныч күрөшкө түшчү балбандай болуп түрүнүп алып, досу экөө бакта кайноолу терип жатышыптыр. Кубаныч мени көрүп чуркап келип учурашып:

— Бул жакта эмне кылып жүрөсүз, Рахман ака, – деп сурады.

— Мен сени издеп келдим. Сен артисттик өнөрдү таштап, дыйкан болуп кетипсиң, – дедим.

— Жок, ака. Мен дыйкандын баласымын да, жерде төгүлүп жатса карап тура албадым, – деди. Иштен качпаганың жакшы деп сөзгө өттүк. Мен Кубанычка жакында сатира театрын ачарымды, анда беш бала болоорун, «Бешилик» деп аталышын айтым. Сөз аягында бир талап бар, сен ичкенди ташташың керек, калган шартты түзүп берем дедим. Ал:

— Мен макулмун, ака, – деп калды.

— Анда отур машинага, кеттик, – дедим.

— Жок, бүгүн бир тойду өткөрүп берем деп сөз берип койдум эле. Эртең барайын, – деп, Кубаныч эртеси Таш-Көмүрдөгү маданият үйүнө келип мага жолукту. Ошол күндөн баштап Кубаныч менин жанымда болду. Машинаны жакшы айдайт эле. Мен чарчаганда рулду берип коём. Ошентип экөөбүз ата-баладай болуп, калган балдарды издей баштадык.



— Кандай балдарды алабыз, Рахман ака? – деп сурайт.

— Кандай болмок эле, сахнада өзүн алып жүрө алган. Бири-бириңерди





түшүнүп, партнер боло алган балдарды алабыз. Кимдерди билесиң, – дейм.

— Кызыл-Кыяда Аваз деген досум бар, фокусник. Интермедияны да өлтүрө ойнойт. Анан Сагын деген Алайлык бала бар. Ал Жалал-Абадда иштейт, издесем табам, – деди. Ошентип Кубаныч экөөбүздүн таланттуу балдарды издөө сапарыбыз башталды.

## «БЕШИЛИКТИН» БИРИНЧИ ИЛИГИ



Ал эми Талант Анарбаевди, базарда өрүк-мейиз сатып жүргөн жерден таптык. Базардын жанында жашасам да, ызы-чууну, түртүшкөндөрдү жактырбагандыктан базарга түшпөйт элем. Талантты издеп айласыз базарга түштүм. Сатуучунун бардыгы эле өзбек туугандар экен. Эми бул Талантты кайдан табам деп турсам, өрүк-мейиз, жаңгактын арасынан өңү тааныш тоголок бала:

— Ассалоому алейкум Рахман ака, – деп секирип туруп учурашып калды.

— Талантсыңбы?

— Ооба, мен.

— Иштериң жакшыбы?

— Ооба, ака. Үч жылдан бери ушул жерде тиричилик кылып жүрөм.

— Чыгармачылык эмне болду?

— Кароо-конкурстарга катыштым, чындык жок. Баягы эле тааныш-билиш экен. Атам дагы «кой балам, артисттигиңи

жыйыштыр. Андан көрө тиричилик кыл» дегенинен ушул жумушта иштеп атам деп калды.

— Жөн эле келдиңизби?

— Жөн келгеним жок. Сахнага чыгып, Кыргызстанга таанымал куудул болгуң келеби?

— Келет, бирок кантип?

— Мен айткандарды жасасаң, ошондой болосуң.

— Макул, бирок сиз атам менен өзүңүз сүйлөшпөсөңүз мага ишенбей калган.

Ар ким келип артист кылам деп алып кетет, анан темселеп үйгө араң келем.

Бир жолу Бишкекте калып кетип, кефир алып суу кошуп чалап кылып сатып араң келгем. Ошентип Талант экөөбүз базарды жаап, Алайга бараткан жолдогу 51-чакырымга, атасынын үйүнө бардык. Алардын жолунда көпүрө болгон менен машина өтө алчудай эмес. Суу аз болсо кечүү менен өтүшөт экен. Менин бактыма суу аз болуп кечүүдөн кечип өттүк. Таланттын атасы менен таанышып, чай ичип отурдук. Көрсө, ал киши да Кара-Суу маданият үйүндө иштеген киши экен.

— Бу, Рахман, биздин үйгө келчү эмес элең, жол болсун, – деп күтүп алды.

Келген максатымды айтып, эгер макул көрсөңүз, балаңызды мага кошуп бериңиз. Кудайым буйруса беш жылда балаңызды кыргыз эли тааныган артист кылып чыгарам дедим.

Айланайын, Рахман, башка бирөө болсо кошмок эмесмин. Бүт кыргыз тааныган куудул, улуу башын кичүү кылып сурап отурат. Мейли, алсаң алып кет. Эти сеники, сөөгү меники. Аман жүргүлө, оомийин! – деп батасын берип узатты. Баласына:

— Талант, акеңдин айткандарын угуп, бизди уят кылбагын. Абийир алып кел, балам, уктуңбу?!

— Уктум, ата.

Кой соёмун дегенине карабай жолго чыктык. Кубаныч болсо Авазды Кызыл-Кыядан апкелди. Сагынды Жалал-Абаддагы облустук филармониядан таптык. Сөз чынынан бузулбайт дейт. Андагы «Бешиликтин» концерттерин музыкалык коштоодо Доорон Жолдошевдин тоодой салымын айтпай кетсем болбойт. Учурунда,







«Бешиликти» эч ким тааный электе, афишаны «Куудул Рахман Разыков, обончу Доорон Жолдошевдин концерти» деп илдирчүмүн. Урматтуу окурман, сизде ой пайда болуп калышы мүмкүн. Сиз тааныган Санжар, Тынар, Рысбек, Эрнисттер кайда деп. Кызык эми башталат.

## АЛГАЧКЫ КОНЦЕРТТЕР

Ошентип биздин үйдө Аваз, Кубаныч, бир тууган агам Райимжан, Диля, мен бала-чака менен 2000-жаңы жылды чогуу тостук.



Жазында болсо Жалал-Абадда Кубаныч Курбаналиевдин үйүнөн Санжар Бердибековду жолуктуруп калдым. Алгачкы концертте ар ким өзүнүн монолог, сатира, ыры, интермедиялары менен катышты. Анткени алар ар жактан келишти. Ар кимисинин мүнөзүн байкагым келди. Менин ишенгеним Кубаныч Миталипов болду. Аны чын дилден ойноп, ийгилик жаратат деп ойлодум. Мен көп нерседен жаңылбайт элем, бул жерде жаңылыптырмын.

Талант оор басырыктуу болуп, өзүнө жарашкан саясий монологдорду, пародияларды

ойночу. Кыргызстанда президентти тууураган үч куудул болсо, бири ушул Талант эле.

Ал эми Санжардан мен Манас досумдун толук көчүрмөсүн көрчүмүн. Кээ бир ролдордо Манастын жаш кезиндеги образы болуп калчу. Ал кезде Манас тирүү эле. Манас тез-тез Санжардан бирдеме чыгабы, – деп сурап калчу. Чыкпаса башка жумуш кылсын. Менин минтип жүргөнүм жетет дечү.

Жалал-Абадда Манаска жолугуп калып, залга отургузуп койдум. Бишкекке баратам деген оюна койбой алып калдым. Эл менен кошо отуруп көрүп, аябай ыраазы болду.

— Тообо, мен өзүмдү жыйырма жыл мурда кандай болсом ошондой көрдүм. Рахмат досум, ушулардан ушунча куудул чыгарып коюпсуң, – деп сахнага чыгып, «Бешиликти» куттуктап, аябай ыраазы болуп, коштошуп кетти. Ошондо Манастын «Бешилик» менен биротоло коштошуп жатканын билмек турсун, сезбепмин дагы. Ал эми Санжар «Бешиликте» кайталангыс образдарды жаратып, Манастын ырларын жүрөккө жеткире аткарып жүрдү. Бирок Санжар да Миталиповго окшоп «Бешиликтен» тез кетти. Аваз менен Сагын азыраак чыккан менен экөөндө тең ачылбай жаткан мүмкүнчүлүктөр көп болчу. Сагын кемпирдин ролун ойногондо концерттин башынан аягына чейин ойногондой көрүүчүлөрдүн эстеринде калчу. Аваз дагы оригиналдуу номерлерди ойночу. Тилекке каршы, булар да коюлган талаптарга жооп бере албай кетишти.

Программа негизинен ыр, бий менен коштолуп, негизги өзөгүн музыка түзчү. Акыйнек да музыканын коштоосу менен айтылчу. Биринчи жолу «Бешиликтин» концертин бир мектепке алып бардык. Завуч аял эки сомдон койсоң кой, болбосо жок деди. Үч сомго коёлу десем болбой койду. Макул болуп койдук. Анан айттым:

— Эжеке, убагы келгенде «Бешиликке» 100 сомго билет алып киресиз деп. Кийин айткандай тиги эжеке «100 сомго араң билет алдым, айланайын Рахман, эсиңдеби бизге барганыңда мени ушинткен элең», – деп концертке келди.

«Бешиликтин» биринчи гастролун келинчегим Диля алып жүрдү. Анда мен «Аралаш» менен Бишкекте концерттемин. Ноокатта эч ким тааныбайт. Бир сомдон концерт коюшат. Машиналарынын дөңгөлөгү жарылып, базарга барышат. Дөңгөлөк саткан аял жалаң







бир сомдукту көрүп таң калып, Диляга каерде иштейсиз, – десе, ал да тамашалап, кайырчы болуп деп басып кетиптир. Негизи Дилясыз мен андагы ийгилигимди элестете албайм.

Бешилик элге таанылып, программалары бышып калган кезде Кабыл досум Эрнист баласы менен келип калды. Эрнистти ырчы катары кошолу деп кошуп алдык. Костюмдарын Диля тиктирип келди. Кабыл «Балдар бышып жетилиптир, Бишкеке алып барыш керек», деди. Бизге Эрнист кошулушу менен «Бешилик» дагы көркүнө чыгып, ал жигит жакшы ырдаганы, сахнага жарашып турганы, сатираларды да жеткире ойногону менен айырмаланып турду. Ошол күндөрдүн биринде Эрнист үйлөндү. Мен өкүл ата болдум. Ата-бала болуп эле жатып калдык.

## ТЫНАРДЫН КЕЛИШИ

Эми, окурман, Тынардын каяктан келип калганын айтайын. Биз бет ачар концертке даярданып жатканбыз. Анан чоң аппаратурага Жалал-Абадга Кубанычка бардым. Кубаныч аппаратты коюп бериш үчүн үкаси Тынарды кошуп берди.

Концерт бүттү. Эки күндөн кийин Тынар үйгө келиптир.

— Мени урушсаңыз да, айдасаңыз да кетпейм. Мен «Бешиликте» иштешим керек, – деди.

— Тынар, «Бешиликте» беш эле бала иштейт. Сени менен алтылик кылайынбы?

— Билбейм, эмне кылсаңыз да кетпейм.

Мен агасына чалып, ушинтип кетпейм деп атат, десем:

— Рахман ака, анда оператор кылып ала бербейсизби. Тиги



балдарды көрүп кызыгып жаткандыр, тажаган күнү келе берет, – деди.

Ошентип Тынар «Бешиликте» оператор болуп калды. Кадамжай районунда Кайтмас деген жерде концерт коюп калдык. Бир күн мурун Миталипов кетип, төрт артист калган. Тынар:

— Рахман ака, Кубаныч аканин ордуна мен чыгып ырдай берейинби, – деп калды. Мен макул болдум. Концерт башталды. Анан бир номер аткарып кой деп, «Мен сен үчүн» деген монологду жазып бердим. Окуп эле койсоң болду дедим.

Монологду окуду торпоктой көзү менен. Бир көзү баракта, бир көзү эл тарапта. Колу титирейт, буту титирейт. Окуп бүттү. Кол деле чабылган жок. Эл деле менимче эмне жөнүндө экенин түшүнбөй калса керек. Тынар өңү боппоз болуп, мага келип:

— Рахман ака, эч ким күлбөдү го, – деп калды.

— Зато мен күлдүм, – дедим.

Кийин бир топ жылдан кийин, кыргызга таанымал куудул Тынар Курбаналиев «Супер инфо» гезитине интервью берип «Мен «Бешиликке» келгенге чейин Барпы театрында иштеп, бир топ башкы болбосо да, чоң ролдордо ойногонмун деп айтат. Бирок сахнага кантип чыкканы жөнүндө Тынарды Барпы театры эмес, кыргыз элине «Бешилик» театры тааныткандыгы жөнүндө көп эле айта бербейт. Эми бул башкы маселе эмес. Ошентип Тынар сахнага чыга баштады. Күндөн күнгө өзүн ишенимдүү алып жүрүп, сахнанын ээси катары ынанымдуу да, жеткиликтүү да сүйлөп, бала башкача боло баштады. Өзү, мен билгенден, куудулдук өнөрдө «Апыртма» деген жанр бар. Анда жалганды ишенимдүү жана жакшы айтыш керек.







Бул жанрды билген адам сахнаны тез багындырып кетет. Себеби сахнада элдин көзүнө түз карап, ишенимдүү сүйлөш керек. Тынарда ошол касиет бар эле. Тынардын эмне үчүн мындай жөндөмдүү экенин кийин байкадым. Тынардын апасы сөзмөр, сөзгө чечен, макал-лакап менен сүйлөгөн, санжыраны да жакшы билген аял экен.

Мени менен сүйлөшүп отуруп:

— Э, Рахман, ушул тентектен бирдеме чыгат деп ойлойсуңбу? Ушу сени кыйнап койбосо болду, – деди.

Кечинде концертке чакырдым. Концерттен кийин абдан ыраазы болуп батасын берди. Кийин Диля экөөбүз эне кылып катташып жүрдүк. Кээде Жалал-Абадка барып тие албай калсак, жаш баладай таарынып калчу.

Жалал-Абаддагы концерттен кийин Сагын да кетти. Анын себебин жазгым келген жок. Турмуш шартка жараша деп койсо болот. Кубаныч Миталипов да, Сагын Орозов да үй-жайлуу, бала-чакалуу болуп калышкан болчу. Андыктан, бойдок балдар менен айлап талаалап жүрө алышмак эмес эле.

Ошентип Кубанычтын ордуна Тынар, Сагындын ордуна Эрнист Бөрүбаев кошулду. Айтмакчы буга чейин Аваз да кеткен болчу.

## «БЕШИЛИКТИН» БЕШИНЧИ ИЛИГИ



Ошентип, Аваздын ордуна бешинчи «бешиликчини» издеп Базар-Коргонго бардым. Ал жерде Рысбек Жантөрөев деген куудул бар деп уккан элем. Сураштырып барсам, узун бойлуу, кара тору бала мойнуна этек тагынып тамеки үзүп жүргөн экен.

— Мен Рысбекмин, Рахман ака, – деп учурашты. – Мени унутуп калдыңызбы, сиз биринчи мени сахнага алып чыккансыз. Сизди устатым деп мактанып жүрсөм, таанибай уят кыласыз да, – деди.

Мен келген максатымды айттым. Дароо эле макул болду. Ошентип «Бешилик» кайра бешөө болду.

Эң биринчи келгендерден Талант Анарбаев эле калды. Бири жок болсо анын ролун башкасы андан жеткире ойноп балдар аябай бышышты.

Эми Бишкекке барсак болот деп калдым. Ушул учурда «Аралаш» Таласка концерт менен жөнөп калышты. Мен баралбастыгымды айттым.

Бир күнү Жамбыл:

— Рох, жанагы кетмениң беле, же тешең беле?.. Ошонуңу таштап кел. Концерт жакшы болуп атат. Сен келсең дагы жакшы болмок. Эл аншлаг. Эми сен эстүү, акылдуу эле немесиң. Ушулардан куудул чыгарам деп башыңы оорутпай, кел бизге, – деп Таластан чалып калды.

— Жок, досум, баралбайм. Жакшы экен, эл келсе коё бергиле, – дедим.

Анткени, менин эки жылдык мээнетимин акыбети билинип, Бешиликтин эртеңки келечегине бөркүмдөй ишенип калган кезим эле.





## «БЕШИЛИКТИН» БИРИНЧИ ДЕМӨӨРЧҮСҮ

Ушул учурда театр үчүн заманбап өздүк үн жазуучу студия ачуу керек болду. Ал үчүн спонсор издеш керек эле. Мен Жалал-Абадга «Томас» фирмасынын жетекчиси Камчыбек Ташиев мырзага бардым.

— Рахман ака, сиздин колуңуздагы балдардын көбүн тааныйм. Мен аларга жардам гана бербестен, аппаратура да сатып бергем. Анан таркап кетишти. Кийин ойлосом, сөз аппаратура менен кийимде эмес, жетекчиде экен. Макул сизге акча берейин, бирок канча тип кайтарасыз? – деди.

Мен канча чыгым кетерин, алардын формаларын, бир айда канча концерт коёрубузду, канча билет сатыларын, канча чыгаша болорун эсептеп бердим.

— Ака, артисттердин финансыга ушундай так экенин биринчи сизден көрдүм, – деп, 100 000 сом акча берди. Ошол 100 миңге студия ачтык. Бирок убагында кайтарып бералбай, бир аз кечиктирип, кийин бергенмин.

Камчыбек мырзага өз убагында колун сунганы үчүн, биздин спонсорубуз деп ыраазычылык менен айтып жүрөм. Андан кийин депутат, министр болду. Канча жыл өтсө да, Ташиев «Бешиликтин» алгачкы демөөрчүсү болгон деп сыймыктануу менен атын атап келем. Студияны ачкандан кийин Майрамбек Осмонов «Бешилик» деген ырга обон жазып, үн жаздырдык. Бул учурда «Бешилик» эл оозуна алына баштаган эле.

## АЛГАЧКЫ ИНТРИГАЛАР

Чыгармачыл адамдарда көрө албастык деген бир жаман сапат бар. Биздин театрды да ал нерсе айланып өткөн жок. Ушак аралап, акылдуулар көбөйө баштады. Балдарга «Канча акча аласың», «Эми өзүң деле концерт койсоң болот», «Эл сага эле келип атат», «Мени менен жүрсөң мындай болмок», «Ушинтип жүрө бересиңби» деген акылдарын айтып, балдар болсо ошол сөздөргө жетелене

башташты. Алар ойлонбойт, бул артистке ушул даражага жеткенге чейин канча акча сарпталды, канча эмгек, нерв, убакыт кетти деп. Ошол бузуп аткан адам деле белгилүү болгонго чейин чогуу эле жүрүшкөн. Андай кыйын экен ошондо неге өзү алып чыккан жок? Айтор, «Бешиликте» интригалар башталды. Кыскасы, карышкырга кой кайтарткан өзүмдө күнөө экенин кийин билдим.

Акча маселеси театрдын эң чыр маселесинин бирөөсү болуп калды. Мен ушул нерсенин алдын алып, биринчи болуп чыгармачыл чөйрөдө контракттык тартипте иштөөнү сунуштаганмын. Келишим менен таанышкандан кийин баары талкуулап, анан кол коюшкан. Бирок биздин артисттерибиз контрактты бузганды семичка чаккандай эле көрөт. Эч кандай жоопкерчиликти сезишпейт. Арасында жакшылары да бардыр, бирок негизи көпчүлүгү ушундай. Бул биздин жаман жагыбыз. Батыш өлкөлөрдөн үйрөнгөн контракттын ордуна, биздин ата-бабаларыбыздан калган «лавиз» деген нерсе бар эле. Эки тарап макулдашып кол алыштыбы болду «лавиз» кетти. Сөз бузулбайт.

## «ЛАВИЗ» ЭМНЕ?

«Лавиз» демекчи, ушундан улам бир окуя эсиме түшөт. 1992-жылдары машина алуу үчүн бир тууган иним менен Кызыл-Суу айылына барып калдык. Мурун чабан болуп иштеп, пенсияга чыккан аксакалдын «06» машинасы бар экен.

— Аба, машинаңызга канча сурап жатасыз?

— Э, балдарым таза убара болуп келипсиңер да. Кечээ Оштон бир өзбек балдар келип машинаны баалап кетишти.

— Акчасын бериштиби?

— Жок, балам, бирок наркын чечип кетишти.

— Канчага бааланды?

— Жүз алтымыш миң рубль (анда сом чыга элек).

— Биз эки жүз миң берели, ата. Акчасын бере элек болсо.

— Жок, балдарым, болбойт. Эки жүз миң жакшы акча, бирок менден лавиз кеткен. Эртеге алар келип, аксакал киши экенсиз, лавизиңиз кана десе уят болуп калбайын, – деп чайын берип узатып





койгон эле.

Бул биздин ата-бабаларыбыздын эч кандай документи жок, нотариусу жок, ишеним, убадага бектик менен иш кылган асыл касиеттеринин бири болчу.

Ушул окуяны эстеген сайын, биз ата-бабаларыбыздын ушул асыл сапаттарына, касиетине кайтып барат бекенбиз деп ойлоно берем.

## «БЕШИЛИК» БИШКЕКТЕ

Урматтуу окурман, бул нерсени күндөлүк сыяктуу, болгонун болгондой жаздым. Кээде айрым гезит-журналдардан балдардын берген интервьюларын окуп капа болгон күндөрүм да болгон. Эч ким тааныбаган эле балдарды алып чыгуу да, аларды алып жүрүү да кандай кыйын экенин чыгармачыл инсандар гана түшүнөт.

Бишкекке да концерт койчу мезгил келди. Бирок мени ойлондурганы, эл кандай кабыл алат, жаңы топ болсо, балдар чоң сахнада жоопкерчиликти сезе алышабы? Элди тарта алышабы? Ушундай кыжаалат ойлор менде турду.

Анын үстүнө Рахман жаңы театр ачыптыр, анан балдары кетип калыптыр, андай болуптур, мындай болуптур деген ар кандай сөздөр чыгармачыл чөйрөдө да, элдердин арасында да болуп жаткан. Ошондуктан «Аралаш» менен чогуу коюп көрсөмбү деп да ойлондум. Мен «Бешиликти» Бишкекке алып келип эле эртеси Абдылда Иманкуловдун үйүнө бардым.

Абдылда айтып калды бүгүн Сокулукта концертибиз бар эле, катышуучулар толук келе албай калышты деп. Мен ойлонбой эле «Бешиликти» кошолу дедим. Абдылда ордунан тура калды:

— Сенин акыл-эсиң ордундабы? Ал жерде кимдердин афишасы илинип турганын билесиңби?

— Билбейм.

— Күмөндөр, Жаныбек, Дөөлөт, мен, Кахарова, Элмира Кайып кызы... эмне деген дөө-шаалар. Сен эч ким тааныбаган «Бешилигиңди» алып барсаң эл эмне дейт. Алдапсыңар дебейби?! – деп калды.

— Биз алдабайбыз. Барып эле башында айтып коёбуз. Сен 40 сомдон билет сатсаң, мен 20 сомдон эле сатам, – дедим.

— Анда болот, кеттик, – деди. Мен үчүн Сокулукка барып концерт коюунун максаты балдарды түндүк диалектикасында сүйлөөгө үйрөтүү эле. Себеби, балдардын баары түштүктөн болчу. Мени кызыктырганы билеттин баасы эмес, элдин сыны, алардын кабыл алуусу эле. Сокулуктун көрүүчүлөрү болсо мага сынчы катары керек болчу.

## СОКУЛУКТАГЫ БЕТ АЧААР

Көрүүчүлөр залга толгондон кийин, мен элдин алдына чыгып түшүндүрдүм. «Кээ бир себептер менен чоң артисттерибиз келбей калыптыр, андыктан силерден кечирим сурайбыз. Бирок, сиздер азыр «Бешилик» деп аталган Кыргызстандагы алгачкы жеке менчик куудулдар мектебинин алдында түзүлгөн театрдын алгачкы программасын көрөсүздөр. Эгер концерт жакпаса, билетиңиздерди жоготпой отурсаңыздар, акчаңарды кайрып беребиз», – дедим. Эгер жакса, ушул балдарга ак жол каалап бата берсеңиздер, себеби булардын чоң сахнадагы татаал да, сыймыктуу да, ачуу да, таттуу да жолу эми башталып жатат. Анда эмесе тосуп алыңыздар, «Бешилик» театры», – деп чакырып койдум.

Концерт башталды. Биз Дөөлөт, Абдылда болуп сахнанын жамбашынан карап турдук. Ар бир номер аткарылган сайын элдер дүркүрөтө кол чаап, куудулдарды кетирбей жатышты. Мен ичимден сүйүнүп, буйруса, балдарым эл оозуна тез эле алынарына шегим жок деп жаттым.

Концерт бир сааттан өткөндө, Абдылда:

— Эй, буларың бизге да сөз береби, же сүйлөбөй эле кете беребизби? Вобще-то акчасын берсең чыкпай деле коё берем, – деп тамашалады.

Биз Абдылда, Дөөлөт үчөөбүз чогуу чыгып, мен «Бешиликти» тааныштырып, анан Абдылдага сөз бердим. Абдылда:

— Бул Рахман бир жылдан бери каякта жүрөт десе, бизге душмандарды даярдап жүргөн турбайсыңбы?! Алтообуздан башка куудул жок, кааласак концерт коюп, каалабасак койбойт элек. Тынч





жашоону бузуп... буларыңдын мындай экенин билгенимде, Оштон келтирбей эле муунтуп койчу экемин. Сахна адамдары ичибиз тарыраак болобуз. Буларга кол чапкан сайын, бул жакта туруп өзүмчө жаман болуп кетип жаттым. Мейли эми, эртеңки Бишкекте боло турган концертиңер ийгиликтүү болсун! Ак жол! – деп сөзүн аяктады.

Абдылда менин топ менен убара болуп жүргөнүмдү мурун эле билчү. Бирок, балдардын сахнадагы мүмкүнчүлүгүн көрбөгөндүктөн мени аяп айтып калар эле:

— Ушул, беш балага толку жок убара болгондон көрө, беш бука байлап койсоң пул болобу эле, – деп.

## БОРБОРДОГУ ЧОҢ КОНЦЕРТ

Бишкектеги концерт башталды. Батамды берип сахнага балдарымды узаттым. Өзүм кулистин артында бирде эл тарапты, бирде балдарды карап жүрөм. Балдар «чу» дегенде эле элди алып коюшту. Көшөгөнүн кычыгынан залды карасам, биринчи катарда Орозбек Кутманалиев ата отуруптур. Ал жанында отурган адамга карап каткырып, санын чапкылап күлүп жатыптыр. Ал кишини көргөндө абдан ыраазы болдум.

Мен сахнага чыкканымда эл ушунчалык кол чаап күтүп алышты, андагы сезимди сөз менен жеткирүү кыйын. Жүздөрүндөгү мындай көз караш, ыраазычылыкты мен мурда эч бир жерден көрбөгөм. Мен түзгөн «Бешиликтин» биринчи концертине досторум Абдылда, Дөөлөт, Жаныбек, Жамбыл, Күмөндөр, Келдибек ака келишет болсо керек деп ойлогом. Тилекке каршы, эч кимиси келген жок. Концерттерди адатта бүт куудулдардын атын атап тамаша ыр менен бүтүрчүмүн. Мисалы, Жаныбекке куплет ырдалганда Жаныбек, Абдылдага ырдалганда Абдылда ушул сыяктуу алардын аты аталганда бирден чыгып, акырында каалоо тилек айтып бата беришет го деген үмүттө болгонмун.

Бир гана Каныбек Мамбетов корзина гүл алып чыгып:

— Рахман дос, «Бешилигиңе» ак жол болсун! Мен Чубагымдан

айрылып, сен Манасыңдан айрылып жалгыз калдык. Эми анча-мынча концерттерде чогуу бололу деп каалоо-тилек айтты. Кант-кенде да мен Каныбекке аябай ыраазы болдум. Эң кызыгы концерт бүткөндөн кийин башталды. Эл менен коштошуп, саламатта ба-рыңыздар десем, эч бири ордунан турбайт. Эки жолу кайра-кайра коштоштум. Анан Орозбек атага кайрылып: — Ата, аксакал катары бата берип койбойсузбу, – дедим. Атабыз чыгып ак батасын берди. Залдан бир аял чыгып сүйлөдү. Артынан дагы бирөө... анан дагы... Деги койчу митинг болуп кетти биягы. Ошентип элдин агымы күн-дөн күнгө көбөйө баштады. Гезит, журналдар, телевидение, радио, айтор, бардык жерден «Бешилик» жөнүндө айтылып турду. Беш күндөн кийин суроолор боюнча кайрадан койдук. Ошентип «Беши-ликтин» алгачкы бет ачар концерти чоң ийгилик менен өттү.

## «БЕШИЛИКТИН» ТРИУМФУ

Азыр ойлоп көрсөм, Бе-шиликте жаш балдардын эмес, чоңдордун да башы айлана турган ийгилик жаралган экен. Бишкек-тен келатып, Токтогул ме-нен Кара-Көлгө концерт бердик. Эл батпай сахнага чейин чыгып отурушту. Кара-Көлгө эки сеанска билет сатылып бүтүптүр. Дагы ошончо эл эшикте экен. Кассир булар үчүнчү сеансты суранып жатышат деди. Мен болбойт, балдар чарчап ка-лышты десем, анда эртең коёлу, элдер талкалап кетет, койбосок болбойт деди. Эртеси Таш-Көмүрдө концертибиз бар болчу, бүрсү-гүнкүгө кассирге билет таштап кеттик. Ошентип кайра артыбызга кайтып келип концерт койдук.







Ошко келдик. Ошто 30 күн бою (бир ай) «Бешиликтин» концерти Кыргыз драм театрда коюлду. Менимче, мындай окуя тарыхта бол-босо керек. Азыр ойлосом, мындай тез келген ийгилик чыгармачыл адамга сыноо болот экен. Биринчиден, артист мындай баш айлант-кан ийгиликке психологиялык жактан даярдыгы жок болуп, өзү жерде экенин билбей асманга учуп кетип, жерге коно албай калат экен. Менин балдарым да ошондой болушту. Кийинчерээк, кимдин ортого суу куйганы, бузукулук кылып кимди ким ушактаганы, ким-дердин сөзү менен ырк кетти баары дайын болду дечи. Алардын аты-жөнүн айтпай эле коёюн. Анткени алар өздөрү жакшы били-шет. Бир акылман «эгерде душмандарың жок болсо, досторуң ким экенин билбей каласың» дегендей эле болду. Ошонун сыңарындай, досторум ким, душманым ким экенин өздөрү билдирип турушту. Мүмкүн жашоонун мыйзамы ушундайбы, ким билет. Ушундай кы-йынчылыктарда менин жанымда дайыма жубайым Диля өбөк-жө-лөк эле болбой, аткаруучу директор катары да «Бешиликти» алып жүрдү. Ал менин кеңешчим, сынчым, жөлөнгөн таянычым болду. Анткени артисттин жашоосу анын өмүрлүк жолдошунан көз ка-ранды. Эгерде аялы үйдүн проблемасын эле айта бербей, түшүнүү менен мамиле кылып, анча-мынча нерсени өзү эле жасап бүтүрүп, чыгармачылыгына шарт түзүп, ысык-суугуна чыдап, анын жетиш-кендиктери менен бөлүшүп, кошо сүйүп, кошо күйүп турса, ошондо гана чыгармачыл үй-бүлө бекем жана бактылуу болот.

## ПЕНДЕЧИЛИК

«Бешилик» биринчи келгенде башкы максаты сахнага чыгып, элге таанылуу гана болчу. Ошондуктан башка нерсени көрүшчү эмес. Кандай аппарат, канча киловат коюлуп атат, бул маселе алар-ды кызыктырбайт эле. Фирменный микрофонбу же кытайдыкы-бы? Кандай машина менен жүрөбүз. Каерде кандай тамактанабыз? Каерде жатабыз? Костюмдар кантип тигилип атат. Кайдан тамак ичет, кечинде айткан жерде жатат. Жаман үй экен, төшөнчүсү на-чар экен дебейт. Алардын баары кийин, жылдыз болуп учуп кал-ганда айтылат...

Гостиница тандап, тамак тандап, кассага чейин киришип канча түштү? Канча билет сатылды? – дегенге чейин барышат. Болуп аткан чыгымдарды эсептешпейт. Алардын көзүнө келген эл, эл эмес эле акча болуп көрүнүп туруп алат. Анын баарын мен туура түшүнчүмүн. Анткени, бала деле бой жетип, өзүнчө жашай алганына көзү жетип калганда, ата-энесинин мээнетин унутуп, аларга акыл айтып, өзү ушул бойдон эле туулуп калгандай сезет эмеспи. Албетте, мунун баары пендечилик.

## КИЙИНКИ КАДАМ

Канткен менен бир жарым жылда «Бешилик» жакшы ийгиликке жетишти. Сиз кандай ойлойсуз, урматтуу окурман? Эмне себептен ошондой тез ийгилик жаралды же мен ушунчалык укмуш группа түздүмбү? Мен ойлойм, андай эмес.

Менимче, мунун сыры убакытта. Ар бир муундун өз куудулдары болот. Мисалы, бизге чейин Шаршен ата, Асанкул ата, андан кийин Келдибек аке, Аскар Суранов, Эргеш Токуров дегендер. Кийинки муун Күмөндөр, Абдылда, Жаныбек, Манас, Дөөлөт, мен, Борончу, Кубик болдук. Биз азбы, көппү, улуу муундун көрүүчүлөрүн тартып, алар менен кошо жыйырма жыл жүрдүк. Бул убакыттын ичинде башка муун өсүп жетилди. Алар үчүн биз кээ бирине ата, кээсине ага, бирок дос боло албайбыз. Аларга өздөрүнө ылайыктуу куудул же дос керек болчу. Ошол убакта «Бешилик» чыгып калды. Ошондуктан жаштар арасында тез колдоого алынып кетти деп ойлойм. «Бешиликтин» тегерегинде жаш, таланттуу балдар улам чогула баштады. Мен аларды кантип алышты билбей башым катты. Аларды алсам, кантип каржылайм? Мамлекет каржылабаса, бюджет акча бөлбөсө. Бирок, ары ойлонуп бери ойлонуп атып акыры экинчи топ болуп «Беш тапан» тобу түзүлдү. Чынын айтсам, «Беш тапанды» түзүү менин ой-пландарымда жок болчу. Бул өзүнөн өзү келип чыккан топ болуп калды. Кийин ойлосом туура эле болгон экен. Азыр өкүнбөйм.





**Талант Анарбаев:**

## УСТАТКА ЫРААЗЫМЫН



Эл арасында «атактуу же таанымал инсан көзү өткөндө эле мактап калабыз, тирүүсүндө эч бир жакшы сөз айтпайбыз» деп калышат. Бирок, мен көп эле инсандарды көзү тирүүсүндө эле эл мактап, артынан жакшы сөз ээрчип жүргөнүнө күбө болдум.

Рахман агай, мына ошондой киши болчу. Агай жөн эле бир куудул эмес, накта идеолог, сатирик, күчтүү менеджер жана айкөл инсан болгон. Мен чоң куудулдарды, мектепте окуп жүргөнүмөн баштап кумир тутуп, Дөөлөт, Жаныбек, Күмөндөр, Манас агалардын сахнадагы айткан сөздөрүн мектепте аткарып, сахнага алып чыкчумун. Рахман аке биринчи жолу мени Кара-Суу районунда болгон конкурстан көргөн экен. Кийин «Бешилик» тобун түзүп атканда, атайын сураштырып издеп таап, айылга барып атаман сурап алып кеткен. Ал убакта жаш болсом да көптөгөн топтор менен жүрүп, өнөр адамы болгондон көңүлүм калып калган учур болчу. Бирок, атам «сен сахнага чыгышың керек» деп, дем берип Рахман агай менен жөнөткөн. Ошентип, «Бешилик» деген жаңы түзүлгөн топ Лейлек районунун аймагынан алгачкы гастролду баштаганбыз. Ал убакта, Рысбек, Тынар, Эрнис, Санжарлар жок болчу. Топтун курамында башкалар ойнойт эле. Рахман агай, «Бешиликтеги» эң улуу балам, туруктуу балам Талант» деп үйлөнүү тоюмда бекеринен айтпаса керек. Биз түштүк жакта аябай көп жүрдүк. Эсимде, бир жылдан ашык мектептер менен айылдарды түрө кыдырып, программа бышыктап жүрүп элге таанылдык. Рахман

агай көрөгөч экен. Бизге башында, 10 киши келсе да концерт койдурчу. Бизге, «келечекте, силердин концертиңерге 10 эмес 100 киши билет таппай, концертиңерге кире албай калган күн келет» деп мотивация берчү. Кийин, айтканындай эле болду. Кайсыл жерге барсак да аншлаг, эл батпайт. Кыскасы, устат бизди чоң сахнага бышырып чыгарды. Ал үчүн эки дүйнө агайга ыраазымын. Акыркы жылдары агай саясатка баш оту менен кирип, мен болсо сахнадан алыстап кеттим. Бирок, кайда болбойлу мамилебиз үзүлгөн жок. Ортобуздагы сый-урмат жоголбоду. Ырчы болобу, куудул болобу, эч ким Рахман агайдай мынчалык көп сандаган шакирт даярдай албайт. Себеби, агайдын кеңдигиндей, кечиримдүүлүгүндөй мүнөз башкаларда жок. Буюрса, Рахман Разыков деген ысым өчпөйт, ал муундан-муунга айтылат. Кош болуңуз устат... Агайдын жаткан жери жайлуу, топурагы торко, арты кайырлуу болуп, жараткан бейишин берсин...

### Санжар Бердибеков:

## АЯШ АТАМ ЧОҢ УСТАЗ ЭЛЕ...



Рахман аяш атамын жаткан жери жайлуу болсун. Азыркы акылым ошондо болгондо, аяш атама көзү өткөнчө жанында жүрүп кызмат кылмакмын. Айла жок...

Аяш атам убактысында мага көп жакшы насааттарын айтты. Жаштыкка салып, эң жакын аяш атам катары көп жолу эркелеп деле койгон күндөр болду. Мен «Бешиликке» барышымды айтсам, Жалал-Абад шаарында раматылык Кубаныч акенин үйүндө аяш атам менен жолугуп калдым. Ошондо айтты, «Бешилик» деген куудулдар театрын ачып атам, ошого





келип иште деп. «Мен куудул эмесмин, кантип куудул болом, аяш ата» десем, ал камырабай «сен куудул болосуң Санжар, сен деген Манастын уулусуң» деп койду.

Ошентип, аяш атамын берген адреси менен Ошко бардым. Анда Ошту жакшы билбейм да, шаарга жетип, анын үй телефонуна чалдым. Телефонду аяш атам алды, учурашып эле баштадым:

— Аяш ата, үйүңүздү таппай атам, – деп.

— Ошский районго кел, келсең эле бурулушта Санжар келет деп Каныкей апаң сени күтүп турат, – деди. Мен түшүнбөй:

— Кайсы Каныкей, – дедим.

— Манастын аялы, – деди аяш атам. Мен ойлоп атам, атамын Каныкей деген аялы жок эле, дагы үйлөнүп алган окшойт деп.

Көрсө ал бурулуштагы Каныкей энебиздин эстелиги экен. Айта берсе аяш атамдын тамаша сөздөрү да, окуялары да көп. Чындыгында, «Бешиликке» балдарды топтоп, аларды тарбиялап, ушундай даражага жеткирүүгө аяш атам көп мээнетин, өмүрүн жумшады. Балдарды топтогон менен, алардын жатаар жерин, тамагын чечиш керек болчу. Андан сырткары топтун программасын тактап, ырларын жазып, формаларын тиктирип, машина жана аппарат менен камсыз кылуу чоң проблема эле. Бешиликти тургузам деп аяш атам бир жылдай бир эки сыйра кийим менен эле жүргөнү да эсимде. Себеби аяш атам экөөбүз ошол учурда чогуу көп жүрдүк. Азыр ойлосом, биз дагы жаш балдар болгон экенбиз баарыбыз. Өтүбүз айрылып шокпуз, айтпай-дебей тентип кетебиз. Биз дагы көп эле кыйнадык аяш атамы. Азыр аттиң кылам, неге мындай кылганбыз деп.

Дагы эсимде калган орчундуу окуя Өзгөн шаарында болду. «Бешиликтин» балдары баары кетип калып, экөөбүз эле калганбыз. Эрнис Бөрүбаев ошондо келсе керек эле, ямаха ойноп. Тынар болсо кызыл шортиги менен свет коёт эле бизге. Негизи, башында мен ыр ырдап эле чыкчумун сахнага. Бир жолу, концертке Талант келбей калып бир сатира ойнолбой турган болуп калды. Мен ойносом болобу десем, аяш атам макул болуп, биринчи жолу сатира ойноп чыктым. Концерттен кийин аяш атам чакырып, Санжар мындан кийин сатира ойнойсуң деп калды. Ошол күндөн баштап куудул деген кесипти да аркалай баштадым.

Чыгармачылык жолумда аяш атам мага чоң устаз болду. Ал мага окшогон көптөгөн балдарды тарбиялап өстүрүп, өз жолуна салган агай эле. Агайга Аллах ыраазы болсун...

Аяш атамдын жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун! Уул-кыздарынын, неберелеринин өмүрлөрү узун болсун. Биз дайым эстеп Куран окуп турабыз.

### Тынар Курбаналиев:

## АЛ МАГА АТА БОЛЧУ...

Рахман Разыков мен үчүн устат же агай эле эмес, ата ордуна ата болчу. Анткени, кудайдын буйругу экен, 16 жашымда атаман айрылдым. Ал эми Рахман агайыма бала болуп жанында 21 жыл жүрдүм. Мен анын турмуштан тапкан эмес, чыгармачылыктан тапкан эң жакын баласы элем. Себеби, өзү да ушундай деп көп айтчу. Коомчулук билет, ортобузда өйдө-төмөн сөздөр болуп, өз ара таарынычтар болгонун. Кайсы бир деңгээлде, агайымы капа кылып алган учурлар да болду.



Бирок, кандай учур болбосун Рахман акенин башкаларга салыштырмалуу өзгөчөлүгү анын айкөлдүгү, сабырдуулугу, кенендиги жана кек сактабагандыгы эле. Кудайдан жашырбаганды, пендеден жашырат белем. Ошол болбогон араздашуу менен таарынычтар мезгили, мени кайра кусалыкка батырат эле. Мен кадимкидей устатка, анын насааттарына куса болуп, ал кишини сагынат болчумун. Андыктан, кайра эч нерсе болбогондой алдына биринчи болуп





барат элем. Ал дагы эч нерсе болбогондой кабыл алып, экөөбүз кайра ата-бала болуп жуурулушуп кетет элек. Анткени, мен дагы агайдын көзүнөн, анын шакирттерине, балдарына болгон кусалыкты баамдайт элем. Себеби, ал киши чыгармачылыктан тапкан ар бир баласына мээрим төгүп караган устат эле. Анын жашоодо болобу, сахнада болобу, бизге берген тарбиясы ат көтөргүс.

Мен «Бешиликте» алгач жарык койчумун. Жупуну тилде айтканда «светотехник» элем. Ал кезде театрдын өзүнүн ички тартиби бар эле. Гастроль учурунда топтогу балдардын кимиси спирт ичимдиктерин ичкен болсо, же ички тартипке баш ийбесе жумуштан кетчү. Кубанычбек Миталипов деген куудул агабыз ошол учурда «Бешиликтин» башаты болчу. Ошол киши гастролдо бир аз майрамдап алып, театрдан кетип калды. Мен күн сайын жарык коюп олтуруп концертти баштан аяк жаттап алганмын. Кээде, бул жерин мындай кылып койсо, андай кылып койсо болмок деп, ички импровизациямды иштетип олтура берет элем. Ошол түрткү болдубу, кечиндеги концертте Кубаныч аке ойногон сатираларды мен ойноп көрбөймүнбү, – деп Рахман агайга айттым. Ал кишинин көлдүгү ушунда болчу, сен кандай ойнойсуң, ойной аласыңбы деп сурачу да эмес. «Болуптур да, эми ойноп көр да» – деди. Ойнодум, өз импровизациямды кошуп ойнодум. Негедир ошол ролду байытып ойноп койдум окшойт. Ошонун эртеси эле светти, аппаратты Рахман агай башка бирөөгө өткөрүп берип, мага костюм-шым алып берди. Ошондон улам сахнага келип калдым. Негизи, бир учуру келсе Кубаныч Миталиповго мага ордун бошотуп койгону үчүн ыраазычылык айтып, костюм шым алып берип коюшум керек. Ошол биринчи күнү, интермедияларды балдар менен ойногондуктан кыйналбаганым менен, жеке номерге чыкканда кыйын эле болду. Рахман аке, өзүнүн «Мен сен үчүн» деген пародия ырын сахнага чыгып окуйсуң деп карматып койду. Сахнада бир элди, бир баракты карап куудулданып окудум. Эч ким күлбөй койду. Сахнанын капталында Рахман аке күлүп карап туруптур. Мен аябай кыжалат болуп, сахнадан чыгып эле агайга:

— Эч ким күлбөй койду го, – десем. Мени таптап, «За то, мен күлдүм» – деп мага илхам берип койду. Агай, мына ушундай көрөгөч киши эле.

Устаттын артында көп эмгеги калды. «Бешилик», «Беш тапан», «Беш абышка, беш кемпир», «Беш айры» театрларында ойнолгон сатиралардын 99 пайызы, айтылуу «Аралаш» театрында ойнолгон сатиралардын 50-60 пайызы агайдын калемине таандык болчу. Ал кыргыз сатирасынын корифейи болчу.

Агай ооруканада жатканда Чаткалда уулу Каныбек, Ильяз, Жумаш аке болуп гастролдо жүргөнбүз. Агай менен үч күн мурда сүйлөштүк, эртеси да сүйлөштүк. Анан гастролубуз бүтүп, түнү Жалал-Абадга үйгө келип уктап атткам. Таң атпай, жаман кабарды угузушту. Андагы менин абалымды сөз менен түшүндүрүп бере албайм. Же ыйым токтобойт, Ошко жолго чыгып алдым эле, же машине айдай алсамчы калчылдап. Акыры, орто жолдо иними чакырып, машинеми айдатып Ошко бардым. Ал кишини жоготуу ким үчүн кандай болду билбейм, мен үчүн өтө оор жоготуу болду. Акыркы сапарга узатканда мага сөз берилет дешти. Өзүмдү кармап мага айткан, элге айткан сөздөрүнүн баарын айтам дегем... бирок айта албадым. Кайгым, муңум бардык нерсени басып туруп алды.

Учурда, агайдын экинчи өмүрүн улап китеби басылууда. Буюрса, биз ниет кылган анын урматына өтүүчү конкурс, фестивалдар да алыс эмес. Агайымын ыймaны саламат болсун...

**Эрнис Бөрүбаев:**

## БИЗ ЖАКЫН АТА-БАЛА ЭЛЕК

«Бешилик» куудулдар тобу ачылып, ал тууралуу калың эл билбесе да, шоу-бизнес тармагы кабардар болуп калган учурда, атам айтып калды:

— Сен Рахмандын «Бешилик» деген куудулдар тобуна кошуласың, – деп.

— Мен ал жакка кандай кошулам, ырчы болсом, – десем:

— Ал жакта сен солист болосуң, төрт куудул бала бар, бешинчиси сен, ырдайсың, – деди.

Ал кезде мен ямаха ойнойт элем, ошол учурда ямаха аябай популярный болуп аткан. Ошентип, «Бешилик» тобунун ырчысы,







музыканты, кээде куудулу болуп кошулуп калдым. Биринчи жолу Өзгөндө концерт болгондо 30 чакты адам келген. Андан кийин балдарды чогултуп, топтоп Өзгөндүн айылдарына концерт коюп баштадык. Бир айдай концерт коюп, кайрадан райондун борборуна концерт койгондо элдер сахнага чейин тыгылып келип, батпай калган. Ар бир облуска ушундай жол менен концерт коюп, түштүк тарапка абдан популярдуу болдук. Сегиз ай гастролдо дем алышсыз жүрдүк. Кээ күндөрү 5 сеанс концерт койгон күндөр да болот эле, күндүз мектептерге, кечкисин айылдын клубуна 2 сеанстан концерт койчу элек. УАЗ деген катуу машина бар эле, элдикинен башкача, ичинде отургучтары да жок эле. Аппараттарды жүктөп алып, полигине төшөктөрдү салып, 8 ай жүрдүк. Кычыктагы айылдарга чейин барат элек, таш жолдор менен. Бир жылдык мээнеттин акыбети кайтып, Бишкектеги алгачкы концертибиз чоң ийгилик менен өткөн.

Кийин мен ошол «Бешиликте» жүрүп үйлөндүм. Рахман Разыковду өкүл ата шайладым. Ошондон кийин аябай жакын болуп кеттик, ата-баладай болуп. Беш баланын ичинен эң эле жакыны мен дегим келбейт, баары эле жакын, баарын тең өз баласындай жакшы көрөт эле. Жакындыгыбыз андан да артты. Кээде мага бир идеялар келип калса агайга айтат элем, «ушундай кылып интермедия жазсаңыз кандай болот» – деп. Ал киши аябай күлкүчү киши эле, ыкшып күлүп алып, «сен дагы жакшы аракет кылсаң, сенден да жакшы сатирик чыгат, сенин идеяң жакшы, – деп калчу. Минтип коюш керек, антип коюш керек экен деп ыкшып күлүп, экөөбүз көп сүйлөшөт элек.

Рахман Разыков канчалаган таасирдүү сөздөрдү айтса, азыркы күнгө чейин унутулбайт. Анын «балдарым, эч качан акчанын артынан кубалабагыла, эмгек кылгыла, иштегиле, учуру келгенде

силерди акча өзү кубалайт», – деген. Ушул сөздү мен азыр балдарыма да айтып келем.

«Бешиликте» эң кичүүсү мен элем. Эң улуусу Рысбек Жантөрөев эле. Андан кийин Тынар, Талант менен Санжар тең. Ошол кездерде балалык кылып, ал кезде көп нерсени түшүнбөпмүн, «Бешиликтен» Санжар экөөбүз чыгып кеткенбиз. Өз алдынча группа ачып да иштеп көрдүк. Өз учурунда туура кылдыкпы, туура эмес кылдыкпы билбейм. Ал окуялар өзүнчө чоң тема.

Андан бери, көп суулар акты дегендей, көп нерсе унутулду дечи. Бирок, менин көөдөнүмдү өйүгөн бир маселе, агайымдан официалдуу кечирим сурап коюш болчу. Адашпасам, ковид баштала электе, агай менин үйүмө келип 2-3 күн туруп калды. Аэропорттон тосуп алып, «үйгө эле калыңыз» десем, «макул бир күн сенин үйүңдө жатып кетейин дагы, анан жумуштарымды бүтүрөйүн» – деп келип конок болуп кетти. Ошол кезде Манаска кат китебин жазып жүргөн. Менин үйүмдө болсо бутту массаж кыла турган аппарат бар болчу. Үйгө келгенде бутун ошого салып койдум эле, аябай жакты окшойт.

— Сонун экен жеңилдеп калдым, аппаратың жакты, – деп үч күн үйдөн чыкпай массаж алды. Өткөн кеткенди айтыштык. Ошондо «туура эмес кылган болсом, сизди таарынтып алган болсом мени кечириңиз» – деп официалдуу кечирим сураганга да жетише алдым. Ата-бала ошентип, өткөн капачылыкты кечириштик. Бул кишинин дүйнөдөн өтүп кетээри түшүбүзгө да кирген эмес. Өмүрү узун болот, көп жашайт деп ойлойт элем. Анткени, ден-соолугу менен кыймыл-аракети да жаш жигиттей мыкты эле. Мындай болуп кетет деп эч ойлогон эмеспиз. Бизге оор жоготуу болду. Анткени, бизди өз балдарындай карап элге таанытып, жолго салып, жашообузга чоң салымын кошуп, атабыздай болуп калган эле. Жашырганда эмне, кыргыз сатирасы бул кишиден кийин кадимкидей аксап калды. Анын орду башкача эле.

Учурда, мен азыркы жашоо шартыма абдан ыраазымын. Өнөрдүн аркасы менен аброй алып, атыбыз элге сиңип, бала-чакабызды багып келе жатабыз. Ушундай өнөрдүн өрүн аштырып, тарбиясын берип келген Рахман Разыковго эки дүйнөө ыраазымын. Жаткан жери жайлуу, ыйманы саламат болсун...





### Рысбек Жантөрөев:

## ЭКСКЛЮЗИВ УСТАТЫМ БОЛЧУ



Мен тай энемдин колунда, Шыдырда өсүп калдым. Биздин үй клубдун жанында эле. Келген концерт менен кинону калтырбай көргөнгөбү, жаштык кыял мени да артисттикке жетелеп, акыры Жалал-Абад шаарындагы Маданият техникумуна тапшырып, ал жерде окуп калдым. Биринчи жолу Рахман акани ошол Шыдырдагы клубда көрдүм. Рахман аке Алина менен Айчүрөк деп концерт коюп барып калды, бизди раматылык акебиз Манас Бердибеков тааныштырды. Мен аларга ошондо кошулуп алып жакынкы айылдарга кыдырганбыз. Кийин, Жалал-Абаддагы Барпы театрында, облустук филармонияда иштеп, анча-мынча эстрадалык топтордо алып баруучулук кылып жүрдүм. Жашоодогу жол дайыма эле тегиз боло бербейт да. Мен дагы турмуштун шарапаты менен 1999-жылдары айылга келип, тамеки эгип иштеп калдым. Анан бир күнү эле Рахман аке Дөөлөт Мадымаев менен үйгө келип калды. Мени тааныбай калыптыр. Ошондо айтып калды, «Бешилик» деген куудулдар театрын ачканын. Мени келип иште, сен тааныган эле куудул балдар бардыгы деп чакырды. Ошентип, «Бешилик» театрында иштеп калдым.

Рахман агайыбыз аябай сабырдуу, боорукер жана аябай башкача күлгөн адам эле. Аябай күлгөндө дыханиясы токтоп калгыча күлчү. Бир жолу мага:

— Рысбек, машина айдаганды билесиңби? Кечинде Борончунун үйүндө машинем калды эле, алып келип берген бирөө болсо жакшы болот эле, – деп калды.

— Макул, алып келип берейин, ключту бериң, – деп калдым. Агай таңгала карап:

— Вообще то, сенин айдаганыңды көрбөпмүн, чын эле айдай аласыңбы? – деп күлүп калды эле, мен дагы жөн турбай:

— Автомат машине оңой болот экен, «Р» га койсоң Рахмандай токтоп калат экен. «Д»га койсоң Диля жеңемдей тихо жүрөт экен десем, көзүнөн жаш чыккыча күлдү эле.

Ар нерсени айтып, раматылык устатты мен көп күлгүзөт элем. Анткени, ал киши бардык нерсени сатиранын көз карашы менен карайт эле. Бизге насаат айтса да сатира менен, намек кылып айтчу. Аябай жини келип сөгүнгөндө «келесоосуңбу?» – деп койчу. Эч кимдин көңүлүн оорутчу эмес. Жаш балдар менен деле чоң адамдардай сүйлөшөт эле. Мен ушундай кишинин колунда иштеп, ал киши менен замандаш болгонума сыймыктанам. Ал чыгармачылыкта эле эмес, жашоодо дагы чыныгы устат эле. Устатты туурайбыз деп, жашоодо көбүбүз оозубузду күйгүздүк. Көрсө, биздин устат эксклюзив киши болгон экен. Эми, миң кайгырсак да Рахман Разыков кайра жаралбайт. Ал эми биздин жүрөгүбүздө гана жашайт.

Айла жок... ыйманы саламат болсун...







# «БЕШ ТАПАНДЫН» БАЯНЫ

# СӨЗ БАШЫ



«Беш тапандын» бири Болсун Токтогулдун Тоолугунан болот. Атасы менен апасы Ошко апкелип мага таштап кетишкен. Акыл болсо Баткендик. Акыл бир жылча «Бешиликте» оператор болуп жүрдү. Ошентип аралашып жүрүп, анан «Беш тапанга» өттү. Кыргыз-өзбек университетинен Баатыр деген бала келди. Ал Алайкуулук болот экен. Төртүнчү тапан Өзбекстандык бир бала болду. Бешинчиси, өзүмдүн уулум Каныбек. Каныбек мектепте кээ бир сабактарын жакшы окубагандыктан, эжекеси чалып математика, физиканы балаңыз окубайт деп калчу. Анан эмнеге окубайсың десем, мектепти бүтсөм, кой багам, – деп калчу.

— Туура айтасың, балам, мектепти бүтсөң, кой алып берем. Эжекеңе да айтам, экинчи уулумдун жаман окуганы үчүн мектепке чакырбагыла. Балам мектепти бүтсө койчу же фермер болот деп. Бирок оюмда балдарымдын бири менин жолумду жолдоп кетсе деп ойлочумун. Каныбек али өтө жаш болгондуктан, эмнеге жөндөмдүү экенин билбейт элем. Эмнегедир иллюзионист болсо деп да ойлочумун. Анткени өзүм жаш кезимде бул өнөргө абдан кызыкчумун.

Кийин Ильяз менен Союз келди топко. Албетте бул балдарымдын ар биринин таланты, жөндөмү ар түрдүү эле. Анда сөз башынан болсун.





*Агайдын бул эскерүү кол жазмасы да ушул жерге келип токтоптур...*

*Аттиң дүйнө... Көзү тирүү болгондо, өзү негиздеген «Бешилик», «Беш тапан», «Беш айры», «Беш абышка, беш кемпир» куудулдар топторунун тарыхын толук, ийне-жибине чейин жазып кетмек. Агай билгендей бул топтордун тарыхын эч ким толук билбейт эмеспи. Мен дагы жазылбай калган тарых барагын толуктайын деп, учурунда ушул топтордо иштеген өнөр адамдарынын көбүнөн сурамжылап материал чогулттум. Негедир, биринин айтканы экинчисинин айтканына төп келбей калган окуялар көп болгондуктан, 20 беттей топтолгон материалдарды басуудан алып салдым. Бул китепке агайдын өзү жазып кеткен кол жазмаларын эле бергим келди. Мен билгенден «Беш айры» тобунда алгач Каныбек Мамбетов, обончу Кален Раев сыяктуу белгилүү инсандар иштеген. Кийин Ысык-Көлдүк Руслан деген жигит жетектеп, бул топто көптөгөн жаштар иштеди. Алардын бири Насыят деген жигит учурда куудулдук өнөрдү аркалап келүүдө. Ал эми, «Беш абышка, беш кемпир» тобунда белгилүү өнөр адамдары Гүлжайна Атаканова, Марал Абдыкеримовалар иштегенин билем. Бул топко Рахман агай*



*өзүнүн өкүл кызы Канчайым Токоеваны жетекчи кылып дайындаган эле.*

*Мүмкүн кийинчерээк бул топтордун тарыхы терең изилденип жазылар. Азырынча, топтордо иштеп кеткен агайдын мен тааныган шакирттеринин эскерүүлөрү менен чектелип турууну чечтим.*

### Канчайым Токоева, өкүл кызы:

## «ӨКҮЛ АТА ЭМЕС, АТА БОЛЧУ»



Биз жолдошум обончу аткаруучу Сапар Сакабаев экөөбүз баш кошкон күндөн тартып азыркы күнгө чейин өкүл атабыз Рахман Разыков бизге ата ордуна ата болуп турмуш сапарыбызда да, чыгармачылыкта да өзүнүн чоң салымын кошуп келет. Биз КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, КРнын Жазуучулар Союзунун мүчөсү, Кыргызстанда алгачкы жолу, кыргыз элине гана эмес коңшулаш өлкөлөргө таанымал болгон «Бешилик», «Беш айры», «Беш тапан» жана «Беш абышка – беш кемпир» куудулдар театрын ачкан алп куудул, саясатчы, улуу инсан Рахман Разыковдун өкүл балдары болуп калганыбызга Аллахка чексиз шүгүр кылабыз.

Өкүл атабыз бир гана искусство жаатында эмес чыныгы жашообузда да бизге чоң устат эле.





Ал киши адамдын психологиясын билген, ар бир адамга өтө аяр мамиле жасаганы менен да өзгөчөлөнгөн инсан болчу. 2008-жылы биздин үйдө оор жоготуу болуп мен депрессияга кабылган учурда өкүл атам 2009-жылы «Беш абышка – беш кемпир» куудулдар тобун түзүп, мени жетекчи кылып, депрессиядан сууруп чыккан. «Беш абышка, беш кемпир» куудулдар тобу алгачкы жолу Таш-Көмүр шаарында түзүлүп, концертке даярдык биздин үйдө болот эле. Биринчи жолу концерт койгондо жаңы топко эл келе бербейт деп «Бешилик» тобунан Рысбек Жантөрөевди кошуп берген. Биздин группада куудул кыздар болгондуктан ар бир көрүүчү, сатира сүйүүчүлөр суктануу менен ар бир концертти кызыгуу менен күтүп көрүшчү. Группада алгачкы куудул кыздарыбыз айрыкча Гүлжайна Атаканова, Марал Абдыкеримовалар учурда кыргыз журтчулугуна өздөрүнүн таланты менен кеңири таанымал болушту. Гүлжайна Атаканова азыркы күнгө чейин элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп сахна ажарын ачып, өзүнүн жеке концерттерин тартуулап, элине кызмат кылып, ушул группадан чыккан кыз болуп калыптанып калды. Жалпысынан ушул топко кырктан ашуун кыздар келип кетишти, арасында куудул болгусу келгени бар, артист болгусу келгени бар.





Мисалы бир класста отуз окуучу болсо, баарына бирдей билим берилсе да, алардын арасынан беш-алты окуучу эң мыкты деген баа менен окуп, ийгиликтерге жетишет. Куудулдар тобунда деле ошондой, келип үйрөнөт. Алардын арасынан эки же үчөө таланты мыкты болуп, элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан куудулдардан болуп кетишет. Рахман Разыков мына ушундай таланттар мектебинин негиздөөчүсү эле. Ал биздин сыймыгыбыз эле...

Айта берсең сөз түгөнбөйт. Себеби, атабыз артында тарых калтырган инсан болчу. Айла жок, артынан ыйлап, кайгырып кала бердик.

Жаткан жериңиз жайлуу, ыйманыңыз саламат болсун, ата...





# «БЕШ ТАПАН» КУУДУЛДАР ТОБУНУН ЭСКЕРҮҮСҮ

**Ильяз Иманалиев, шакирти:**

## «БИР БАРГАН ЖЕРИНДЕ ШАШПАЙ ЖҮРӨ БЕРЭЭР ЭЛЕ...»



— Рахман агай жөнүндө айта турган болсом, көп нерсе эске түшөт. Эскере турган абдан көп жакшы сапаттары, мүнөздөрү, биз үлгү, өрнөк алчу өнөрлөрү бар эле. Биринчиден адамдык сапаттарына токтолсом: кичипейилдиги өзгөчө эле. Өзүндө асыл сапаттардын, өнөрдүн багажы кенен эле, аны шакирттеринен эле эмес, башка адамдардан да аячу эмес. Акылы болсо акылын, акчасы болсо акчасын, кеңеши болсо кеңешин аябаган, баарына тегиз жеткирген кенен адам эле... Мен ушул сапаттарын өзгөчө эскергим келди... Мага азыр да кандайдыр бир кеңеш керек болгон маалда, эсиме кылт дей түшөт. Агайдын бизге «өмүр бою оокатыңды кыл» деп калтырып кеткен улуу өнөрү болду. Балким, бул адам болбогондо, колуна келбегенде мен куудул болбойт белем...

Дагы бир кызык кулк-мүнөзүн айта кетейин: бир жерге барса, экинчи жерге такыр шашпайт эле. Экинчи жерге айтылган саатында барбай, эртеси барам деп койчу. Анын эртеси деле ошол биринчи барган жеринде жүрө берген, шашпаган киши эле. Мен ушул сапаттарын өзүмө көп алдым, үйрөндүм. Менде да азыр агайдыкындай

адаттар пайда боло баштаган. Шеф деле шашчу эмес, мен деле шашып эмне кылам деп калдым (күлүп). Агай бир жакка бара турган болсо, кайра кайтып келээр убактысын так план кылбайт эле. Жолмо-жол башка да иштерин бүтүрүп жүрчү. Биз агайдан өтө жакшы билим, тарбия алдык.

### Союзбек Сейитказиев, шакирти:

## «РАХМАН БИЛИМИ ЖОК БАЛДАРДЫ ЧОГУЛТУП, НАН ЧАЙНАП БЕРИП ЖАТАТ ДЕП АРДАНГАН КЕСИПТЕШТЕРИ ДА БОЛДУ...»



— Агайлардын да агайы болот, Рахман агайда чыныгы агайлык сыпаты бар эле... Көрөгөч, көп окуучуларды нөлдөн баштап тарбиялап чыкты. Дүйшөн агай десек болот. Кимге эмне жарашаарын, кайсы баласына кандай образ туура келээрин жакшы билип, ошого жараша жазып берчү. Шакирттери менен көп сырдашар эле... Ролду ийине жеткире албай жатсак дагы, күнөөнү өзүнөн издеп, «сонун болду» деп жөлөп турган агайыбыз бар болчу. Көпчүлүктүн алдында шакирттерин көтөрмөлөп, «балдарым укмуш таланттуу, бооруңарды эзет» деп «2» ала турган баласына да «4» коюп берген шыктандырган агай болду. Булактын көзүн дайыма тазалап ачып турду. Эл алдына чыгып келгенден кийин товарыбыз жакшы өтпөй калса дагы, «сонун болду балам, эми бул жерин ондоп кой, мына ушинтип башталат» деп стимул берип коёр эле. Ыңгайсыз





абалда турган окуучуларын көрсө да, көрмөксөнгө салып өтүп кетээр эле. Жашоодо акчаны эмес, идеяны кубалап жашагыла дечү. «Рахман билими жок балдарды чогултуп алып, нан чайнап берип жатат» – деп арданган кесиптештери да болду. Адамгерчилик жагына келсек, өтө жөнөкөй, өткөн ишке өкүнбөгөн, туура эмес ишти ойлонуунун ордуна андан чыгуунун жолун издеген, эч кимге күнөө артпаган, кыянатчылык кылган адамдарды билип турса дагы алар менен иштеше билген эң мыкты сыпаты бар эле. «Сатира – бул жашоо, турмуш. Элдин боорун эзгиче күлдүрө албасаң дагы, ойлонтосо, «ушундай болуш керек экен, болуп калды, көрдүң» деп койчу. алсаң мына ушул сатира» дечү. Кокус, туура эмес иштер болуп кет- «Беш тапандын» ичинен ойнолчу сатиралардын бардыгын мага айтып берээр эле, «сен балдарга айтып кой» деп. Мен агайдын сатираларын угуп, балдарга айтып, интермедияларды коюп жүрүп, өзүм дагы сатира жазганды үйрөнүп алдым. Окуучулары мыкты болсо, агайыбыз кылымдап жашап, жакшы сөздөр ээрчийт. А менин тилегим, окуучуларынын бардыгы мыкты чыкса экен деп тилейм, агайдын өмүрү өчпөй улана беришине колдон келген аракеттерди жасайбыз.

### Болсунбек Стакеев, шакирти:

## «АГАЙ КИМГЕ КӨҢҮЛ БУРБАЙ КАЛСА, АЛ ТЕАТРДАН КЕТЕТ ДЕЧҮ ЭЛЕК...»

— Ушул жылдын 1-мартында Рахман Разыковдун колуна барып, атам менен апам тапшырганына толук 20 жыл болду. Агай мага ошондон бери үлгү, тарбия, билим берген чоң мектеп болду. Бизге агай катары берген эң чоң жазасы бул – унчукпай коюу эле. Такыр көңүл бөлбөй койчу. Театрда кимге көп көңүл бурбай калса, ошол жумуштан кетчү эле. Бизге берген катуу тарбиясы ушул болду. Биз да билип калганбыз, кимге көңүл бурбай калса, «аа баланча жумуштан кетет окшойт» депчи.

Негизи биринчи «Бешилик» деген топ ачылып, Кыргызстанда



абдан популярдуу болду. Ошол кезде агай «Бешилик» менен жүрүп айтып калды: «мен жаш куудул балдардан турган «Беш тапан» деген топ түзгөнү жатам – деп жарыя кылды, айткан саатында бардык. «Бешиликтин» программасындагы, анын ичинен Рысбек Жантөрөевдин ролдорун ойноп, экзаменден өткөм. «Бешилик» театрында, «Беш айры», «Беш абышка – беш кемпир» топторуна агай абдан назар салып, көңүл бурду. Мен тамашалап айтып калат элем, «агай, кыргыз тың чыккан баласына көп көңүл бурбайт го, биз «Беш тапан» тың чыгып калган окшойбуз, такыр эле бизге көңүл бурбайсыз» – деп. Билбейм, эмнегедир биздин курамга абдан ишенчү, агай... «Жашсыңар, өзүңүн этабы болот, такшалып ошол этаптан өтөсүңөр» – деп коёр эле. Алдыдагы пландардын бардыгын «эртеге» деп сүйлөчү. Биз көнүп калганбыз, агайдын ар бир сөзүнө, кээде агайдын сөздөрү аткарылчу, кээде болбой да калчу. Баарына кайыл болуп иштеп жүрдүк, биздин көкүрөктө куудул болуу деген чоң эңсөө бар да. Майда-барат нерселерге көңүл бурдурчу эмес.

Биз группа менен концерт коюп жүргөндө, эл келбей же болбой калса, чырылдап жиберчүбүз. «Эмнеге болбой калат, концерт коюшубуз керек эле да?» – деп. Агайга айтсак, ал киши «мм, болбой калса жакшы болуптур да, болбой калганы жакшы да, мүмкүн жакшы жагы бар» деп коёт эле. Кандай гана нерсе болбосун, жакшы жакка жоруп койчу. Мен агайдан ушул сыпатты алып калдым: бардыгын жакшылыкка жоруйм. Бул мага чоң сабак, жашоомдо көп колдоном. Агайдын кенебей койгон жагы менде да калыптанган. Элдин айтканына караганда мага агайдын ушул сапаты өткөн. Саясатка агай абдан жакын болгондуктан, сатирага караганда экөөбүз саясатты





көп сүйлөшчүбүз. Мен да саясатка кызыгам, ал мени менен чоң чөйрөдөгү, чоң адам менен сүйлөшкөндөй сүйлөшөөр эле.

### Баатырбек Абакиров, шакирти:

## «БАШКА АДАМДЫ УГУП ЖАТЫП ДЕЛЕ ООЗДОРУ КЫБЫРАЙ БЕРЧҮ...»



— Агай негизи өзгөчө адам эле. Бирөөлөр менен сүйлөшүп жатканда, конокто отурса, башкалар сүйлөп жатса деле ооздору кыбырай берчү. Эч жөн турчу эмес, ойлонуп ичинен сөз курап турар эле... Мен бир күнү суроо бердим: «агай, сизге бирөө сүйлөп жатса деле оозуңуз кыбырай берет го» – деп. Агай мындай деп жооп берген: «Баатыр, адамдын эки мээси болот, эки мээни тең иштетишти билиш керек, адамдардын бир эле жак мээси иштейт». Агайдын деги эле эки мээни тең бирдей иштетиш керек деген сөзү бар эле... Көрсө агай алардын деле сөзүн угуп, ошол эле убакта ичинен сатираларын дагы толуктай берчү экен. Ушул сыяктуу өзгөчөлүк жактары өтө көп эле. Агай Кыргызстан, мекен үчүн күйүп жүрүп өттү окшойт... Бизге дайыма элди, жерди сүйүүгө үндөчү . Агайдын дагы бир айткан сөзү бар: «Ар бир көргөн нерседен сатира жаратса болот» – деген. Мен ошого абдан таасирленип, көргөн нерселеримден сатира жаратканга аракет кылам. Жаратып да жүрдүк. Улуу кишинин окуучусу болуп калганыма абдан сыймыктанам. Көзү тирүү болгондо 70, 80 жылдык

маарекелерин белгилеп, чогуу бир сахнада дагы көп сатираларды жаратып, ойнойт элек. Тагдыр экен, айла жок, ушундай болуп калды. Агай өзү айтмакчы, «50 жылбы, 60 жылбы, 100 жыл жашаймынбы, мен өлгөндөн кийин менин өмүрүм 200-250 жыл кайрадан жашайт» деген. Агай жок болсо да, анын экинчи өмүрү жашап кала берет, эсибизде сакталат. Биз анын окуучуларыбыз, бизди көргөн адамдар агайдын эмгектерин баалашат.

**Акылбек Абакиров, шакирти:**

## «АГАЙ СӨГҮНМӨК ТУРГАЙ, ЖАМАН СӨЗ СҮЙЛӨЧҮ ЭМЕС...»



— Агай жөнүндө көп нерсе айтсак болот. Мени агай үйдөгүлөрдөн сурап алып келгенинде 7-классты бүткөн кезим эле. «Беш тапан» тобу түзүлө электе, «Бешилик» менен иштеп жүрдүм. Агайдын жакшы сапаттарынан көп үлгү алдык, мен ушул улуу адамдын колунда чоңойдум. Окутту, тарбия берди, турмушка бышырды. Адам менен кандай мамиле курууну, сүйлөшүүнү үйрөттү. Жылуу мамилени берди. Жанында жүрүп көптөгөн адамдар менен таанышып, мамиле куруп калдык. Жоро-дос, ака-үкө, бир тууган таптым. Бир дагы жаман сөз укпадым агайдан. Эң эле жаман сөзү, сөккөнү – «ой, сен келесоосуңбу?» дегени болду.

Эми бата, дуба кылгандан башка эч нерсе кыла албайт экенбиз... Дубаларыбыз кабыл болсун деп эле отурабыз.







## ЫР БАЯН

*Кыялымда дале жапжаш баламын,*
*Кучагында эркелеген апамын.*
*Ыр жазуунун алиппесин үйрөнүп,*
*Сыноосунан өткүм келет атамын.*

## ЖАЗАМ ЫРДЫ

Жазам ырды жазгым келип жатканда,
Жер бетине жарык шоола чачканда.
Жазам ырды түн уйкумдан ойгонуп,
Жалгыз жылдыз калгычакты асманда.

Жазам ырды жазгым келип жатканда,
Күн кызарып тоо артына батканда.
Жазам ырды булбул сайрап безилдеп,
Жыт аңкыган гүлдөр гүлүн ачканда.

Жазам ырды жазгым келип жатканда,
Акыйкатты арам алдап атканда.
Жакшы көргөн жандай досум жанын жеп,
Жалган айтып жан дүйнөсүн сатканда.

Жазам ырды жазгым келип жатканда,
Жакшы врач жанга дабаа тапканда.
Колу жеңил дарыгерден жалтанып,
Таш боор ажал аргасыздан качканда.

## КЕТЕР КҮН БАР УНУТПА

Мүрзөлөр көп, күмбөздөр көп эскирген,
Акыреттин айбат сүрүн сездирген.
Эстелиги турат жапжаш жигиттин,
Эли-журту көк жал эле деп жүргөн.

Ошол жерде жайын тапкан түбөлүк,
Кылган иши, аты-жөнү бүдөмүк.
Жатат далай кабырлары пенденин,
Жабалактап мүрзөсүнө гүл өнүп.





Эне сүтүн эмбей кеткен наристе,
Жатат ушул сүрдүү, муңдуу бейитте.
Топуракты жамынган го торкодой,
Толуп турат айдай сулуу периште.

Бул жалганда жетсе башың булутка,
Бүт дүйнөнү алсаң колго жыйып да,
Сен көтөргөн табыт менен бир күнү,
Өзүң жатып кетериңди унутпа...

## ӨЗҮНӨ КУРУП КЕТКЕН ЭСТЕЛИГИ

Ыр деген, акындардын бакытыбы,
Болбосо, жүрөк тилген азабыбы.
Сөз терип, жылдыздардын арасынан,
Ай менен сырдашканы адатыбы.

Ыр деген, акындарга наристеби,
Тогуз ай толгоо тартып торолтушкан.
Эзилип энесиндей мээрим төгүп,
Бешикке бөлөп алып чоңойтушкан.

Ыр деген, акындардын эртеңиби?
Же анын, жан дүйнөсү, мектебиби?
Менимче ырдан кынап тургузулган,
Өзүнө куруп кеткен эстелиги.

## КЫЯЛДАНУУ

Уйкусуз түндөрүмө
Ойлорум жолдош болуп.
Уктатпайт ой-чабытым,
Үшкүрүк көөдөн толуп.

Эстесем бала кезди,
Эскирген кино болуп.
Жүргөндөй бала кезим,
Жылдызда учуп-конуп.

Ааламды кезет тынбай,
Ой кулук, тегеренген.
Жашоонун жыргал кези,
Жаштыкка барып келем.
Уйку жок көз ирмебей,
Чөмүлөм ойго терең.
Балалык бирге өткөргөн,
Досторду эстей берем.

Ойлорум мага сырдаш,
А мезгил сызат шашып.
Өр тартып барам күндө,
Чачымды бубак басып.

## СӨЗ

Сөз ыйлатат, сөз күлдүрөт бардыгын,
Сөз өнөрү болду менин тагдырым.
Турса кыргыз сөздү барктап, колду чаап,
Туудай болуп желбирейт го бакытым.
Жагып турса жазгандарым элиме,
Жан дүйнөмдүн ашырышып ташкынын!

Бар байлыгым тилимдеги өнөрүм,
Бар өнөрдү элге чачып келемин.
Бетпактарды сөзүм менен бетке чаап,
Бечараны колдоп, келет жөлөгүм.
Улутума угут болгон улуу сөз,
Улам күчөп, уланса экен дегеним.





## ЫР УККАНДА

Ыр укканда ыр дайра агылгандай,
Сүйүүлөр нурлуу саптан жаңыргандай.
Билинбей бүт дүйнөңө бүлүк салып,
Жаздагы жарк-журк эткен чагылгандай.

Үндөр бар жүрөктөргө дүбүрт салган,
Бир уксаң өмүр бою эсте калган.
А бирок, мезгил менен кошо кетип,
Түбөлүк калбайт тура, аттиң арман!

Ыр уксаң кадимкиндей жашарасың,
Булутсуз көк асмандай тазарасың.
Ыр менин бүт дениме сиңип кеткен,
Эскирбес эң алгачкы махабатым.

## ЧАРЧАДЫМ

Түйшүк тартып, жашыбыздан такшалып,
Үркөрдөй топ Аралаштан аттандык.
Арабыздан эрте кетти Манасым,
Ал артынан Дөөлөттү да узаттык.
Жамбыл достун чачындай биз суюлуп,
Үркөр болуп... үчөө калдык, азайдык...

Аралаштын алп кылычы биз элек,
Азыр биз да мокок болуп жүдөдүк.
Артыңардан кууп жетип барарбыз,
Ажал жетип, калса суубуз түгөнүп.
Абдылдабы, Жамбыл, балким өзүмбү,
Ким дүйнөгө түркүк болмок түбөлүк.

Жашка келдик, акыл толуп калчанып,
Жашабадык, жашырынып жалтанып.

Жылмайтсак да башкаларды күн сайын,
Жан дүйнөбүз аңтарылып ыйладык.
Кыйынды эмес, баалап калган тыйынды.
Коомдогу куудул болуп чарчадык.

Кайсынысын, кайсы бирин айтайын,
Ким чарчады?.. Мен чарчадым калчанып...

## ЖАРАТКАН, СЕНДЕН СУРАНАМ

Үзүлүп канча өмүрлөр күтүүсүздөн,
Үмүтүң ташка тийген толкун болуп.
Үшкүрүп өчкөн оттон үмүт жолдош,
Үйдөгү караңгылык коркуу болуп.

Өлүм ак бул жашоодо, биз конокпуз,
Өзү биз тегин туулуп келбегенбиз.
Өзгөртүш мындай турсун өз тагдырды,
Өмүрдү балага биз бербегенбиз.

Жаздагы жааган жамгыр, кыштагы кар,
Жараткан, баары сенин оюң менен.
Жашоону сен бергенсиң, сен аласың,
Жасадың бүт ааламды колуң менен.

Өзү бул Кудай кылган иш болду деп,
Билесиң пендең күнөө кетирерин.
Өмүрүн узун кылып балдарымдын,
Өлүмдүн мага бергин кечирээгин.

## АДАМ ПАРЗЫ

Кээсин билсем, кээсин такыр билбеген,
Кечээ күнү чогуу жүргөн биз менен.





Келбес жакка түбөлүккө аттанып,
Кандай мыкты эрлер өттү дүйнөдөн.

Жарык дүйнө болуп эми караңгы,
Жатат жерде, кимдер эстейт аларды?
Жылдызга окшоп сиңип кетчү ааламга,
Нурга окшотуп жаратканбы адамды.

Буйруп өмүр бул дүйнөгө жаралдык,
Кесир сүйлөп, кылдык балким жамандык.
Кечиришип, түшүнүшүп дегендей,
Аткаралы парзыбызды Адамдык!

## УШУЛ БАКЫТ БҮТПӨСӨ ДЕЙМ ДЕГИ ЭЛЕ

Алыстабай ээрчип ата-энеден,
Айылдагы балдар элек кече эле.
Азыр болсо чоң атабыз өзүбүз,
Алтымышка келиптирбиз тез эле.

Ырыскымды кем кылбады жер эне,
Ыр жаңырып турду жашоо середе.
Ыйманымды таза кармап келемин,
Ыйык куран кубат берип денеме.

Уул-кызым болуп уук-кереге,
Улуу бакыт – күлүп турса небере.
Урмат-сыйды насип кылып жараткан,
Ушул бакыт бүтпөсө деймин деги эле.

## КЫЯЛЫМДА БАЛАМЫН

Бак аралап ойлуу басып кадамдай,
Баалуу буюм жоготкон бир адамдай.

Ырларындай атам менен агамдын,
Кыйналамын ыргактарын табалбай.

Анда жашмын ырдын сырын билбеген,
Ойноок кезим кечке үйгө кирбеген.
Азыр болсо атама окшоп мен дагы,
Асыл сөздүн уйкаштыгын изденем.

Кыялымда дале жапжаш баламын,
Кучагында эркелеген апамын.
Ыр жазуунун алиппесин үйрөнүп,
Сыноосунан өткүм келет атамын.

Ойлорумдан сөз асылын иргедим,
Ата сизге, жагаар бекен тизмегим.
Туңгуюктан тунук жолду көрсөткөн,
Ала-Тоодой тирегимсиз сиз менин!

## ДОСТОРУМА

Теңтуш экен ата-энебиз барында,
Теңтуш болуп бир чоңойдук айылда.
Сагынышып жолугабыз баладай,
Сакалдардын карабайбыз агын да.

Ырыскымды кем кылбады жер энем,
Ырды, сөздү айттым сахна-середен.
Силерди ушу айлап-жылдап көрбөдүм,
Силер мени кээде көрүп теледен.

Актык чогуу жашоо деген кемеден,
Алыс болдук арам деген немеден.
Адилеттик, акыйкаттык , сүйүүнү,
Алыптырбыз ата менен энеден.





Душманым жок, эгер болсо жеңемин,
Дүйнө болсо сураганын беремин.
Ден соолукту каалап элдин баарына,
Достук парзын бийик сактап келемин.

## БИЗ КАЙДА БАРАТАБЫЗ

Өсүп-өнгөн жерге биз батпай калып,
Өлкөбүзгө ашык баш жатка айланып.
Эне-атанын жыты бар үй-жай калып,
Эт жүрөктөр муздады ташка айланып.

Адамдай калагы жок кайыктагы,
Таба албай үмүт кылар багыт дагы.
Бага албай кара жанды мекен жерден,
Бактыны издеп чыктык алыстагы.

Чилдей тарап жашоодо жарышабыз,
Чиеленген жолдордон адашабыз.
Чыйт түкүрүп киндик кан жерди таштап,
Чырылдашып биз кайда баратабыз?

## БИЗ САХНАДА

Биз сахнада министрбиз, молдобуз,
Кээде күлүк, кээде кашаң, жоргобуз.
Келесообуз, депутатпыз, бандитпиз,
Аша чапсак ага капа болбоңуз.

Биз сахнада окуучубуз, агайбыз,
Кээде байбыз, кээде тыйын санайбыз.
Кээде баатыр, кээде коркок, кыялкеч,
Кол жетпеген жылдыздарды самайбыз.

Биз сахнада бирде аял, эркекпиз,
Төрө пейил бюрократ же элпекпиз.
Акылдуубуз, гений, академикпиз,
Керек болсо кээде жинди, тентекпиз.

Биз сахнада президентпиз кааласак,
Өмүр бою кетпес болуп шайланган.
Кудай берген талантыбыз жетелеп,
Ырыскыбыз сахна менен байланган.

Биз сахнадан ханга салам бербеген,
Таланттарбыз, бүт баарынан бийикпиз.
Бирок элден бийик болбой дайыма,
Таазим кылып элге башты ийип биз.

## ЭЛ ДЕП ЖАШАП ЖҮРӨМҮН

Баркын билип бакылдаган үнүмдүн,
Шайлоо болсо шайдоот болуп сүйүндүм.
Талапкерлер ат тезегин кургатпай,
Каккылашат каалгасын үйүмдүн.

Барчу жерге барып айткан саатта,
Бапыраймын кайталап сөз тажатма.
Жетекчилер, аким, атка минерлер,
Айланышат кызматчыга заматта.

Дасторконго түрдүү тамак коюлуп,
Конок болом күндө койлор союлуп.
Төрө пейил боло түшөм мен дагы,
Жөнөкөйлүк мүнөзүмдөн жоюлуп.

Өзгөртүлөт үнүм чыгып кайраттуу,
Маңызы жок сөздөрүм да салабаттуу.





– Сиз сүйлөңүз, төргө өтүңүз, – деп турса,
Мен өзүмчө боло түшөм айбаттуу.

Шайлоо бүтөт, баары тарап кетишет,
Максаттарга, мандаттарга жетишет.
Кызмат кылган акимдерге жолуксам,
Кыя басып саламдашпай өтүшөт.

Шайлоо болсо керек болом билемин,
Шагым сынбайт эстеп алып күлөмүн.
Жан дүйнөңөр байлык менен мансаппы,
А мен болсо эл деп жашап жүрөмүн.

## ЭМГЕГИБИЗ ЭЛИБИЗГЕ СИҢИП КЕТКЕН

«Бешилик», «Айры» болуп биздин сөздөр,
Бирөөнүн талуу жерин илип кеткен.
Бийликке сиңбесе да эмгегибиз,
Билгендин жүрөгүнө сиңип кеткен.

Жалкоону сындап айткан сөздөрүбүз,
Жүлүнгө жебе болуп кирип кеткен.
Жогорку жактагылар сезбесе да,
Жөн элге жомок болуп сиңип кеткен.

Көкөлөтпөй бийликти сөздөрүбүз,
Көйгөй айттык, эл ичи тараза экен.
Көрүүчүнүн батасы наам болуп,
Көкүрөккө нур болуп сиңип кеткен.

## ШАЙЛОО КЕЛЕТ

Шайлоо келет жакындап, шайлоо келет,
Партиянын тизмеси такталууда.

Акчалуулар баш жакка тизилишип,
Акчасыздар артынан катталууда.

Көчкөн менен өлгөндөр тизмеленип,
Акча үчүн бар кишидей добуш берет.
Кемпирлери он жыл мурун өтсө дагы,
Шайлоого чалы менен чогуу келет.

Шайлоо келет жакындап, шайлоо келет,
Байгелүү топ улактар берилүүдө.
Акыл эмес, акчага чиренгендер,
Жең ичинен эл менен кезигүүдө.

Шайлагын деп келишет, шайлагын деп,
Беш жыл уктап ойгонгон талапкерлер.
Биздин жердеш, колдогун ушуну деп,
Баягы эле чуркаган саяпкерлер.

Шайлоо келет жакындап, шайлоо келет,
Арак, коньяк, казы-карта эттер келет.
Беш жыл мурун силерге жалган айткан,
Билимсиз, уяты жок беттер келет.

Шайлоо келет жакындап, шайлоо келет,
Ырыскыңды уурдаган, уялбаган.
Тойгуча жеп, өлгүчө карганышып,
Куран кармап сөзүндө туралбаган.

Шайлайсыңар, кайра эле шайлайсыңар,
Жан жыргаткан жалганды угуп туруп.
Напсиңерди тыялбай жетеленип,
Жүрөк менен чындыкты туюп туруп.
Кайра эле ошолорду шайлайсыңар...





## КЫРГЫЗДЫН КЫЙЫНДАРЫН ТАППАЙ ЖҮРӨМ

Таластан жолуктуруп бир жигитти,
Тумар кылып жүрөгүмө сактап жүрөм.
Туу болуп эл башында туруп берчү,
Туйгунун мен кыргыздын таппай жүрөм.

Нарын үчүн намыска турам деген,
Нак кыргыздын жигитин мактап жүрөм.
Нарын эмес бүт кыргыз сыймыктанчу,
Теңир-Тоонун жигиттерин таппай жүрөм.

Көлдөй таза чалкыган жигит көрүп,
Көөдөнүмө көбүрүп батпай жүрөм.
Көкүрөгүн кыргызга тосо турган,
Көлдөй кенен кыргызды таппай жүрөм.

Сары-Өзөн – Чүйдөн көрүп бир жигитти,
Сары майдай жүрөгүмө сактап жүрөм.
Сууруп берчү жүрөгүн кыргыз үчүн,
Султанын мен кыргыздын таппай жүрөм.

Ош, Баткен, Жалал-Абадга батпай турган,
Балдарын мен кыргыздын байкап турам.
«Бүт кыргыздар биздики» деп сыймыктанган,
Баатырларын кыргызымдын таппай турам.

## АБИЙИР СОТУ

Чыркыраган чындык жатса кордолуп,
Акчасызга акчалуусу зор болуп.
Боло алдыңбы адилеттин жанында,
Же турдуңбу өз көмөчүң ойлонуп.

Болбос ишке бүгүн жанды камчылап,
Өмүр өтөт кайра алынбайт ай сымак.
Элестетсем балдарымдын эртеңин,
Жүрөк байкуш туңгуюктан жанчылат.

Айып көрбө, айланайын, кыргызым,
Ачуу чындык жерде калбайт айтылат.
Аман жүрсөк бир күн жооп берүүчү,
Абийир соту көз алдыма тартылат.

## САТЫЛЫШАТ

Сатылышат сатылып келишкендер,
Элин эмес, кызматын ойлогондор.
Ууруну, каракчыны билип туруп,
Ушуну шайлагын деп колдогондор.

Сатылышат бийликке кул болгондор,
Жугундукор иттердей семиришкен.
Мите курттай ичине кирип алып,
Эл үмүтүн алмадай кемиришкен.

Сатылышат досторуң чогуу жүргөн,
Чыркыраган чындыгың билип туруп.
Сен аларга кучагын жайып турсаң,
Артыңдан бычак саят күлүп туруп.
*Ош шаары, 2021-жыл, 3-февраль.*

## БАЗАР ЖАШОО

«Базар жашоо» учурда баарыбызды,
Башыбызды айлантып байлап алган.
Абийир, уят, намысты мындай коюп,
«Акча» бизди алдына айдап алган.





Ак сарайдай салынган үй эшигин,
Акчасы жок мейманга ачпай калдык.
Жайлоодогу кымызын жолоочуга,
Бекер берген кыргызды таппай калдык.

Кылымдарды карыткан көчмөн элдин,
Нарк насилин колдонбой келиптирбиз.
«Общий дом» деп мактанып дүйнө элине,
Тилге кошуп, дилди да бериптирбиз.

«Пулуң болсо, кулуңмун» деген сөздү,
Тил чыккандан балага үйрөтөбүз.
Акчалуунун бутуна намаз окуп,
Ал сүйлөгөн тилде биз сүйлөшөбүз.

Байлык десе бүт баарын алмаштырып,
Жүрөк күйүп, жүлүнгө жете электе.
Кудайым ыйман берип сактап калгын,
Кыргыз элим жок болуп кете электе.

## СУРАГЫЛА АКАЙДЫН БАЛАСЫНАН

Сурагыла Акайдын баласынан,
Келе жаткан шайлоодо койбойт бекен.
Кыргыз үчүн өз жанын аябаган,
Жигиттердин тагдырын ойлойт бекен?

Сурагыла Акайдын баласынан,
Сырттан алган карызды төлөйт бекен.
Бүт кыргызды карызга бөлөп коюп,
«Чыйт» түкүрүп чет элге кетпейт бекен.

Сурагыла Акайдын баласынан,
Тентип кетти кыргыздар билет бекен.

Энелердин төгүлгөн көз жаштарын,
Анча-мынча көңүлгө илет бекен.

Сурагыла Акайдын баласынан,
Өз элин канын соруп тооруйт бекен.
Жетинчи кабатында жатып алып,
Коррупция оорусунда ооруйт бекен.

*2001-ж.*

## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Кыргыз тили кыргыз үйдө сүйлөнбөй,
Кыргыз тилин кыргыз калды үйрөнбөй.
Кыргыз тили паспорту жок кыргыздай,
Өз үйүндө өгөйлөнүп жүргөндөй.

Кыргыз тили төрдөн орун табалбай,
Босогодо унут калган адамдай.
Орус тили опузалап сүйлөсө,
Ооз ача албайт четтен келген жарандай.

Байкуш тилди мынча неге кыйнадык,
Сындасак да орусчалап сындадык.
Кыргызстан мекеним деп айтпастан,
«Киргизия – общий дом!» – деп ырдадык.

Бүт балакет Өкүмөттөн башталат,
Ураан ырын, Гимн дешип аткарат.
Орусчалап отчёт алат Эл башы,
Аны көрүп, эне тилди эл чанат.

Казак тилин босогодон каратпайт,
Башка тилдер ойсоктобойт тарактап.
Кош тил дебей, коңшуларга окшоп биз,
Кыргыз тилде жазсак неге жарашпайт.





Кылымдардан кылымдарга узарып,
Кыргыз тили жеткен бизге, бул анык.
Манас атам сүйлөп келген бул тилди,
Маңкурт болбой сактайлычы сураныч!

## БИР КЫРГЫЗДЫ БӨЛБӨГҮН

Жүрөк муздап, жүлүн бошоп,
Айтылган бул армандбы.
Улуу Манас урпактары,
Экенибиз жалганбы?

Келбедикпи кылымдарды,
Кыргыз болуп карытып.
Кыйын кезде Манас руху,
Сүрөп жолго салышып.

Акылмандар сүйлөгүлө,
Кимиңерди угабыз?
Бир ууч кыргыз бүгүн неге,
Бириге албай турабыз.

Эгер күнөө элде болсо,
Жашырбастан айткыла.
Туңгуюктан жол көрсөтүп,
Туура жолду тапкыла.

Түштүксүңбү, түндүксүңбү,
Кел бийликке, бийлегин.
Акты ак деп, көктү көк деп,
Калыс болуп иргегин.

Тууганыңа, жердешиңе,
Үй-бүлөөңө жан тартып,
Бир кыргызды, бир мекенди,
Эки бөлүп ийбегин.

# ЭЖЕЛЕРИМ

Эжелерим бар менин,
Башкалардан башкача.
Чоңу тилдүү, кичүүсү
Сүйлөбөгөн таптаза.

Кичинемде көтөрүп,
Бастырышкан жетелеп.
Чоңойсо баатыр болот деп,
Чаң жугузбай бөпөлөп.

Тоо көтөргүс силердин,
Мээнетиңер билемин.
Жаман көздөн сакта деп,
Тилек кылып жүрөмүн.

Жашоодон жаңылбасын деп,
Тартасыңар убайым.
Элүүдөн ашып кетсем да,
Тилдесеңер угамын.

Алаарын алып убакыт,
Алтымыш көздөп барамын.
А бирок эки эжеме,
Азыр да жапжаш баламын.

Эжелерим бактыма,
Өмүрлүү болсун, бар болсун.
Кылымдын жашын көрүшүп,
Жараткан өзү жар болсун.





# АГАМДЫН ЫРЛАРЫ КӨП ЖАЗЫЛА ЭЛЕК

*(Агам Райымжан Разыковго)*

Ыр менен бирге жашап, бир уктаган,
Мен чыны, агам менен сыймыктанам.
Атадан мурас болгон акындыкка,
Агамдан жолун улап мен да ыктагам.

Шашылып жатасыңбы, кызыктырбайт,
Уккун дейт, ырларымды бирден сындап.
Биринчи образдуу окуп берип,
Экинчи, обон менен берет ырдап.

Берилип мен ырлардын саптарына,
Таң калам уйкаш түшүп жатканына.
Кыналып уста тизген кирпич сымал,
Кыйшайбай түз урулган дубалына.

Ооруса, онтоп сырын билгизбеген,
Оор жүгүн кумурскага тийгизбеген.
Улууну урмат кылып, кичүүлөргө,
Ызааттуу мамилеси «сиз, биз» деген.

Бүт өмүр соода болуп арнаганы,
Бейинсап алармайды алдабады.
Балдарын багып жүрүп жок дегенде,
Жөнөкөй «Жигули» алып айдабады.

Катылган жүрөктөгү табыла элек,
Байлыгым – ырларым дейт казыла элек.
– Жараттым бир топ ырды, бирок, иним,
Жакшы ыр дагы көп дейт жазыла элек.

Асылым, бир тууганым аман болсун,
Жагымдуу жакшы ырына куржун толсун.
Арбагы атабыздын колдоп дайым,
Жолобой кырсык сизден алыс болсун.

## ЖУБАЙЫМА

*(Диля жубайыма арнайм)*

Кайгы азабы жан дүйнөмдү талкалап,
Турган кезде жандап бастың калкалап.
Тагдыр мага канча сыноо берсе да,
Медер тутуп келдим сени аркалап.

Туңгуюктан туура жолго жетелеп,
Уул-кызды бой жеткиздик бөпөлөп.
Өтүп келдик турмуш деген сыноодон,
Биз калбадык моюн сунуп чөгөлөп.

Балдар азыр учкан куштай тараган,
Сен жанымда тирегимсиң, садагам.
Көздөрүңдө сүйүү калган сакталып,
Канча жылдар өтсө дагы арадан.

Менин бактым, тагдыр сага туш кылып,
Койгонунда кош канаттай жуп кылып.
Мезгил бизден жаштыкты алып кетсе да,
Сен келесиң сүйүү балын жуткузуп.





## ТАТТУУ БОЛСУН ТУРМУШУҢ

*(Чолпон кызыма каалоо)*

Мезгил келип кечээ алыс көрүнгөн,
Түгөй таптың бирге өтчү өмүрдөн.
А мен үчүн наристесиң жан кызым,
Жамгыр сымал ак булуттан бөлүнгөн.

Түгөй болуп алганыңа жарашкан,
Таттуу болсун турмуш жолуң бараткан.
Бала берсин, бакыт берсин силерге,
Кабыл кылып ак тилекти жараткан.

Өмүр жолу келет бүтпөй уланып,
Турмуш жолго турам сени узатып.
Ак тоюңда, ак батасын берсин деп,
Бүгүн турам дос-туугандан суранып.

Сен бой жеттиң, эртең кетчү коноктой,
Учкан куштай убакытты тоготпой.
Узатайын өз үйүңө жан кызым,
Балалыгың эми өтмүш жомоктой.

## КАРТАЙБАЙ КЫРГЫЗ ЖҮРӨК СОГУП ТУРСУН

*(Досум Юра Бобковго)*

Кыргыздын ырын ырдап, түшүн жооруп,
Кыргызча сүйүп-күйүп, кыргызча ооруп.
Кыргызга күйөө бала болуп калдың,
Кыргыздын кызын алып кызыл жоолук.

Кыргыздын дилин сыйлап, тилин сыйлап,
Кыргызча обон жаздың, кыргызча ырдап.
Кыргызча бешбармак жеп колу менен,
Кыргызча кошок кошуп, кыргызча ыйлап.

Эки элге бирдей согуп көкүрөгүң,
Достуктун куруп келдиң көпүрөсүн.
Досуң Үсөн бүгүнкү салтанатта,
Жок болуп турганына өкүнөмүн.

Бир суунун азыр эки жээгисиң,
Досубузсуң, эркесисиң элибиздин.
Күйөө бала картайса жээн болот,
Юбилейи кут болсун жээнибиздин.

Кой сойсо жиликтерин санап бирден,
Кыргызча дасторконун жая билген.
Оруска орусчалап макал айтып,
Кыргызга кыргызчалап «Лапша» илген.

Мекениң – көк тиреген тоолор, аскаң,
Медериң – Ысык-Көлүң чалкып жаткан.
Ырларың кылымдарга жашай берсин,
Жазылып «Досум Үсөн» деген дастан.

Башыңа бакыт кушу конуп турсун,
Каныңды кыргыз катын соруп турсун.
Келбетиң кычыраган жигиттейсиң,
Картайбай кыргыз жүрөк согуп турсун.





# ЭЛҮҮНҮ БҮГҮН АТТАДЫҢ

*(Жамбул Камчиевге)*

Чычалап сөзгө кетпеген,
Чырымы жашты сезбеген.
Чыгыптыр досум элүүгө,
Чындыгы элүү кеп бекен.

Төбөңдөн түшүп чачтарың,
Эл журтка «Лысый» аталдың.
Эркеси болуп сахнанын,
Элүүнү бүгүн аттадың.

Салып кой кулак кебиме,
Сыноонун чыктың белине.
Сатираң менен теппей жүр,
Бел жактын ылдый жерине.

Акылдуу жансың, акылдуу,
Айтылса ушак укпай жүр.
Ажалдан келсе чакыруу,
Кезегинди бузбай жүр.

Жармына жеттиң асканын,
Жигиттей чыйрак басканың.
Жарытаарлык иш кылбай,
Жарым кылым жашадың.

Жан бирге асыл досумсуң,
Жаман деп кантип айтамын.
Жабаев Жамбул атаңдай,
Жүз жылга жетсин таскагың.

*Бишкек, 2004-ж.*

## АК ПЕРИШТЕМ

*(Максат инимдин алгачкы махабатына арнайм)*

Жаркылдап аздектеген жарым болбой,
Жадырап аткан жайда таңым болбой.
Жарык күндүн алдында адаштык биз,
Жарга барып такалган жарым жолдой.

Куюн сымал жок болдуң жүзүм сүйкүм,
Кулагыма жаңырбай шыңгыр күлкүң.
Карап жолду олтурам жүрөк сыздап,
Карааныңа зар болуп көзгө сүртүм.

Жуурулушуп акпадык ак деңизден,
Жубай болдуң башкага бап келишкен.
Жүрөгүмдүн түбүнөн жарып чыккан,
Жүз обонго айландың ак periштем.







## КӨӨДӨН КЫЙКЫРЫГЫ

*Күлкү жок жүзүндөгү,*
*Күйүттөн кемсингендей.*
*Кыялда арман күүсү,*
*«Кыргыз көч» чертилгендей.*

# КЕТЕ ЭЛЕКТЕ ОТ ЧЫГЫП

Жарык өчсө эртең күйөт,
Бирок үмүт өчпөсүн.
Эл тагдырын калчагандар,
Чүкөлөрүн ойлоп туруп өкчөсүн.

Суулар тоңсо,
Жазда ээрийт,
Бирок жүрөк тоңбосун,
Билермандар,
Муштум болуп түйүлгөн,
Бейпилдигин элдин бир аз ойлосун.

Териштирбей уруулардын тамырын,
Тегиз көтөр түптүү элдин өргөсүн.
Так талашкан төбөлдөрүң,
Бир элди,
Түндүк менен,
Түштүк кылып бөлбөсүн.

Бүгүн кетсе кызматынан,
Эртең бийлик душманы.
Кетсиндерге кошулат да,
Кечээгисин унутуп.
Даяр турат,
Сени тирүү жутканы.

Көрдүңөрбү же алардын,
Кыргыз үчүн күйгөнүн,
Канча жолу,
Далилдешти уялбай,
Кызмат үчүн,
«Кетсин» дешип жүргөнүн.

Кыжырланам көрүп туруп,
Кытмыр жалган күлгөнүн.





Бирде ондо,
Бирде солдо,
Бөдөнөдөй билинбей,
Бети жоктун сайрап коюп,
Билинбестен жүргөнүн.

Бир күн Ошто,
Бир күн көлдө тутантып,
Эл тагдырын,
Ойнобойлу от кылып.
Кетсиндерге кесе айтам, toктосун,
Кете электе алоолонгон от чыгып.

# ТӨРӨЛБӨЙ КАЛГАН АРМАН

Билемин үйдөн чыктың,
Врачка баратасың.
Эстээрсиң мени бир күн,
Агарган кезде чачың.

Эркекмин, уксаң апа,
Мен сага керек болом.
Намыска туруп берчү,
Карысаң медер болом.

Ырыскым Кудай берген,
Бар чыгар, кыйнабаймын.
Алдырбай... төрөп алчы,
Апаке ыйлабаймын.

Агам бар бешке чыккан,
Мен ага ини болом.
Атабыз башка билем,
Баландын бири болом.

Жүрөгүң менен сүйлөш,
Ал деле кыйбай турат.
Атасыз төрөбөйм деп,
Абийириң кыйнап турат.

Жашоого беш ай мени,
Эмнеге жараттыңар.
Тирүүлүк ыраа көрбөй,
Жүрөктү канаттыңар.

Апаке суранамын,
Кеч болуп кете электе.
Бычактын муздак мизи,
Жүрөккө жете электе.

Орунсуз жаңылышкан,
Оюңдан кайтып кетчи.
Колуна шум ажалдын,
Таптырбай тартып кетчи.

Жараткан бере албаган,
Жардамды кимден күтөт.
Чымындай чыркырап жан,
Каңырык турат түтөп.

Бычактын курчутулган,
Үндөрүн угуп жатты.
Жатында жаткан бала,
Ажалды туюп жатты.

Буйруган мени өлүмгө,
Апамды көргүм келет.
Бир жолу кош эмчегиң,
Эркелеп соргум келет.

Мен деле балага окшоп,
Төрөлүп калсам эмне.





Оролуп ак кепинге,
Адамча өлсөм эмне.

...Жан алчу бычак келди,
Түйүлдү бала жаткан.
Туш келди кесип кирди,
Байкушту аябастан.

Күрөшүп жашоо үчүн,
Кесилген тартып ичин...
Кичине колу менен,
Кармады бычак мизин.

Кыпкызыл гүлдөй болуп,
Боёлду бала канга.
Жүрөктүн кагылышы,
Угулуп анда-санда.

Жатса да түйүлдүктө,
Ажалга тик караган.
Абийирин сатпай турган,
Айрылдык бир баладан.

Ажалдын каткырыгы,
Жүрөктү тилип кетти.
Жашоонун ааламында,
Бир жарык жылдыз өчтү.

Күнөөсүз периштеге,
Айланган бала кетти.
Апага таарынычын,
Айталбай ала кетти.

Кош апа, төрөлө элек,
Баланды көрбөй калдың.
Жаралып жарык көрбөй,
Жок болуп өлгөн жанмын.

Бейиштен чын жашоодон,
Буйруса жолугабыз.
Баары бир, сиз апамсыз,
Бар болуң, оорубаңыз.

Төрөлбөй канча балдар,
Бейкүнөө шейит кетет.
Эненин таман алдын,
Эмнеге бейиш дешет.

Айласыз бул кадамга,
Аялды эркек түрткөн.
Балаңдын кереги жок,
Дегенде жашоо бүткөн.

«Атанын сөзү ок» – деп,
Айтылган бир макал бар.
Балдарды кудай берет,
Сактайлы биз адамдар.

## ТАБЫТТАГЫ ҮН

Билемин апакебай,
Кабырган кайышканын.
Көрөөргө күнүм бүтүп,
Караңгы табыттамын.

Максаттар талкаланды,
Алдыңа кантип барам.
Айласын таппай ыйлап,
Башымда турат агам.

Бир боорум айланайын,
Өзүңдү көп кыйнаба.





Мага ал жардам кылбайт,
Садагам, болду ыйлаба.

Эртеге кезек кимде,
Кайсы эне боздойт дагы?
Күн бүтүп кайсы шордуу,
Турду экен тартып каны?
Айланам караңгы түн,
Табытта жатам жансыз.
Арбакка айлансам да,
Оюмда апам барсыз.

Апа деп атыңды айттым,
Акыркы жыйнап күчүм.
Арманда балаң кетти,
Актабай эне сүтүн.

Төрөлбөй неберелер,
Сиз күтүп багам деген.
Түбөлүк жерде калды,
Сүйүктүү балаң менен.

Атамды аяп турам,
Аябай күткөн эле.
Келинден келин тандап,
Бушайман түшкөн эне.

Суроо көп, жооптор жок,
Табытта жатам жансыз.
Арбакка айлансам да,
Оюмда апам барсыз.

Биз эмне өлүш үчүн,
Бул жакка келгенбизби?
Же орустун алынбаган,
Өчү бар элденбизби?

Алыста жүрсөм дагы,
Силерди уят кылбай.
Иштедим күнү-түнү,
Эс алып жаным тынбай.

Бирөөгө катуу сүйлөп,
Көңүлүн оорутпадым.
Таң атпай тазалаймын,
Көчөсүн орустардын.

Көчөгө кудай менин,
Чачкандай ырыскымды.
Жатсам да ала жаттым,
Колумда шыпыргымды.

Бир үйдө отуз бала,
Жашайбыз чогуу батып.
Таң атат козголбостон,
Бир жамбаш менен жатып.

Көрсө мен тирүү жүрүп,
Тозокту көрүптүрмүн.
Жаштыктын күчү экен,
Жан апа көнүптүрмүн.

Көзүнөн заар чачкан,
Беш-алты такыр баштар.
Турганда аңдып мени,
Колунда темир саптар.

Ойгонуп түн уйкуңдан,
Жүрөгүң элеп-желеп.
Алыста болсоң дагы,
Жамандык сезсең керек.

Кудайдан тилек кылып,
Балаңдын амандыгын.





Алыстан өтсө экен деп,
Ар кандай жамандыгың.

А балким кеткениңде,
Мемиреп сен уйкуга.
Жакындап калган элем,
Жашаган үй бурчуна.

Жолугуп такыр баштар,
Жолумду тороп калды.
Жазылган бул тагдырды,
Көрбөскө арга барбы.

Ажалды алып кетчү,
Апаке сезип турдум.
А бирок, силерди эстеп,
Арыма келип турдум.

Тең эмес балдар менен,
Мушташка аралаштым.
Тамактан алып мен да,
Бирөөсүн ала жаттым.

Тепкилеп сөөктөрдү,
Чырпыктай сындырышат.
«Бей», «убей» «черныйды» деп,
Беркилер кыйкырышат.

Үзүлүп колум жатат,
Денемди аяп турам.
Арбакка айланып мен,
Өзүмдү карап турам.

Чымын да кондурбастан,
Сиз сүйүп калкалаган.
Барганда ача көрбөң,
Башым жок талкаланган.

Чырпыктан силер тиккен,
Чынардай өстүм эле.
Чымындай күнөө кылбай,
Чымчыктай өлдүм неге?

Табытты жөнөтүүгө,
Чогулбай акча-тыйын.
Айланып кетейиним,
Агама болду кыйын.

Коштошуп денем менен,
Мен өзүм мында калам.
Колуңдан келсе кечир,
Жараткан сага барам.

Жалганды чын деп ойлоп,
Туура иш мен кылбадым.
Намазды намыс көрүп,
Саждага жыгылбадым.

Апаке, сүтүңдөн кеч,
Арманым, актабадым.
Айылга сөөгүм жетсе,
Топурак жазданамын.

Кантейин, колдон келсе,
Кетмекмин жыттап, жыттап.
Түбөлүк кош бол, апа,
Табыттан үнүм чыкпайт.





# КАЙ ЖАККА БАРАТАБЫЗ?

Чиркелген вагондорду,
Паровоз тартып алган.
Жүргүнчү кыргыздардын,
Жүрөгү толгон арман.

Үмүттөр үзүлбөгөн,
Шооланын нуру болуп.
Кыргыздар тарап барат,
Тагдырдын кулу болуп.

Келечек эртеңкисин,
Тумандуу элестетет.
«Туулган жер топурагы
Буйруса келем» дешет.

Аргасыз алыс кетип,
Айылдан, аталардан,
Дүйнөдө жер калбады,
Кыргыздар жашабаган.

Төбөлдөр эл башкарган,
Айткыла, барсыңарбы?
Же элдин келечегин,
Ойлобой калдыңарбы?

Байлыкты эл чогулткан,
Бөлүшүп бүтпөдүңөр.
Жер жутчу желмогузга,
Окшошуп түспөлүңөр.

Кыргыздар Ала-Тоодон,
Айла жок кетип жатат.
Менчиктеп баарын алсын,
Ошолор дешип жатат.

Дүйнөнү чогулткандар,
Түбүнө жеткен эмес.
Байлыкты эч ким көргө,
Көтөрүп кеткен эмес.

Акырет бар экенин,
Силер да сезесиңер.
Оролуп ак кепинге,
Бир күнү кетесиңер.

А бүгүн кыргыздардын,
Көз жашы агып көлдөй.
Алыска сапар тартат,
Максатын анык көрбөй.

Отурат ойлуу келин,
Колунда жаш баласы.
Ата-эне алыс калган,
Тынчыбай ой-санаасы.

Жолдошу сүйүп тийген,
Жоголуп ичип кеткен.
Жыландай бөтөлкөнүн,
Ичине түшүп кеткен.

Арактан ала турган,
Барчудай аласабыз.
Аз-аздан ичкичтерге,
Айланып баратабыз.

Аксакал акыл айтчу,
Аракка тоюп алган.
Аттиң ай, аргасыздан,
Айтылган бул бир арман.

Эл болуп бөтөн жерде,
Муштумдай түйүлө албай.





Жаманда жөлөк болуп,
Жакшыга сүйүнө албай.

Мушташып эки кыргыз,
Бири-бирин сайып салган.
Бирөөсү көздү жумса,
Бирөөсү айыпталган.

Орустун шаарлары,
Кыргызга түнөк болуп.
Оюнда Ала-Тоосу,
Опол тоо, жүрөк болуп.

Сагынып жолугушат,
Саргарып көөдөн толуп.
Чыр менен кайра тарайт,
Түштүксүң, түндүк болуп.

Уруугa, жердештикке,
Бөлүнгөнүңдү коюп.
Качан биз биригебиз,
Жөн эле кыргыз болуп?

Айла жок, Россиянын
Жараны болуп алдык.
Кыргыздар бул кадамга,
Айласы жоктон бардык.

Төрөлгөн бала көзүн,
Ачканда орус көрөт.
Киндигин орус кесип,
Жаткырат орус бөлөп.

Киндик кан тамган жерин,
Мекен деп сүйүп калат.
Ошого кызмат кылат,
От болуп күйүп-жанат.

Көп элдер аз улутту,
Саз болуп соруп барат.
Жоголот кыргыз десе,
Жүрөгүм ооруйт, канайт.

ЮНЕСКО айтты дешет,
Кыргыздын келечегин.
Жок болуп кетээрге биз,
Элүү жыл бар экенин.

Качан биз мекен үчүн,
Жалындап от болобуз?
Күйө албай түтөй берсек,
Күл болуп жок болобуз.

Ташталган кыргыз балдар,
Жетимдер үйлөрүндө.
Армандын күүсү бардай,
Ыйлаган үндөрүндө.

Бирок биз ал үндөрдү,
Укпайбыз, алыстабыз.
«Бийликти алам», – деген,
Бүтпөгөн жарыштабыз.

«Кетсин!» – деп ураан кылып,
Кыйкырып барыш керек.
Кан төгүп болсо дагы,
Бийликти алыш керек.

Жүз элүү партияда,
Жүз элүү түрдүү желек.
Эл үчүн күйгөнү жок,
Баарына бийлик керек.

Кыргызга баш оорутпай,
Керт башты ойлош керек.





Пайдасы чыккан жерди,
Паралап колдош керек.

Дүйнөнү мындай коюп,
Ойлогун ушуларды.
Бийликте бүгүн бизде,
Билерман киши барбы?

Кыргыздар өз тагдырын,
Өздөрү чечип жатат.
Чет элди мекен кылып,
Четинен кетип жатат.

Соодага достук жок деп,
Саргарып базарларда.
Жоготуп ден соолугун,
Айланып араң жанга.

Бизнести бөлүшө албай,
Талашкан чырды көрдүм.
Негрге аял болгон,
Татына кызды көрдүм.

Бир кыргыз жүрөт жолдо,
Таяк жеп каракталган.
Жоготуп ар-намысын,
Таштанды тамактанган.

Күлкү жок жүзүндөгү,
Күйүттөн кемсингендей.
Кыялда комуз болуп,
«Кыргыз көч» чертилгендей.

Кыргыздар бийик эле,
Ырыскы таразабыз.
Ким билет кайсы жолдо,
Кай жакка баратабыз?

# ТОЙ

Тойлор, тойлор, тойлор,
Союлуп жылкы, койлор.
Топурап эл чогулуп,
Айтылат окшош ойлор.

Бактылуу болсун дешип,
Мүрөктүн суусун кечип.
Кармашат бокалдарды,
– Калтырбай ичкин, – дешип.

Карысы, жашы бирге,
Аралаш олтурушат.
Аракты өчү бардай,
Бокалды толтурушат.

– Кана эми алдыкпы?! – деп,
Бир-бирин күтүп турат.
Көз караш билинбеген,
Бокалга түшүп турат.

– Ниетиң таза болсо,
Ичишиң керек, – дешет.
– Калганын карап турган,
Кудайым берет, – дешет.

Бирөөлөр оюн айтып,
Бирдеме сүйлөп жатат.
– Арактан куйгула! – деп,
Ичкенге үндөп жатат.

– Бактылуу болгула! – деп,
Ордунан туруп ичет.
Кемпир, чал пиалага,
Чайнектен куюп ичет.





Сакалдан тамчылаган,
Аракты аарчып коюп.
Карыя төрдө олтурат,
Чылымдан тартып коюп.

Той ээси белектерди,
Толтуруп алып турат.
Жанында олтурганы,
Жакшылап жазып турат.

Көйнөкпү, чепкен, калпак,
Ким эмне алып келди?
Конверт берген болсо,
Канча пул салып келди?..

Күйөөсүн байпак сымал,
Алмашкан келиндердей.
Белекти берет, алат,
Айланган тегирмендей.

Чалчаңдап мааниси жок,
Сүйлөйбүз ойду-тоону.
Камера тарта берет,
Бирдеме десең болду...

Музыка, бий башталат,
Ортого тегиз чыгып.
Үйлөнгөн жигит менен,
Аккуудай келин чыгып.

Заманга шылтап коюп,
Теңтуштай болуп алып.
Тепкилеп бийлейт бирөө,
Виного тоюп алып.

Бийге деп жаш келинди,
Аксакал тартпайт эле...

Андайды уят көрүп,
Абийирин сактайт эле.

Унутуп ким экенин,
Уялбай бийлеп анан.
Оозунан сасык түтүн,
От чачып буркураган.

Кемпириң сексендеги,
Орусча ырдап кирет.
Абышка андан ашып,
Лезгинка бийлеп жүрөт.

Башка элдин бийин бийлеп,
Өтүп да кеттик окшойт.
Унутуп улут бийин,
Түбүнө жеттик окшойт.

– Бул биздин бий эмес, – деп,
Жүргөнгө үйрөнүппүз.
– Өзбекче бийледиң, – деп,
Өгөйлөп сүйлөнүппүз.

Кытайлык кыргыздардан,
Кыргыздын бийин көрдүм.
Кыргызда бий жок эмес,
Тарыхка көңүл бөлгүн...

Тамада той башкарган,
Чыдамы кетип турат.
Тойдогу болуп жаткан,
«Бардакты» сезип турат.

Чачылган дасторкондо,
Төгүлгөн арак турат.
Куюлган, эч ким ичпей,
Муздаган тамак турат.





Эртеси таштандыга,
Ташталып каткан нандар.
Убайын көрөт анын,
Багылып жаткан малдар.

Коёндой окшош тойлор,
Күнүгө кайталанат.
Ичкендин эртеңи жок,
Кыргызым кайда барат?

Максаты тойдун деги,
Мас болуп тараш беле?
Кыргыздын сый тамагы,
Кууруган арак беле?

Ичкенден башканы биз,
Мактансак жарашпайбы?
Тукумуң майдаланып,
Кыргызым баратпайбы.

Кайрылып артка бир аз,
Тарыхты барактайлы.
Кылымды басып өткөн,
Жолдордон адашпайлы.

Төрөгөн кыргыз эне,
Кожомкул, Манастарды.
Бүгүн да баатырларды,
Төрөсө жарашпайбы?

Аракты токтоткунуң,
Чыныгы кыргыз болсоң.
Энелер алп балдарды,
Албаган таап жолдон.

Жазылбай жүрсө башың,
Аракка тойгон тойдон.

Бала, бул – арак эмес,
Бокалга куя койгон.

Көчөдө тентип кетип,
Жүрүшөт арман кылып.
Жыргалды арак менен
Жүргөндөр алмаштырып.

Көнүмүш ушуга окшош
Көргөндө адаттарын.
Кайрылат сезимдеги
Кагылчу канаттарым.

Ата салт асылдыгын
Бир азга ойлогула.
Жаштарга жол көрсөтүп,
Кыргызча тойлогула.

Балпайып басканыңар
Балдарга өрнөк болсун.
Батадан силер берген,
Бөксөргөн көөдөн толсун.

Кааданы жакшы билген
Карылар айткылачы.
Араксыз той берүүнүн,
Айласын тапкылачы.

Тукумду курут кылып
Шум арак баратпайбы.
Кыргызча той өткөргөн
Кыргызга жарашпайбы.

Нускалуу улуу элдин
Урпагы эмес белек.
Эртеге кеч болорун
Унутпай жүрүү керек.







# КУУДУЛ ДЕПТЕР

*Адам жок бул дүйнөдө карыбаган,*
*Агабыз өмүр деген дарыядан.*
*Антсе да, тамаша ыр белек болоор,*
*Алтымыш жаштан ашкан Рахмандан.*

## ДОСТОРУМДУН ЖҮРӨГҮНДӨ МЕН КИММИН?

Бир досумдун жүрөгүндө жакшы досмун,
Көңүлүм баалап билген кадыр достун.
Ошол доско жаңылып ок тиерде,
Ойлонбой көкүрөгүм окко тостум.

Бир досумдун жүрөгүндө такыр жокмун,
Ал үчүн соолуган суу, өчкөн отмун.
Жолукканда кучакташып учурашам,
Чындыгында, көөнүм муздак, көңүл кошмун.

Бир досумдун жүрөгүндө аферистмин,
Аягына чыкпаган такыр иштин.
Атайылап миң долларга «кидать» кылып,
Көрсөтсөмбү аферисттин аферисин.

## ЧАЛДЫН ЫРЫ

Карылыкка моюн сунбай көшөрөбүз,
Кайкалап баскан менен жөтөлөбүз.
Кабыргалар кайышып турса дагы
Калп эле неберени көтөрөбүз.

Кыя өтпөй келиндерге көз салабыз,
Кыялдарда жаштыкка биз барабыз.
Кол-буттар жакшы иштеп турса дагы
Түгөнүп бараткансыйт бир балээбиз.

Кемпирлер баштагыдай кайтарышпайт,
Телефонду, чөнтөктөрдү аңтарышпайт.
Кашайган карылыкка моюн сунуп
Кыялда бир нерсени айталышпайт.





Адам жок бул дүйнөдө карыбаган,
Агабыз өмүр деген дарыядан.
Антсе да, тамаша ыр белек болоор,
Алтымыш жаштан ашкан Рахмандан.

## АКИМДИН ЫРЫ

Он жыл ашты, акам болот ээрчиген,
Акаевди жаман десе кемсинем.
Түбөлүк тур кагылайын, Аскарым,
Тарт колуңду менин президентимен.

Бөтөн элден кыргыз көрсөм тентиген,
Бир боорум деп мен өзүмчө мертинем.
Элди билбейм, өзүм жакшы жашаймын,
Тарт колуңду менин президентимен.

Аким болдум кечээ бошоп элчиден,
Губернатор боломун гой, эми мен.
Оппозиция! Силерди жек көрөмүн,
Тарт колуңду менин президентимен.

*1995-ж.*

## МАС БОЛГОНДО

Мас сүйлөсө маани бербей койбогун,
Мастын уккун айта турган ойлорун.
Мас адамдын мозгисинде жазылган
Маселени маалыматты козгодуң.

Мас болгондо эркеги да, аялы,
Күчтүү иштейт эске салчу акылы.

Сен унуткан өткөн ишти эстетип
Анча-мынча оорутушат башыңы.

Соо кезинде айталбаган батынып,
Сөздөр жаткан жүрөктөгү катылып.
Мас болгондо чыгып кетет ачыкка,
Секреттер салют болуп атылып.

## КҮЛКҮ

Айырмасын билесиң,
Арстан менен түлкүнүн.
Дал ошондой мен дагы
Маскара эмес, күлкүмүн.

Күлкүдөн өмүр уланат,
Күлкүдөн жашоо узарат.
Күлкүдөн чачып чачыла,
Күлгөндөн элдер кубанат.

Ыроолоп күлкү жер бетин,
Ыймандан күлкү кетпесин.
Маскаралап сени күлгөндөр,
Максатка такыр жетпесин.

Күлкүнү бирөө түшүнөт,
Күлкүдөн достук күтүлөт.
Күлкүнү бирөө маскаралап,
Күлө албай жүрөт битиреп.

Күлүп жүр, досум, аз гана
Көрүнсүн тишиң кашкая.
«Дур дом» деп сени көргөзүп,
Душмандар кылат маскара.





Ууртуңдан күлүп кашкая,
Угузба сөздү башкача.
Тамаша кылсаң түшүндүм
Бирок күлкүнү кылба маскара.

## АРАКЕЧТИН АРМАНЫ

Арактан адегенде татып ичтим,
Аз-аздан ооз тийип, качып ичтим.
Байкасам баш оорутма жумуштардын,
Ачкычы арак экен, сатып ичтим.

Анан мен арак менен жакшы болуп,
Бир жүрдүм бийлеп-ырдап, жатып-конуп.
Суйкайып бөтөлкөлөр карап турса,
Сезилди мен издеген бакыт болуп.

Үйлөндүм, той-салтанат куруп ичтим,
Үйүмө бакыт каалап туруп ичтим.
Үзүлүп үмүттөрүм калбасын деп,
«Фу-у», – дедим, суу ичпедим, курук ичтим.

Жаштыктын жыргалына батып ичтим,
Жанында жубайымдын жатып ичтим.
Жактырбай жаман десе ак молдону,
Жашынып достор менен качып ичтим.

Достор менен чогулуп жүрүп ичтим,
Душманымды шылдыңдап күлүп ичтим.
Доо кетээрин жүрөккө кайдан билдим,
Ден соолукту талкалап сүрүп ичтим.

Сыртта калып үйүмө кирбей ичтим,
Ар сыйымдын кеткенин билбей ичтим.

Сыздаган жубайымдын, балдарымдын,
Сөздөрүн кулагыма илбей ичтим.

Бөлөк атты аракка ыраа көрбөй,
Бөдөнөнүн сүтү деп тергеп ичтим.
Босогосун тапкансып мен бейиштин,
Бөтөлкөнүн түбүнө түшүп ичтим.

Балдар ыйын, күлкүсүн укпай ичтим,
Бар күчүмдү аракка жумшап ичтим.
Балтегимдин күчүгүн жолдош кылып,
Бак ичинде баткакта уктап ичтим.

Таң атпай таштандынын казып ичин,
Үйдөгү буюмдарды ташып ичтим.
Бешке чыккан баламды безилдетип,
Ойногон оюнчугун сатып ичтим.

Атам карып калганын сезбей ичтим,
Акылыма негедир келбей ичтим.
Ага-тууган ичпе деп суранышса,
Ага сөзүн кулакка илбей ичтим.

Эч нерсеге көңүлдү бөлбөй ичтим,
Энем өлүп калганын көрбөй ичтим.
Эми кантип айыгам бул оорудан,
Эмдигиче, неге мен өлбөй ичтим?!

## МАШИНЕМЕ КӨҢҮЛ АЙТЫП...

Түн бир оокум, концерт бүтүп аяктап,
Кетти сени бейтааныштар карактап,
Акыйкатты издеп болдум убара,
Таластыктар качып кетти таяктап.





Күмбөзүнө жакын жерден Манастын,
Күчүн көрдүм Манас эмес, арактын.
Менменсинген өпкөсү жок балдарга,
Минип жүргөн машинамды сабаттым.

Колдоп сени дөөт пири пайгамбар,
Оңоп алам «СТО» деген жардам бар.
Колдосо да Манас ата арбагы,
Оңолбойт го эки буттуу айбандар.

*2002-жыл.*

## САЯСАТ

Саясат менен күн батат,
Саясат менен таң атат.
Саясат сасык деп коюп,
Сары май сымал талашат.
Саясатты май дегендер,
«Серьезный» жаман адашат.

Саясатка бүт баарын,
Салыштырып санашат.
Сайдагы суунун акканы,
Саясат болуп баратат.
Сагызган койсо шакылдап,
Саясат дешип карашат.

Саясаттан таяк жеп,
Саясаттан тамак жеп.
Сексенден жашы өтсө да,
Саясатты балам деп.
Сакалын сүйрөп чал жүрөт,
Саясат менен калам деп.

Саясат менен эл болуп,
Саясий сезим козголуп.
Саясат менен ойногондор,
СИЗОдо жатса соттолуп.
Саясат жасап жүргөндөр,
Сезгенип койбойт ойлонуп.

Саясат аткан ок болуп,
Саясат күйгөн от болуп.
Саясий саздан чыгарчу,
Саясатчы турса жок болуп.
Сексени ажо болом деп,
«Срочно» калды топтолуп.

Саясат чындап карасак,
Саясатчыга жарашат.
Саясатка кирип кетсек,
Сары оору кылып жадатат.
Саясат менен оорубай,
Сабырдуу болуп жашасак.

## МЕН СЕН ҮЧҮН

Мен сен үчүн күнү-түнү керек болом,
Мойнуңда шуруң болом, седеп болом.
Узак жолдо сен чаалыгып чарчаганда,
Керек болсо кулуң болом, эшек болом.

Мен сен үчүн Африканын карын кечем,
Мен сен үчүн Антарктида гүлүн терем.
Мен сен үчүн жазда жүрүп өтүк менен,
Мен сен үчүн кышта басам тапичкечен.





Мен сен үчүн талаадагы тайлак болом,
Мен сен үчүн жуулбаган байпак болом.
Сенин бутуң түз эмес, кыйшык экен,
Түз бутумду сындырып тайтак болом.

## РАХМАН МЕНЕН АБДЫЛДАНЫН АЙТЫШЫ

**Рахман:**
Ассалоому алейкум,
Адегенде акындар,
Саламдашыш керекпи?
Шаштырбагын, Абдылда,
Отурган элдер атайын,
Сатып кирген билетти.
Силерге ырдап берейин,
Кандай барктуу экенин,
Кадимки эле тезекти.
Сен дагы чыдап угуп кой,
Бергенден кийин кезекти.

Нан жапкандай дубалга,
Жапсаң болот тезекти.
Нак акчага кыпкызыл,
Сатсаң болот тезекти.
Айланайын тезегим,
Кыргызыма керегим.
Кышта тоңуп калганча,
Тезек тергин дегеним.

Тезек терген өнөрдү,
Үйрөнгүнүң садагам.
Кыргыз кылым карытып,
Тезек менен жашаган.

Эртеңкиге калтырбай,
Бүгүн жыйгын тезекти.
Түшүнбөгөн тупойго,
Түшүндүргүн тезекти.
Кар түшкөнчө кыргызым,
Минтип жый деп тезекти.
Парламентте тартышып,
Закон жазыш керекпи.
Сасыгынан качпагын,
Сагаң айтып жатамын.
Саратанда тезек терип,
Сары майдай сактагын.
Түтүнү жок күйөт деп,
Мактап жатат тезекти.
Илимпоздор иш жазып,
Жактап жатат тезекти.
Экологдор текшерсе,
Аналогу жок экен.
Акча талап кылбаган,
Обычный эле пок экен.

**Абдылда:**
Сенден көрдүм кокуйду,
Төкмө акын кагаз окуйбу?
Андай болсо бери кел,
Экөөбүз чогуу окуйлу.
Айланайын береним,
Сенин,
Ташка бир тийсин керегиң.
Тезекке анча кыйналдың,
Эки кышка жетет го,
Өзүңдүн эле тезегиң.

Томкоруп тоону келгенсип,
Токтогул болуп кеткенсип.
Аңтарып тоону келгенсип,





Алымкул болуп кеткенсип.
Ашыраалы абамдын,
Батасын жалгыз алгансып.
Астанага баргансып,
Алдыңкы орун алгансып.
Аалы акын болуп кеткенсип,
Акындын көбүн жеңгенсип.
Жеңишбек болуп кеткенсип,
Турганы мунун күйгүзөт.
Төкмөлүк өнөр жагынан,
Тууганбай болуп кеткенсип.

Өпкөңдү басып ырдай бер.
Ачыгын айтсам жакпайсың.
Акындын пири болсоң да,
Абдылдадан ашпайсың,
Жанымда турсаң оподдой,
Тим эле,
Жарылбаган таштайсың.
Эл алдында айтсам чын,
Сен мага вообще жакпайсың.
Акыл эмес ээси жок,
Эттүү бирок бети жок,
Бегемоттой Рахмансың!

**Рахман:**
Аттуусу баштайт акындын,
Ошо,
Баштуусу баштайт акындын.
Абыке сенде,
Баш жок болгон соң,
Өзүм баштап жатырмын.
Эттүүсү баштайт акындын,
Тектүүсү баштайт акындын,
Сенде тек жок болгон соң,
Термени баштап жатырмын.

Жаш жамакчы Абдылда,
Жанымда туруп калдың да.
Акын болсоң ыр башта.
Андай өнөр жок болсо,
Сен менин,
«Аллергиямды» ырбатпа.
Же аржакка барып ыржакта.

Айтышам деп сен менен,
Акылыма келбеген.
Самолёт менен жаңы эле,
Оштон учуп келди элем.
Айтышып бир аз кеткенге,
Ашыкем, Замирбектерге,
Эстебес, Түкөмдөр менен,
Эзишкенбиз көп жерде.
Аттиң ай, анын баарысын,
Койбопмун жазып дептерге,
Кезегиңди берейин,
Кана эмесе, кеп сенде.

**Абдылда:**
Баштагын десе сөз башын,
Бажактайсың төкмө акын.
Айткын десе сөз башын,
Тим эле,
Адырандайсың төкмө акын.
Сен болбой эле төкмө акын,
Болуптурсуң өпкө акын.
Пайда таппай тияктан,
Пайда таппай бияктан,
Кылбаган ишиң калган жок.
Өлсөң боло уяттан.
Эми сен,
Бапылдап төкмө болдуңбу,
Банкрот болуп пияздан?





**Рахман:**
Коммерсант болуп мен кетсем,
Артымдан сен да барыпсың.
Акча жоктун айынан,
Ошто үйүңдү сатыпсың.
Кыйратып ийе тургансып,
Бапылдап барып Толукка,
Дыйкан бир чарба ачыпсың.
Кредит алып өкмөттөн,
Аябай төгүп-чачыпсың.
Акырында Абдылда,
Кредитти төлөбөй,
Шаарды көздөй качыпсың.
Сенден кийин дыйканга,
Берилбей калды кредит.
Уятың болсо төлөп кой,
Карызың сенин дагы эле,
Мойнуңда жүрөт илинип.
Дос катары айтамын,
Калбасын элге билинип.

**Абдылда:**
Туура айтасың, Рахман,
Айылда дыйкан чарбаны,
Ачканы чыны ачкамын,
Кредит алып өкмөттөн.
Сага окшогон досторго,
Чачканы чыны чачкамын.
Бирок,
Концерттен акча чогултуп,
Кайра эле ордун жапкамын.

Чукушуп жатып экөөбүз,
Чатакташып жүрбөйлү.
Буларга эмне болгон деп,

Отурган элдер күлбөйбү.
Кредит алсам эмне экен,
Чет элден алган карызын,
Биздин,
Өкмөт деле бербей жүрбөйбү?

**Рахман:**
Сага окшогон бети жок,
Болот экен өкмөтүң.
Акча алса унутуп,
Коет экен өкмөтүң.
Кайырчыдай туш-тушка,
Барат экен өкмөтүң.
Проценти аз акчаны,
Табат экен өкмөтүң.
Тааныштарга таратып,
Салат экен өкмөтүң.

Жеп үйрөнгөн немелер,
Алат экен акчаны.
Жин тийгендей жок кылып,
Салат экен акчаны.
Анан чыгып уялбай,
Сага окшоп Абдылда,
Акынмын деп айтышып,
Булгайт экен сахнаны.
Көзүңө такыр илбейсиң,
Сахнага сени чыгарып,
Ырдатып койгон ким дейсиң?
Ал ардактуу менин аяшым,
Ырыстын баркын билбейсиң.
Туфлиңди сүр дейсиң,
Машинаңды жуу дейсиң,
Башкасын койгун Абдылда,
Болбосо үйдө аяшым,
Башыңды таппай издейсиң.





Багелегиң аңтарып,
Шымыңды жөндөп кийбейсиң.
Шылтоону издеп аяштан,
Шыпырып сөгүп тилдейсиң.
Кантсең да сени ызааттап,
Мактап жүрөт аяшым.
Балдарыңдын так санын,
Тактап жүрөт аяшым.
Иттигиңди жашырып,
Жактап жүрөт аяшым.
Башка аялга жолуксаң,
Кайрылып калмак канатың.
Анткенимдин себеби,
Абдылда,
Мектепти араң бүтүргөн,
Сен бир,
Мадыра баш баласың.
Аяшым менин Ырыс го,
Ырыстуу жерде төрөлгөн.
Ат коюлуп Ырыс деп,
Ак бешикке бөлөнгөн.
Мына,
Мен да ырыстуу жерде төрөлгөм.
Жеңалбайсың өлсөң да,
Жемиштүү менин көрөңгөм.
Бакылдап жаткан Абдылда,
Кудай ургур төбөңдөн.
Басса-турса Ырыс деп,
Менин, Ырыс аяшыма,
Качан болсо,
Жөлөнгөнүң жөлөнгөн.

**Абдылда:**
Мас болгондо сакта деп,
Анча-мынча кокуйдан.
Машина айдап рулга,

Мен деги эле отурбайм.
Аяшыңды алганда,
«Илибой» ишке жарайт деп,
Мактап берген кайнатам.
Ичкен кезде чалкалап,
Каалаган жакты көрсөтүп,
Аяшыңа айдатам.
Туура айтасың Рахман,
Туфлийимди Ырыска,
Тазала деп карматам.
Анткенимдин себеби, мен,
Аялды сенчилеп бекер албагам.
Ала жипти мен аттап,
Тескери жолго барбагам.
Булар кандай киши деп,
Мен силерге таң калам.
Канча катын калды экен,
Жаныбек экөөң албаган.
Кинконгдун кызы калды окшойт,
Киркоров экөөң албаган.

**Рахман:**
Айтпайын десем, Абдылда,
Чукулап өзүң баштадың.
Эсиңден чыгып кеттиби,
Күмөндөр экөөң ээрчишип,
Башка «бир жакка» барганың.
Эртеси күнү кайтканда,
Кийип жүргөн турсаңдын,
Тескери болуп калганын.
Ал ишиң,
Аяшка чейин угулуп,
Чоң чатакты салганын.
Ала жипти аттайм деп,
Абдылда, сен үйүңдөн,
Айдалып кете жаздадың.





Элдешкиле, уят деп,
Арачы болуп баргамын.
Чоңойсо издеп жүргөндүр,
Ошондон калган балдарың.
Абийириң калган жабылып,
Акылдуу чыгып алганың.
Түшүнүп өзүң турасың,
Айтпасам деле калганын.

Жиниме тийсең Абдылда,
Тескери кылам калпагың.
Тепкилеп элдин көзүнчө,
Жайылат ташка талпагың.
Көптөн бери мушташпай,
Кычышып турат бармагым.
Урматын ойлоп турамын,
Сакалын сыйлап атаңын.
Чындасам азыр, Абдыке,
Чыгарып коём пачагың.

*(Айтыштын авторлору:*
*Р.Разыков жана А.Иманкулов).*

# БҮГҮН БИЛДИМ

*(ырга пародия)*

**Бүгүн билдим жүрөгүмдүн бардыгын,**
**Болк-болк этип колтук асты кыймылдап.**
*Акбар Рыскулов*

Бүгүн билдим аялымдын бардыгын,
Бакырганда канакей деп айлыгың.
Көптөн бери көчө жакка мен чыкпай,
Бүгүн билдим батинкемдин тардыгын.

Көрүп калып агарганын чачымдын,
Бүгүн билдим бар экенин башымдын.
Кээ күндөрү карбаластап өзүмчө,
Таппай калам ким экенин атымдын.

Бүгүн билдим күлүктүгүн оюмдун,
Бүгүн билдим кыска экенин боюмдун.
Байкап калдым капысынан жууганда,
Бар экенин элдикиндей колумдун.

Бүгүн билдим бар экенин бутумдун,
Билдим дагы биринчи ирет жуундум.
Бутум байкуш чирип кете жаздаптыр,
Байпагымды чечип салып кутулдум.







# ТАМСИЛДЕР

*...таш менен урганды аш менен ургун,*
*Сөз жебести какшыктап тургун...*

# ТОКОЙДОГУ ШАЙЛОО

Сөз эркиндиги деген илдет,
Токойго да жетиптир.
Арстанга баш ийген жаныбарлар,
Оппозицияга жана хоппозицияга
Бөлүнүп кетиптир.
Токойдун ичи бардак,
Бирин-бири кыйнап,
Сакалдуу эчки арак куюп,
Улактары төрдө олтурушат ырдап.
Күйөөсү жок эшек,
Зебрадан бозуп алган.
Арстанга наараазы болгон теке,
Эчкилери менен,
Жолду тосуп алган.

Түлкү эки жактан кабар алып,
Бир күн бийликке,
Бир күн оппозицияга барып.
Бир сөздү экөөнө,
Эки башка айтып,
Ортодо жүрөт бүлүк салып.
Түлкү менен баары эсептешет.
Эки жак тең,
Бул бизге керек дешет.
Анткени анын,
Менчик гезити бар.
Жинине тийсең,
Жазып ийет,
Шерменде кылып кезек-кезек.

Баарынан да үкүгө кыйын болду,
Күндүзү байкуштун көзү көрбөйт.
Же берки ызы-чуу кылгандар,
Пикеттерин токтотуп,





Тынчып өлбөйт.
Айласы кеткен Арстан,
Айбанаттардын өкүлдөрүн,
Бүт чакыртып алыстан.
Келгендерге,
Көз кырын таштады,
Сөзүн минтип баштады:
– Ушу кезге чейин токойду,
Жалгыз башкарып келдим эле,
Бардык маселени өзүм чечип,
Кыйынчылыктарды жеңдим эле,
Кээ бирөөлөрдүн айтымында,
Мен «диктатор» имишмин.
Жанагы,
Жаагы тынбаган сагызганды,
Саясый мотив менен,
Аттырып ийипмин.
Анын кантип өлгөнүн,
Баарыңар жакшы билесиңер.
«Сагызган сактыгынан эмес,
Суктугунан өлдү» – деп,
Айтып эле жүрөсүңөр.
Ушундай ушак сөздөргө,
Бүгүндөн баштап «Точка» коёлу,
Парламенттик шайлоо өткөрүп,
Демократиялык токой бололу.

Ошентип,
Шайлоо болчу күн такталды.
Талапкерлер арыздарын жазып,
Мыйзамдын негизинде катталды.
Айбан да болсо,
Жек-жааттарын издешип,
Шайлоонун
Шайтан оюну башталды.

Дасторкондор жайылып,
Арак-шарап суудай агылып,
Үгүт иштери жүрүп жатты,
Музыкалар жаңырып,
Жардамга чакырышып,
Алыс-жакынды.
Жолго шагыл төшөлүп,
Асфальт да басылды.
Бүтпөгөн көпүрөлөр бүтүп,
Көчөлөргө жарык тартылды.
Өмүрү суу келбеген
Арыктардын багы ачылды,
Өзгөчө ыкма менен казылды.

Талапкерлердин баары,
Бири-биринен жакшы.
Өмүрүндө бирөөнү
«Сиз» дебеген карышкыр:
– Эгерде мени шайласаңыздар,
Сиздер үчүн,
Өлүп берем! – деп жатты.

Айбанаттардын көпчүлүгү,
Акчалуу талапкерге ыктады.
Аскада жашап алысты көргөн,
Бүркүттүн сөзүн эч ким укпады.
Тандалып талапкерлер мыкты,
Шайлоонун жыйынтыгы да чыкты.
Карышкыр, Чычкан, Кашкулак,
Атаандаштарын,
Биринчи турдан эле утту.

«Депутат» деген кыпкызыл,
Мандаттарын алышты.
Салмактуу басып чалкалап,
Парламентке барышты.





Эң кызыгы алар менен,
Чынын айтсам, бир аз жүдөп,
Галстук тагынып,
Байкуш,
Эшек да жүрөт.
Шайлоого чейин эшекти,
Эч ким билчү эмес.
Үйүнө чакырса дагы,
Конокко бирөө кирчү эмес.
Эми болсо минтип,
Көзүнө көз айнек тартып,
Парламентте олтурат,
Арстанга акыл айтып.

Анткени эшек шайлоого,
Чоң даярдык менен барыптыр.
Айбандардын добуштарын,
Акчага эле сатып алыптыр.
Көрсө ал,
Байкуш эмес тура.
Ишенбесең элден сура...
Анткени эшек,
Наркотик ташып жүрчү экен,
Акча тапса эле
Депутат болоорун билчү экен.

Тамсилден жыйынтык чыгарып,
Эшекти шылдыңдап күлбөгүлө.
Акча тапкан эле адамды,
Акылдуу деп билбегиле.

# КОРОО КАЙТАРГАН ДӨБӨТТҮН СОТУ

«Дөбөттүн соту бүгүн болот» , – деп,
Гезиттерге эбак эле жазылган.
Кээ бири тамаша кылса,
Кээ бири күбө болуп,
Айбанаттар
Бүт келишти алыс, жакындан.

Дөбөт сакчы болуп турганда,
Элдин баары аны мактап,
Бирөө да жаман жагын айтпаган,
«Иштегенди дөбөттөн үйрөнгүлө», –
деп теледен,
Өзү айткан №1-Арстан,

Дөбөткө кийген формасы жарашып,
Бирөөлөргө жакса да,
Кээлери тескери карашып.
Душмандары көбөйө баштаган.
Көзүнчө күлүп, көзү жокто,
Көрүнгөн жерде ушак таратып.

Айтылган ушак сөздөр акыры,
Жогору жакка жетти.
Аларга ишенип Арстан,
Көпчүлүктүн көзүнчө дөбөттү
«Акмаксың», – деп балп этти.
Андайды күтпөгөн дөбөт
Арстанга таң калып
Ары барып, бери барып,
Акыры,
«Өз каалоом менен», – деп,
Арыз жазып кызматтан кетти.





Ошону эле күтүп тургансып,
Гезиттин баары
Дөбөттү шыбап жаза баштады.
Кечээ эле мактаган бети жоктор,
«Келесоо», – дешип дөбөттү,
Кеңири көрдү каза баштады.

Тергөөнүн жыйынтыгы боюнча,
Дөбөт иштебей уктап жатыптыр.
Кылымдар бою жаткан
Короодогу кыкты
Кызмат абалынан
Кыянаттык менен пайдаланып,
Көрүнгөн жакка
КаМАЗга жүктөп сатыптыр.

«Жакшы караган эмес,
Короодогу койлорду,
Сатып ийген,
Тезек менен коргоолду» –
деген жалаа жабылып,
Акыры себеп табылып,
Кыскасы дөбөттүн үстүнөн,
Кылмыш иши козголду.

Тергөө иштери,
Бир тарап жүрүп жатты.
Тегеректеп жүргөн кандектер,
Дөбөттү таанибай,
Ырылдашып үрүп калды.
Чындык жеңет деген Дөбөттүн,
Үмүтүн эми таш капты.

Тергөө бүтүп,
Сот иштери башталды.
Соттун төрагалыгына,

Карышкыр өзү шайланды.
Эки жыл мурун,
Түн жамынып ушул Карышкыр,
Койлордун короосуна барганын,
Аны биздин Дөбөт,
Куйругун үзүп, кууп чыкканын,
Эч ким айтпады,
Баарын көргөн Теке да,
Негедир ооз ачпады.

Көрсө,
Жогору жактан атайы,
Шайланыптыр Карышкыр.
Дөбөт түрмөгө олтурсун деген
Жашыруун буйрук алыптыр.
Тергөөдөн эч нерсе таба албай,
Акыры тезектен,
«Мамлекетке зыян келтирди» деген,
Күнөөнү издеп тааптыр.

Сөз койлор жөнүндө эмес, –
деди карышкыр.
Биз башка нерсени эске алдык,
Демек,
Уурдалып сатылган мүлк,
Энергетиканын булагы тезек,
Мына ушуну эске алсак,
Дөбөттүн күнөөсү үчүн,
Камап отурбай эле туугандар,
Атып салышыбыз керек.

Дөбөт актанган жок,
Койлорго жакшы болсун деп,
Бардык күчүн сарптаган.
Кыктардан тазалап, короону
Үстүн жаптырып, свет тарттырып.





Краскалатып, ремонттоп актаган
Ал эми кыкты эч кимге деле сатпаган.
Аңызга алып барып,
Жер семирсин деп чачып таштаган.

Чындыгында бийликтин,
Колундагы баш мыйзам,
Алар каалагандай созулат.
Азыркы заманда,
Акыйкат издеп сыздаганча,
Айга чыгып келгениң
Оңураак.

## АКЫЛ ҮЙРӨТКӨН ЧОЧКО

Дарылык үчүн деп,
Адамдардын балчыкта,
Жатканын көрүп.
Чочко карап турду,
Астейдил көңүл бөлүп.
– Атаңдын көрү-ү,
Буларга эмне болгон.
Маданияттуубуз дешчү эмес беле,
Өздөрүн
Чочко менен койдон?..
Анан ойлорго батып ойдон,
Минтип сүйлөнүп кирди,
Бул көрүнүшкө
Таң калган бойдон:

– Биз деле кээде,
Балчыкта оонап жатабыз.
Бирок, ботом,
Мынчалыкка баруудан качабыз.

Ошентип үйрөткөн бизди,
Атабыз менен апабыз.

Ошентип,
Чочко өзүнчө күлдү.
Жаткан адамдарга
Жакын барып,
Жакшылап,
Акыл үйрөтүп кирди.
– Балчыктан чыккыла,
Силерге эмне жин тийди?
Балчыктын ээси
Бакадан,
Көрүп кала электе бирди!

Ылайда жаткандарды
Кызыктырган жок
Чочконун сөзү.
Кызыктырганы,
Чочконун семиздиги болуп,
Кадалды ошого,
Баарынын көзү.
Кобурашып бери келишти,
Ары барышты...
Сураштырып жатып,
Чочконун ээсин издеп табышты.
Соодалашып согумга деп,
Сойдуруп,
Май этин бөлүп алышты.

Бул турмуштун кээде,
Өкүнүчтүү бүтөт арты.
Бирок,
Кызык дешет асты.
Мурдуңду,
Көрүнгөн тешикке тыкпай,





Этият кылыш керек башты.
Акылың жетпегенге
Акыл үйрөтпөй,
Алыста турганың эле жакшы.

Чынында,
Чочконун ажалына,
Ылайда жаткандар себеп болчу.
Бир макалда айтылгандай,
Чочко байкуш,
Куюшканга кыпчылбашы,
Керек болчу.

## САМОПАЛ ТАЙГАН

Издетип таппай жүргөн,
Элден, жерден.
Тайганды базардагы,
Көрүп мерген.
Ууга чыксам
Укуругум узарат деп,
Миң долларга бир күчүгүн
Сатып келген.

Кем кылбай,
Мерген аны тамак-аштан.
Эрте-кеч эркелетип,
Сылап баштан.
Суукта сыртта калса,
Үшүйт го деп,
Өстүрдү баласындай,
Үйдө баккан.

Жатат деп,
Асыл тукум тайган багып.

Теледен көрсөтүштү,
Тартып барып.
Тайганды көкөлөтүп,
Мактады мерген.
Жаткансып,
Күндө байге жеңип алып.
Адашып,
Жайыттагы жүргөн жерден.
Короого кокусунан кирип келген.
Торпокту кууп жетип,
Жыккынын деп.
Тайганды агытып,
Ийди мерген.
Чаңытып,
Чуркаганы менен жолду.
Ал тайган,
Торпокко түк жетпей койду,
Түңүлгөн,
Мерген баштан чыгарды эми,
Буйруса,
Түлкү алдырам деген ойду.

Күчүктүн,
Энеси чын тайган экен,
А бирок,
Ата тукум жалган экен.
Келбети энесине окшошсо да,
Чуркашты атасынан алган экен.

– Урууң ким? –
деп сураган аталарды.
Эскиликке биз жооруп күлүптүрбүз.
Ата-тегин сурабай, күчүктү алган,
Мергенге окшоп,
Адашып жүрүптүрбүз.





# АЮУ МЕНЕН ТҮЛКҮ

Жаш кезинде аюу
Бал челек уурдап,
Далай тентектик кылган.
Акыры түлкү экөө
Наркотик менен түшүп,
Түрмөгө олтуруп,
Анан тынган.

Арадан убакыт өтүп,
Амнистияга түшүп,
Ал экөө бошонуп чыкты.
Кудасынын колдоосу менен
Эки жыл өтпөй,
Токой Кеңешине
Депутат болду түлкү.
Аюу болсо сакал коюп,
Муфтиятка ишке кирип,
Кудай жолуна түштү.

Эртели-кеч,
Теледен чыгып,
Келтирип күлкү,
Мыйзам жазгыч
Болуп алды түлкү.
Аны тааныгандар
Жакасын кармап,
Бири-бирине суроо салат.
Ууру мыйзамчы болсо,
Келечегибиз кайда барат?

Аюунун күнү-түнү
Колунан теспеси түшпөйт.
Чогулган элди
Ыймандуулукка үндөйт.

Өмүрү уурулук кылбаган кишидей,
Кыраатын келтирип,
Курандан сүйлөйт.

Көрсө,
Токойдун ээси Арстан,
Саясий мотив менен,
Өзү да олтуруп чыккан экен.
Түрмөдө дос болуп,
Алар менен
Антташып алган экен.
Кыскасы,
Туура эле айтылыптыр,
– Карга – карганын көзүн
Чокубайт, – деген.

## ЭШЕККЕ БЕРИЛГЕН МҮНӨЗДӨМӨ

Эшек деген эле аты болбосо,
Негизинен мүнөзү жакшы.
Жан күйгүзүп иштесе да,
Жаныбарлардын ичинен,
Алган экен,
Ушул «не удобный» атты.

Атка окшоп көлөкөгө качпайт,
Жүктөлгөн жумушту так аткарат.
Салмагынан оор жүктү көтөрүп,
Тердеп иштеген өзүнө да жагат.

Өткөн жылы өжөрлүгүнөн,
Кичине болсо да аттан.
Өкмөттүн жерин бүт айдап,





Сокону
Ушул эшек тарткан.

Болгону менен
Тамашөкөй шайыр,
Өзүн маданияттуу алып жүрөт.
Эшек жөнүндө аския айтсаң,
Эң ириде өзү,
Өзгөлөрдөн озунуп күлөт.

Бир эле кемчилиги анын,
Далилдегенсип эшек деген атын.
Ээсинен качып барып ээн жерге,
Эмнегедир арак ичкенге жакын.
Анан да,
Мас болгондо аңырандап кетет.
Эшек экенин эстен чыгарып,
Боло түшөт эпсиз элеп-желеп.
Баш бербей баккан ээсине,
Алдынан чыккандын баарын тебет.

Сөгүнсө оозунан даяр тургансып,
Ак ит кирип, кара ит чыгат.
Акыры токмокту өлө жеп,
Башы жарылып, байланып тынат.
Анткени мунун дегеле,
Ден соолугу жакшы.
Ооруп калууну билбейт,
Эртеси,
Жазып эле алса башты.

Чочкого караганда,
Үй-бүлөнү чокчоңдоп,
Башкарганы ыкчам.
Жини келгенде,

Маамысын кажып кирет,
«Кажынбачы» – деген сөз,
Ошондон чыккан.

Бирок,
Арактын артынан жүрүп,
Үй-бүлөдөн айдалып кеткен.
Көчөдө жатып уктайт,
Бала-чаканы
Чыгарган эстен.

Жакшы адаты – жүз граммды
Достору менен бөлүшөт.
Тааныштарды көрүп калса,
Чуркап барып өбүшөт.
Байлап алып баксаңар,
Аракты бир азга таштайт.
Бошонуп кеткен эле күнү,
Бөтөлкөгө түшүп алып,
Аңкилдегин кайра баштайт.

Эшектин айтып,
Кемчилдигин,
Күнөөсүн мойнума алдым.
Алымча-кошумчасы жок,
Болгонун болгондой жаздым.
Берилди ушул мүнөздөмө,
Билдирип бир топ ойду.
Бирөөлөр өзүн эшекке окшотуп,
Мага эми
Таарынбаса эле болду.





# ТҮЛКҮНҮН ХАН БОЛУШУ

Эл алдында ант берип,
Ак иштейм деп какшаныптыр.
Илгери бир өлкөнү ошентип,
Түлкү башкарыптыр.
Башында,
Бийликке келген жылы,
Эл талабын
Жакшы эле аткарыптыр.

Анан эле,
Бийликтин даамын татып,
Кыныгын ала калды.
Түлкүнүн аялы менен баласы.
Өз билгенин кылып,
Өтүгүн төргө илип,
Каалаганын кыла баштады.
Байлыкка көпкөн алардын,
Көздөрүн май каптады,
Жада калса бир-эки,
Арстанга тап берип,
Тооруп алышты.

Көрбөгөндүн,
Көргөнү курусун болуп,
Адилеттиктен таныштты.
Кызарган нерсенин баарын
Кынаптап басып алышты.
Каршылык көрсөткөндөрдү
Камашып.
Кыргызча айтканда,
Кызыл кулактыкка барышты.

«Таанышың болсо танкасың,
Таныш жок болсо маңкасың», –

деген мыйзамды бүт токой укту.
Чындык чыркырап, сыртта калып,
Жалган жамбаштап, төргө чыкты.

Көрбөсө да күндүзү,
Алиги үкүнүн көзү,
Чек башчы болуп чекчейет,
Жазганды кой,
Окуганды билбейт,
Бирок
Паспорт текшерет.
Кээде тескерисинен,
Кармап документти,
Текшеримиш болуп «көрөт».
Кыскасы,
Акча берсең өткөрөт.

Уурулук менен
Олтуруп чыккан мышык,
Казынага башчы болду.
Демейде уйкучу эле бырылдап,
Эми көз ирмебей жатчу болду.
Бийликти ушундан билиңиз,
Мышыкка күндө
Бирден чычкан катчы болду.
Ошентип эки ууру,
Курсагын кампайтыштын
«Удобный» жолун тапчу болду.

Армияга жалаң
Көк жөтөл менен ооруган,
Же күнү бүтүп, ажал тооруган,
Бечара койлор алынат.
Карышкырга чакыруу барса:
– Көрөбүз, – деп ыңгырайт.
Андан аз өтпөй,





«Тиштери жарабайт,
Негодный» – деп,
Жогору жактан
Тез эле телефон шыңгырайт.

Токойду корумак турсун,
Койлор момурап, коркуп,
Араң басып жүрөт.
Моджахет карышкырлар келсе,
Айласын таппай жүдөп.

Милицияда иштеген ит
Милдетин алмаштырып,
Ооруканага башкы врач болду.
Шакылдаган сагызгандын
Ордуна сыланып-сыйпанган
Тоту куш мамкатчылыкка конду.

Кылым карыткан
Токой кыйылып,
Туш тарапка сатылды.
Каршылык көрсөткөн
Кайран кашкулактар,
Эл душманы катары атылды.

Түлкүдөн
Үмүтү үзүлгөн жаныбарлар,
Өз билгенин кылышты.
Балдарды аткан
Мергенди табасың – деп,
А дегенде ачкачылык жарыялап,
Андан кийин борборду көздөй
Жөө жүрүшкө чыгышты.

Дакен короз дароо эле,
Оппозицияга кошулду,

Анткени,
Түлкү менен анын эсеби өзүнчө.
Кыйкыртып туруп,
Байкуш короздун
Канча тоокторун,
Алып кетчү көзүнчө.

Карышкырлар чогулушуп,
Түлкүнү талкууга салышты.
– Күлүп жүрүп бизди да
Уят кылды, – деп,
Үйүрү менен пикетчилерге,
Кошулууга алышты.

Чөөлөр чөөлүгүн кылып,
Ортону шимшилеп,
Иритип бүтүштү.
– Биз жеңген жакта болобуз, – деп,
Төңкөрүштүн
Жыйынтыгын күтүштү.
Тоту куш таранып,
Күндө теледен чыгып,
Жаныбарларды
Сабырдуулукка үндөп жатты.
Жаттап алган сөздөрүн
Жагалданып жасалма болсо дагы,
Акылдуудай сүйлөп жатты.

Криминалда жүргөн көкжал,
Чоң муштум бандиттерин,
Чогултуп топтоду.
Түлкүнүн бийлигине каршы,
Пикетчилер тарапка,
Ал дагы өтөт окшоду...





Ким кимди колдоорун,
Ачык сурашып,
Анык тизмелерди такташты.
Анча-мынча арабөк жүрүп,
Күмөн санагандарын
Аңгекке алып барып,
Атып ташташты.

Эмнегедир ошол күндөрү
Акылы азайгандай түлкү,
Аракта өчү бардай,
Аябай ичип жүрдү.
Эртеңки күнгө ишенбей,
Бирдеме болуп кетээрин
Жүрөгү менен сезип турду.

Түлкүнүн аялы
Жамандыкты туйдубу.
Банктагы акчаларын
Чет өлкөгө которууну буйруду.
Чамасы ал деле
Сезип калды окшойт,
Жакында
Кайрылып калаарын куйругу.

Баласы басып алган
Бардык мүлктү,
Бирөөлөрдүн атына жазып салды.
Эртең кеч болоорун ойлоп,
Кыскасы, аябай шашып жатты.

Токойго жаңылыкты тез таратып,
Бүркүт менен ителги
Жакшы кызмат өтөдү.
– Тоту куштун сөзү калп,
Ушуларга ишениш керек, – деп,

Жаныбарлар жарыша,
Алкап жатышты экөөнү.

Калган айбанаттар да,
Тынч жатпады.
Көчөгө чыгып,
«Түлкү кетсин! Түлкү кетсин!» –
деген кыйкырыктар,
Бүт токойду каптады.

Ошол кезде Арстан,
Токойдун лидерлери чогулган,
Оппозициялык жыйынга барды,
– Бийликти алмаштырып,
Токойду сактап калбасак болбойт,
Кандай дейсиңер? – деп,
Суроо салды.

Баары бир добуштан,
Арстанды колдоорун билдиришти.
Толкундап келаткан көтөрүлүшкө,
– Өзүңүз баш болуп бериңиз, – деп,
Сунуш да киргизишти.

Арстан бир аз ойлонуп,
Анан бир чечимге келди.
Токойдун келечеги үчүн деп,
Макулдугун берди.
– Эң башкысы, кан төгүлбөсүн,
Калдайган токоюбуз,
Бир түлкүнүн айынан,
Экиге бөлүнбөсүн.
Эң биринчи түлкүнүн оюн билип,
Тамырын тартып көрөлү.
Эгер ага да көнбөсө,
Анан ойлонолу,





Акыркы чараны
Ошондо колдонолу, –
деп маселени ушундайча чечти,
Буга баары макул дешти.

Ошентип,
Арстандын буйругу менен,
Түлкүнүн,
Ийинин көздөй жабылып.
Жүз миңдеген жаныбарлар,
Жөнөп калышты агылып.
«Түлкү кетсин! Түлкү кетсин!» –
деген кыйкырыктар,
Бүт токойго турду жаңырып.

Бирок түлкү ал үндөрдү укпады,
– Эмне кылсак болот, – деп,
Элдин алдына чыкпады.
Анысы аз келгенсип,
Ак шапкечен чөөлөр менен,
Жашаган үңкүрүн
Тегерете курчады.
Чөөлөр чөөлүгүнө барышты,
Тизилип келаткан жаныбарларга,
Бийликтин буйругу менен,
Биринчи болуп кол салышты.
Мындайды күтпөгөн жаныбарлар,
Адегенде өздөрүн жоготуп койду.
Ар ким өз башын калкалап,
Качып жөнөштү
Карабай оңду-солду.

Муштумдай болгон таш,
Алдында келе жаткан,
Төөнүн башына тийди.
Бир кыйкырып алып төө,
Чөөлөрдү тиштеп ыргытып,

Кумурскадай тебелеп кирди.
Көпчүлүктүн таягын жеп чөөлөр,
Туш тарапка качышты.
Арстан баш болгон жаныбарлар,
Түлкүнүн уясын
Ошентип, басып алышты.

Бирөөнүн колу сынып,
Бирөөнүн
Башы жарылганы болбосо,
Жаныбарлардан эч ким өлбөдү.
Түлкүдөн болсо дайын жок,
Издесе да эч ким көрбөдү.
Изи да калбаптыр,
Илинип турган,
Сүрөтүнөн башка төрдөгү.

Көрсө жаш кезинде,
Мергендер артынан түшүп,
Канча аракет кылса да,
Бул суу жукпас түлкү,
Мергендерди кылып күлкү,
Капканга түшпөй койгон экен.
Ошондуктан, академик аталып,
Илимпоз атка конгон экен.

Мурда эле ошондой болоорун билип,
Академик түлкү
Илимпоздугуна барыптыр.
Атайлап качып кетиш үчүн,
Үңкүрүнөн чыгып кете турган,
Жашыруун жолду салыптыр.
Жайнаган жаныбарларды көрүп,
Күнү бүткөнүн сезген экен.
Чөөлөргө буйрукту берип коюп,
Баягы жашыруун жол менен





Өзү болсо учма килемге оронуп,
Үңкүрдөн учуп чыгып кеткен экен.

Ошентип токой түлкүдөн кутулуп,
Орундалыптыр ойлогон ойлору.
Токойдо жаңы жашоо башталып,
Арстандын бийлиги орноду.
Эми,
Мартаба мактанып кетип,
Майрам-зоокко толуп коргону.
Алданып,
Баягы жегендерди жандаган,
Жең ичинен алдаган
Чөөлөрдөн,
Таза болуп жолдору.
Арстан акам элге жакын болуп,
«Эл бийликке эмес, бийлик элге
Кызмат кылыш керек» – деген,
Сөзүнө бекем,
Турса эле болгону.



## ОБОНДУУ ЫРЛАР

*Кечеги тал чыбыктай кыз элеңер,*
*Бүгүн ак бубак басты чачты энелер.*
*Ыр жазып касиеттүү затыңарга,*
*Ийип турат уулуңар башты, энелер.*





## КЫЯЛДАГЫ ПЕРИШТЕМ

***Сөзү:*** *Р. Разыковдуку*
***Обону:*** *М. Мамажановдуку*

Кымча бел кыялдагы периштемсиң,
Түшүмдө күндө сага жолугамын.
Сүйүүдөн азап чеккен жүрөгүмдүн,
Алтыным сездиң бекен ооруганын.
Улгайып жаштык менден кеткен кезде,
Байкадым чын сүйүүнүн тооруганын.

**Кайырма:**
*Жаз келип Алма гүлүн төккөн кезде,*
*Жан эркем, моокум канам жытын эңсеп.*
*Сүрөтүңдү жүрөгүмө тартып алып,*
*Уйкусуз түндү өткөрөм,*
*Убайым жеп.*
*Жаркыным сен да мендей,*
*Түйшүк тартып,*
*А балким жүргөндүрсүң,*
*Түгөй издеп.*

Асманда айды көрсөм сага окшотуп,
Ачылган кызыл гүлгө салыштырам.
Кыялдагы селкимди ырга кошуп,
Обондун ыргагына салып турам.
Ой деген күлүк атты минип алып,
Отуз жашты сагынсам барып турам.

**Кайырма:**

## ЭСИМДЕ

***Сөзү:*** *Р. Разыковдуку*
***Обону:*** *М. Шүкүралиеваныкы*

Эсимде, алгач сага жолукканым,
Эртеңки жакшылыкка жооруп баарын.
Андагы кездешүүнү аңдабапмын,
Аз өтпөй жүрөгүмдү оорутарын.

Эсимде, алгач ирээт көрүшкөнүм,
Илебиң жалын болуп өрттөгөнүн.
Көрүшүү саргайтарын аңдабапмын,
Сагыныч деңизине чөктүрөрүн.

Эсимде, таң атканча ырдаганың,
Эркелеп жаш балача кыйнаганың.
Ал ырдын кайрыктарын аңдабапмын,
Аз өтпөй жүрөгүмө муз саларын.

Эсимде, сезимдерге күз келгенде,
Жолуктук небере той кечесинде...

## ЖАШТЫГЫМ БОЛУП ЖОМОКТОЙ

***Сөзү:*** *Р. Разыковдуку*
***Обону:*** *Сапар Сакабаевдики*

Жаштыктын таттуу экенин такыр сезбепмин,
Жаңылып жүрүп жаш өткөн кезде эстепмин.
Жаңырып кээде жаңылыш уккан үн болуп,
Жүргөнсүп бирге, жүрөктү эзип дегдеттиң.

Балалык кездин баркына жетип коноктой,
Баалаган жакшы өмүрдү текке коротпой.





Башканы билбейм, кайрылып келбейт ал убак,
Байкасам азыр жаштыгым болуп жомоктой.

Коштошуп эми, сен менен жаштык курагым,
Колдорум сылайт агарган чачтын бубагын.
Кырчындай кезди эстесем көздөн жаш кулайт,
Кыядан өтүп кыйлага келген убагым,
Кыялбай сени кыйналып азыр турамын.

## ТЕҢИРИМ АК ЖОЛ БЕРЕ КӨР

***Сөзү:*** *Р.Разыковдуку*
***Обону:*** *Г.Мамаеваныкы*

Көз ачып кирпик ирмелип,
Алгачкы кадам шилтенип.
Теңирим ак жол бере көр,
Жашоодо кетчү бир келип.

**Кайырма:**
*Той берип куруп салтанат,*
*Ак жолго кадам ташталат.*
*Ааламга алып барчу жол,*
*Айылдан чыгып башталат.*

Бой жетип өсүп биз менен,
Жашоонун сырын билбеген.
Балама ак жол бере көр,
Бактысын тапсын издеген.

**Кайырма:**

Арылтып жаман адаттан,
Мээримин төгүп жараткан.

Элиме ак жол бере көр,
Эртеңин издеп бараткан.

**Кайырма:**

## КЕЛИН КЕЛДИ

***Сөзү:*** *Р.Разыковдуку*
***Обону:*** *Алишер Тоотаевдики*

Кудай берип, ынтымакты ырысты,
Келин келди, үйгө толуп ырыскы.
Кайнатага, кайненеге жүгүнүп,
Салам салып жүрөктөрдү жылытты.

Келин келди аппак жоолук салынып,
Периштедей бетинен нур агылып.
Күлкүсүнөн шыңгыраган булактай,
Наристенин үнү турат жаңырып.

Тилегиңер орундалып батыраак,
Балалуу үй базар болсун бапырап.
Коломтоңор оту эч качан өчпөсүн,
Учкундары жылдыздардай чачырап.

Ак ниеттен ак баталар айтылып,
Ыроолосун үйүңөрдү барчылык.
Өмүрүңөр түгөл болуп жашоодо,
Келин менен кошо келсин жакшылык.





## ЖОЛДОР

***Сөзү:*** *Р.Разыковдуку*
***Обону:*** *Алишер Тоотаевдики*

Жолдор да адамдардын тагдырындай,
Кээ бири башталбастан токтоп калат.
Жашоого келип кеткен наристенин,
Өмүрү ошол жолго окшоп калат.
Чакырган добуш угам
Чарчагам, жолдо турам.
Чырагы машинамдын,
Чырт өчүп улам, улам.
Жолдор да адамдардын тагдырындай,
Түз болот, ийри кээде ашуу болот.
Жашоодо өз жолуңду тапкычакты,
Турмушуң таттуу болот, ачуу болот.
Алыстан добуш угам,
Айласыз жолдо турам.
Айдаган машинамдын,
Айнегин сүртүп улам.

## СҮЙЛӨШКҮЛӨ ЖҮРӨКТӨН

***Сөзү:*** *Р.Разыковдуку*
***Обону:*** *Алишер Тоотаевдики*

О, адамдар, сүйлөшкүлө жүрөктөн,
Ырахатын алып ар бир мүнөттөн.
Тирүүлүктөн агып жаткан дайрадай,
Алыстатат бизди ар бир күн өткөн,
О, адамдар, сүйлөшкүлө жүрөктөн.

О, адамдар, сүйлөшкүлө чечилип,
Сырдашкыла сүйүүлөргө кезигип.
Жүрөктөрдүн түпкүрүнө катылган,
Чыркыраган чындык турсун сезилип,
О, адамдар, сырдашкыла чечилип.

О, адамдар, сүйлөшкүлө берилип,
Таарынышпай тамашага теригип.
Оорутпайлы көңүлдөрдү чөктүрүп,
О, дүйнөгө кетпөөчүдөй сезилип,
О, адамдар сүйлөшкүлө берилип.

О, адамдар, сүйлөшкүлө хадистен,
Жолдош болуп жол көрсөтчү ар иштен.
Алла, адам, апа, ата – деген сөз,
Башталбаган бекер бирдей ариптен,
О, адамдар, сүйлөшкүлө хадистен.

О, адамдар, сүйлөшкүлө имандан,
Адашкандар жолун тапсын Курандан.
Баарлашып жан дүйнөңөр тазарсын,
Баары болчу жакшылыктар Кудайдан,
О, адамдар, сүйлөшкүлө имандан.

## МАХАБАТ АРМАНЫ

*(1972-жылы алгачкы жазылган ыр.*
*Сөзү жана обону: Рахман Разыковдуку)*

Кош бол эми, алган жарың кыдыр болсун,
Барган жериң бакыт менен шаңга толсун.
Унутпагын, мени дагы эстей жүргүн,
Ушул ырым,
Сага арнаган эң акыркы белек болсун.





Сүйүү отун тутантканда биз жаңыдан,
Көз артышты кээ бирөөлөр билбейм кайдан.
Душман эмес өз ата-энең каршы болсо,
Калбайт экен,
Мындай күндө, мындай жерде кылаарга арганд.

Арзуу жаман периштеңе жетпей калган,
Алып учуп, алоолонуп оттой жанган.
Буйрубаптыр тагдыр бизге бир болууну,
Бул өмүрдө,
Андан өткөн ак сүйүүдө болбос арман.

Өзүм калдым тагдырыма моюн сунуп,
Бакытымды турмуш алды колдон жулуп.
Бул жашоодо бир кезиккен ак сүйүүмдү,
Арман дүйнө,
Махабатым ак жолумдан кетти буруп.

## «БЕШИЛИК»

***Сөзү:*** *Р.Разыковдуку*
***Обону:*** *Майрамбек Осмоновдуку*

Тамаша тобу «Бешилик»,
Чоңойдук биз да жетилип.
Эки жыл мурда жаш элек,
Эй, жаш элек.
Уялып жүрдүк бекинип.
Эки жыл мурда жаш элек,
Эй, жаш элек,
Уялып жүрдүк бекинип.

**Кайырма:**
*Ырдайлы достор чечилип,*
*Көңүлдүн кирин кетирип.*
*Жашасын, узак жашасын, ээй,*
*Тамаша тобу «Бешилик»,*
*«Бешилик», «Бешилик»,*
*«Бешилик», «Бешилик».*

Жорголоп чуркап кекилик,
Жолуңдан чыкса секирип.
Жол болуп бүгүн, замандаш,
Жолукту сага «Бешилик»,
Жол болуп бүгүн, замандаш,
Жолукту сага «Бешилик».
Калсаңыз бир аз кечигип,
Кабатыр болот «Бешилик».
Чечилип көрүп тамаша,
Эй тамаша,
Чер жазып кеткин эзилип.

**Кайырма:**
*Ырдайлы достор чечилип,*
*Көңүлдүн кирин кетирип.*
*Жашасын, узак жашасын, ээй,*
*Тамаша тобу «Бешилик».*
*«Бешилик», «Бешилик»,*
*«Бешилик», «Бешилик»,*
*Жашасын узак жашасын,*
*Тамаша тобу «Бешилик»!*





# «БЕШИЛИКТЕН» САЛАМ

***Сөзү жана обону:*** *Рахман Разыковдуку*

Күмөндөрдү көрүп, көрүп күлдүңөр,
Таракан деп күлүп, күлүп сүйдүңөр.
Кыркыраган үнүн күндө сагынып
Бир уксак деп эңсеп, эңсеп жүрдүңөр.

«Аралашта» бешөө аны билебиз,
Ардактайбыз, сыйлап биз да сүйөбүз.
Абдылданы, Рахман, Жамбыл, Манасты
Айтып бүткүс дастан кылып жүрөбүз.

Жаныбекти чоңко, чоңко дедиңер,
Бир уксак деп эңсеп, эңсеп келдиңер.
Бербесе да наамды бийликтегилер
«Шорпо» деген наамды силер бердиңер.

Келдибекти ырдап, ырдап мактанам,
Асанкулду сыйлап, сыйлап даңктаган.
Акыл-насаат айтып ар качан бизге
Аксакалдык парзын, парзын сактаган.

Бешиликтен салам, салам айтабыз,
Бешөөбүздү бүгүн, бүгүн байкаңыз.
Батаңызды берип балдарыңызга
Кана эмесе, колду, колду чапсаңыз.

## КОШТОШУУ

***Сөзү жана обону:*** *Рахман Разыковдуку*

Босогомдон бакыт качып,
Шор бешене баш багат.
Түбөлүккө кагылуучу,
Кайрылабы кош канат.

*Балдар калат каны да бир, жаны бир,*
*Кетип жатып ойлонуп көр дагы бир.*

Коломтодо сенсиз деле,
Кадимкидей от жанат.
Үй толтура эмеректер,
Бирок жүрөк бош кагат.

*Балдар калат каны да бир, жаны бир,*
*Кетип жатып ойлонуп көр дагы бир.*

Бир кездеги мен билбеген,
Мүнөзүңө таң калам.
Баарын кечип кетким келет,
Балдарыма байланам.

*Балдар калат каны да бир, жаны бир,*
*Кетип жатып ойлонуп көр дагы бир.*





## ЭНЕЛЕР

*(«Бири куудул, бири ырчы,*
*Эл тараза, эл сынчы» фестивалынын ыры)*

Кечеги тал чыбыктай кыз элеңер,
Бүгүн ак бубак басты чачты, энелер.
Ыр жазып касиеттүү затыңарга,
Ийип турат уулуңар башты, энелер.

**Кайырма:**
*Дүйнөгө чачып берип,*
*Эне мээрин.*
*Түбөлүк бар болгула,*
*Энелерим!*

Энелер, бар болгула, бизди тапкан,
Алдейлеп ак бешикке бөлөп баккан.
Ырдаймын Ала-Тоодой эмгегиңди,
Айтылып өмүр бою бүтпөс дастан.

**Кайырма:**
*Дүйнөгө чачып берип,*
*Эне мээрин.*
*Түбөлүк бар болгула,*
*Энелерим!*

Түшпөсүн ак элечек башыңардан,
Айланам эне деген атыңардан.
Түбөлүк өлбөс өмүр берер элем,
Колумдан келсе гана, аттиң арман!

**Кайырма:**
*Дүйнөгө чачып берип,*
*Эне мээрин.*
*Түбөлүк бар болгула,*
*Энелерим!*

# «БЕШ АЙРЫНЫН» САЛАМЫ

**Сөзү жана обону:** *Рахман Разыковдуку*

Биссимилла Рахман деп,
Мен концертти баштайын.
Бешиликтен «Беш айры»
Чыккандыгын айтайын.
Канча акча түштү экен,
Касса жакты байкайын.
Акчаңарга жараша,
Анан салам айтайын.

Келечекке өз жолун,
Салган элим аманбы?
Эркиндигин колуна
Алган элим аманбы?
Боштондукка акыры,
Чыккан элим аманбы?
Кыргыз тилин бүт дүйнө,
Уккан элим аманбы?

Араң зорго бир-бирин,
Баккан элим аманбы?
Аянбастан бир боорун,
Чапкан элим аманбы?
Айлап күндөп Манасты,
Айткан элим аманбы?
Айла жоктон өз жерин,
Саткан элим аманбы?

Айла жоктон акыры,
Иттен сөөк карызга,
Алган элим аманбы?
Жумуш таппай көчөдө,





Калган элим аманбы?
Карыз сурап туш-тушка,
Барган элим аманбы?
Бүгүн азап, эртеңи ый,
Жалган элим аманбы?

Байпак сатып базарда,
Калган эрлер аманбы?
Бир ай иштеп беш жүз сом,
Алган эрлер аманбы?
Бир жылда бир айылга,
Барган эрлер аманбы?
Кемпир-чалды унутуп,
Салган эрлер аманбы?

Арыз-муңун Кудайга,
Айткан кыздар аманбы?
Атасы жок балдарды,
Баккан кыздар аманбы?
Денелерин акчага,
Саткан кыздар аманбы?
Эптеп-септеп өз жанын,
Баккан кыздар аманбы?

Үй оокаттан кеми жок,
Белен балдар аманбы?
Таштандыдан тамакты,
Жеген балдар аманбы?
Уну болсо тузу жок,
Жеңелерим аманбы?
Чайын тапса майы жок,
Энелерим аманбы?



## ЭСКЕРҮҮЛӨР

*Жарык дүйнө болуп эми караңгы,*
*Жатат жерде, кимдер эстейт аларды?*
*Жылдызга окшоп сиңип кетчү ааламга,*
*Нурга окшотуп жаратканбы адамды.*

*Р. Разыков*





***Рахман Разыковдун эң улуу агасы Райимжан ака тубаса акын эле. Анын ар бир ыры өзүнчө шедевр чыгарма болчу. Албетте, өз убагында ал кишинин атайын ыр жыйнактары да китеп болуп басылып чыккан. Бул бөлүмдү Райымжан агайдын көзүнүн барында иниси Рахманга арнап жазган ыры менен баштайын деп чечтим.***



## КУУДУЛ ИНИМ РАХМАНГА АРНОО!

Таланттарды талбай алга сүрөгөн,
Талантың мол жүрөгүңө түнөгөн.
Атабыздан мурас алган куудулсуң,
Автор болгон чыгармага жүздөгөн.

Кудурети сага тийип кудайдын,
Куйручуктун курч сөздөрүн уладың.
Таланты бар көп жаштарды жетектеп,
Тарбиялап «аренага» чыгардың.

Депутаты өзүң болуп сахнанын,
Эл ишенчин эки эселеп актадың.
Мыктысынган төбөлдөрдүн далайын,
«Мыскылыңдын» жалынына каптадың.

Куйкуму бар сөзгө болуп жөндөмүң,
Китептердин ээси болдуң көптөгөн.
Сен атактуу куудул болдуң таанылган,
Ат салышып алдыңа эч ким өтпөгөн.

Изденүүдөн үчкө бөлүп уйкуңу,
Ийгиликтин ачып далай кулпуну.
Күлкү менен шаң жаратып сахнага,
Кубандырдың дайым кыргыз журтуңу.

Сен, инимди мен «мактоодон» алысмын,
Адилеттүү элим билет анысын.
Көрөңгөсү көңүлүңө толбосо,
Ким кол чаап залдын ичин жаңыртсын?

Толкуп эргип, чыгармаңа ой таптың,
Турмушуңдан даңгыр кенен жол таптың.
Ардактаган уул-кызга атасың,
Андыктан да Ала-Тоодой чоң бактың!

Эмгегиңден атак алдың, сый алдың,
Элдериңдей мен да ошого кубандым.
Иним берем, сага агалык дубамды,
Чыгармаңа көп ийгилик улансын!!!

*Акең Райымжан Разыков,*
*2009-жыл*



**Токтайым Разыкова, бир тууган эжеси:**

## АЛ МЕНИН АСКА БЕЛИМ ЭЛЕ...

Бир тууганым Рахман жаштайынан эле токтоо, чыр-чатакты сүйбөгөн, адамга жакын, боорукер мүнөзү бар эле. Чоңоюп, жетилип турмушка кадам таштаганда деле ошол мүнөзү, токтоолугу, адамдар менен дайыма жакшы мамиле түзө билгени өзгөргөн жок,





ал мүнөз өмүр бою калды. Бир туугандары, классташтары менен эч бир чатакташканын, тил табышпай урушканын же болбосо бир акаарат сөздөрдү айтканын көргөн эмеспиз. Деги эле бирөө менен конфликтке барганын көргөнүм жок. Бир тууган катары жактап жатышым мүмкүн дейин десем, Рахман менен чатакташыптыр деген адамды деле укпадым. Чоң адам катары өзүнө жоопкерчиликти эртерээк алды. Сөзсүз бир иш менен алек болуп олтуураар эле. Тийди-качты мамиле кылбай, чыгармачылыкка баш-оту менен кирди. 1975-жылы мен Алай районунун Гүлчө айылында санэпидемстанцияда иштеп калдым. Рахман мени менен бирге барып, санэпидемстанцияга ишке киргизип койгом. Бир аптадан кийин эле Алай райондук маданият борборуна барып, элдик театрга жумушка орношуп алыптыр. Көрөйүнчү деп барсам, жакшы пикирлерди уга баштадым. «Иниңиз өтө токтоо, таланттуу бала экен, аккордеонду ойнойт экен, аткаруучулук жөндөмү жакшы, бир нерсени тез эле илип алып үйрөнүп кетет экен» – дешти. Мен дагы анын чыгармачылыкка кызыгаарын билип, аккордеон сатып бердим. Аябай сүйүндү. Ага чейин эле аккордеонду үйрөнүп ойноп калган. Бир тууган абамдын баласынын аккордеону болор эле, ошону чогуу ойношчу. Ал киши дагы Рыспай Абдыкадыровдун ырларын





жогорку деңгээлде аткарчу. Ошол аккордеонду көпкө чейин ойноп, ырдап, ошол ийгилигине кубанып жүрдү.

Негизи, биздин ата тегибиздин түпкүрүндө таланттуулук бар экен. Ошол Рахманга өтүп, талантын өнүктүрдү, өстүрдү, бапестеди. Атабыз да ушундай таланттуу адам болчу. Рахман чыгармачылык жолунда дайыма акыйкатты сүйлөдү, жазды, тамсилдери эл оозуна алынды. Чыгармаларына өтө астейдил аяр мамиле жасап, баалаган адам эле. Жашоосунда бирөө менен талашып, өзүнүкүн гана туура деп таңуулабай, талаш маселелерге көп кирбегенин, жашоодогу оор басырык мүнөзүн бирге иштеген адамдар өтө жакшы билишет. Адамды өнөргө таптоо, даярдоо, көңүл буруу, калыптандыруу, бир нукка салуу – бул чоң иш. Рахмандын бул касиетин чыгармачылыктагы санаалаштары менен сахналаштары жакшы билишет жана баалашат. Рахмандын аркасынан көп шакирттери жүрөт, алар устатын сыйлап, чыгармачылыгын баалап, өрнөк алып, көп нерсе үйрөнүштү. Шакирттеринин «агайыбыз Рахман, атабыздай болуп калган эле» дегендерин көп таланттуу балдардан угуп жүрөм. Балдарына, тарбиялап кеткен шакирттерине дагы узун өмүр, жакшылык, ийгилик каалайм. Рахмандын чыгармачылыгын улап, эскеришип, жакшы сапаттарынан өрнөк алышып, агайы менен сыймыктанышып, жашоодо көп ийгиликтерге жете беришин каалап кетем.

Рахмандын кең пейилдиги, боорукердиги, башканын маселесин өзүнүкүндөй караган күйүмдүүлүгү, кенендиги бар эле. Мен бир тууганы катары анын бул сапаттары менен сыймыктанар элем. Эгерде башка адамда бир көйгөй жаралса, өзүнүкүндөй чечип







берээр эле. Кең пейилдигинде чек жок болчу. Бирөөгө акча берсе да сурабаганын кантейин. «Сага деле тыйын-тыпыр керек да, барып албайсыңбы аласаңды» – деп калсак, «Эми мүмкүнчүлүгү болсо алып келип берет да, мен кантип сурайм» – дечү. Бирөөнүн көңүлүн оорутпайын деп жатып, өзүнө деле көп көйгөй ашырып алган учурлары көп болду.

Улууларды сыйлагандыгы мыкты сапаты эле. Мисалы, мен эжеси катары кандай сөз айтсам, «сиздики туура эже, сиз туура айтасыз» деп ызаат, урматты абдан көрсөтчү. Райондун борбору болобу, айылда, шаарда болобу, туугандарга барып, алардан кабар алып, урмат көрсөтүп тураар эле... Бардык туугандарыбыз азыр Рахмандын ордун жоктоп турушат, өкүнүп жүрүшөт. Эми анын ордун эч ким толтура албас. Ушундай адамдык бийик сапатка, жөндөмгө ээ, оор басырыктуу иним бар эле... Анын жубайлары, келиндерим деле Рахмандын мүнөзүн мен айткандай эле сүрөттөп беришсе керек.



Анын жеке турмуш жолун айтсам, Рахман турмуш жолунда үч жолу үйлөнүп, үч үй-бүлө курса дагы жаман ата болгон жок. Бардык балдарына тегиз мамилеси менен аталык кылды. Алгач, 1978-жылы Аксылык Нурсулуу деген кызга үйлөнүп, 1 балалуу болушту. Экөө эки жыл жашап, эки жолго түшүштү. Себеби, ошол учурда



Рахман артисттик жолду тандап, ансамбль уюштуруп, гастролго көп чыгып, үйгө узак убакыт келбей калганына келин капа болду окшойт. Кийин 1983-жылы Кара-Суу маданият борборунда иштеп жүрүп, Үлпатка үйлөнүп, экинчи турмушун курду. Экөө эки кыз, бир уул табышты. Каныбек ошол экинчи турмушунан. Диляга болсо 1989-90-жылдары үйлөндү. Рахман Диля менен жашап жүрүп деле, Кара-Сууга барып келип, Үлпат менен балдарын бирге чоңойтушуп, жакшынакай мамиледе болуп жүрдү. Ошол үчүн айтып калам, Рахман бир да аялы менен урушуп, конфликтке барганын бизге көрсөтпөдү. Кийин мен ойлонуп көрсөм, андай болуш үчүн дагы, оор басырыктуу, келечекти , балдарынын тагдырын ойлогон адам болуш керек экен... Үйлөнүп алып, балдарын карабай, материалдык жардам бербей, соттошуп жүргөндөр канча. Тагдыр экен, ошентип 3 ирет турмуш курду. Баарына бирдей мамиле жасады. Үч жубайы тең эле Рахмандын тескери сапаттарын айтышпады, мени ушул сапаты таң калтырат эле...

Ал эми үчүнчү жубайы Диля экөө 1 уул, 1 кыздуу болушту. Бирок, берки балдарын дагы таштабай карап, тарбиялады. Биринчи жубайы Аксылык эмеспи. Аксыдагы баласына барып, жетелеп жүрүп, 11-классты бүткөндө окууга тапшыртып, өзү көзөмөлдөп окутуп, үй-жай алып берип, үйлөнттү. Рахмандын үч жубайынан тапкан үч уулу тең акылдуу чыгышты. Алар да абдан ынтымактуу, бири-бирине күйүмдүү бир туугандар болушуп, сыйлашып турушат. Ачык-айрым, орундуу сүйлөгөн жигиттер. Мен ошолордун







Рахманга келбеттери, мүнөздөрү, ой жүгүртүүсү дагы окшоп калганына аябай бактылуу болом. Ушуларды карап олтуруп кубанам, сүйүнөм. Алардын апалары дагы акылэстүүлүк кылып, туура түшүнүшүп, бири-бирине жаман сөз айтышпады. Менин балдарым Рахманды «тагам дипломат, кыйын киши, жеңелер үндөбөй, бири-бирине жол беришти, тагам үчөөнү тең ынтымактуу, чебер кармайт» деп тамашага салып сүйлөп калышчу. Чынында үчөө тең ойду-тоону айтышып туугануруктун тынчын алышпады, ашыкча сөз чыгарышпады, балдардын да психологиясын бузбай, жакшы тарбия беришти. Андыктан, кайын эже катары үч келиниме тең аябай ыраазы болом.

Балдарынын мүнөзү дагы атасына окшоп токтоо, ак көңүл, кейүмдүү. Балдарын жакшы тарбиялап, билим берди ар бирине. Келечекте Рахмандын баласы деген сыймыкты балдары татыктуу алып жүрөт деп ишенем.

Эми, кудайдын буйругу менен Рахманым чын дүйнөгө узады... Тоом омкорулуп, аска бел сынгандай эле болду. Мезгилсиз дүйнөдөн кайтканы бизди, бир туугандарды терең кайгыртты. Бул биз үчүн эле эмес, кыргыз сатирасын сүйүп баалаган күйөрмандары, эл үчүн кутуусуз жоготуу болду деп айта алам.

Алланын ишине баш ийип, Рахмандын маңдайына жазылган тагдырга тан берип, бейиши болсун деп, бата-дубабызды кылып олтурабыз.

## Бир тууганы Абдыгапар Разыков:

# АГАМ РАХМАН РАЗЫКОВДУ ЖОКТОП...

Тагдырдын тайгак жолу мүдүрүлтүп,
Даанышман, аалым өттү эчендеген.
Бир боорум, агам кетти бул дүйнөдөн,
Элим деп эртеңкинин камын жеген.
Азаптуу арман жашоо коштойт беле,
Жүрөктөн сүйлөшкөндү мекен менен.
Чындыктын баасы ушунча кымбат беле,
Издеген төлөп берчү өмүр менен.

Оо, бир боорум...
Сага арнап бул ырымды жазып жатып,
Сан түркүн сарсанаага турдум батып.
Маркум деп эскерүү бир азап болсо,
Эргүү да жан дүйнөмөн кетти качып.
Билгенге куудул эмес, баатыр кетти,
Тайманбай акыйкатты бетке айтып.

Оо, бир боорум...
Чындыкты сатиранын тилинде айтып,
Бөксөртүп көкүрөктө элдин муңун.
Кайран эл күлүп гана тим болушту,
Максаттын түшүнө албай төркүн жайын.
Жүрөктө ат көтөргүс арман кетти,
Кыргыздын ачам деген бак-таалайын.

Оо, бир боорум...
Адам үчүн эң кымбат убакытты,
Акыйкат тажаткансып улам сурап.
Алгын деп бүт өмүрдү берип салдың,
Эл деген эрендердин жолун улап.





Отуз жыл ашык кылган эмгегиңен,
Жанар тоо, эки жолу кетмек кулап.

Оо, бир боорум...
Пайгамбар үммөтүнө ыраа көргөн,
Байлыкка, мансапка да азгырылбай,
Дайыма өзүң барып муктаждарга,
Парз менен сүннөт жолун келдиң улай.
Жасаган кайрымдуулук иштериңди,
Катаасыз кабыл кылган болсун кудай.

Оо, бир боорум...
Элиңе кадыр-баркың бийик эле,
Баарынын урматына турган татып.
Доско бай, айкөл, шайыр адам элең,
Кетпеген жан кишини пулга сатып.
Сахнада көп талантка устат болдуң,
Шакиртти өз балаңдай кабыл алып.



Оо, бир боорум...
Жан дүйнөң жумшак шайыр болгон менен,
Айбатың Ала-Тоодон турчу ашып.
Жүз акын айталбаган акыйкатты,
Бир өзүң ырларыңда кеттиң жазып.
Окуган адам сенин ырларыңын,
Таасирин билдиришет көз жаш агып.



Оо, бир боорум...
Кылымда бир төрөлчү талант элең,
Кош аке... жаткан жериң жайлуу болсун.
Жупуну, кыска өмүр жашап өттүң,
Ыйманың эми сенин жан жолдошуң.
Бейиштин гүл бакчасы насип этип,
Фирдаус каалгасы ачык болсун.

***Диля жеңеге ушул китеп түзүлүп атканда, жакшы бир эскерүү жазып берүүсүн өтүнүп кайрылып калдым. Албетте, 33 жыл чогуу жашаган жолдошун жоготуп, жүрөк жараты карттай электе, акебиз жөнүндө эскерүү жазуу жеңебизге кыйын болду. Өзү айтмакчы, жазып баштаганда эле көздөн жаш кетип, өрөпкүп ыйлап, ой токтото албай калганы бир жактан болуп, экинчиден жаза турган болсо, эскерүүсү эле 10 китеп болгудай экен. Чындыгында, Рахман агайдын чыгармачылык айдыңындагы 33 жылдык өмүрүн, өксүгүн, кубанычы менен ийгилигин бул кишиден ашыгыраак билген киши деле болбосо керек. Мүмкүн келечекте өзүнүн эскерүүсүн чоң бир китеп кылып жазаттыр жеңебиз. Мен болсо, жеңебиздин Бишкекке жумуштап келип калганынан пайдаланып, бул китепке керектүү суроолорума кыскача жооп алып калдым.***

**— Диля жеңе, Рахман агай экөөңүздөр кантип таанышып калдыңар эле?**



— 1987-жылдын май айлары болчу. Биз медицина кызматкерлеринин күнүнө карата дайыма ыр кесе өткөрчүбүз. Бул жолу да даярдыктар жакшы болчу, сценарий жазуу менин милдетим эле. Репетициядан кийин эс алуу үчүн парк жакка басып келейин деп баратып паркка жакын жерден афиша көрүп калдым. Анда №2 - Дом культура «Азил чыны Аралаш» бир жарым саат күлкү, кирүү акысы 1 сом деп жазылып туруптур. Мүмкүн эртеңки ыр кесеге кошумча бир нерсе угаармын деп курбу кызым экөөбүз кирдик. Алар





бизге карточка таратып беришти. Ага ой-пикир калтырышыбыз керек экен. Ошол концертте Рахман аккордеон менен ырдаган болчу. Менин асмандан издегеним жерден табылгандай болду. Анткени, биздин музыкант балабыз ооруп калып репетицияга да келбей жаткан. Биз болсо музыкант издеп жүргөнбүз. Концерттен кийин, алардын кийинүүчү бөлмөсүн таап барсак, раматылык Манас чыкты. Келген себебимди түшүндүрдүм. Ал кирип кетип жок болуп кетти. Эми жооп болбогон соң кете берет окшойм деп жөнөп калсам Рахман чыкты. Ал экөөбүз сүйлөшүп эртеси жолукмай болдук. Ошондогу жолугушууда менин жазган сценарийимди көрүп, сен ыр жазсаң, сценарий жазсаң, ырдасаң *(анда мен комуз чертчүмүн)* чогуу эле жүрчүдөй экенбиз деп калды. Мен, жок, өз кесибимди сүйөм дедим. Бирок тагдыр экөөбүздү өмүр бою бир кылып койду. Насип экен, 1988-жылы никелешип үйлөндүк. 1990-жылы Чолпон аттуу кыздуу болдук, ал эми 1994-жылы Дастан уулубуз төрөлдү.

**— Алгачкы жашооңуздар токсонунчу жылдардагы кайра куруунун илебине туш болуптур. Негизи, экономикалык кризистер өзгөчө чыгармачыл адамдарга терс таасирин тийгизет эмеспи. Сиздердин үй-бүлөдө кандай болду?**

— Ооба, токсонунчу жылы көпчүлүк эл катары биз деле бир топ кыйынчылыкты көрдүк. Акчанын куну түшө баштаган болчу. Нан болсо талон менен берилип калган. Анан да июнь айында Ош коогалаңы болуп кетпедиби. Жашоо үчүн күрөш бизде дагы башталды.



Көпчүлүк эл коммерцияга өтүп баштады. Ошолордун катарында Рахман да пияз жүктөп Россияга барам деп, пияздан аябай чоң суммага банкрот болгон. Ал окуяны Абдылда экөөнүн сахнадагы айтышында тамашалап көп айтышчу. Ошол жылдары болсо керек Нарындан эт апкелип сатып



да жүрдү. Кийин Нарындын ашуусунда авария болуп, акыреги сынып, катуу кыйналды. Республикалык ооруканынын травмотология бөлүмүндө операция болуп, он күн карап жаттым. Ошол жерде да жөн жатпай колдору гипсте туруп, кечинде чыгып Алина Жетигенованын концертин даярдайт эле. Ошондо «Биздин Алина» деген концерт коюп, Алинага үй алып берген. Андан соң 1992-жылы Гүлшайыр Садыбакасова эже жана Рүстөм Кабылбеков үчөө биригип «Түштүгүмө түгөнбөгөн ыр десте» деген долбоор менен түштүктү түрө кыдырышкан болчу. Дээрлик чоң концерттер Бишкекте болгондуктан, биз да Бишкекке көчүп келдик. Менин эсимде ошол жылдары Рахман «Өтүкчү», «Тумак», «Кытай доктур», «Үй жоготкон чал» деген сатираларын жазган. Бул сатиралары ошол убакта эл арасында өтө жогорку деңгээлде кабыл алынып, шедевр сатираларга айланган. Анда деле бизде кыйынчылыктар көп болду. Мен кичинекей кафе ачып, иштетип баштадым. Ошол Бишкекке жаңы барган жылдары, алгачкы жолу Рахмандын сатираларын кагазга түшүрүп топтой баштадым. Анткени, анда алар сатиралары жатталып, сиңип калгандан кийин кагазын ыргытып ийишчү экен. Бул идеямды Рахман да туура көрдү. Ошол күндөн баштап сатирабы же жөн эле бир идеябы кагазга жазып жүрдүм. Ал болсо, колу бошогондо баарын бир сыйра карап, алганын алып кошумчасын кошуп толуктап жазат эле.

**— Өзүңөр квартирада турчу белеңер же үйүңөр бар беле?**

— Бишкекте квартирант болуп жашадык. Бирок, Ошто үйүбүз бар эле. 1993-жылы 9-майда мага жумуштан эки бөлмөлүү





105-сериядагы үй берилген. Ошондогу биздин кубанычыбызды айтпа. Союз таркагандагы акыркы үй болгондуктан кол жуучу раковина, ванна дегендер уланбай эле, ордуна эле коюп коюшкан экен. Ремонту да жок. Биз баарына ыраазы элек. Тим эле ак сарайга келгендей болдук. Мен шымаланып ремонтун баштадым, обои жабыштырып, сантехник чакырып, сууларды улаштырдык. Иши кылып, кубанычыбыз айтып бүткүс эле. Дастан уулубуз ошол үйдө төрөлдү. Бул биздин дагы кош кубанычыбыз болду.

Кийин, 1995-жылы «Бир тууган элдер бирдей күлүшөт» аттуу куудулдардын чоң фестивалын Бишкекте өткөргөндө, концерттен кийин уулубуз Дастандын сүннөт тоюн бергенбиз. Ал ирмемдер биз үчүн айтып бүткүс сезимдер болчу. Анткени Өзбек Республикасынын Эл артисттери Хажибай Тожибаев, Обид Асомов, эмгек сиңирген артисти Мирзо Холмедов, Балтабай Чопра, Казак Республикасынын Эл артисти, депутат Кудайберген баш болгон көптөгөн белгилүү артисттер Дастанга ак баталарын беришкен.



Эртеси Рахман мени ээрчитип филармониянын жанындагы «Дастан» деген алтын саткан магазинге алып барды да, өзү мага белек тандай баштады. Эч нерсе жакпады окшойт, эки жакты карап сатуучу кыздын мойнундагы кольени көрүп:

— Мойнуңуздагыдай колье барбы, – деп сурап калды. Сатуучу кыз, бул сырттан буюртма менен келерин айтып калганда Рахман:

— Менин уулумдун аты Дастан, кечээ сүннөт тоюн бердим. Магазиндин аты да Дастан экен ошол үчүн кирдим. Баламдын тоюнун

урматына аялыма белек кылайын, сиз дагы буюртма кылып алып аласыз да, эгер капа болбосоңуз мага сатыңыз кольени, – деп, мага эң кымбат белек ошондо алып берген эле. Чындыгында, ал ушундай романтик киши эле. Ал мүнөзү, өмүрү өткүчө калбады.

**— Бишкектен Ошко эмне себептен кайра келе бердиңер?**

— 1998-жылы күздө Ошко кайра көчүп келүүгө туура келди. Кашкардан Орозакун ажы деген киши келип силер жактан алюминий ташып жатышат, мүмкүн силер менен чогуу иштесек кандай болот деп калды. Ошентип 1998-жылдан 2000-жылга чейин алюминий бизнесте чогуу иштедик. Лейлек менен Тажикстандан жүк алып келчүбүз. Кээде мен Лейлек менен Тажикстандан Баткенге чейин апкелип, Рахман Баткенден күтүп алчу. Көпчүлүк учурда чогуу жүрчүбүз. Айта кетүүчү нерсе, мына ошол жылдары Рахман «Бешилик» театрын түзүүнү пландап баштаган. 1999-жылы кеч күздө «Бешилик» тобун түздүк. Биздин үйдө эле иш баштадык. Кубаныч Миталипов, Доорон Жолдошов анан Ноокаттык Аваз деген бала бар. Жаңы жылды, тагыраагы 2000-жылды Кубаныч Миталипов, Аваз жана кайнагам Райимжан акабиз болуп үйдө тостук. Кыскасы «Бешиликтин» жаңы ийгиликтери үчүн тосттор айтылды. Ошентип 2000-жылы официалдуу түрдө «Бешилик» сатира театры ачылды. Ага аткаруучу директор болуп мен дайындалдым. Күн-түн дебей репетиция кылат болчубуз. Концерттен кийин кечкисин бир топко чейин кемчилигибизди жана ийгилигибизди талкуулоочубуз. Мен камерага тартып, кечинде кайра балдарга көрсөтчүмүн. Ар ким өз кемчилигин көрүп жыйынтык чыгарат эле. Анан Талант Анарбаев кошулду. Костюмдарды тиктириш керек болду. Костюмга материалдарды базардан карызга







алып чыгам. Жаңыл, Муктар деген кошуналарым базарда иштешет болчу. Алар колунан келгенче жардам беришти. Тиктиргенде да карызга тиктирем. Тигүүчү Ырыс да кошунам. Ошентип, алгачкы эле концертибизди май айында «Кыргызстан» кинотеатрын арендага алып, кайрымдуулук концерттен баштадык. Албетте «Кыргызстан» кинотеатрын косметикалык ремонт кылып, анча-мынча оңдоп-түзөө иштерин жүргүздүк. Анан бизге Сагын Орозов деген бала кошулду. Абдан кыйынчылык болду. Бизди эч ким тааныбайт. Бул кыйынчылыктарды Талант, Сагын, Кубаныч, Аваз, Доорон болуп чогуу көрдүк. 50 тыйын же бир сомго концерт коёбуз мектептерге. Анда да кетменби, тешеби деп күлүшкөндөр болду. Кээде жолдо дөңгөлөк жарылат, машинебиз бузулат, жегенибиз макарон. Мен «Бешилик» театрынын «Бешилик» болуп кетишине жогорудагы бешөөнүн эмгеги ат көтөргүс экенин баса белгилегим келет. Кийинчерээк Эрнис, Тынар, Рысбек, Санжар келип кошулушту. «Бешилик» театры, аздап болсо да элдин оозуна алына баштады. Рахман болсо баш-оту менен сатирага кирип, балдарга улам жаңы сатиралар жазылып жатты.

**— Ошол учурда демөөрчүлөр болбодубу театрга?**

— «Бешилик» тобу тааныла баштаганда демөөрчүлөр жакшы эле болду. Мисалга, театрыбыздын алгачкы демөөрчүлөрү КРнын экс-президенти К. Бакиев ал учурда депутат болсо керек эле. КРнын ЖКнин депутаты, маркум Баяман Эркинбаев, ЖКтин ошол убактагы дагы бир депутаты Рустам Маманов жана учурдагы УКМКнын жетекчиси Камчыбек Ташиевдер болгон.

**— «Бешиликтин» балдарынын баары эле колуңуздан чай ичип, бала болуп калган экен да...**

— Ооба, жогоруда айтпадымбы алгачкы бешөөнү, кийин төртөө келди. Баары менен эриш-аркак болуп иштедим. Андан кийин деле «Бешиликке» келип иштегиси келген жаш таланттар көп болгонуна байланыштуу, «Бешиликке» удаа эле «Беш тапан» тобун түзгөнбүз. Ал топко алгач Акыл, Баатыр, Кыял келип, андан соң Болсун менен Союз келип кошулду. Рахман ар бир баланын аткарганын концерт башталгандан бүткөнгө чейин кулиса тараптан эки саат бою отурбай карап турчу. Ким кандай ойноду, кимдин жөндөмү кайсыл ролго ылайыктуу болсо, ошого жараша сатира жазып

берчү. Кийин профессионал балдардан топ түзүп, аны «Беш айры» деп атады. Ал топко алгач белгилүү обончу жана аткаруучу Кален Раев, ырчы (шылдыракчы) деп таанымал болгон Каныбек Мамбетов, Багдарбек Абдыразаков, Доорон Жолдошевдер иштеп калышты. Бир жылдан кийин «Беш айрынын» балдары ар кимиси ар жакка белгилүү себептер менен кетишип, кайра эле ордуларын Насыят Асаналиев, Руслан, Асилбек деген жаш балдар толуктап иштеп калды. Кийин «Беш абышка – беш кемпир» тобун түзүп, өкүл кызыбыз Канчайым Токоеваны жетекчи кылып койду.

**— Ал топторду дагы өз каражаттарыңарга ачтыңар беле?**

— Албетте, кийинки топторго дагы көп мээнет, көп убакыттан сырткары чоң эле финансылык каражаттар жумшалды. Биздин өзүбүздүн күчүбүз жетпей калганда, меценат досторубуз Самидин Белеков, Аскар Береналиев, Иман Саркулов, Аксынын кулуну Өмүрзак мырза менен аялы Чынара, «Мээр чөп» ЖЧКнын жетекчиси Калыбек Мырза, «Долбоор» АКнын директору Мадаминов Шүкүралы, Сарай айылдык округунун башчысы Аким Батыровдор колдоо көрсөткөн. Дагы бир айтып кетүүчү нерсе, 2005-жылы, Рахмандын 50





Бүтпөй калган дилбаян

жылдык юбилейлик концертине Жалал-Абад облусунун ошол кездеги губернатору Жусупжан Жээнбеков жана Ош облусунун ошол кездеги зам. губернатору Кушбак Тезекбаев демөөрчүлүк кылышып, чоң жардамын көрсөтүшкөн.

**— Рахман акенин жазуучулук, акындык таланты боюнча айта кетсеңиз.**

— Жазуучулук, акындык сыпаттар булардын уругунда илгертен эле бар. Кайын атабызды сөзгө чечен, ырдай төгүп сүйлөгөн киши болгонун, чоң энеси да таланттуу, эски ыр-дастандарды келиштире аткарганын өзү айтып калчу. Кайнагам болсо өтө күчтүү акын киши. Ал кишинин китептери да чыккан. Кайын журтум баары эле чыгармачылыкка жакын, ыр десе ыр жазган, ырдаса ырдаган таланттуу инсандар. Рахман акыркысы эмес. Таң калганым, уулу Дастан дагы ырды жакшы жазат. Чындыгында Рахман 50гө чыканда ыр жаза баштады. Ыр болобу, сатира болобу анын биринчи угуучусу мен болчумун. 2008-жылы көлдө эс алып жүргөнбүз. Анан тынбай эле бир нерсе жазып калды. Бүткөндөн кийин адатынча жанына олтургузуп окуп берди. Ошондо биринчи жолу «Токойдогу шайлоо» тамсилин жазган эле. Анда бардык айбанат менен жаныбарлар адамдарга салыштырмалуу таамай жазылган экен. Кийин «Короодогу курултай», «Акыл үйрөткөн чочко», «Бизнесмен короз» сыяктуу ж.б. көптөгөн тамсилдерин жазды. 2009-жылы басмага берерден мурун, Кыргыз Эл баатыры, 1-даражадагы Манас орденинин ээси, Токтогул сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Эл жазуучусу Төлөгөн Касымбеков атанын үйүнө бардык. Бизди жакшы тосуп алды. Рахмандын өтүнүчү менен, чыгармаларын окуп, алгачкы китебине баш сөз жазып, батасын берип узаткан эле. Ошентип алгачкы «Чоң куудулдун чөнтөк китеби» түзүүчүсү сен, редактору Бактыгул Чотурова болуп жарыкка чыккан. Дагы айта кетүүчү нерсе, Нурлан Шакиевге жолукканда «менин министрим» деп тамашалашчу. Себеби, Рахман бийликке каршы сүйлөп турса дагы наамды ошол кездеги министр Нурлан Шакиев берген.

**— Жогоруда романтик эле деп айтып кеттиңиз, эл билбеген дагы кандай сапаттары бар эле?**

— Ал достукка өтө бекем болчу. Анан да бирөөлөргө жардам бергенден ырахат алчу. Илгери 90-жылдары эле, мен билгенден эле

канчалаган артисттердин концерттерин уюштуруп, таанылуусуна жардам берип, аларга үй алып бергенге чейин жетишти. Жаш таланттарга жардам берүү анын өзгөчө хоббиси эле. Дагы бир жакшы сапаты, бирөөнү уга билет болчу. Ал жаш балабы, пайдалуу сөзбү же жокпу, бирок баарлашкан адамын уга билген жакшы сапаты бар эле. Эң башкысы достукка бекем эле. Ага досу же ини досу болобу, турмуш жашоо канчалык адамдарды өзгөртсө да, Рахман досторуна бирдей мамиле кылчу. Ыраматылык Манас досун өмүрү өткүчө оозунан түшүрбөй, арнап ырларды жазып, жада калса ага арнап китеп чыгарам деп жүрдү. Албетте, биздин досторубуз да көп болду, чет элден тапкан достору Токтобек, Кайрат, аяштарыбыз Орозгүл, Турдугүлдөр өздөрү кытайда жашаса да үй-бүлөлүк катташыбыз үзүлгөн жок. Албетте, жашоодо өйдө-ылдый маселе көп болот. Кээде капа кылып койгон достору да болду. Анын кечиримдүүлүк сапаты да чоң эле. Достору же окуучулары капа кылып койгон болсо, капачылыгын ичине кармап, дайыма кадамды биринчи Рахман таштайт болчу. Дагы бир мыкты сапаты – айткан сөзү болобу, иши болобу аягына чыгара алчу. Биз үйлөнгөндө айтты эле, сени дүйнө кыдыртам деп. Сөзү эки болгон жок. Айткандай эле Россиянын Москва, Питер, Томск шаарларында болдум. 2007-жылы Аскар, Гүлмира достор менен Дубайга бардык. 2011-жылы Кытайдын Гуанджоу, Пекин шаарларына, ал эми 2012-жылы Гүлшайыр эже







Садыбакасова менен чогуу Кореяга, Сеулга барып, ошол жактагы жаштар менен жолугуп келгенбиз.

2021-жылы 7-мартта Абдыманап Төрөбековдун чыгармачыл кечеси болуп Бишкеке барганбыз. Манаптын кечеси жакшы өттү. Концерттен кийин Сапар, Канчайым болуп Рахмандын Алайлык Кубаныч деген жакшы көргөн, жакын тутунган үкасиникинда конок болдук. Эртеси 8-март Гавайиге бардык. Ошол жерде, айтып калды. Аябай чарчадым, шайлоо, саясат чарчатты, эс алыш керек. Эми Ташкент, Самарканд, Коконду көргөзүп келем. Анан карантин бүтсө Германияга барабыз, Эрнис досум менен сүйлөшүп койдум деп. Эрнис досу Германияда үй-бүлөсү менен көп жылдан бери жашайт. Кээде видеозвонок менен экөө сүйлөшүп калышат эле. Ташкентке барабыз деп классташ досу Өмүрбекке чалып, баарын пландаштырып да койду эле.

Буйрук эмес экен, баары башкача болуп кетти.

**— Саясатка аралашканына эмне себеп болду?**

— Ал дээринде чындык үчүн, акыйкаттык үчүн күйгөн жан эле. Анча-мынча кесиптештерине окшоп, бийликке жагалданып, эки жүздүүлүк кыла албайт болчу. Жалпыга маалым, анын сатиралары үчүн куугунтуктар башталып, учурунда концерт койгонго зал дагы бербей калышкан күндөр болду. Ошол учурда кээ бир кесиптештери, теледен кайра Рахманды жамандап турушту. Ал баарын көтөрдү. Саясий көз карашы дайыма оппозициялык маанайда болду. Ушунун баары топтолуп, аны саясат айдыңына алып барды. Өзү айтмакчы, саясат анын көп энергиясын алып койду. Эми анын эмгегин ошол партиялаштары канчалык деңгээлде сезип же эстешет билбейм, бул экинчи маселе...

**— Эми, кайра үй-бүлөлүк жашоого келели. Рахман Разыков кандай ата эле?**

— Ал балдарына да, кыздарына да башкача тарбия берүүчү. Эч бир баласын андай бол, мындай бол деген жок. Бардыгын өз эркине койду. Бала эркин болуш керек дечү. Бардыгы эле юрист болуш керек эмес, дыйкан, шофёр болсо деле болот. Башкысы, жакшы адам болуп чоңойсо болду дейт болчу. Каныбекти мектепке барбаган күндөрү жанында алып жүрөт эле. Балдардын ичинен Каныбек сатира жаатында жакшы тарбия алды. Негизи бардык балдарыбыз

юморго жакшы. Сардар менен Дастан да жакшы сүйлөшөт юморду. Бирок алар башка кесипти тандашты. 2014-жылы Рахман экөөбүз Кытайга кызыбыз Чолпондун окуган жерине бардык. Чолпондун мыкты студенттердин катарында илинген сүрөтүн көрүп, «кызыбызды жакшы эле тарбиялаптырбыз, ээ» деп сыймыктанган эле. Ал аталык милдетин аткарды. Балдарын үйлөп, жайлады. Бир эле кенжеси Дастан калган болчу. *(Бир сыйра ыйлап алып, сөзүн улады).*

Баары кудайдын колунда экен. Биз экөөбүз 33 жылдан ашуун бирге түтүн булаттык. Бул чоң тарых, аны эч ким өчүрө албайт. Жаратканга шүгүр айтам, ушундай мыкты инсанга жубай болгонума. Биз жакшы жашадык. Турмуштун өйдө-төмөнүн бирге көтөрдүк. Жаратуучуга керек экен, алып кетти. Дагы жашаса болмок. Алдыга койгон максаттары, иштери бар эле. «Аралаштын» 35 жылдыгын өткөрөм, арнап китеп чыгарам. СССР деген *(ал САХНА САТИРАСЫНЫН САЯСАТЧЫСЫ РАЗЫКОВ деп чечмеленчү)* китеп жазам. Сени менен буюрса «Таза шайлоо», «Акыркы мерген» деген кино тартабыз дечү. Баары калды. 12-майда туулган күнүндө шаар айланып келели деп чыктык. Машинада кыңылдап Азада эженин ырын ырдап калды.

*Буркурап боздой бербе сезимдерим,*
*Базардан кайтып калган кезим менин.*







*Бааласын баалабасын кээ бирөөлөр,*
*Баркымды билгендердин эсиндемин – деп.*

— Койчу, шаңдуураак ырдан ырдачы, бул ыры кайгылуу сезилет экен, – десем:

— Болду кампир, сен эмне десең ошол, – деп койду да, бир аздан соң, — негизи Азада эже, ушул ырды жазганда, өлүм ак экенин билип калса керек, – деп койду. Мен унчукпадым... аттиң... өлүм ак экенин Рахман дагы бир ай мурун сезген экен.

**— ...Сабыр кылыңыз... Акыркы суроо, уулуңуз Дастанга атасынын кеткени өтө оор тийди окшойт. Мен эскерүү жазып бер десем...**

— Мен түшүндүм сурооңду. Ал жазбайт. Мен ага сен чалганда эле айтканмын, эскерүү жазып бер деп. Ал мага, атам мен үчүн өлгөн жок. Ал дайыма менин жанымда, жүрөгүмдө. Анан мен кантип, мен үчүн өлбөгөн адамды эскерем деп басып кетти. Ишенсең, баламын бул жообу, жүрөгүмдү тилип кетти. Мезгил баарын дарылайт дейт. Мүмкүн, келечекте көп нерсе эскерилер, жазылар. Бирок, азыр эмес. Рахманды эки ооз сөз менен эскерүү эле мүмкүн эмес. Анын жазган ырларын, сатира менен тамсилдерин, айкөлдүгүн, адамга болгон мамилесин, деги койчу адам катары кандай бийик инсан болгондугун саатtap айтсак түгөнбөйт. Рахманды баалаган да, баалабагандар да болду. Азыр бааланбаса, баалап, барктап алчу да мезгил келер деп ишенем. Бирок, Рахманды сүйүп, сатираларына балкып күлүп, күтүп көргөн көрүүчүлөрдүн жүрөгүндө түбөлүк калат деп ойлойм. Рахмандын экинчи жашоосу эми башталат... Мүмкүн качандыр бир убакта Рахман жөнүндө дагы көп жакшы нерселер айтылар, китептери чыгып, калтырып кеткен киносценарийлери боюнча кинолор тартылар. Анын баарын убакыт көрсөтөт.

Мен ушул китепти чыгарууда көмөк көрсөтүп жардам берген кайдыгер эмес жакшы инсандарга жана финансы жактан колдоо көрсөткөн досу Самидин Белеков менен ЖЧК «Мээр чөп» ишканасынын жетекчиси Жээналиев Калыбек мырзага, китепти түзүп чыгарган сага да терең ыраазычылык билдирем. Акеңдин аманатын аткарып, кол жазмасын чогултуп китеп кылып атасың. Бар бол.

## КОШТОШУУ

Чындыкты айтып чыркырап,
Чындык издеп кеттиңби?!
Чындыгын таппай бул жактан
Абышка, чын дүйнөгө кеттиңби?!
Акыйкат издеп чыркырап,
Акыйкатын таппадың.
Акыйкатты табалбай,
Абышка, акыретке кеттиңби?!
Бетине айтып жакпастан,
Бел ашып ары кеттиңби?!
Бийликке жакпай жазганың,
Абышка, бейишти көздөй кеттиңби?!
Кол жеткис көктө жылдыздай,
Көктү көздөй кеттиңби?!
Көрүнбөй калды карааның,
Абышка, көөдөнүң толбой кеттиңби?!
Кыйкырган көөдөн кыйкырык,
Үнүңдү эч ким ким укпады.
Чарчаган жаның чыркырап,
Абышка, эми кантип тынч алды?!
Үнүңдү угуп жараткан,
Өз койнуна алдыбы?
Чымындай жаның тынч алып,
Абышка, тынч уйкуга салдыбы?!
Кампирим өзү билет, – деп,
Эркелетер кишим жок.
Башымды жөлөп эркелеп,
Абышка, жетелешер кишим жок.
Бейишиң болсун, абышка,
Кантем.. кош, дебеске айлам жок.
Кургабай калды көз жашым,
Абышка, курандан башка амал жок.





### Чолпон Разыкова, кызы:

## АТАМ ЖӨНҮНДӨ КАНЧА ЖАЗСАМ ДА АЗДЫК КЫЛАТ



Мен качандыр бир күнү атама эскерүү жазып калам деп такыр ойлобоптурмун. Кимге кандай билбейм, учурда мен жүрөгүм-дүн түпкүрүндөгү атама арнап айтчу сөздөрүмдү ирettей ал-бай кыйналып турам. Ал ушул жазганымды сөзсүз көрүп, окуй тургандай ишеним көөдөнүмдө кадалып кетпей туруп алды. Анткени мага, азыр деле атам бир жакта гастролдо же бир жумуштары менен жүргөндөй, күтүлбөгөн саатта эшик ачылып, үйгө жадырап кирип келе тургандай эле сезилет. Ал мен үчүн дүйнөдөгү аталардын эң түшүнүктүүсү болчу.

Атам биздин балалык доорубузду чектеп, тигини жаса, муну жасаба, бул окууга тапшыр же бул жумушта иште деген жок. Өз каалообуз, өз эркибизге коюп чоңойтту. Ошентип мен Кытайда, ал эми Дастан Туркияда билим алдык. Биздин балалык кезибиз өтө бактылуу болду. Дастан экөөбүз тең лицейде окугандыктан, бешинчи күнү эле кечинде үйгө келчүбүз. Эгер атам үйдө болсо бизге жаңы жазган тамсилдерин окуп берип, маданият, адабияттан баштап ар кайсы темада Дастан экөөбүз менен кызыктуу талкуу жүргүзчү. Кайсы сатирасын жазбасын, бала болсок да биз менен бөлүшүп, бизге айтып берчү. Ошондуктан, бардыгын болбосо да, көпчүлүк сатираларын жатка билчүбүз. Айрыкча Дастан иним сатира эле эмес,

ырларын да жатка билчү. Түнү ойгонуп калсак, ашканада апам экөөнүн бирдемелерди жазып же акылдашып жатканын көрөт элем. Анын бардык идеяларынын биринчи угуучусу апам эле. Биз анда көп кабаттуу эки бөлмөлүү үйдө жашачубуз. Ошол эки бөлмөдө атамдын канча проекттери жазылып, канча ырлары, сатиралары жазылып, канча шакирттери баласындай болуп биз менен кошо жашап жүрүп жетилди. Кээде атамын конокторунан өзүбүзгө жатканга орун таппай калган күндөр да болчу.

Атам чоң-кичине дебей баарына бирдей мамиле жасачу. Каникулда концерт койгончо бизди жанына кошо ээрчитип алчу. Атамын алгачкы «Чоң куудулдун чөнтөк китеби», «Биз кайда баратабыз» китептеринин гастроль учурундагы сатуучусу мен болдум. Баткен, Нарын, Ысык-Көл, айтор, эс алганча эл кыдырып атам концерт коюп, мен китептерин сатчумун. Эми минтип атамын акыркы китебине эскерүү жазып жатам.

Ушул эскерүүнү жазып жатып, атамын Кытайдагы мен окуган университетке келгендеги бир окуясы эсиме түштү. Биз экөөбүз университеттин алдындагы кичинекей көлдүн жанындагы скамейкада ар нерсени сүйлөшүп, кызуу талкуулашып каткырып күлүп отурганбыз. Бир убакта жаныбызга бир кытай карыя келип жылмаюу жүз менен:

— Бул сиздин атаңызбы? – деп сурады. Мен:

— Туура таптыңыз, бул менин атам, – деп жооп бердим. Карыя таң калып:

— Мен атасы менен кызынын мынчалык чын жүрөктөн сүйлөшкөнүн көптөн бери көрө элек болчумун, – деп жылмайып басып кетти. Мен чалдын сөзүн угуп, толкунданып атамды карадым...

Ошондогу атамдын элеси, ошол скамейкада отурганындай шайыр, боорукер, жан дүйнөсү таза бойдон менин жүрөгүмдө түбөлүккө жашап калды.





Сардар Разыков, уулу:

## АТАМ МЕН ҮЧҮН ИДЕАЛ ЭЛЕ



Атаңды эскерүү оор иш экен...
Себеби бул нерсе адам көзү өт-
көндөн кийин жазылат тура. Ал
аз келгенсип, атама окшоп чыгар-
мачыл адам болбогондон кийин,
сөзгө да чоркок жаным, сөз кура-
гыча жашым төгүлүп атып, оюм-
ду кагазга толук түшүрө албай
жатам.

Жашырганда эмне, атамы 4 жа-
шымда бир көрүп, элеси гана көз
алдымда калып, таятамын ко-
лунда апам менен өстүм. Таятам
жакшы киши эле, атам жөнүндө
өзү эле эмес, башкаларга да жа-
ман сөз айттырган жок. Сурасам,
«сенин атаң муруту бар палван,
жакшы киши» деп коёр эле. Мен дагы атамы көз алдымда ошондой
элестетип өстүм. Кийин 11 жашка толгондо, апам мени ээрчитип
концертке барды. Жолдо бир букет сатып алып, ичине бир кагазга
төрт сап жазып кыстарып, концерт убагында сахнадагы элди күл-
дүрүп аткан кишиге алып чыгып бер деди. Мен чыкпайм, өзүңүз
алып чыгып бериң гүлдү деп көнбөдүм. Апам ошондо, менин кула-
гыма, ушул киши сенин атаң, мен кагазга жазып койдум, гүл берген
сенин уулуң Сардар деп деди. Мен үчүн бул кабар күтүүсүз болду.
Толкунданганданбы билбейм, жер бут алдыман көчкөндөй болуп,
мурдуман кан атып кетти... Ошентип, эс тутуп калганымда биринчи
жолу атамы гүл берип атып жанынан көрдүм. Атам мени тааныган
жок, рахмат деп бетимен өөп койду. Мен болсо, чуркаган бойдон
апамын жанына бардым. Атаман кийин сахнага бирөө чыгып ыр-
дап калды. Ал бүтөрү менен сахнага кайра атам аккордеон асынып



чыкты да, элдин арасынан бирөөнү издегендей, бир сыйра сыдыра карап:

— Бул чыгарма, залда олтурган менин жакын адамыма арналат, – деп Чубак Сатаевдин «Арман» деген ырын ырдап кирди. Залдын эл отурган тарабы караңгы эле. Атам болсо ырдап бүткүчө караңгы залдагы элдин арасынан бирөөнү издеп, карап жатты. Концерт аяктаганда элдин алды болуп апам мени жетелеп залдан чыгып кетти. Мен унчуккан жокмун. Бирок, атамы биринчи жолу көргөнүмө, менин атам эл кол чапкан мыкты киши экенине кудуңдап сүйүнүп бактылуу болуп үйгө бараттым. Кийин чоңоюп калганымда атам менен телефондон сүйлөшүп турдум. Ошол телефондон сүйлөшүп атканда атам, сенин Каныбек, Дастан деген инилериң бар деп, Каныбек экөөбүздү бир-эки жолу телефондон сүйлөштүрдү. Дастан анда кичинекей экен. Кийин мен 18 жашка толгондо, биринчи жолу атам үйүнө алып барды, мына ошондо Каныбек менен Дастанды биринчи жолу көрдүм. Аялы Диля эжебиз менен тааныштырды. Мен Каныбекти ошол Диля эжебиздин баласы деп ойлочумун. Көрсө, Каныбек атамын экинчи аялынан, ал эми Дастанды үчүнчү аялы Диля эжебиз төрөгөн экен. Мен бул окуяны жазуу менен, атамын 30 жыл бирге жашаган үчүнчү аялы Диля эженин энелик жүрөгүнүн кенендигин айткым келди. Азыр жашым кырктан өтүп, акыл токтотуп, турмуштун өйдө төмөнүн көрүп калган маалымда, өткөнгө саресеп салып, ошол маалды эстейм. Диля эженин Каныбек менен мага өз энебиздей мамиле кылып, бизди баласындай кабыл алганына ыраазычылыктан башка сөз да айталбайм. Атам өмүрүнүн акырына чейин Диля эже менен өмүр сүргөнүнө, Чолпондой кыз жана Дастандай уулдуу болгонуна ыраазы болуп өттү. Мен бул сезимди дайыма атамын көзүнөн окучумун.

Эми, атамын чыгармачылык жаатындагы өзгөчөлүктөрүн чогуу





иштешкен кесиптештери, шакирттери, сахналаштары жакшы жазышаар. Мен болсо, атамын көпчүлүк эл билбеген адамдык бийик сапаттарын айткым келди.

Атам баардык турмуштагы өйдө-ылдый маселелерге философиялык көз караш менен карайт эле. Сабырдуулугу жагынан, огунан оңой чыкпаган, ачуусу тез келбегендигин билген теңтуштары атамы «камырабас» деп калышчу. Атам болсо, «сарсанаа болгондон эмне, баардык маселе өз убагы келгенде чечилет. Биз пенделер канча план кылсак деле, жаратkandын планы болот» деп койчу. Ал жардам сурап кайрылган адамдын муктаждыгын биринчи орунга коюп, ошол маселени колунан келишинче чечер эле. Кээде ошол кишилердин маселесин өз ишинен да жогору коюп алат эле. Жакындары мындай көрүнүштөрдү түшүнүү менен кабыл алат элек. Адамдардын эки тарап болуп, бир пикирге келише албай калган учурларында, аларды элдештирүү боюнча атамда билинбеген жогорку бир, дипломаттык сапаты бар эле. Атамдын мына ушул ар бир адамдын көңүлүн, оюн таба билүүчүлүк сапаты, чоң атабыз Алтыбаев Разыктан өткөн деп эжелерим айтып калышат.



Атамдын мен билген дагы бир улуу сапаты, анын башка адамды уга билүү сапаты эле. Эгерде көңүлүнө туура келип калган адам болсо болду. Ал ким, баласындайбы, атасындайбы, каракчыбы, селсаякпы, эч нерсесине карабай бир күн кечке деле маектешип отура берет болчу.

Мен сыймыктанып кетүүчү дагы бир жагдай акыркы шайлоо учурунда атам оппозициялык болгон «Бүтүн Кыргызстан» партиясы менен



шайлоого аттанган эле. Анан бир күнү үйдө олтурса белгилүү инсан, атын атабай эле коёюн, эртеден кечке атамды бул оюнан кайтууну, ал шайлоого жок дегенде ал партияны колдобоону, катышпоону айтып суранган. Ордуна баардык финансылык колдоо болоорун, керек болсо уулдарыңды жумушка орноштурам деп сунуштаган эле. Бирок атам көнбөй койду. Анткени, атамда адамды сатпаган, тандаган жолунан кайтпаган көкжалдык мүнөз бар эле. Бул сапатын билгендер али көп айтаар.

Ал эми сатира жазуу, аны сахнага чыгаруу атама канчалык көп түйшүктү алып келди. Бирок, атам үчүн бийликке өз ой-пикирин айтуунун жолу ал жазган сатираларда болчу. Андыктан, ал келген бийликке пахта койгон куудул эмес, оппозициялык куудул болгон үчүн, түрдүү бут тосуулар ар кайсы бийликтин убагында болуп келди.

Атам өмүрү өткөнчө элдин кызыкчылыгын ойлогон чыгармалар менен алек болду. Азыр ойлосом, кыргызга жаралган ар тараптуу, өзгөчө инсан болгон экен. Себеби, атам бир эле убакта акын, сатирик, сценарист, режиссёр, куудул, киноактёр, продюсер, саясатчы, бизнесмен болуп иштептир. Ушул кесиптердин баарын бир эле учурда аркалап, баарына жетишип, ошону менен бирге бала-чакалары менен туугандарына да убакыт таап





жашаган, КРнын маданиятынын эмгек сиңирген ишмери атам менен жана мамлекеттик каттоонун отличниги болгон апам менен сыймыктанам.

Кош ата, жаткан жериңиз жайлуу, ыйманыңыз саламат болсун.

### Каныбек Разыков, уулу:

## АТАМ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАМ

Эсимде, бала чагымда атам мени ырдата берет эле. Атамдан башка бирөө айтса ырдабай коёт элем, атам айтканда дароо столдун же тумбочканын үстүнө чыга калып, ырдап баштайт элем. Бек Борбиевдин «Алло, алло бул сенсиңби?» деген ырын ушинтип көп ырдап калдым. Бала чагымда атамдын колу мага бир да тийген жок, урмак түгүл катуу да урушпады. Бирөөлөргө жини келгенде эң эле катуу айтканы – «келесоосуңбу?» деп койчу. Мага ал тургай ошол сөздү да айткан эмес. Атам жаш бала менен да чоң адамдай сүйлөшүп, өзгөчө мамиле кылган адам эле. Чынын айтсам, мен атамдан катуу уялат элем, атамдын алдында ашыкча сүйлөп албайын деп этият-



танып турчумун. Кызыгы, атам экөөбүз тамашалашпайт дагы элек. Бир жолу мен уулум Исхакты эркелетип атып атамын жанымда экенин унутуп, «Уулум чоңойгондо буюрса мени багат го» деп айтып алдым. Анда атам «ушуга чейин сени мен баксам, эми балаң бакса, сен өзү бирөөнү багасыңбы жашоондо» – деп тамашалап

күлдү эле. Эң эле катуу тамашалашканыбыз ушул болуптур ойлосом. Атамдан коркконум эле аны таарынтып албасам экен дечүмүн. Таарынтып алсам атам сүйлөбөй, көңүл бурбай койчу. Мына ушул нерседен өзгөчө кылдат болоор элем. Мен атамдын камкордугун өзгөчө баалайм. Мисалга мени 1-класс кезимде гастролго ээрчитип алчу. Ошондо 6-7 жашар баланы же машинасы жок, гастролдо ээрчитип жүргөнүн элестетсеңиз. Азыр биз антип гастролго эмес, бир күндүк концертке балабызды даяр машине менен кошо алып барбайбыз.

Мен атамдан аталык эмес, агайлык тарбияны көп алдым. 20 жыл гастролдо бирге жүрдүк. Ал жылдар мени атамдын өзгөчө тарбиясы менен эсте калды. Бир жолу «Ар бир айдын алтысы» долбоорунун жигиттери, шакирттеринин алдында айтты: «Мен Каныбекти жылдыз кылгым келсе жарым саатта кылып салам. Бирок, мен дүйнөдөн өткөндө силер менен мамилесинин бузулуп кетишин каалабайм» – деп. Көрсө, атам мени даяр оокатка, даяр ооматка көндүрбөй, бардыгын өзү тапсын, өзү иштесин, кыйынчылыкты көрсүн дегени экен. Ошондуктан, атам мага башкы ролду берем дебейт эле, окуучуларын кандай көрсө мени деле ошол тартипте кармайт эле, акчаны да ашыкча берип мени көптүргөн жок. Атамдын ушул тарбиясына ыраазымын.









А баса, бир ирет мени атам катуу сүйүндүрдү. Ч.Айтматовдун чыгармалары деген интермедияны ойноп кирсем эле, атам сүйүнүп: «болот экен го иштесе, азаматсың» – деп алкап, мактап кирди. Мен ошондо болуп көрбөгөндөй толкунданып, атамдын купулуна толгонума жаш балача кубангам. Ал негизи атамдын сатирасы болчу, мен чыкпайт деле болчумун, анан Союз мени күүлөп эле чыгарып, бир кылка иретке келтирип берген. Атамдын ошондо мактаганынан мен учуп эле кетейин дедим.

Балдарынын ичинен Сардар акем менен көбүрөөк сүйлөшчү. Сатираларын да акем менен читкалап койчу, ошондуктан азыр Сардар акемде сатира жазуу таланты күчтүү. А мен болсо гастроль, программа, анан бир аз үй-бүлөлүк маселелер тууралуу кыска убакытка гана сүйлөшөөр элек. Бир чечилип, эзилишип сүйлөшкөн учур болбоду. Бирок, бизге деген аталык камкордугу чексиз болду. Неберелерине өзгөчө мээрим төктү, куда-сөөк менен катышында да абдан сый мамилени курду. Биринчи уулум төрөлгөндө атам Лейлекте жүрүп, Исхак Раззаковдой болсун деп Исхак деп койду. Экинчи уулума Кытайдагы Улуу Чат районунун акиминин атынан Сыяр деп ысым берди. Деги эле тууган-уруктун балдарын, неберелерди сүйүнчүлөп чалганда эле , кубанып атын коюп берчү. Өзү да жаш балдарга жакын, жан дүйнөсү таза адам эле да. Биздин арабыздан кичүү иним Дастанга өзгөчө көңүл бурду, эркелетти. Дастанды үйлөнтүп коюшум керек эле деп көп айтып жүрдү. Акыркы чоң тилегинин бири да ушул болсо керек эле...

Атамдын акыркы күндөрүндө мен Тынар аке менен Чаткалда



гастролдо элем. Ошол күндөрү эмнегедир үйгө кетким келе берди. Үйгө кетүүнү Тынар аке менен Жумаш акеге айтсам, алар да таң калып: – Эмнеге? – дешти. – Билбейм, кетким келип жатат, эч жерим деле оорубайт, бирок үйгө барайынчы, – деп кетип калдым. Аксыдан келатсам эле карындашым Гүлмайрам чалды, атам ооруп жатат деп. Келсем үйдө ооруп жатыптыр, алмурут алып киргем. Зорго туруп, алыстан учурашып, алмурут жеп, дагы алып келчи деди. Сыртка чыгып дагы алып келсем, бара бер, сүйлөшөбүз деп койду. Ошондо 5 мүнөткө гана көрдүм, акыркы көрүшүм экен... Эртеси эле ооруканага жатты. Ал күндөрү жакшы болуп баратып эле, кайра артка кетти. Телефон аркылуу гана сүйлөшүп турдук, «жакшымын, отурам, анан сүйлөшөбүз, балам» деп койчу. Бир тууган жээнибиз Бишкектен врач чакыртты, ага таңкы саат 8ге самолетко билет алынган, а атам ошол таңда саат 5 те дүйнөдөн өтүп кетти. Врачтар деле ага чейин жакшы эле деп турушкан.

Эң эле жанында көп жүргөн баласы мен болгондуктан, мүнөзүн жакшы билчүмүн. Аз да болсо кызматын кылганыма арманым жок, сүйүнөм азыр. Атамдын экинчи өмүрү улана бермекчи, атын өчүрбөйбүз. Кудайга шүгүр, балдары, окуучулары шакирттери турат. Куудулдар театрын ачып, конкурс, эскерүүлөрдү, фестивалдарды өткөрүү боюнча чоң пландарыбыз бар. Оштогу «Кыргызстан» кинотеатрына да аты берилгени турат.





**КРнын Жогорку Кеңешинин төрагасы Шакиев Нурланбек Тургунбекович:**

# АЛП ТАЛАНТ!



Кыргызда «Төгөрөгү төп келген талант», же «Жигитке жетимиш өнөр аз» деген накыл сөздөр бар эмеспи. Мына ушул таамай айтылган накылдар маркум Рахман Разыковго куп жарашчу.

Үч жыл мурда таажылуу вирус апаатында дүйнө салган орошон талант, кыргыздын мыкты уулдарынын бири, белгилүү куудул Рахман Разыковдун өлүмү чындыгында кыргыз элине орду толгус чоң жоготуу болду. Рахман аке көп кырдуу өнөр адамы эле. Алгач көпчүлүк аны куудул катары таанышса, кийинчерээк чоң сатирик, акын катары биле баштаршты. Ал мыкты уюштуруучу жана ара-тородо тамадалыкты да катыра берчү сөзмөр инсан болчу. Рахман акеде идея деген жык болчу. Кадимки анардын ичиндегидей эле элестете бергиле.

Муну мындай, аны андай кылсак болот. Мен ошентем! Жасайм деп эле басып жүрчү...

Анан абдан колу ачык, эч кимден эч нерсе аябаган марттыгычы! Өзүндө жок болсо башка бирөөлөрдөн сурап берчү. Эгерде кимдир бирөөлөр кокустан кыйынчылыкка туш болсо, угуп туруп дароо бир жолун айтчу.

Мен Рахман аке менен баш аягы жыйырма жылдан ашыгыраак ага-инилик жакын мамиледе болдум. Тилекке каршы көзү өтөөрдөн бир жылдай аралык азыраак көрүшүп калдык. Ага эч деле

себеп жок. Болгону ар кимибиз ар ар кайсы тиричилик менен алек болуп…

Аттиң дейм, Рахман акенин эртелеп о дүйнөгө кетээрин мен эле эмес башкалар деле кантип билсин…

Абдан өкүнүчтүү…

Кызыгы, кээде мага жолукканда же телефон чалып бакылдап ойлорун, жаңы сатираларын айта берээр эле. Айткандарынын айрымдары дароо эле мээме кирчү эмес. Кийин ойлонгондо жетчү. Айрыкча саясий сатираларды катыра жазчу.

Жаңысын дароо мага айтып берип, анча-мынча менин пикиримди сурап калчу.

Мени азыр соороткону эле Рахман аке куудулдук өнөргө, кыргыз сатирасына чоң салымын кошуп, керек болсо Рахман Разыковдун мектебин салып кеткендиги…

Өлкөбүз эгемендүүлүктү алган жылдардан тартып, көзү өткөнчө дээрлик 30 жыл аралыгында азыркы жаңы кыргыз сатирасын жана андагы ондогон белгилүү жаш куудулдарды өстүрдү.

Куудулдук өнөргө жаңы жүз берди деп айтсам ашыкча болбос!..





## Экс-президент К. С. Бакиев:

# ИЧИНДЕ КИРИ ЖОК ИНСАН ЭЛЕ



Бүгүн эртең менен суук кабарды угуп, жүрөгүм ооруп, уккан кулагыма ишене албай отурам. Рахман менен Чүй облусунун өкүлчүлүгүндө иштеп жүргөндө «Бешилик» тобу менен келип, борборго концерт коюп сатирасын элге тартуулаганы келгенде жолугуп, таанышып калдым. Отурганда эле ичинде кири жок, турмуштун чындыгын сатира аркылуу жеткире алган таза инсан экенин сездим. Таанышкандан ушул күнгө чейин ага-ини болуп катышып келдик. Көп кырдуу талант катылган алп инсан экенин баалап, ар дайым сыймыктануу менен сыйлап келем. Минтип, аты өчкүр вирустун ажалына кабылып, акка моюн сунуп акыркы сапарга кете бериптир. Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун, иним! Кудайым өзү ырайымына алып, мээримине бөлөсүн. Үй-бүлөсүнө жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөм.

*Минск шаары*

*Булак: Фейсбук*

### Аскар Береналиев, жакын досу:

# АДАМГЕРЧИЛИГИ БИЙИК ДОСУМ



Өткөн адамды эскерип, бул ооматтуу өмүрдө анын баскан-турганын, жасаган эмгектерин баалап жазуу өтө кыйын болуш керек. Өмүрү өрнөк болгон, кыргыз журтчулугуна белгилүү, кыргыз сатирасына өзгөчө жаңы өң, жаңы саамалык киргизген, аны бийик деңгээлге көтөргөн Рахман досум жөнүндө жазуу өтө оор жана кайгылуу болуп турат. Айла жок, досум жөнүндө аз да болсо өз оюмду жазайын дедим. Рахмандын кыргыз сатирасына кылган эмгеги өтө зор, себеби сахнада ойнолгон сатиралардын дээрлик көбү Рахмандын калемине таандык. Биздин достугубузга чейрек кылымдан ашты. Ошол күндөн ушул күнгө чейин бир да жолу көз караштарыбыз дал келбей калган учурлар болгон эмес. Анын ар тараптуу инсан экени жумурай журтка белгилүү. Ал башкалардан таланттуулугу эле эмес, адамгерчилиги менен да өзгөчөлөнүп турар эле. Адамдын көңүлүн оорутпаган, токтоо жана жумшак мүнөзү бар болчу. Ар кандай адам менен бат тил табышкан, тамаша кылса да көңүл оорутпай кылдат мамиле кыла билчү. Рахман досумдун уюштуруучулугуна чек жок эле. Өзүнүн кырк жылдан ашуун сахнада жүргөн тажрыйбасынын негизинде сахналаш куудулдарга чоң-чоң фестивалдарды уюштуруп, өзү демөөрчү болуп чоң-чоң байгелерди коюп, кыргыз сатирасын жаңы деңгээлге көтөрдү. Кийинки муундан куудулдар чыксын деп, кыргыз журтчулугун кыдырып, жаш таланттарды таап, аларды чоң сахнага алып чыгып турду.





«Беш айры», «Бешилик», «Беш абышка, беш кемпир» жана «Беш тапан» деп түзүп, өз каражаты менен тарбиялап элдин таразасына койду. Алар бүгүнкү күнү кыргыз сатирасына таанымал сахнанын көркү болушуп, устаты Рахмандын ишин улантышып, элге күлкү тартуулап жүрүшөт. Ушул эмгектерин баалап, кыргыз мамлекети 2010-жылы ага «Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген наам ыйгарышты. Акындыгына токтолсом, көркөм ойлуу ырларды, поэмаларды, тамсилдерди жазып, элдин чоң көйгөйү болгон тематикадагы таасирдүү чыгармаларды жаратып, окурмандардын жүрөгүнөн орун тапты. Ар бир чыккан ыр китептери тез эле тарап кетип жаткан. Ал өзгөчө стилде жазган сатирик болуп элге таанылды. Ар бир сөздү таразалап, анын баасын, салмагын билген сөзгө чебер чоң куудул эле.

Акыркы жолу таң эртең менен, «учураша кетейин дедим эле» деп келди. «Раке, бүгүн конок болуп кет» десем, «Жок, Аске, Ошко кетип жатам. Жакында август айында (2021-жылы) чоң концерт берем жана жаңы китебимдин бет ачары болот, ошо шашып жүрөм» – деп кайра Ошко шашып кетти. Көрсө, досумду ошондо акыркы ирет көрүп жатканымды билбептирмин, аттиң ай, аттиң арман күн. Эч качан ойго келбеген чоң жоготууга кабылдым. Ошондон 3-4 күндөн кийин аяшым экөө ооруп, ооруканага жатып калышыптыр. Күндө бир-эки маал телефон менен байланышып турдум. Ар дайым «досум, жакшымын, кудай буюрса бул ооруну жеңдик окшойт» – деп айтып турду. Ал күндөрү биз өлүм жөнүндө такыр ойлонгон эмеспиз, кудай буюрса айыгып кетет деп эле жүрдүм. Бирок, андай болбой калды.

Сен тирүү болсоң дагы далай чыгармалар жаралмак. Аттиң арман, айла жок, ыйманың саламат болсун. Сенин өрнөктүү өмүрүң, эмгектериң элдин жүрөгүндө түбөлүк жашайт. Элесиң дайыма биздин жүрөгүбүздө түбөлүк сакталат. Кош, досум.

## КРнын Эл артисти Күмөндөр Абылов:

# ЗАЛКАРЛАР ЗАЛКАРЛЫГЫН БИЛБЕЙ КЕТЕТ ТУРА...



«Кыргыз күлкүсү» дегенде, албетте биринчи эле Куйручук, Көкөтөй, Бекназар, Жоошбайларды пир тутат эмеспизби!... Алар менен бирге эле, «Кыргыз күлкүсүнүн көзүрлөрү» – деп, ошол Совет доору келе элек, элдин сабатсыздыгы жоюла элек убакта өз киндигин өзү кесип, сабатсыздыгын жоюп кат таанып, Манастан баштап, насаат ырларын, тамсилдерин жазып элине калтырып кеткен Тоголок Молдо атабызды, төкмө акындарыбыз Токтогул, Эшмамбет, Коргоол, Айдараалы аталарыбызды айтсак болот. Совет доорунан бери «Эл Шайырлары» аталышкан Осмонкул Бөлөбалаев, Калык Акыев, Алымкул Үсөнбаев, Ысмайыл Борончиевдер алгачкылардан болуп, Кыргыз Улуттук Филармониясын түптөшүп, «Кыргыз күлкүсүнө» өз салымдарын кошуп, жана алардын жолу менен ишин уланткан Калмурат Нурдөөлөтов, Эстебес Турсуналиев, Токтосун Тыныбеков, Тууганбай Абдиев, Замирбек Үсөнбаевдер экени белгилүү. Булар да куудулдук өнөрдү аркалап, куудул аталышпаса да, элди күлкүгө карк кылышып, шаңга бөлөшкөн «Эл шайырлары» экендиги чындык. Жеке эле акындардын айтышы эмес, «Кыз-жигиттин айтышы», «Сармерден», «Жөө айтыш», «Чечен айтыш», «Калп айтыш» сыяктуу көптөгөн айтыштар да «Кыргыз күлкүсүнө» кирээри,





«Кыргыз күлкүсүнүн» бир тармагын түзөөрү ырас эмеспи. Совет доорунда, атайын Москвадагы адабият институтунан билим алып келишип, өздөрүнүн сатиралык чыгармалары менен элди күлкүгө сугарып, кыргыздын сатирасынын казынасын толтуруп келишкен сатирик жазуучу акындарыбыз Мидин Алыбаев, Райкан Шүкүрбеков экөө баш болуп, Байдылда Сарногоев, Эсенгул Ибраев, Мухтар Борбугулов, Халил Бапаев, Садыр Сарыгулов, Жолоочу Ырыспаев, Эркаалы Өскөналиев жана башкалар экендигин жакшы билебиз. Ал эми, «Кыргыз күлкүсүн» алгачкылардан болуп сахна аркылуу элге жеткирген, сахнанын жана күлкүнүн чеберлери атыккан Шаршен Термечиков менен Асанкул Шаршенов, Шамшы Түмөнбаевдердин ишин улаган, Асек Момунгазиев, Ишен Турганбаев, Гүлжан Сейиткулова, Айнидин Базаров, Турсун Уралиев, азыркы бизге чейинки көзү барлардан Келдибек Ниязовдор экенин билбеген киши жоктур?...

Мен жогоруда «Кыргыз күлкүсүнүн залкарларын» тизмектеп айтып жатканымдын себеби, биз эскерип жаткан Рахман Разыков дагы, ушул тизмеге чоң тамга менен кирээрин айткым келди. Мен айткандардын арасында көзү барлардын да аттары аталды. Албетте өмүрлөрүн кудайым узак кылсын. Ошентсе да: «Күлүк күнүндө, тулпар тушунда» демекчи, жогоруда көздөрү өткөн инсандын баары өз убактарында күндөй жаркып, оттой жанып турушса да, эмгектери көп бааланбаган! Кийин көздөрү өткөндө ушунчалык залкар аталышаарын билишпеген чыгаар? Рахман дагы, заманына жараша күлкү өнөрүн аркалап, турмуштагы көйгөйлөрдү элжуртуна сатира аркылуу жеткирип, чоңдордун жаман көргөн ар кандай кысымдарына карабай, чындыктын казанында кайнап, акыйкаттык менен алпурушуп жүрүп өттү десек болот. Көрсө, кай учурда, кай заманда болбосун жамандын да, жакшынын да тукуму үзүлбөйт экен да!... «Жашоонун өзү күрөш» демекчи, жаман менен жакшы, ачуу менен таттуу, ысык менен суུктун күрөшү бүтпөйт экен го?... Бир жолу Рахман экөөбүз ушул темада маектешип олтуруп бирибиз:

— Карасаң, элдин баары эле жакшылык тиленип, төрөлгөн балдарына сүйүнчү айтышып, бешик той беришет! – десек, бирибиз:

— Балабыз бактылуу болсун! Жакшы адам болсун дешет эмеспи!

– деп, экөөбүз бири-бирибизди кубаттап:

— Ии! Элдин уулу болсун! – дешип, той берип, тушоосун кесип жатышканын көрөсүң!

— Байкасаң, баары эле жакшы киши болушуп, кой оозунан чөп албаган кишилер!

— Кеп кылгандары чындык, акыйкаттык, адилеттик, адептүүлүк!

— Басса-турса кудайдан жакшылык тиленип, ыйман тиленип жаткандарын айтпайсыңбы!...

— Чын эле, бири да жамандык тилегенин көрбөйсүң!

— Бирөөнө жамандык кылайын деген, бир да киши жок! Анан эле «Жаман катын кайдан чыгат» демекчи, карап олтурсаң, каяктан жоолашып, каяктан күйүп-бышып, бири-бирин жамандап, сөгүпсагып жаткандарын билбейсиң, кызык!...

— Бирок, кээ бир жаман деп, элдин баары жектеп, жек көргөн адамдын жанына барып, ичи-койнуна кирип, ал-жайын сурап сүйлөшө келсең, анын дагы жакшы жактары көп экенине күбө болосуң.

— Мисалы, башканы кой, даже сенин деле жакшы жактарыңды тапса болот! Сенин деле жакшы жактарың бар!...

— Экөөбүз минтип элди сындап, олтурабыз, ушул убакта экөөбүздү деле бирөөлөр, ай ушу Күмөндөр менен Рахман экөө жеткен акмактар, киши деле эмес деп, жамандап жатышкандыр?...

— Илгери бирөөнү элдин баары жемелеп, жаман жагын айтып түгөтө алышпай, сен жамансың, сен жамансың дешип, жаман жактарын айтып жатышса, тиги байкуш, эгерде мендей жамандар болбосо, силердин жакшы экениңерди ким кайдан, кимге салыштырып билишмек эле деп коёт дейт.

— Ээ, туура айтыптыр! Анын сыңарындай күлкү да, жаман менен жакшынын кагылышынан, айырмасынан жаралган чындыктан келип чыгат тура!... Мына ушундай жагдайлардын күлкүлүү моменттерин элден мурда, сезген адамдар гана күлкүгө жакын болушат экен. Ошон үчүн «Күлкүдө ар жок!» – деп, жамандыкта да кээде күлкүң келген учурлар кездешет ээ? – деп, экөөбүз кыялдандык эле.

Эл бизди кай жерде болсок да саламдарынан жазбай, жаныбызга байырлап, биздин күлкүлүү сөздөрүбүздү күткөндөрү албетте алардын бизге болгон сый-урматы. Бирок, кээде, кээ бир жамандык болгон жерлерде, көрүстөндө да, кай бирлери бизди куудулдар дегенсип, атайын жаныбызга келип алышып, ошол жерден да күлкүдөн сөз башташып, ар кандай калжың суроолорду берген учурлар көп болот. Андай учурларда биздин чый-пыйыбыз чыгып:

— Жигиттер! Ушундай жерде, андай теманы коё туралычы? Күлкүнү коё туралычы? Элдер бизден көрүшөт! Куудулдар жада калса көрүстөндө да тим турбай күлдүрүшөт! Буларга күлкү болсо эле болду деп, бизди жаман көрүшөт! – деп, алардан оолак болуп, башка жакка качкыча шашабыз. Чын эле, андай жерде ким күлсө да, эл бизден көрөөрү турган иш эмеспи?...

Рахман кыска өмүр сүрүп, аз жашап калды! Көп жашашы керек эле! Ошентсе да бул кыска өмүрүндө, кыргыз сатирасына көптөгөн салымдарын кошуп кетти. Ал баарыбызга караганда, жазмачылыкты эрте баштаган эле. Мисалы мен, убактымдын көбүн бильярдга өткөзүп жибердим десем болот. Күндөп-түндөп бильярдда жүрө берип, мүйүз деле чыккан жок! Же кыйратып, чемпион болгондон жок, канчалаган убакытты өлтүрдүм? Рахман жазмачылыкты эрте баштаганы менен, тилекке каршы, жазмачылыгы күчөп, чоң-чоң иштерин баштаган кезде кетип калбадыбы! Ошентсе да, биринэкин китептери чыкты. Артынан сандаган шакирттерин чыгарды. Алардын баарына сатираларын өзү жазып берип, өзү ойнотуп режиссёрлук кылып, ырларын, обондорунан өйдө өзү жазып берчү эле. Мен жакшы эле:

— Рох! Эмне эле аларга чайнап берип жатасың? Ошого көнүп алышат! Шакирттик азыркы замандын иши эмес, алардын ата-энеси бар, үй-бүлөөсү бар! Аларга айлыгын төлөшүң керек! Азыркы элдин көпчүлүгү, акчанын баарын сен алып алып, алардын балдарын кул кылып иштетип, сен эле байып жаткандай догурунушаары мүмкүн! Абайла! Андан да, жаш балдар сенин аркаң менен эл алдына чыгып, эл биртике кол чаап койсо, өздөрүн жылдыз сезип алышып, кийин окуп алгыла десең да, моюндары жар бербей калбасын! – десем да болбой койгон эле. Бирок, азыр Кудайдын кулагы сүйүнсүн! Окуучулары, шакирттери көп, бир гана каалары, сырттан болсо да окуп алышса, өз алдынча изденип, сатираларын өздөрү жазып, профессионалдык деңгээлде ой жүгүртүүгө үйрөнүшүп, жакшы чеберчиликте аткарышып, келечектерине жакшы болот эле деген ойдомун! Рахмандын чыгармачылыктан тышкары, ишкердик жөндөмү




да мыкты эле. Баарынан да мурда эмгекчил эле! Качан болсо иштеп эле жатканын көрөөр элем. Жада калса, каза болоор алдында, бир күн мурда мага телефон чалып:

— Күмөш! Кандайсың? Мен больницада жаттым эле, Манасты эскерүү китебин жазып жатам, сен дагы Манас жөнүндө экиүч барак оюңду жазып берип жиберчи? – деп чалып жатпайбы!..

— Эмнең ооруп атты эле? – десем:

— Ой, Ковид эле! – деп, камаарабай жооп бергенинен мен да ичимден: «Ии, анча-мынча сасыктумоо болуп жаткандыр?» – деп жүрбөймүнбү!... Көрсө, так ошол кезде Рахман, өпкөсүнөн пневмония болуп, аппаратта жаткан экен, кийин уксам! Мен анчалык экенин кайдан билдим десең? Эсил кайран Рахман досумду ошентип, шум ажалга алдырып жибербедикпи!... Э Кудай! Ушунчалык да чыдамкайлык болобу? Негизи ушул Ковид 19да жалаң чыдамкайлар көп кайтыш болушту окшойт? Чыдап жата беришип, өпкөлөрүнө чаап кетип атты окшойт? Кандай болгон күндө да, Рахман эрте кетти! Канчалаган чыгармалары аткарылбай, китеп болуп чыкпай калды? Обондору да бар эле. Рахман аккордеонду да жакшы ойноп, үн кошуп да созолонтуп койчу! Жолдошбек Мамажановдун ырларын катыра ойноп, ырдачу! Ал турмак, чыгармачылыгын Манас экөө ырчылык менен башташкан экен. Бирок ырчылыгын өзү жактырбай, эл алдына ырдап чыкчу эмес. Кээде гана көңүлү жайланып турган кезде: «Бизде эмне бар? Студенттик күндөр бар!» – деп,





Жолдошбек байкенин ушул ырын, анан да, «Сакта деп, өзүң берген жалгыз сүрөт» – деп, аккордеон менен ырдап калаар эле.

— Сахнага эмнеге ырдабай атасың? – десек:

— Жакшылап даярданып, өзүмдүн ырларыман ырдасам деп жүрөм, – деп коёр эле. Көрсө, өзүнө өзү сын көз менен карап, өзүн толук даяр эмес сезчү тура!...

Акынчылыгы да бар эле. Тамсилдери анча-мынча чыгып, эл алдында ырларын окуй калып жүргөнү менен, баары элге жетпей, акынчылыгы да жакшы ачылбаган боюнча кетти. Тигил жакта Манас, Дөөлөт, Жаныбек, Рахмандар, бул жакта Келдибек байке, Жамбул, мен, Абдылда болуп, биздин муундун куудулдары, эки бөлүнүп калдык!... Канткен менен Кудайдын кулагы сүйүнсүн, артыбызда бир топ куудул ини-карындаштарыбыз келе жатышат! Ошолор аман болушсун! Ошолордун катары көбөйүп, «Кыргыз күлкүсү» ааламга жаңыра берсин! Сөзүмдүн аягында айтаарым:

— Кыргыз эли барда Рахмандын ысымы эч качан өчпөйт! Жогоруда аты аталган залкарлардын катарында Рахман Разыковдун аты да түбөлүккө жашай берет! Арты кайырлуу болуп, Кудайым жанына жаннаттан орун берип, топурагы торко болсун! Аяшым Диляга, уул-кыздарына дагы бир жолу терең кайгыруу менен көңүл айтам. Досумдун арты кайрылуу болуп, Кудайым жакындарына өмүр берип, ден соолук берип, узак жашашсын!

## Юрий Бобков, КРнын Эл артисти:

# РАХМАН КУУДУЛДАРДЫН ДҮЙШӨНҮ...

Биз 1986-87-жылдары Ошко гастролго барып калдык. Бир күнү Майлы-Суудан Жалал-Абадга келе жатканбыз. «Урал» мотоциклин минген 3 бала обгон жасап, биздин автобусту токтотуп коюшту. Бизге кирип меймандар деп сылык учурашышты. Анан эле «бүгүн бизде Савайда той болот эле, ошого келип ойноп бербейсиңерби» деди. Бизде ачыгын айтканда ал кезде той деген түшүнүк жок эле эстрадада. Анан биз айтып калдык, «бүгүн бизде Жалал-Абадда концертибиз бар кечинде» дедик. «Концертиңерди коё бергиле, концерттен кийин» дешти. Биз таң калып күлдүк концерттен кийин эмне той деп. «Биздики ушундай, той кеч башталат» деп калышты. Мейли деп, макулдугубузду бердик, бир чети ойлодум, балдар таанышалы деп токтотушкан го деп. Кантип эле түнкү 12







де концерттен кийин той болсун дедим. Ошентип түнкү 12де концерт бүттү, эки бала кирип келди «силерди күтүп атат, жол көрсөтүп берели» деп ээрчитип кетишти. Бардык. Айылдын четинде кичинекей балдар күтүп жатыптыр. Автобустун артынан чуркап келди. Чоң сөрү бар экен, ошого аппарат менен барабанды жайгаштырдык. Биринчи жолу тойдо ойнодук. Өзүбүзгө да кызык болду, мындайды көрө элек болчубуз да. Той бүткөндөн кийин бир үйгө конокко чакырышты жанагы үч бала. Барып, эс алып чай ичип отуруп калдык. Анан биздин балдар тамашага жакшы да, анекдотторду айтып, күлдүрүп отурушту. Тиги үчөө унчукпай эле отурушат. Сүйлөп олтургула десем, бир маалда үчөө баштады эле, мына сага хохма. Күлкү кетти, тимеле боорубуз эзилип, жыгылып калдык. Көрсө, булар Рахман, Манас, Жамбыл үчөө экен. Эми анда биз таанылбайбыз да. Биз айттык, шаарга келгиле, өтө таланттуу экенсиңер, талантты жашырбагыла деп.

Кийин «Аралаш» театры, КТР каналындагы «Мыскыл жана Тамаша» деген популярдуу көрсөтүүгө катышып калды. Дайыма филармонияда тартылчу. Анын режиссёру Молдосейит Мамбетакунов, редактору маркум Эркин Тазабеков эле. Популярдуулугун ушундан бил, көрүү үчүн ар аймактан келген элдер билет таба албай калчу. Ошондо, «Аралаштын» «Мыскыл жана Тамашага» катышкандыгы сахнада өзүнчө бир сенсация болду. Элдер мындайды көрө элек болчу. Ушунчалык күчтүү балдар экен, ар бири өзүнчө кайталангыс талант. Мен эмне демекчимин, бул «Аралаш» тобу бир доордун легендасы болуп калды. Элдер концерттерине батпай калчу. Ошол убактагы мыкты куудулдар Жаныбек Алыкулов, Манас Бердибеков, Дөөлөт Мадымаев, эми минтип, досум Рахман Разыков да арабызда жок. Алар менен кошо, өзүнчө бир доор өтүп кетти. Башкалардан айырмаланып Рахман чоң устат жана мугалим, билгенге куудулдардын Дүйшөнү эле. Анын негиздеген мектебинен чыккан балдар жүрөт азыр. Алар азыркы доордо бириге алабы, же бириге албайбы?.. бул өзүнчө маселе. Мен чыгармачыл жолумда, ушундай чыгармачыл инсан менен сахналаш болуп иштешип калганыма абдан ыраазымын. Арты кайырлуу болсун досумун.

## КРнын Эл артисти, Садыбакасова Гүлшайыр:

# АКЫРЕТТИК ДОС ЭЛЕК...



Рахман Разыков досум экөөбүз 1977-жылы мен Ош педучилищасында мугалим, Рахман биздин сол тарабыбыздан жайгашкан айыл-чарба техникумунда окуп, ошол эле учурда окуу жайдагы студенттик эстрадалык топтун жетекчиси болуп иштеп тургандa тааныштык. СССР мезгилинде студенттик чөйрөдө ар-кандай иш-чаралар өтө көп өтчү. Мен «Кыз-Бурак» кыздар ансамблин жетектеп жүргөнүм менен, ага удаалаш Ош педучилищасынын «Миң кыял» кыздар ансамблин да жетектөөчүмүн. Ошол «Миң-Кыялдагы» Канчайым аттуу өтө таланттуу, комузда, гитарада эркин ойноп, жакшы ырдаган кызымды, Рахмандын гитарист Сапар аттуу баласы алып качып кетиптир... Бул кабарды укканда ичим өрттөнүп, тыбырчылап, бир орунда тура албай учкан бойдон Рахманга жөнөдүм... Алар айыл-чарба техникумумун жатаканасында репетиция кылышчу. Эшиктен кирип барып эле кыйкырып кирдим:

— Эй Рахман, сенин Сапар деген балаң жашы 18ге толо элек Канчайым кызымды алып качып кетиптир. Мен силерди сотко берем, – дедим. Рахман камырабай туруп:

— Мен деле сени сотко берем, менин жашы жете элек 17 жаштагы балама, кызың Канчайым тийип алыптыр, – десе болобу. Мен дароо ойлоно түштүм. Бирок сыр бербей, айтаар сөздөрүмдү айтып чыгып кеттим. Кудайдын буйругу экен Сапар менен Канчайым түтүн булатып 5 баланын ата-энеси, неберелердин чоң-ата, чоң-эне, тай-эне, таятасы болуп калышты. Ошол күндөн тартып





куудулданып, күлдүрүп сүйлөгөн Рахман досум менен достугубуз бекемделип олтуруп, урмат-сыйыбыз тереңдеп, эң жакшы достордон болуп калдык. Уулум Эркин каза болгондо Рахман досумдун чын жүрөгүнөн кайгырганын, төгүлгөн көз жашын көрүп, чыныгы дос катары уулума күйүп турганын сездим... Себеби Эркинтайым да аяш атасын өтө жакшы көрчү... Рахман 80-жылдары ошол кездеги белгилүү куудулдар Жамбыл, Манас, Дөөлөттөрдүн башын бириктирип, 1987-жылы Жамбыл экөө «Аралаш» куудулдар театрын негиздеди. 90-жылдарда концерт эмес, өлкөбүздөгү каатчылыктан улам Рахман Разыков да, мен да башка өнөр адамдарындай эле бизнеске аралашып, топтун экономикалык абалын сактап калууга аракеттендик. Мен да, Рахман да элге окшоп колубуздан келген алып-сатууларга аралаштык... Кээде ишибиз жүрүштү... Кээде ишибиз жүрүшпөй, кыйынчылыктарга кабылдык, айтор эл көргөн оорчулуктарды биз да башыбыздан өткөрдүк. Бара-бара элдин турмушу оңолуп, баарыбыз чыгармачылыкка кайрадан баш отубуз менен кирип иштей баштадык.

Рахман чыгармачылыкта күйүп-жанып, берилип иштечү. Сатира жазып, аны сахнага алып чыгып, элге тартуулагандан рахат алчу. Бир топ кызыктуу «Бири куудул, бири ырчы, эл тараза, эл сынчы», «Куудулдар менен аялы, уланып күлкү баяны», «Ар бир айдын алтысы» концерттик долбоорлорду жаратып, аларды ийгиликтүү ишке ашырды. Бул долбоорлор өзүнүн көрүүчүлөрүн топтоп, элибизди маданий жактан тейлөөдө алдыңкы концерттик долбоорлордон боло алды. Рахман Разыков акын, сатирик, куудул гана эмес таланттуу сценарист, кино актёр катары өзүн элге тааныта алды. «Түндүктүк келин», «Талак» көркөм тасмаларында башкы ролдорду ойноп, «Аскадагы жол», «Акыркы мерген», «Кошуналар» аттуу киносценарийлерди жазды. Анын калеминен жаралган «Эрен» кино тасмасы тартыла баштады. 2 чоң киносценарийдин, бир кыска метраждуу комедиянын автору. Рахмандын курч, терең мазмундуу, тайманбас, өзгөчө нуктагы чыгармалары элдин жүрөгүнөн орун таап, Рахман Разыковду «Элдик адам» деген ардактуу даражага алып келди. Ырлары, тамсилдери жазылган 3 китептин автору. Жолуккан сайын ичинде бышып жетилген чыгармачыл идеяларын айтып, жаңылыгын бөлүшүп тураар эле... «Бешилик»,

«Беш тапан», «Беш айры», кийинчерээк «Беш абышка, беш кемпир» концерттик долбоорлорун жаратты. Бул долбоорлор элдин көйгөйүн, кээ бир аткаминерлердин кыянаттыктарын, тонолгон өлкөбүздүн тагдырын сатира темасына алып чыгып, андагы ар бир образды куудулдарга ылайыктап жазып, сахнада мыкты деңгээлде элге тартуулай алды. Өлкөбүздүн өнүкпөй жаткандыгын, маданияттын талкалангандыгын, элдин тонолгонун, чоңдордун кемчилигин чукуп чыгып, элдин талкуусуна алып чыкканы, башка куудулдардан өзгөчөлөнгөн, курч тилдүү, бетке айткан, чындык үчүн чыркырап күрөшкөн мыкты сатирик экендигин айкындады. Сынга чычалагандар Рахманга далай бут тосуп, бир топко чейин концерттерин койдурбай, концерттик залдарды бердирбей, кыйнагандыгын жалпы эл жакшы билет. «Жетекчилерибиз, коомубуз, элибиз оңолсо экен» – деп аябай самачу. Үй-бүлөсүнө камкор ата, досторго ишенимдүү жоро, кесиптештерге сый-урмат кармаган ийкемдүү үзөңгүлөш эле... Чынчыл, адилет, бетке сүйлөгөн мүнөзү бизге, элге жакканы менен кээ бир аткаминерлерге жакпай, чыгармачылыгына көп кедергисин тийгизди... Рахман айылдардан жаш куудулдарды чогултуп, сахна бактысын ачып, чыгармачылыкка







үйрөтүп койгон соң, ишенген шакирттеринин кээ биринен ыдык жеп, душмандык мамилени көрүп, көңүлү ооруган учурлар да кездешпей койбоду... Төгөрөгүндө болуп жаткан интригаларга, ыплас мамилелерге, жүрөгүн ооруткан саткынчылыктарга, ушактарга карабастан күндүр-түндүр иштеп, сатираларды тынбай жазып, жазма акындыгын өстүрүп, чыгармачылыгын тынымсыз өнүктүрүп келди. Анын ырлары, бүгүнкү күндөгү жашообузду кемирип жаткан терс көрүнүштөрдү сындаган, биздин руханий чөйрөбүзгө ар кандай жолдор менен кирип келе жаткан жапайы идеологиянын максатын ачкан мыкты ыр тексттерден куралды. 2011-жылы жаз айында Түштүк Кореянын Сеул шаарына ошол кездеги Кыргызстандын элчиси Дүйшөн Чотоновдун чакыруусу менен Рахман, Диля, Тынар, Абдылда, Сайкал, Мен концерт менен чогуу барып, 10 күндөй бирге жүрдүк. Бизди жетектеп барган Рахман дос концерттин ийгиликтүү өтүшүн өзү көзөмөлдөп, эң мыкты деңгээлде өтүшүн камсыздай алды. Рахмандын ар бир окуган ырларын мекендештерибиз дүркүрөгөн кол чабуулар менен коштоп турушту. Токтоо мүнөз, бирок бир ачылса куудулданып күлдүрүп, баарыбызды позитивге



чулгаган мыкты кесиптешибиздин өмүр гүлү эрте соолуп, суусу эрте түгөнөөрүн кайдан билдик?! Кыргызстанда «Куудулдардын академиясын» түзгүм келет, бирок куудулдар такыр эле ынтымакташа албадык, – деп кейип калаар эле...

Рахмандын туризмди, маданий инфраструктураларды өнүктүрүү үчүн пландары, тилектери бар эле. Кытай өлкөсүндө көп жолу болуп, Ош облусунда туризмди өнүктүрүү, тоолорду эс алууга пайдаланууну уюштуруу боюнча инвесторлор менен сүйлөшкөнүн, бирок биздин чоңдор тараптан колдоо болбой жаткандыгын айтып кейигендиги көз алдымда турат. Өлкөбүздүн өнүгүшүн, келечегин ойлогон мыкты инсан болчу. Ажал улук экен арабыздан алып кетти... Максаттарына жетпей калды... Досумдун акырети абат, ыймансы саламат болсун! Аллахым жаннаттан жай берип, бейиш бактарында жүрүшүн насип кылсын! Рахман досумдун аткарылбаган тилектерин, ойлорун, кыялдарын, пландарын артында калган уул, кыздары аткарат деген ишеничим бар.





**КРнын эмгек сиңирген артисти, Борончу Кудайбергенов:**

# ЖАКШЫ АДАМ ӨЛБӨЙТ ДЕГЕН ЧЫН ЭКЕН



Ушул орозо айын Рахман агайыбызга насип кылган эмес экен. Кудай таала пендени жаратканда өзүнө канча ырыскы берген болсо, андан ашыкча жашай албайт турбайбызбы. Ыйык рамазан айында Рахман агай жөнүндө эскерүү жазыш керек болуп, колума кагаз кармап отурдум. Көптөн бери мага Ырысбек Жабиров «Рахман Разыков жөнүндө эскерүү китеби жазылып жатат, бүтөйүн деп калды, эскерүү жазып берсең» дегенден, ичимден ойлонуп, эмне деп жазсам деп жүрдүм. Анткени, Рахман агайды тирүү эле жаныбызда жүргөндөй сезип, телевизордон, интернет булактарынан көргөндө бир жактарда концерт коюп жүргөндөй эле, бир күнү адатынча телефон чалып: «Ой, мен барам» деп үйгө келип калчудай болгон бир сезимдер жетелеп жүрө берди. Рахман агай жаныбызда жок, арабыздан кетип калган деген сезим мени ишендире албады. Бүгүн колума калем кармап, агайды эскерүү үчүн отурдум. Күнүгө намаз окуганда, куранды сизге да багыштап окуйм. Азыр рамазан айы, Алла сизге ыйык айда жакын адамдарыңыздын, тааныштарыңыздын дубаларын кабыл кылсын. Биз баарыбыз аманатпыз. Аны билбей, пендечилик кылып, өлбөчүдөй болуп жашайт экенбиз. Көрсө, канча жашоо эмес, кандай жашоо керектигин ойлонушубуз керек экен. Ошол үчүн өмүрдөн өткөндө кандай адам эле деп сурайт тура. Ушул сөздүн мааниси бүтүндөй өмүрдү, кантип жашаганын бир эле сөз менен аныктап коёт экен. Билгендер, жаман же жакшы адам болчу дейт. Аллага шүгүр, өзүңүздүн адамгерчилик, кең пейил, бардык адамдарга жардамыңызды, убактыңызды аябай жүргөнүңүздү эл билип, ыраазы болуп, эл

арасында улуубу, кичүүбү, сиз жөнүндө жакшы сөздөрдү айтышат. Элдин ыраазычылыгы Алланын ыраазычылыгына айлансын дейт элем, оомийин. Сиз көрсө бул турмуштун көйгөйлөрүнөн бийик, алысты ойлонгон адам экенсиз. Сиз тирүү, жаныңызда жүргөндө эле тамашалап, «агай, сиздин кандай адам экениңизди, чыгармаларыңыздын маанилүү экенин, сиз көзүңүз өткөндөн кийин гана Мидин Алыбаевге окшоп баалашат деп калчу элем. Ооба, азыр эле эл чогулган жерде «Рахман айткандай» деп калып жүрүшөт. Демек, сиздин бир ырыңыз эске түшөт:

*Түркүк болбой өтүп баары дүйнөдөн,*
*Санжырадан өлбөс жолун үйрөнөм.*
*Улап кетчү из калтырам артымдан,*
*Мен өткөндө сөзүм калаар сүйлөгөн.*

Сиз элге кылган кызматыңыз, эл үчүн деген аракет, далалатыңыз менен элдин ыраазычылыгын алган экенсиз. Аллага шүгүр, мына «Рахман айткандай» деп калганы демек, көзүңүз өткөндө да жакшы амалдарды ала кеткен экенсиз. Калган жыйган оокаттын баары жалган дүйнөдө калат деген чын экен... Өзүңүздүн ак көңүл, тамашакөй, эч нерсеге кейибеген, камырабаган мүнөзүңүздү көрүп, мен сизди көп ооруларды жеңет болуш керек деп ойлочумун. Бирок, ооруну да кудай пендесинин жакшы көргөн нерсесинен алыстатып, ооруну жиберип, өзүмө жакындатып алам деген сөзү бар экен. Көрсө, биз кудайдын бизге берген белектерин, нээматтарын унутуп, бардык көзгө көрүнгөн, көрүнбөгөн нерселердин баарын жаратып бизге кызмат кылдырып койсо дагы, кудайды эстен чыгарып коёт экенбиз. Көр оокат, дүнүйө деп ошонун аркасынан жүгүрүп жүрө берет турбайлыбы. Ошентип күнөөбүз көбөйө берет. Кудай оору аркылуу жакшы көргөн пендесин тазалайт тура. Оору бул ибадат. Ооруганда башка эч нерсенин кереги жок болуп, кудайга жакын болуп, өзүңдүн алсыз экениңди сезесиң. Оо, Кудай, кечир күнөөлөрүмдү деп чын жүрөгүбүздөн суранат экенбиз. Мына ошол сиз ооруп жаткан учурда эмне тилек тилеген болсоңуз, ошол тилегиңизди Алла кабыл кылып, өзүңүздү кудай ырайымына алып, бейиштен орун берсин.

Сиз акыретти ойлогон адам экенсиз. Ошол үчүн дайыма баарынан жардамыңызды аябайт элеңиз, жаныңыздагы жакын





адамдарыңыз канчалык кыянаттык кылса дагы, кайра эле аларга мурдагыдай мамиле кыла берчү элеңиз. Кээде ошондой мүнөзүңүздү көргөндө мага принциби жок адамдай сезилип, өзүнчө эле кыжаалат болчумун. Кийин катуу айтсам таарынып калбасын деп, тамаша жолу менен айтсам, мени карап күлүп: «сеники да туура» деп койсоңуз, мен ого бетер жиним келчү, бул кандай деп. Көрсө, сиз көптү көргөндүк, улуулук кылып, бул жашоодогу адамдардын бири-бирине кылган туура эмес мамилелерин үстүнөн көрчү турбайсызбы. Ошол үчүн бир ырыңыздын сабында:

*«Эй тууганым, ойлон, азыр сен бирөөнү табытка салып көтөрүп баратсаң, бир күн келет, сени да бирөө ушинтип, табытка салып көтөрүп барат»* деп жазып кеткениңиздей, сиз бийиктен ой жүгүртүп, бул жашоодогу майда-барат маселелерге, адамдардын ортосунда болуп жаткан түшүнбөстүк же туура эмес мамилелерди көрүп, үстүртөдөн күлүп койчу турбайсызбы. Рахман агай, сизди эстеп жатып, сиздин кылган иштериңизди, баскан-турганыңызды көрүп, күлчү элек. Чоң кишиге окшогон кыялыңызды көрүп, күлчү элек. Чоң эле киши, ушундай кантип болсун деп. Ар бир жазган тамашаларыңызды бизге айтып бергенде, көзүңүздөн жаш чыкканча каткырып күлүп, тура калып туурап, ар бирибиздин мүнөзүбүзгө ылайыктуу



тамашаларды жазып, кимибизге ошол тамаша аткарганда жараша турганын билчү экенсиз. Режиссёрлук көз карашыңыз менен баалап, ошого ылайыкташып, ар бирибиздин табитибизге, деңгээлибизге, дараметибизге ылайык тамашаларды жазып берчү элеңиз. Кээде жазып келген тамашаларыңызды окуп берип жатканда, өзүңүз адегенде аябай күлүп алып окуп берчү элеңиз да... Биз кээде «кайсы жерине күлүп атат?» деп түшүнбөй, бири-бирибизди карап коюп отурчу элек. Кийин сахнага чыгып ойноп баштаганда гана, сиздин айткан, жазган ойлоруңузду ошондон анан жон терибиз менен сезип, түшүнүп, күлчүбүз. Кээде сиздин оюңуздагыдай тамашалар чыкпай калса, «эч нерсе эмес, кийин бышып калат, аракет кыла бергиле, балдар» деп күлүп койгон, камырабаган мүнөзүңүз бар эле...

Сиздин ичиңиздин кенендигинен өзүмчүл адам эмес экениңизди билсе болот эле. Бардык чыгармачыл адамдарга колуңуздан келишинче кеңешиңизди айтып, жардамыңызды берип, жазганын жазып бердиңиз. «Өзүм деп соксо жүрөгүм, өзгөнүн баркын билеби» дегендей, сизге окшогон улуулардан өзүнүн билгенин бөлүшүп, жаштарга жардам берген сиздей адамдарды жолуктура элекмин.







Азыр сиз жөнүндө эскерүү жазып жатып, Рахман агай мындай адам эле, тигиндей адам эле деп көзү өтүп кеткен адамдар жөнүндө, сырттан туруп алып айткан адам болбой, «мындай элеңиз, тигиндей элеңиз, эсиңиздеби» деген сыяктуу жазып атканымдын себеби, сизди дагы эле жаныбызда жүргөн сыяктуу көрүп, кеткениңизге ишене албай, бир күн гастролдо жүрүп, кайра үйүңүзгө кайтып келет деп, үйдөгү бала-бакыраңыз деле мага окшоп күтүп атса керек. Анткени телефонду ачкан сайын, китепти карап калсам, телевизор көрсөм, ошол жакта деле баягыдай эле каткырып күлүп, жүргөн болосуз. Демек, жакшы адам өлбөйт деп кыргыздар бекер айтпаса керек. Аркаңыздан канча деген сиз жөнүндө жакшы сөздөр гана айтылып келет, демек бул жакшы адамдын, өзүнүн калтырып кеткен мурасы болсо керек деп ойлойм.

Рахман агай, колуңуздан келишинче, убактыңыздын жетишинче, элиңизге кызмат кылганга аракет кылдыңыз. Кудай буюрса өзүңүз менен көп жакшы амалдарды, элиңиздин ыраазычылыгын, соопиштерди ала кеттиңиз. Ушул сооп иштер, садагалар, амал китеби оң колуңуздан берилсин деп тилек кылабыз. Рахман деп атыңызды да Алланын мээримдүү деген сыпааты менен койгон экен. Алла мээримине, ырайымына алсын. Бир адам бул дүйнөдөн өтсө, билгендер гана аркасынан куран окуйт экен. Алла сизге мээримдүүлүк кылып, элге кызмат кыла турганга насип кылыптыр. Эми сизге ыраазы болгон канча тааныган адамдар бар. Мына ошол адамдардын баарынын сизге берген баталары тийсин. Сизди канча адам таанышт, сизге канча адам ыраазы болду, анткени сиз эл, жер кыдырып, канча адамдардын көңүлүн көтөрдүңүз, канча адамга туура тарбия бергенге, туура жолго салганга аракет кылдыңыз, бирөөнү жылмайтып коюу дагы сооп дейт. Сизге ыраазы болгондордун баары сизге дуба кылышып, жамааттын батасы тийип, дубасы кабыл болуп, сөз бар. Мына ушул жамааттын батасы тийет деген бейиштен кудай таала орун берсин, оомийин. Сизди сыйлаган жаман иниңиз ...

## Обончу, аткаруучу, куудул Кубик Калыков:

# ӨЗГӨЧӨ АДАМ ЭЛЕ...

Куудулданып сахнада,
Күлгөнү калды Рахмандын.
Күйүп бышып жүгүрүп,
Жүргөнү калды Рахмандын.
Күн-түн дебей жазчу эле,
Китеби калды Рахмандын.
Эстен чыкпас эл үчүн,
Эмгеги калды Рахмандын...



Бизден 10 жаш улуу агаларды биздин аксакалдар деп калдык. Менин көз карашым боюнча, 10 жылда бир муун өзгөрөт жана жаңы таланттар пайда болот. Мен 1980-жылдары Жалал-Абад маданият техникумунун студенти кезимде «Мурас» эстрадалык тобу концерт коюп келген. Ошондо Рахман акени биринчи жолу көргөм. Сахнадан пародия аткарганы дале эсимде.

1984-жылы Базар-Коргондо жаңы маданият үйү курулуп, Рахман Разыков «Асман» тобун түзгөн. Мени да ошол топко Рахман аке чакырган. Рахман, Манас, Эрмек жана башка агаларды ээрчип чоң сахнага келгем. Менин Бишкекке келип калышыма да ушул киши себепкер болгон.

«Аралаш» театрын куудул легендалар Жамбыл Камчиев, Манас Бердибеков жана Дөөлөт Мадымаев төртөө түзүп чыкканда, кыргыздын сатира дүйнөсүндө жанар тоо атып чыккандай жаңы күлкү, жаңы сатира жаңырган десек аша чапкандык болбойт. Булардын





койгон, аткарган сатираларынын деңгээлиндеги номерлерди мен кыргыз сахнасынан ушул күнгө чейин көрө албай келем.

Кыргыз эстрада жылдыздарынын башын бириктирип, концерт коюп, кээ бирөөлөрүн үйлүү кылган да Рахман. Куудулдардын башында туруп баш болгон да Рахман. Жаңы проекттерди ойлоп таап, баарыбызды жетелеп, эне тооктой күйүп жүргөн да Рахман.

Шарты жок артисттерге көмөктөшүп, чыгалбай жүргөн таланттарды таптаган, сатирасы жогуна юмор жазып берген, ырчысына ыр жазган, мээси жогуна мээ болгон да Рахман.

Бирок Разыков өзү жөнүндө азыраак ойлонсо керек. Бул киши көп эмгек жасады, мен азыр айтып сөзүм жетпейт. Ушундай кишилерге эмне үчүн көзү тирүүсүндө татыктуу наам берилбейт, мен ошого өкүнөм...

«Эл – тараза, эл – сынчы, бири – куудул, бири – ырчы» долбоору кандай укмуш болгон.

Менимче, Рахман акенин ким экенин, кандай адам, кандай талант, кандай инсан экенин көпчүлүк өнөр адамдары, карапайым кишилер билет. Буга Жараткан өзү күбө. Ал өзгөчө адам эле...

Кош бол, Рахман аке! Жаткан жериңиз жайлуу болсун.

## Досу Каныбек Мамбетов:

# АЙКӨЛ ДОСУМ...



Рахман досум жөнүндө айта турган болсок, сөз көп. Мен үчүн бир китеп аздык кылат. Рахман башкалардан токтоо мүнөзү, сабырдуулугу жана чоң адамгерчилиги менен айырмаланып турат эле. Абдылда айтмакчы, «Рохту айды алып бер десең да жок дебейт» – деп. Ал чынында ак көңүл болчу. Илгери үйү жок артисттерге кезек менен концерт коюп, түшкөн акчага үй алып бермейди ушул Рахман дос баштаган. Ал убакта негедир Рахманда гана акча болор эле. Анча-мынча акчаны Рахмандан карызга алып турар элек. 90-жылдардын аягында «Аралаш» куудулдар менен иштеп калдым. Ошондо эле «Бешилик» театрын ачам деп көп айтчу. Бирибиз ишенсек, кай бирибиз көңүлгө да алган эмес элек. Ал өжөрлүк менен «Бешилик» театрын түптөдү.

Тээ, 2000-жылы мени Ошко чакырды. Барсам «Бешилик» театры түптөлүп калыптыр. Мени «Беш айрыга» чакырган экен. Ал топко удаа эле «Беш тапан» тобун уюштурду. Кыскасы иш жакшы талды. Кийинчерээк мени машинасын айдатып, жанында 10 жылдай чогуу жүрдүм. Рахмандын тарыхын аялы Диля, андан кийин мен жакшы билсем керек. Анткени, он жыл кошо жүрдүк да. Рох поэзияга кеч келди. Башында жалаң гана пародияларды жазчу. Өзү 50дөн ашканда ырларды, тамсилдерди жаза баштады. Сатираларын башында топтобой жүрүп, кийин жазып топтой баштады. Ал болочок сатирасын айтаардын алдында: «Мындай да» деп алып баштар эле. Анан жаңы сатираларын артисттерге эле эмес, көчөдөн тааныган досторуна эринбей айтып берет эле. Жадабайт





дагы болчу. Өзү айтып, өзү күлө берчү. Түшүнгөндөр түшүнүп, түшүнбөгөндөр сахнадан көргөндөн кийин күлүшөт эле. Себеби ал, жашоодогу кемчиликти алдын ала көрө билчү. Ошон үчүн сатираларынын көпчүлүгү саясат аралашкан, элдин көйгөйүн көрсөткөн, элге жакын сатиралар эле. Элдер да анын сатираларын кадимкидей күтүшчү. Дагы бир кең пейилдиги, сатираларды өзүм ойнойм деп жазбайт эле, ошону ийнине жеткизе аткара ала турган куудулдардын образына ылайыктап жазып, аларга берип турчу.

Көп гастролдо болдук. Кыргызстан эле эмес, Россияны түрө кыдырдык. Аккордеонист жок болуп калса мага өзү эле ойноп берчү. Андай таланты да бар болчу. Бирөө менен катуу сен, мен деп урушканын көргөн жокмун. Аябай ачуусу келгенде «эшек экен го» деп койчу.

Рахман өз заманынын залкар сатириги деп айтсак жаңылышпайбыз. Рахман жөнүндө айта берсек да, жаза берсек да сөз учугу түгөнбөйт. Мен аз гана эскерүү жаздым.

Кош айкөл досум. Акырет заман бар болсо жолугарбыз...

Жумабек Абдылдаев:

## АЛ «АРАЛАШТЫН» МОДЕРАТОРУ БОЛЧУ...

Мен Рахман аке жөнүндө эскерүү жазам деп үч уктасам түшүмө кирбептир. 1996-жылы Бишкек шаарында Жамбыл аке менен кошуна жашап калган элем. Ошондо Рахман аке менен тааныштым. Ошондой күндөрдүн биринде Жамбыл аке менен Ош шаарында жолугуп калып, биз менен иштешпейсиңби, деген сунуш айтты. Көрсө, ошол күндөрү «Күмөндөр менен «Аралаш», аялзат менен санаалаш» аттуу концертти уюштуруу маселеси турган экен. Уюштуруп, Ош шаарында 14 күн концерт аншлаг менен өтүп, ошол күндөрү Күмөндөр, Абдылда, Манас аке менен тааныштым.

Ошол күндөн баштап Рахман аке менен өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин чогуу иштештим. Өзү негизи Жамбыл аке менен таанышканга чейин окуучу мезгилде айылга концерттин кагазы илингенде бир афиша калтырбай айрып чыгуу менин хоббим болчу. Бирөө айрып чык деп акча төлөгөндөй мамиле жасачумун. Кудай кийин ушундай ишти аткарасың дегендей мамиле жасаарын күтпөптүрмүн.







Аралаштагы акелеримдин ар биринин өзүнчө, өзгөчө кыялдары бар. Көп жыл иштештим. Ошолордун ичинен Рахман аке ар тараптуу башкача инсан эле. Ал чыныгы уюштуруучу, «Аралаштын» модератору болчу. Саясатка канча жолу аттанса, баарында мен жанында жүрдүм. Кандай адам болбосун, тилин таап сүйлөшө билген «Тынчтыктын нагыз элчиси» эле.

Ар бир концертке өтө жоопкер мамиле кылып, балдарды зерикпей даярдап турчу. Азыр ойлоп ичим туз куйгандай ачышат. Өмүрүнүн акыркы күндөрүн жашап жатканын жанында жүрүп сезбептирмин. Көп жыл ысык-суукта бирге жүргөн адам менен ага-инидей эле болуп калат экенсиң. Биз экөөбүз дагы ошондой эле тууган болуп калыптырбыз. Аттиң, артында көптөгөн сонун пландары, иштери аткарылбай калып калды акемин. Жаткан жери жайлуу, ыйманы саламат болсун...

## Досу Рахманберди Ажы:

# ДОСТУККА БЕКЕМ ИНСАН



Мындан 10 жыл мурун, Ормонов Шералы аркылуу атактуу куудул Рахман Разыков менен Кадамжай шаарында таанышып, достошуп калдым. Ошондо Рахман мага, «кел эми сенин да атың Рахманберди экен, экөөбүз үзүлбөгөн комуздун кылындай бекем достордой болуп жүрөлү» деди. Мен дагы таланттуу, ой жүгүртүүсү бийик, акылга бай адам менен достошконума абдан кубандым. Ошондон бери дос болуп катташып жүрдүк. Андан бери өзүнүн жамааты менен 3-4 жолу келип конок болуп да кетти. Кийин менин машина менен авария болгонумду угуп, Жумаш, Бакыт Сулайманов менен келип, абалымды сурап сүйүнтүп кетти. Көрсө бул адам миң жылда бир жарала турган, адамдык сапаты өтө бийик, тулку бою чыгармачылыкка жык толгон адам экен. Андан кийин дагы, өзү жеке келип абал сурашып турду. Чынын айтсам, Рахмандын жарык дүйнө менен коштошконун укканда жан дүйнөм эңшерилип кетти. Ал экөөбүз Дубайга, Турцияга чогуу эс алганы баралы дедик эле. Алланын буйругу экен, ал максаттарга жетпей калдык. Айла жок, деңиздей кенен, бейрешен, достукка бекем досумдан айрылып калдым. Досум, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун. Артында калган балдарыңа Аллахым узун өмүр берсин, омийин.





## Досу Полотов Байыш:

# ЭКӨӨБҮЗДҮН ЖАКШЫ МАКСАТТАРЫБЫЗ БАР ЭЛЕ...



Рахман Разыков менен 2019-жылы июнь айында Барпы айылында таанышып калдым. Ал Тургунбай деген менин армияда бирге кызмат кылган досум менен чогуу үйүмө келип калды. Мен Тургунбай досум менен кучакташып учурашкандан кийин Рахманды карап «кызыр колдогон жигит келип калыптыр, сиз менен дагы кучакташып учурашсам болобу» – деп сурасам, ал «албетте болот» деп жооп берди. Ошентип, биринчи эле жолугушууда экөөбүз сагынышкан достордой кучакташып учураштык. Ал күнү экөө меникинде конок болушту. Кыргыздын салтына ылайык дасторкон жайылып, тамак-аш ичилип, жакшы маектешип отурдук. Мен өзүмчө аябай сыймыктануу менен конок күттүм. Себеби ар дайым теледен эле көргөн кишим менен бир дасторкондо чай ичип маектешип отурганыма кубандым. Дасторкон четинде Рахманга «Тургунбай досумдун досу экенсиз, эми дос катары сен деп эле сүйлөшсөк болобу» деп «сенге» өттүк. Кыйла убакыт өмүр баяныбыз тууралуу сүйлөшүп отуруп экөөбүз классташ болуп чыктык. Рахман Савайда, мен Барпыда 10-классты 1972-жылы бүтүргөн экенбиз. Жатып калгыла десем көнүшпөдү. Кетээринде мен Рахманга «үйдү көрдүң досум, сен эми элдин адамысың, нары-бери өткөндө менин эшигим сен үчүн дайыма ачык, келип турсаң кубанычта болом» деп кайырлаштык. Ошентип, экөөбүз биринчи жолугушкан күндөн баштап эле кичинебизден чогуу бирге жүргөн сыяктуу ынак болуп кеттик. Дайыма Жалал-Абад аймагына келгенде үйүмө

келип учурап турду. Ошентип мен өзүмдүн айылдык, армиялык, классташ жоролорум менен «гап» шерине болгон убактарда Рахман досумду да чакырып өзүмдүн досторум менен тааныштыра баштадым. Убакыт өткөн сайын биздин ынтымагыбыз күчөй баштады. Бир күн мага «сен өтө жөнөкөй, достошо турган адам экенсиң, кантип милицияда иштегенсиң. Кел, мындан ары үй-бүлөбүз менен катташып достошолу» – деп калды. Албетте менин төбөм көккө жетип сүйүнүп, Диля аяшым менен да катташып, таанышып калдык.

Рахман экөөбүз үй-бүлөбүз менен Турцияга, Өзбекстанга барып ойноп, жер көрүп, эл көрүп келе турган максаттарыбыз бар эле. Эми минтип, ишке ашпай калганы өкүнүчтүү болуп калды. Мен Рахмандын сабырдуу, токтоо, шашылбай чечим чыгаргандыгына баа берет элем. Дагы бир өзгөчөлүгү – ар кандай адамдар менен жеңил тил табыша билгендиги, кечиримдүүлүгү, бирөөнүн көңүлүн оорутпаган жумшак мүнөзүндө эле. Мен үчүн Рахман дос менен чогуу жүргөн күндөрүм эң бактылуу күндөр болуп калды. Рахман дайыма менин эсимде, жүрөгүмдө, мен анын «бейиште» болушун каалап, дайыма куран окуп дуба кылып жүрөм. Артында калган аяштарыма, аяш балдарыма сабыр, каниет тилеймин. Өкүнүчтүүсү, достугубуз көпкө узабай, ал дартка чалдыгып ооруп калгандан кийин 13 күндүн ичинде бизди таштап кеткени болуп калды. Андан да өкүнүчтүүсү бул дарт менен ооругандардан кабар да ала албайт экенсиң. Айласыз, каңырыгыбыз түтөп кала бердик...

Рахман досум эстен чыкпас, чоң тамгалуу инсан. Ал өлгөн жок, ал биздин жүрөгүбүздө, чыгармалары кыргыз элинин жүрөгүндө жашай берет.



# МАЗМУНУ

. . . . . . 3
**Мен киммин?** . . . . . . 5
**Аманат** . . . . . . 8
**Устаттын баяны** . . . . . . 13
**«Аралаштын» баяны** . . . . . . 14
Алгачкы таанышуу . . . . . . 16
Куудулдук тушоонун кесилиши . . . . . . 18
«Аралаштын» башталышы . . . . . . 19
Жерге-Талга сапар . . . . . . 21
Мейман тосуунун өзгөчөлүгү . . . . . . 22
Жашы улууга урматы . . . . . . 23
Ыймандуулук . . . . . . 23
Жерге-Талдыктар менен коштошуу . . . . . . 24
«Аралаштын» алгачкы жеке концерти . . . . . . 24
Сахна менен сатирага болгон сүйүүлөр . . . . . . 29
Дөөлөттүн куйма кулактыгы . . . . . . 30
Дөөлөттүн экинчи сатирасы . . . . . . 32
Бир интермедиянын тарыхы . . . . . . 33
Күлкү кээде ден соолукка зыян . . . . . . 40
«Аралаш» театрынын биринчи экзамени . . . . . . 41
«Аралаштын» биринчи Дүйшөнү . . . . . . 43
«Аралаш» театры – кыргыз сатирасынын модернизациясы . . . . . . 43
«Аралаштын» Оштогу биринчи концерти . . . . . . 45
«Аралаштын» Фрунзедеги биринчи концерти эмнеге өтпөй калган? . . . . . . 47
«Аралаш» биринчи жолу «Мыскыл жана тамаша» көрсөтүүсүндө . . . . . . 50

*«Аралаш» театрынын жетекчиси Жамбыл Камчиев:*
**«Аралаштын» локомотиви Рахман болчу** . . . . . . 56
*КРнын Эл артисти Абдылда Иманкулов:*
**«Аралаштын» акылдуусу Рахман досум эле»** . . . . . . 61
*Коомдук ишмер Самидин Белеков:*
**«Аралаш» баштаган куудулдар Алматада...** . . . . . . 68
*Рахман Разыков:*
**Манас достун баяны** . . . . . . 72

**КРнын Эл артисти Ибрагим Жунусовдун эскерүүсү** . . . . . . . **74**
**КРнын Эл артисти Расул Маматкуловдун эскерүүсү** . . . . . . **76**
«Ата-бала» сатирасы, ал үчүн коштошуу экенин кийин билдим . . . . . . . . . . . 83
**МАНАС ДОСУМА КАТ** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **88**
**Манастын турмуштук окуялары** . . . . . . . . . . . . . . . . **118**

**«БЕШИЛИКТИН» БАЯНЫ** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **131**
Башталыш башаты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 132
«Бешиликтин» алгачкы иликтери . . . . . . . . . . . . 135
«Бешиликтин» биринчи илиги . . . . . . . . . . . . . . . 137
Алгачкы концерттер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 139
Тынардын келиши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 141
«Бешиликтин» бешинчи илиги . . . . . . . . . . . . . . 144
«Бешиликтин» биринчи демөөрчүсү . . . . . . . . . . 145
Алгачкы интригалар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 145
«Лавиз» эмне? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 146
«Бешилик» Бишкекте . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 147
Сокулуктагы бет ачаар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 148
Борбордогу чоң концерт . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 149
«Бешиликтин» триумфу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 150
Пендечилик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 151
Кийинки кадам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 152
*Талант Анарбаев:*
Устатка ыраазымын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 153
*Санжар Бердибеков:*
Аяш атам чоң устаз эле... . . . . . . . . . . . . . . . . . 154
*Тынар Курбаналиев:*
Ал мага ата болчу... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 156
*Эрнис Бөрүбаев:*
Биз жакын ата-бала элек . . . . . . . . . . . . . . . . . 158
*Рысбек Жантөрөев:*
Эксклюзив устатым болчу . . . . . . . . . . . . . . . . 161

**«БЕШ ТАПАНДЫН» БАЯНЫ** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **163**
Сөз башы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 164
*Канчайым Токоева, өкүл кызы:*
«Өкүл ата эмес, ата болчу» . . . . . . . . . . . . . . . 166

**«Беш тапан» куудулдар тобунун эскерүүсү** . . . . . . . . . . . . . **169**
*Ильяз Иманалиев, шакирти:*
«Бир барган жеринде шашпай жүрө берээр эле...» . . . . . . . 169
*Союзбек Сейиткaзиев, шакирти:*
«Рахман билими жок балдарды чогултуп, нан чайнап берип жатат деп арданган кесиптештери да болду...» . . . . . . . 170
*Болсунбек Стакеев, шакирти:*
«Агай кимге көңүл бурбай калса, ал театрдан кетет дечү элек...» . . . . . . . . . . . . 171
*Баатырбек Абакиров, шакирти:*
«Башка адамды угуп жатып деле ооздору кыбырай берчү...» . . . . . . . . . . . . 173
*Акылбек Абакиров, шакирти:*
«Агай сөгүнмөк тургай, жаман сөз сүйлөчү эмес...» . . . . . . 174

**ЫР БАЯН** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **175**
Жазам ырды . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 176
Кетер күн бар унутпа . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 176
Өзүнө куруп кеткен эстелиги . . . . . . . . . . . . . . 177
Кыялдануу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 177
Сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 178
Ыр укканда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
Чарчадым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
Жараткан сенден суранам . . . . . . . . . . . . . . . . 180
Адам парзы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 180
Ушул бакыт бүтпөсө дейм деги эле . . . . . . . . . . 181
Кыялымда баламын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 181
Досторума . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Биз кайда баратабыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183
Биз сахнада . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183
Эл деп жашап жүрөмүн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
Эмгегибиз элибизге сиңип кеткен . . . . . . . . . . . 185
Шайлоо келет . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 185
Кыргыздын кыйындарын таппай жүрөм . . . . . . . 187
Абийир соту . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 187
Сатылышат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 188
Базар жашоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 188
Сурагыла Акайдын баласынан . . . . . . . . . . . . . . 189

Кыргыз тили . . . . . . . . . . . . . . . . 190
Бир кыргызды бөлбөгүн . . . . . . . . . . . 191
Эжелерим . . . . . . . . . . . . . . . . . . 192
Агамдын ырлары көп жазыла элек . . . . . . . 193
Жубайыма . . . . . . . . . . . . . . . . . . 194
Таттуу болсун турмушуң . . . . . . . . . . . 195
Картайбай кыргыз жүрөк согуп турсун . . . . . 195
Элүүнү бүгүн аттадың . . . . . . . . . . . . 197
Ак периштем . . . . . . . . . . . . . . . . .
198

**КӨӨДӨН КЫЙКЫРЫГЫ . . . . . . . . . . . . 199**
Кете электе от чыгып . . . . . . . . . . . . 200
Төрөлбөй калган арман . . . . . . . . . . . 201
Табыттагы үн . . . . . . . . . . . . . . . . 204
Кай жакка баратабыз? . . . . . . . . . . . . 209
Той . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
214

**КУУДУЛ ДЕПТЕР . . . . . . . . . . . . . . 219**
Досторумдун жүрөгүндө мен киммин? . . . . . 220
Чалдын ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . 220
Акимдин ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . 221
Мас болгондо . . . . . . . . . . . . . . . . 221
Күлкү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 222
Аракечтин арманы . . . . . . . . . . . . . . 223
Машинеме көңүл айтып... . . . . . . . . . . 224
Саясат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 225
Мен сен үчүн . . . . . . . . . . . . . . . . 226
Рахман менен Абдылданын айтышы . . . . . . . 227
Бүгүн билдим . . . . . . . . . . . . . . . .
236

**ТАМСИЛДЕР . . . . . . . . . . . . . . . . 237**
Токойдогу шайлоо . . . . . . . . . . . . . . 238
Короо кайтарган дөбөттүн соту . . . . . . . 242
Акыл үйрөткөн чочко . . . . . . . . . . . . 245
Самопал тайган . . . . . . . . . . . . . . . 247
Аюу менен түлкү . . . . . . . . . . . . . . 249
Эшекке берилген мүнөздөмө . . . . . . . . . 250
Түлкүнүн хан болушу . . . . . . . . . . . . 253

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **262**
**ОБОНДУУ ЫРЛАР** . . . . . . . . . . . . . . 263
Кыялдагы периштем . . . . . . . . . . . . . 264
Эсимде . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 264
Жаштыгым болуп жомоктой . . . . . . . . . . 265
Теңирим ак жол бере көр . . . . . . . . . . 266
Келин келди . . . . . . . . . . . . . . . . 267
Жолдор . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 267
Сүйлөшкүлө жүрөктөн . . . . . . . . . . . . 268
Махабат арманы . . . . . . . . . . . . . . . 269
«Бешилик» . . . . . . . . . . . . . . . . . 271
«Бешиликтен» салам . . . . . . . . . . . . . 272
Коштошуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 273
Энелер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 274
«Беш айрынын» саламы . . . . . . . . . . . **276**

**ЭСКЕРҮҮЛӨР** . . . . . . . . . . . . . . . 277
*Райымжан Разыков, агасы:*
Куудул иним Рахманга арноо! . . . . . . . . 278
*Токтайым Разыкова, эжеси:*
Ал менин аска белим эле... . . . . . . . . . 284
*Абдыгапар Разыков, иниси:*
Агам Рахман Разыковду жоктоп... . . . . . . 286
*Диля Разыкова, жубайы:*
Коштошуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 299
*Чолпон Разыкова, кызы:*
Атам жөнүндө канча жазсам да аздык кылат . . 301
*Сардар Разыков, уулу:*
Атам мен үчүн идеал эле . . . . . . . . . . 305
*Каныбек Разыков, уулу:*
Атам менен сыймыктанам . . . . . . . . . . . 309
*КР ЖКнын төрагасы Шакиев Нурланбек:*
Алп талант! . . . . . . . . . . . . . . . . 311
*Экс-президент К.С.Бакиев:*
Ичинде кири жок инсан эле . . . . . . . . . 312
*Аскар Береналиев, жакын досу:*
Адамгерчилиги бийик досум . . . . . . . . . 314
*КРнын Эл артисти Күмөндөр Абылов:*
Залкарлар залкарлыгын билбей кетет тура...

*Юрий Бобков, КРнын Эл артисти:*
Рахман куудулдардын Дүйшөнү... 320
*КРнын Эл артисти, Садыбакасова Гүлшайыр:*
Акыреттик дос элек... 322
*КРнын эмгек сиңирген артисти, Борончу Кудайбергенов:*
Жакшы адам өлбөйт деген чын экен 327
*Обончу, аткаруучу, куудул Кубик Калыков:*
Өзгөчө адам эле... 332
*Досу Каныбек Мамбетов:*
Айкөл досум... 334
*Жумабек Абдылдаев:*
Ал «Аралаштын» модератору болчу... 336
*Досу Рахманберди Ажы:*
Достукка бекем инсан 338
*Досу Полотов Байыш:*
Экөөбүздүн жакшы максаттарыбыз бар эле... 339

**Рахман Разыков**

**БҮТПӨЙ КАЛГАН ДИЛБАЯН**

*(Баяндар, тамсилдер, ырлар, сатиралар, эскерүүлөр)*

Редактору: **Ырысбек Жабиров**
Техникалык редактору: **Бакыт Дыйканов**
Калыпка салган: **Бакыткан Абдимиталипова**
Корректору: **Бактыяр Өмүров**

Терүүгө 10.06.2023-жылы берилди.
Басууга 27.09.2023-жылы кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик ыкмада басылды.
Фоматы 70х100 1/16. Көлөмү 21,75 басма табак.

Нускасы 1000 даана. Келишимдик баа.

«Print-Express» басмаканасында басылды
Дареги: Бишкек шаары, Профсоюз көчөсү 49.



# Акам кетти, келбес сапарга...

Экөөбүздү тааныгандар, "акаң кана", "акаң келдиби", "акаң андай, акаң мындай" деп сүйлөшчү.

Анткени, ал мага чындап АКА болчу. Ал менин кубанычыма кошо кубанган, жамандыкта жанымда турган ака эле. Дайыма, мени уга билген, сын айтсам кабыл алган, аскиялашканда тамашамды көтөргөн көтөрүмдүү эң жакын дос эле. Сенин ордуң борбордо деп, мени 2003-жылы Жалал-Абадтан Бишкекке ушул акам көчүрүп алып келген. Акам экөөбүз 3 жыл бир үйдө чогуу жашадык. Жоктон бар кылган жаратман, мен үчүн чоң устат эле. Адамдар менен урушканды эмес, достошконду үйрөткөн агай эле. Ар бир темада өзүнүн көз карашы бар, "чындык" деген үнү бар, мен үчүн "үлгү" ака эле.

Эмичи...

Кече эле түштөн кийин сүйлөшкөн элек...

Эртең менен, минтип жоксуз...

Айтпай дебей, кайтпас сапарга кеткениңизди мага угузушту ака...

Бир ай мурун үйгө келип, быйыл сөзсүз бастырыш керек, укам даярда деп таштаган "Аралаштын алптары" же Манас досту эскерүү" китебиңиздин бүтпөгөн 15 барак кол жазмасы алдымда турат ака...

Эки ай мурун, быйыл тартабыз ушул кинону деп, мага жаздырган кино сценарий дагы алдымда турат ака...

"Акыркы мерген" деген киносценарийди да баштатып кетиңиз эле, ал дагы бүтпөй турат ака...

Сиз болсо, баарын бүтүрүп кетип калыпсыз ака...

Ошол...

Кичине кызым, мени карап түшүнбөй турат... Анткени, ал менин ыйлаганымды биринчи жолу көрүп турат ака...

Жаткан жериңиз жайлуу, ыйманыңыз саламат болсун АКА...

*7-июнь. 2021-жыл.*
*Ы. Жабиров.*